# Жаңы Ала-Тоо

2010, №9 (17)

**ЭЛ АРАЛЫК АДАБИЙ-КӨРКӨМ ЖУРНАЛ**



**Директор, башкы редактор Тилек МУРАТАЛИЕВ**

**РЕДАКЦИЯЛЫК КЕҢЕШ:**

**СУЛТАНОВ Омор** – редакциялык кеңештин төрагасы, **АБДУЛЛАЕВ Чингиз** (Азербайжан), **ДЕЛИӨМЕРОГЛУ Якуп** (Түркия), **ОРОЗАЛИН Нурлан** (Казакстан), **МАРКИШ Давид** (Израиль), **МЕХМОН Бахти** (Тажикстан), **КОВСКИЙ Вадим** (Россия) Кыргызстан: **АБЫЛКАСЫМОВА Майрамкан, БОНДАРЕНКО Олег, ДАУТОВ Кадыркул, ЖЕТИМИШЕВ Сейит, КУЛТЕГИН Кожогелди, ТОКТОМУШЕВ Алым, ҮКҮБАЕВА Лайли**


## Бул санда:


**Жунай МАВЛЯНОВ**
Өксүк ....................................................5

**Замирбек ИМАНАЛИЕВ**
Ырлар ....................................................22

**Асанбек СТАМОВ**
Эне кудурети ........................................29

**Динара БЕЙШЕНАЛИЕВА**
Ырлар ....................................................50

**Суусарбек ТЫНАЛИЕВ**
Камчатка кайрыктары .........................57

**Александр НИКИТЕНКО**
Ырлар ....................................................66

**Кан Баргы**
Кумайык ................................................71

**Василий ШУКШИН**
Сыноо ....................................................82

**Жума МАМБЕТОВ**
Ырлар ....................................................105

**Виктория ЛАВРОВА**
Среди миров ........................................112

**Тургун ЖУМА**
Ырлар ...............................................159

**Шакирбай ЖАЙЛООБАЕВ**
Кылым кабатында калган
улуу инсан .........................................163

**Сабырбек БЕЙШЕМБИЕВ**
Биздин Кусейин ................................177

**Белек СОЛТОНОЕВ**
Үйдө жана талаада ..........................197

**Мамыр ИМИНЖАНОВ**
Кочкорбай куудул ..............................211

---

Редакциялык жамаат:

**Айдарбек САРМАНБЕТОВ –** башкы редактордун орун басары
**Жылкычы ЖАПИЕВ –** редактор
**Болотбек ТАШТАНАЛИЕВ** – жооптуу катчы
**Жакин ТЕҢИРБЕРГЕНОВА** – корректор
**Рахим ТӨЛӨБЕКОВ** – дизайнер
**Нурлан КЫДЫКОВ** – дизайнер

Кол жазмаларга пикир айтылбайт жана кайтарылып берилбейт. Редакция бардык авторлор жана заказчылар (китеп, жарнама, плакат, буклет ж.б.) менен кызматташууга дайыма кызыкдар.

Журнал редакциянын басма-компьютердик борборунда даярдалды.

Редакциянын дареги:

720054, Бишкек шаары,
Жибек жолу пр. – 466
Тел: 34-55-86
Электрондук дареги:
Jany.alatoo@gmail.com

Терүүгө 10.07.2010. берилди
Басууга 14.09.2010. кол коюлду.
Форматы 70x100 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 14 б.т.
Заказ № 513
Нускасы 2000

«Турар» басмасынын
басмаканасында басылды.
Бишкек ш. 720054,
Жибек жолу пр. 466
Телефону: 34-49-90;
Факс: 34-45-04

Күбөлүк: № 1510

**УРМАТТУУ ОКУРМАНДАР!**

**«Жаңы Ала-Тоо» журналына 2010-жылдын II жарым жылдыгынын 3 айы үчүн «Кыргыз почтасы» мамлекеттик мекемесинин бардык түйүндөрүндө жазылуу жүрүп жатат.**
**Жазылуу индекси – 77324**

**3 айга – 240 сом (редакциялык баа)**

**«Жаңы Ала-Тоо» журналын 1-санынан баштап окуйм деген окурмандар редакциядан алсаңар болот.**

*Мурас*

**Жунай**
**МАВЛЯНОВ**
**(1923–2003)**



# УСТАТЫМ БОЛУЧУ

*«... зирек жазуучу Жунай Мавляновдун «Жайлоодо», Мурза Гапаровдун «Каракөлдүн каздары», Аман Саспаевдин «Татым туз», Кубатбек Жусубалиевдин «Кыш», Абдиламит Матисаковдун «Палван», Ысмайыл Кадыровдун «Камчы», Орозбек Айтымбетовдун «Барпы», Казат Акматовдун «Мунабия», Жылкычы Жапиевдин «Соң-Көлгө барабыз», Бейшенбай Усубалиевдин, Касым Кушубековдун, Базарбай Буканбетовдун, Султан Раевдин купулга толгон аңгемелерин топтоп, Москвадагы «Орус тили» басмаканасынан чыккан «Алтын сөз» жыйнагындай кылып, мукабасын эң сонун жасалгалап, жалтыраак аппак кагазга басып, өзүнчө чыгарып, кыргыз окурмандарына баалуу белектей тартуу кылсак кандай жакшы болоор эле. Бирок бул оюм кыялдагы бойдон калып, изги тилегим кабыл болбой келет. Анын үстүнө далай мезгил алмашып, далай жылдар тогошуп, заман да өзгөрүп кетпедиби. Анткен менен асылзаада Жунай агайдын ачык асманындай шаңкайган чыгармалары эскирбей, күндүн күмүш нуруна боёлгон булуттай агарып, окурман журтунун эсинде сакталып, кайра окулуп кумарлантып келет...» – деп мындан кыйла мезгил мурда жазган элем. Бул болсо «Улуу адам – улуу тоо сыяктуу» деген эстутум болуп, «Эркин-Тоо» гезитинин 19-ноябрдагы санына (1994-жылы) жарыяланган. Ушул эстутум кийинчерээк «Жунай Мавлянов» аттуу жыйнакка киргизилип басылган. Ошондо басмаканада иштеген Нуркул аке мага телефон чалып: «Тойчубай, мага сенин жазганың жагып калды. Жунай агайыңдын арбагы ыраазы болсун! Жана да мени ойлонтуп койду. Эгерде мүмкүнчүлүгүң болсо, өзүңдүн бейнеге сүртүмдөрүңдө аты аталган калемдештериңдин ушул аңгемелерин топтоп, мага алып келип бербейсиңби. Мен бул аңгемелерди*

*өзүнчө китеп кылып чыгарайын», – деген эле. Ошол кезде менин убактым жок болучу. Анткени көптөн бери элибиздин өткөн кылымдардагы турмушуна байланыштуу чыгарма жазуунун үстүндө алектенип жүргөм. Анын үстүнө оош-кыйыш да күчөп, базар мамилесинин арааны ачылып турган бир чети, ушул да көңүлүмдү уйгу-туйгу кылып аткан. Нуркул аке таарынып калдыбы, же каражаты азыраак болуп калдыбы, айтор, кайра чалбай калган. Өзүм да түйшүктөнүп, чыгармачылык менен алпурушуп жүрүп, муну эсимден чыгарып коюптурмун. Анан эле мен сыйлаган, мен урматтаган Жылкычы аке байланышып, жаңы жаннаттан жай алгыр, Жунай агайдын асыл касиеттери жөнүндө айтып, аңгемелери жөнүндө сурап калса болобу. Бул деген изгилик эмеспи. Өткөндөрдү эскерип туруу биздин ыйык парызыбыз го.*

*Ыраматылык агайдын «Жайлоодо» деген керемет аңгемеси бар экенин айтып коюп, кайта ак дилден жарыла ийги кепти жазып коё албай, өзүмчө бушайман болдум. Жаркынай эненин эсинен чыкпай, арадан кырк жылдан ашуун убакыт өтсө да, күнү бүгүнкүдөй кала бергени, эч качан өзгөрүлбөгөн аруу дүйнөсү, эч кирдебеген тунук сезими көркөм чеберчиликте сүрөттөлгөн. Баарынан да керемет аңгеменин жайлоонун ажайып айлуу түнүндө, айдын сүттөй аппак шооласына киринип олтурганы менен бүткөнүчү! Мындагы аруулук, тазалык, изгилик окурманды түз жүрүүгө, ак сүйлөөгө, сүйүүнүн баркын билүүгө, ала жипти аттабоого, нарк-насипке доо кетирбөөгө, дегеле пенделик нарктуулукка, асылдыкка үндөп тургандай... чыгарманын касиети, кереметти ушунда эмеспи.*

*Бакай бабабыздай болуп, керемет кептерди айтып көөндү эритип, жүрөктү жылытып, нарктуулугун көрсөткөн Ж. Мавлянов карыга да, жашка да ысык мамиле жасап, бүт баарына кадыры артык эле. Ушундай абройлуу сандыргалуу агай менен ата-баладай болуп, бир топ жыл бирге иштеп калганыма сыймыктанам. Арабыздан кеткенине далай жыл болуп калса да, жаркын элеси, купулга толгон чыгармалары, орошон ойлору, ийги кеңештери сезимде уялап, жүрөктө сакталып калды. Эмесе, менин эле эмес, мага окшогон көптөгөн чыгармачыл пенделердин калеминин курчушуна, илхамынын күү ыргагын чертип турушуна мээримин төгүп, нурун чачкан Жунай агайдын арбагы ыраазы болсун!*

**Тойчубай СУБАНБЕКОВ,**
жазуучу

# ӨКСҮК

... Мен анда он эки, он үчтөгү курагым. Бөксө жайлоодобуз. Алысыраак абаларыбыз Бекбай дегендики менен биздин үй жанаша тигилген. Бекбай абабыз кары киши, чачынын качан агарганын биз билбейбиз. Каштарында да бирин-экин агы бар. Тулку бою сакадай чакан. Бети жайык. Колунан аса таяк такыр түшчү эмес. Анын бети жар боорунан таралып аккан жамгыр суусунун изиндей тарам-тарам майда тырыштар менен жык толгон. Сүйлөгөндө тамагынан бирөө кысып тургандай үнү кырылдап, үзүлүп-үзүлүп чыкчу. Тиштеринин жоктугунан бир нерсе чайнаса, сынын буза элек кырдач мурдунун учу ээгине тийип кетчүдөй көрүнөр эле.

Булардын Саткынай деген келини бар. Иреңи аксаргыл, көздөрү бакырайган кой көз. Бетинин ортосу тандыр нандын четиндей бөрсөйүп, наардуу. Кыскасы, буралган жаш жубан болучу. Деги түйшүктөн чарчачу эмес. Биздин үйдүн тиричилигинин көбү да ошонун мойнунда: сүт бышырып, айран уюткан ошол, күбү бышкан ошол. Апам камырын жасап коюп: «Саткынай балам, келе гөр» – дечү. Ал ошол замат чуркап келип, нарыдан бери тулга асылган очокко тезектен калап, казан какшытып, наныбызды жаап берчү. «Чапчаң урунат бечара, бир жеринен дагал көрбөйсүң, ар кимдин келини ушундай эле болсун!» – деп, аны нечен жолу апамын алкаганын уккам. Кызыл иларс көйнөгүнүн этегин кыстарынып коюп, казандын бирде тигил, бирде бул кулагынан, оттун табына карай жылдырып, анан ага зубала жапшырып, тез күймөнгөндүктөн, нары тезек отуна какталып албыра толукшуган Саткынай жеңемин ошондогу сүйкүм жүзү алиге чейин көз алдымда...

«Алганың менен кошо кары, балам! Кудай этегиңен жалгасын» – дечү апам, ар убак бир жумушун Саткынай жеңеме бүтүртүп алгандан кийин. Ал болсо, жаңы эле ыйлап басылган баладай улутунуп тим болчу.

Менин чоң акем Кымбаткул үй-жайлуу болуп, өзүнчө тиричилик кыла баштаганына анча жыл болуп калган. Ал үй-бүлөсү менен чөлдө. Мында сегиз жашар Тазабек аттуу иним экөөбүз апама кол-кабыш кылып

---

*Жазуучу, акын* **МАВЛЯНОВ Жунай** *1923-жылы Жаңы-Жол районунун Кош-Төбө айылында туулган. 1941-жылы Жалал-Абад педагогикалык окуу жайын, 1950-жылы Жалал-Абад мугалимдер институтун, 1952-жылы КМУну аяктаган. 1961–1963-жылдары Москвадагы адабий институтта окуган. Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу. Жыйырмадан ашуун прозалык жана поэтикалык китептердин автору. Бир нече чыгармалары казак, өзбек, тажик, татар, орус ж.б. тилдерге которулуп басылган. КР эмгек сиңирген мугалими.*

жүрөбүз. Биздин атабыз да биерге ара-тородо бир келбесе, көчтү жеткиргендин эртеси чөлгө кеткен. Чамасы жайлоо маалында эркектер үчүн чөлдө жумуш арбынырaак болсо керек. Мындагы жан-малга баш көз болгондор – кемпирлер. Айдап кел, байлап келине жарачулар биз өңдүү мадыра баш балдар. Ишке жарагандардын дээрлик бардыгы чөлдө суу сугарып, чөп чаап, эгин отоп жүргөн кезде Саткынай жеңемин чал-кемпирлерге аралашып мында жүрүшү мен үчүн белгисиз.

Ал тууралуу бар болгону муну билем: жанагы абабыз Бекбай, энебиз Канымкүл кенже баласы Токторбекти үйлөнтүптүр деген шарпаны укканбыз. Анда ала-шалбырт мезгил болуш керек эле. Апам чоң акемин зайыбы экөө Токторбектердин тоюнан келишкенде дасторкондорун биздин алдыбызга жайып коюшуп, мындай деп кеп кылышкандары жадыман чыкпаптыр: «Жылдызы ысык неме экен, акыл-эси, баскан-турганынан, кеби-сөзүнөн эле байкалып турбайбы, бою-башы келишимдүү, жаш кишинин жары сулуу эле болгону жакшы эмей. Көрсөң көңүл тоёт, карасаң көз кубанат. Ажар байкуш кыздардын тонун жакшы бычкан экен» – деп мен анда билбеген Саткынайдын апасына ошондой кызды төрөгөндүгү үчүн ыраазы болгондой сүйлөшкөн.

Анын кайненеси кечти көбүнчө биздикинде өткөрчү. Чайдан коюу демдешип алып, апам экөө кара тулганын эки жагында олтуруп, ортодогу тезек отту аташ күрөк менен улам ичкериштирип коюшуп, кайдагы өткөндөрдү сөз кылышып күңкүлдөшөр эле. Тезек отундай алардын айткандары да ачык эмес, күңүрт-күңүрт угулчу.

Үкөм эрте эле уктап калат.

Мени болсо: «Бар, жеңеңин жанына барып, эрмек боло тургун» – деп Саткынай жеңемин жанына жөнөтүшөт.

Ал үйдө Саткынайдан башка Эргеш деген алты-жети жашар чамасында бала бар. Аны жеңем «жээн бала» деп тергейт. Эргеш – Канымкүл эненин небереси. Өлгөн кызынын кичине баласын алып келип, багып жүрөт. Кыскасы, кечинде бул үйдөгүлөрдүн элөөрөгү Саткынай, андан кийин мен. Олтурган жеринде үргүлөп жыгылган Эргешти көтөрүп, эрте эле салынып коюлган төшөктүн бир четин ачып жаткырат да, Саткынай жеңем анын эки жагын кымтылап коюп, кайра кемегенин жанына келчү. Жомогубузду, же чүкө менен ойнолчу «Вазир-паша» деген оюнубузду улантабыз. Мен утулуп калсам, кулагымды чойгулап, анан мойнуман толгой кучактайт да, бетимен, маңдайыман чоп-чоп дегизип өөп калат. Өзү утулуп калса: «Кана, алиги бала, эми сен да өп» – деп, бетин мага тосот да, батына албай тургандыгымды байкап, өзү эки жаагымдан кармай берип, оозумду бетине тийгизе кызаңдар эле: «Жеңеми өптүм деп, эч кимге айтпа, түзүкпү?» – дечү, кумардуу көздөрүн жалжылдата. Менин тердеп-тепчип акырын өпкөнүмө алымсынбагандай анан үшкүрүп ордунан тура этегин кагынып, бирөөнү күткөндөй эшикке ополу мени

чыгарып, анан биздин үйдөн аса таягына жөлөнө бөкчөңдөп келе жаткан кайненесин тосуп алчу.

Күндө эртең менен мен эки үйдүн жыйырма чакты улагын, он бешке жакын козусун айдап, төшкө жөнөйм. Көгөндөн аларды Саткынай жеңем агытышат. Колуна бир чыбыкты кармап, короодон нары айдашып да барат. Бүгүн да ошондой кылат го дедим. Ал койлорун саап болду. Күндөгүсүнөн да бүгүн Саткынай жеңем жагалданып, көзүмө суйкайып өтө сулуу көрүнөт. Мен шишеме айран куюп чыкканча, ал козу-улакты агытып, айдап калыптыр. Үстүндө тегерек-тегерек көк гүлү бар ак арин көйнөк. Көйнөктүн жукалыгынан аппак болуп билек эти билинип турат.

Жумуру мойнуна оролгон шурусунун жиби үзүлүп, азыр эле жерге чачылып кетчүдөй тырсыят. Жеңи жок кара кыжым кемсели толук мүчөсүнө кептелип, ак арин көйнөгүнө куп келишип калыптыр. Бир колунда көтөрмө бар. «Жүр, алиги бала, мен да бүгүн сени менен козу-улакты кайтарышып келмек болдум» – деди.

Эмнеси болсо да, жеңемин мени менен бара турганына сүйүнүп кеттим. Кийинки күндөрдө анын эркелеткенине, тамашасына көнүп калгам. «Кайын энеси биздикине эртерээк келсе экен, мен Саткын жеңемин жанына эртерээк барсам экен» – деп эңсечү болгонмун.

«Ий, кагылайын кайним ий», – деп бооруна кыса кучактап, эки бетимден өпкөндөгү анын денесинин буруксуган жагымдуу жыты мурдумдан кетпей, көңүл күзөтчү болдум.

Мына, бүгүн ошол жеңем менен бирге тоого баратам.

Айылдын үстүндөгү жан боорго чыккандан баштап калың арча, бирде шилби, добулгу болуп, токой коюуланып кетет. Арчалардын коюу жерине жеткенибизде эле Саткынай жеңем колуман кармап, эңишти карай чуркады. Козу-улактар бетегелүү капталга жабылып, ширелүү чөптүн четинен чыртылдата кертип калышкан эле. Чыңкылдый жүгүрүп келе жаткандыктан соктугуп калган экенбиз, болжогон булактан өтө берип токтодук. Саткынай жеңем булактын суусунан кочуштап мага чачты... Тамашасына тамаша менен жооп берип, мен дагы чачтым. Жука көйнөгү этине жабышып, чачтары сууланып, али артына тартыла элек тал чыбыктай майда өрүмдөр жаагына жабыша, ого бетер аны чырайына чыгарды.

– Эми кууп жетип алчы, алиги бала, – деп башынан жоолугун ала коюп, жылга ылдый Саткынай жеңем дагы жүгүрдү. Көпкө чейин байлоодо туруп буулуккан кулундай анын элириши мени бир жагынан таң калтырса, бир жагынан кызыктырат. Оюнга чакырат, черими жаздырат.

Көп узатпай кууп жеттим. Кемселинен кармайын дегенмин, аңгыча болбой, бөжүп бараткан жоргонун желге сапырылган жалындай калың чачы тутамыма толо түштү. Аптыгып калганмынбы, уялуу да эстен чыгып кеткен көрүнөт, кайра оңолгуча шап кармап калдым.

Саткынай жеңемин тааныш жагымдуу жыты каңшарыма дагы өрдөп кетти. Мойнуна ороло калган колумду ошол замат чок тийгендей дароо тартып алдым да, качып жөнөдүм. Уялып кеттим. Уялганда да бул жолу өтө катуу уялдым.

Чуркаган бойдон андан алыстадым да, бир арчанын түбүнө энтиге-энтиге жетип, жата кеттим.

Менин уялып калганымы сезе койгонбу, эч нерсени көрбөгөн-билбеген кишидей бир оокумда жаныма жакын келди да: «Тур, алиги бала, арчанын тээтиги бутагына мага бул жипти байлап түш, селкинчек тебебиз» – деди эртеден бери колунан түшүрбөй ала жүргөн арканын мага карматып.

Оор жүгүмдү үстүмөн бирөө алып таштагансып, чоң арчанын ал көрсөткөн бутагына жыланайлак бир паста чыгып бардым. Жипти ортосунан бутакка артылта салдым. Жерге карай саландаган эки учун Саткынай жеңем өзү түйүп, анан айлантып олтуруп түйүндү бутактын үстүнө чыгарды.

Анан, туюк жиптин эки жагын эки колу менен кере кармады да, анын ортосуна тикесинен турду.

Мен жерге түшкөндөн кийин: «Кана, алиги бала кичине күүлөп койчу» – деди. Жиптен кармап, жеңемдин анча деле оор эмес денесин артка кетенчиктетип барып коё бердим. Бирде отура калып, бирде тура калып, андан ары өзү катуу күүлөнүп кетти. Өтө бийик күүлөнүп алгандыктан, үлбүрөгөн шалпар жоолугу жогорку шакка илинип калды. Алга карай кеткенинде далысын жайпаган чачы желге сапырылып, кайра артына кайтканда келишимдүү далысына жабыла калып жатты.

Анан мени күүлөнтүп көпкө тептирди. Убакыт билинбей өтө берди... Кемселин чечип, жиптин ортосуна арта салды да, өзү ага олтурду. Бутумду анын эки капталынан соройтуп чыгарып жиберип, мен ага бет маңдай олтурдум. Ал бут учу менен кадалана өйдөгө аз-аздан жылып барып, жерден көтөрө бергенде экинчи жакты карай учуп жөнөдүк. Кайра артыбызга кайтканда жип асылган бутак карс этти...

Жеңемди баса жыгылдым. «Эч жериң ооруган жокпу?» – деп Саткынай жеңем өзү туралбай жатып карбаластады. «Жок, өзүңүздүкүчү?» – деп мен анын үстүнөн ыргып туруп кеттим.

Саткынай жеңем бук болуп калган белем, а кырга, бу жылгага мени менен куушуп көпкө ойноду. Бир оокумда жалпак таштын үстүнө кийиктей элпек секирип чыгып, анын жаракасынан сербейип чыгып турган гүлдү эңкейип жулуп алды да, кырдач мурдуна тийгизип, соро-соро жыттады. Анан үнүн бардыгынча созолонто ырдап жиберди... Көп убактан бери ичиндеги толо жүргөн желин үйлөп, тышына ушул ыры менен чыгарып жаткансыды.

Ырдын мазмуну жаштык жөнүндө эле. Ошондогу ырларынан бирөө-жарымын жаттап калбаганыма али да ачынам.

Мен аны тиктеген бойдон оозумду ачып, делдейип туруп калсам керек. Чуркап келип, тааныш жытын каңшаарыма каптата, адатынча маңдайыман өбө бергенде, узун кирпиктери биригише түшүп, андан тунук жаштын мөлтүлдөп төмөн карай сарыкканын көрүп калдым.

«Эмне үчүн ыйлайт? Эмнеге бардык үнү менен бүт денесин солкулдатып ырдады? Өксүкпү? Эмнеден? Кийимденби? Оокаттанбы? Кайын энеси, кайын атасы катаал кишилерби? Жок, анысын байкаган эмесмин»...

– Эмне ыйлайсыз? – дедим, өзүмдү араң токтотуп.

– Тим эле кагылайын, алиги бала, эмне үчүн көзүмөн жаш чыкканын өзүм да билбей турам... Сагынам...

– Кимди?

Башымды көкүрөгүнө тарта күлүмсүрөп тим болду:

– Билбейм.

Көзүндө толо дагы жаш турду. Аны аяп кеттим. Эмнеликтен аны аяганымды ошондо бирөө сурап калса, себебин түшүндүрүп бере албак эмесмин. Анын бир нерседен өксүп жатканын жүрөгүм туйгандай болду. Көзүмдү ирмебеске канчалык аракет кылсам да, ирмелип кетти...

«Мени аяганыңдан айланайын, түшүнгөнүңдөн кагылайын!» – деп, жеңем көкүрөгүнө дагы кысты. Анан кемселинин чөнтөгүнөн атлас бет аарчысын алып, адегенде менин, анан өзүнүн жашын аарчыды.

– Биерде көргөндөрүңдү эч кимге айтпа... Эми сен тиги көлөкөгө барып отура тур, мен дароо жуунуп ала коёюн, – деди. Беш мүнөт өтпөй шок бала чакадагы сууну шапшыгандай жана экөөбүз көзүндө отуруп ойногон булак тараптан «чулп-чулп» эткен суунун шоокуму угулуп турду. «Көз жашыңан гана эмес, ичиңдеги кириңен да арый көр, жеңе!..»

Анан ал сууга түшүп жатканда мен арканга таңып койгон как бутактарды көтөрүп: «Козу-улагыңды айдап, артыман барарсың» – деп чак түштө Саткынай жеңем менден мурун үйгө кетти.

Жанагыдай суроолорго башымы маң кылып, ал кеткенден кийин мен да туралбадым, удаа жөнөдүм.

Бир күнү айылга Токторбектер келип калышты. Токторбек акем сельсоветте секретарь болуп иштөөчү: «Көк каттоого келишиптир» – деди Саткынай жеңем, биздикинен казанды алганы келгенде.

Июнь айы болуш керек. Айлана жашыл түскө чулганган кез. Токторбек акем менен дагы эки жигит бар, алардын өздөрүн таанычумун, бирок аттарын билчү эмесмин. Мылтык ала келишкен экен. Капталга бута коюшуп, көпкө атышты. Токторбектин үстүндөгү сары шым, гимнастерка, ошого өңдөш шапкеси бар. Белиндеги эндүү кемери шыңга боюн

ого бетер келиштирип тургансыйт. Ал толмоч келген, кырдач мурун, эки таноосу кеңирээк, нур жүздүү, салабаттуу неме экенин ошондо жакшылап байкадым. Өзүмчө: «Саткынай жеңеме ылайык жигит экен» – деп ойлодум. Менин ошол күнү аңдыганым эле эки киши болду: бири – Саткынай жеңем, экинчиси – Токторбек акем. Жеңемин бүгүн таманынан үн чыгып калганын оңой эле байкадым. Бая казанга келгенде мурдуман чымчый кармап: «Алиги бала, өптүрүп койчу» – деп, адатынча үңүлдү эле, үркүнчөөк тайдай жылт берип, буйтап кеттим. Өңүнөн кубанычтын белгиси даана билинип турду. Ага кошулуп ичимен мен да эмнегедир сүйүнүп жүрөм. Токторбек акемин өңүнө назар салсам башкача: кабагы салыңкы, бир нерсеге наразы болгондой. Канчалык тырышсам да, анын Саткынай жеңеме көңүл агытканын байкай албадым.

Казанга этти салып коюп, кайын энесинин айтуусу боюнча жеңем каттама кылып жиберди. Үйдүн көлөкө жагына салынган ала кийиздин үстүндө Токторбек акемдер чай ичип отурушат. Алардын катарында мен, апам, анан Токторбектин энеси. Тигилерден эки кемпир эгиндин, чөптүн суунун абалын сурашат, бири: «Суу тартылган жокпу» – десе, экинчиси: «Эгиндин болуму кандай?» – дейт.

Суроого жооп берип жаткан берки эки жигит. Токторбек акем каттамадан айранга тийгизип жеп, чайдан ууртап, сөзгө анча аралашпай олтурат. Бошоп калган чайнекти алып, кургак чай салдыруу үчүн үйгө кирсем, Саткынай жеңем туурдуктун тешигинен сыртты тиктеп жатыптыр.

– Кимди карап жатасыз? – дедим чайнекти жерге койбой туруп.

– Секин! – деди, башын тешиктен дароо алыстата берип. – Кимди карайт элем, акеңи да. Арыктап калыптыр байкуш, ошого боорум ооруп тиктегеним. Бүгүн мында калабыз дешип жатабы? – деди ыгын таап мага.

– Аны айтышкан жок. Калышат да, жатышканы келгендир да, – дедим мен, айткан сөзүмө анчалык маани бербей.

Менин бул сөзүмө шектенгендей башын ийкеп жеңем билинер-билинбес үшкүрүп койду. Чайнекке бир чымчым көк чай салды да, эшиктеги таш очокко келип, чоюн кумгандагы кайнап турган сууну куюп: «Бир аз дем жесин» – деди чоктун үстүнө чайнекти коюп. Башына бош салынган даки жоолугунун бир учун өйдөрөөк кылып, үйдүн тигилер олтурган капталын көзүнүн кыры менен тиктейт.

Мага чайнекти карматып өзү үйгө карай басарда, ал жакты дагы бир карап алды.

Көк каттоого келгендер этти жеп бүтүп, колдорун жууп жатканда күн бийик зооканын аркы жагына ысык илеби менен кошо кулай баштаган эле.

– Асыке, аттарды алып келбейсиңби, биз жөнөйлү? – деди, Токторбек акем мага карап.

– Койчу, атты алдырып, күн батканда каякка барат элеңер? Жатып алгыла, – деди энеси, кырылдак үнү менен башын калтаңдата.

– Жок, апа, кечки салкында жете барып, эртең менен мал короодон чыга электе эсептеп калбасак болбойт. Эртең кечке кайтууга тийишпиз. Балким, келе жатып дагы тие өтөрбүз.

Токторбек акемдер, ошентип, күн батканда чоң жайлоону карай жүрүп кетишти. Алар аттанып жатканда Саткынай жеңем баягы туурдуктун тешигинен дагы шыкаалап турганын мен көрүп калдым. Бул жерде эч кимиси, эч нерсеси калбаган эмедей Токторбек аке тиги экөөнүн алдына түшүп алып, кыядагы жол менен тумшукту имерилгенге дейре анча жол болсо да, артына бир бурулуп койбоду. «Саткынай жеңем, сөзсүз, ыйлады» – дедим ичимен.

Чын эле ыйлаптыр. Козусун жерип, эмиздирбей качып жүргөн чунак кулак көк токтуну кармай албай кууп жүрсөм, үйдүн арт жагында Саткынай жеңем шолоктоп ыйлап туруптур. Баягы тоого бирге чыккандагыдай анын көз жашын көрүп, менин дагы зээним кейиди, өпкөм көбө түштү. Көзүмө жаш толду. Жанына келип токтой калганымы көрүп: «Кой, айланайын, алиги бала, биерге турба, бара бер, кийин өзүм айтам», – деди менин андан эмне жөнүндө сурай турганымды билгенсип.

Токторбек акем өзү айткандай эртеси деле биерге кайрылып келген жок. Энесин гана нааразы кылгысы келбей, тийип өтөм деп койсо керек.

Ал эми Саткынай жеңемди назарына илбей кетип калган себебин кийин гана билдим. Мени кээде койнуна алып жатып, жаш баладай эркелетип ойногонуна да кийин түшүндүм. Көрсө, Саткынай жеңемдин ошондо оюнга кумары канбай, сүйүүгө, жаштык ышкына зар болуп, эркелөөнү эңсеп, бирок булардын баары андан атайлап качып, жүрөгү өксүп жүргөн тура! Мунун баары мага кийин маалым болбодубу!

Токторбек акемдер келип кеткендин эртеси Саткынай жеңем көзүбашын шишитип, суз жүрдү. Күндө бир нече жолу биздикине келип казан-аяк кармалашып, оңу келе калса, менин мурдуман чымчый кармап, эркелетип кетчү жеңем, а күнү такыр баш бакпай койсо болобу!

Эртеси түшкө жакын куурай терип жүргөн жеримде сайдын таманы жактан түйүнчөк көтөрүп, баягы мага тааныш арин көйнөгүн кийген Саткынай жеңем көрүндү. Өгүнкүдөй мени менен бирге селкинчек тээп, суу чачышып ойногону келатса керек деп жорудум. «Ыйлап-ыйлап бук болгон жеңем байкуш, ээндетип дагы ойногусу келген тура. Азыр эле жете барып, мойнуна колумду оролто, кучактап эркелеймин деп, адырандап алдын тосо чуркадым. Жок, мен ойлогондой болуп чыкпады. Жеңемдин мостойгон суз көз карашы, күнгө түсү оңгон кызыл сатиндей кубарып шапайган өңү, мени көкүрөгүмөн итерип токтоткондой, ага бир кадамча жетпей какайып туруп калдым.

– Бери басчы, алиги бала, – деди төбөсүнө кармап жаткан түйүнчөгүн колуна ала, сай четиндеги арчаны көздөй басып. Андагы көлөкөгө отура

кетти да: – Мен эми кетип баратам, атайы сени көрөйүн деп гана быякка кайрылдым. Энем силердикинде. «Тезек терип келейинчи» десем, ал мейли деди. Мен эми ал үйгө экинчи кайрылбас болуп баратам, алиги бала, өзүң көрдүң го, акең мени жакшы көрбөйт. Келген күндөн бери анын буту али менин төшөгүмү баса элек. Кечээ көрдүңбү? Күн батканына карабай, аттанып кетип калды. Кайнененин, кайнатанын көөнү деп жүрө бергеним болбос. Менин да өз теңим табылып калар. Ал да каалаганын алып, максатына жетсин. Көңүлүм өксүп жүргөндө сен чоң эрмек болдуң. Менин тамашаларымы, сага кылган мамилеми, шылдыңдап күлүп жүрбө, кийин... – деп ордунан козголду. Эриндерин жарып чыккан үшкүрүк, кой көздөрүндөгү көлкүлдөгөн жаш, калтырак ыргак, эми эч нерсе менен басаңдатууга болбой турган ызалыктын ташкынын элестетип турду.

– Мен сени эч качан унутпайм. Дайыма жакшы көрүп жүрөм. Менин абалыма сен азырынча түшүнбөйсүң. Ошондуктан, аралжы да боло албайсың. Бир элденбиз го, мындан кийин да көрүшүп жүрөрбүз, кагылайын...

Чымчып мурдумун учунан кармады да, анан башымды ийип маңдайыман өптү. Нес болгон кишидей мен эч нерсе айтууга жарабадым. Жеңем кырдан ашып кеткиче жерге кагылган казыктай былк этпестен бир орунда тура бериптирмин...

Саткынай жеңемин кеткенин кечинде мал короого келгенде билишти. Кайненеси муну билери менен чый-пыйы чыгып, кейийт го дегемин. Жок, ал очоктун боюнда жатчу койдун бөстөгүнүн үстүндө күндөгүсүндөй бөкчөйүп олтуруп алып, апама: «Бир эсептен кеткени да ырас болуптур. Башың өскөн баламда айыптын баары, келинди алып келгендин эртеси эле, таң ирең-бараңда туруп баратып, далистеги жаткан экөөнөн ичим муздаган. Ортолоруна жууркanды бүктөп коюшуп, экөө төшөктүн эки бурчунда жүздөрүн тескери буруп жатышыптыр. Андан кийин да жаңы баш кошкон жаштардай бири-бирине карап жаркый күлгөнүн байкай албадым. Жакада калса, жаш неме бирөөнүн тилине кирип кетип калбасын деп, муну жайлоого алып келгеним да ошондон улам эле. Карабайсыңбы, башың өскүрдү, бир жарым айдан бери көрбөгөн уудай жарына бир бурулбай кетип калганын. «Карабаса катын кетет, бакпаса мал кетет» – деген ушул. Бир жолу үйлөнтүү ата-эненин акыреттик карызы, анан кийинкисин өзү билет деп, атасы экөөбүз өжөрлүк менен үйлөнткөн элек...

Ошол бойдон Токторбек акеми көрбөдүм, аскерге кеткен бойдон ал кайрылып келбеди. Саткынай жеңем бир балалуу болуп калыптыр. Күйөөсү Жорокул деген өңдүү-түстүү, колхоздогу билерман жигиттерден экен.

Фрунзеден артисттер келиптир дегенинен улам, клубга барып калсам, Саткынай жеңем баласын жетелеп жүргөн жеринен дем алыш учурунда

кезигип калбадыбы. Күйөөсү ар жакта бир таанышы менен сүйлөшүп кетти эле, мурдуман чымчып коюп:

– Баягылар эсиңде барбы? – деп жылмайды. – Анда менин тентек эрким менен гана болуп, тердеп-тепчип уялган бала элең, азыр болсо зыңкыйган жигит болуп калыпсың, аларды унутуп койгонсуң го?

– Жок, баары эсимде, – дедим.

Азыркы турмушуна ыраазы экендиги Саткынай жеңемдин жасалгалуу турпатынан, жадыраган жайдары жүзүнөн сурабасам деле билинип турду.

Эс тартып калган убагым. Саткынай жеңем менен болгон окуяларды бирден тескеп-ылгап карап чыгууга жарап калдым. Бир кезде эмне үчүн ыйлаганын, менин ошондогу камгактай жеңил көччү балалык жоругумду жаштыгына медер кылып, ошону менен өзүн өзү убактылуу соороутуп жүргөнүн эми калетсиз түшүндүм. Көрсө, анда ал өксүк турбайбы. Колундагы кушун качырган мүнүшкөрчө элеңдеп, жаштык кумарын издеп жүргөн кези экен го.

Токторбек акенин жайлоого баргандагы ар нерсеге суз тиктеген сумсайыңкы өңү, бирок жылдыздуу жүзү али эсимде. Бармагын кесе тиштеп, бир нерсеге купуя өкүнгөндөй, аянычтуу элеси алигиче таңды-кеч көз алдыман оолактабайт. Көрсө, а да өксүк тура, анын жүрөгүнөн орун алган Саткынай эмес, башка экен да! Ушуларга көзүм жеткен соң, мурда жек көрүп жүргөн Токторбек акеме, анын тагдырына боорум ооруду. О, балким, ал азыр аман болсо, Саткынай жеңеме окшоп, өз сүйүүсүн – өз теңин табат эле, балтыр бешик бала ээрчитип, арабызда жүрмөк да...

*1956*

# ЖАЙЛООДО

Небереси Азиздин көңүлүн көтөрөм деп Жаркынай өзүнүн көңүлүн чөктүрүп алды. Жайлоого келбесе антмек эмес да. Жыл сайын жайлоо маалында сөзсүз, бир кусалык, кандайдыр эски сагыныч жүрөк-боорун аралай чаап, санаасын эңшерип, маанайын басайтып кете турган. Андай кусалык, орду толбогон сагыныч бир нече күнгө созулчу. Ал күндөрдө Жаркынай бети шылынып, көздөрү алайып, айлап төшөктө ооруу менен алпурушкан кишидей шапайып азып кетер эле. Күн сайын бирин бири көрүп жүрүшчү кошуналар биринчи байкашат ал өзгөрүүнү. Алар тарабынан: «Эмне болду, Жаркынай? Арыктап кеттиң го?» – деген суроо-

нун, сөзсүз, берилерин алдын ала билген анын жообу да белен: «Жайлыгым жокпу, жылда эле ушу маалда арыктап алам го» – деп гана басып кете берчү.

Ошентип, Жаркынайдын дарты эч ким эмдеп айыктыра алгыс дарт. Аны өзүнөн башка жан да билбейт.

Июнь айынын 11-күнү – анын эсине өз атындай түбөлүккө жат болуп калган күн. Ошол күнү – анын ою боюнча элдин түп көтөрө жайлоого көчкөн күнү. Жумалап төө байлашып суутуп, аттарды таң ашырып, өгүздөргө чейин белендеп, эки күндүк жол азыкты кошо даярдашып: оймо боорсок салышып, эжигей бышырып, быштак жасашып, береги сары журтка айланып калган бөксө жайлоодон таң тыяктан жаңы гана куланөөк салып, асман бетин каймактаган сүт сымал саргыч агыш түскө бөлөп келаткан маалда энелерин издеген козу-улактарды мааратып, тайлактарды боздотуп, музоолорду мөөрөтүшүп азан-казан болуп анан бир таман жолго улуулата тушүп, улуу жайлоого көчкөн кездин бир күнү ошол бойдон Жаркынайдын сезиминде кала берген.

Андан бери кырк жылга жакын убакыт өттү... Бирок июнь айынын 11-күнү бүгүнкүдөй эсинде.

...Ошол жыл жаан-чачындуу келип, тоодо али суук болгондуктан андагы чөп жетилбей, ошондон улам элдин он-он беш күнгө кечигип көчкөнү менен да Жаркынайдын иши жок. Азыркылар июнь эмес, майдын аягына жетпей эле көчөрүн, андагыдай жүктөрүн төөлөргө, өгүздөргө, аттарга артып, мал-кели менен кошо самсаалап жолго чыкпай, машиналар менен жетип алышарын деле эстебейт. Андагыдай эки түнөп жетишпестен, үч сааттан ашпаган убакытта барышып каларын деле ойлобойт. 11-июнь күнү мурдагыдай эле шаан-шөкөт менен алды-арты алда кайда созолонгон көч жашылга оронгон арасындагы бир таман жол менен бараткандай туюлат ага. Жакшы жасалгалуу кунан, быштыларды минген, жарашыктуу кийинген жаштар: жигиттер, кыздар, келиндер жарыша чабышып, үзөңгүлөрү кээде тийише калып, «шыңгыр» этсе, анысы кылык көрсөтө шаңкылдаган кыз үнүнө кошул-ташыл болуп, теребелдеги гүл жытына атыр куюнуп, упа сүртүнүшүп, эндик коюшкан кыз, келиндердин жыты аралашып, эки күн, эки түн бою алда кандай керемет жытка толгон абадан жутуп магдыраган, эсирген Жаркынайга ошондогу гана июнь, ошондогу гана жайдын көркү жаштык сезимине мөөр болуп басылып калган. Ошондуктан жылдын ал мезгили анын жандүйнөсүнө дүрбөлөң салып таштайт. Июнь айынын бүтүшү менен аны аздырып-тоздурган алиги түпөйүл оору да кетет. Мурунку баралына келет.

...Жалгыз уулу Калый бала-чакалуу болгону быйыл биринчи жолу апасы Жаркынайды жайлоого барууга мажбурлайт. Жок, баласы эмес,

небереси. Былтыр көл ичинде эс алышып жүргөндө, Калыйдын андагы тааныштарынын бири күн мурунтан макулдашып алгандай машина менен келип, буларды Каркыра жайлоосуна алып барат. Чоң-Капталдагы жыш карагайларды, андагы булактарды, Сан-Таштан ары керилип жаткан жайыктагы иче чапкан түркүн чөптөрдү көргөндө, бирде энесинин, бирде мамасынын, бирде папасынын колун кармай жүрүп, такыр эле башка дүйнөгө келгенсип таңыркай оозун ачып, тегерегине көз чаптырып алаңдаган, кайсы гүлдү үзөрүн билбей алдастаган, кайсы көпөлөктү кууп жөнөшүн билбей элеңдеген Азиз эки-үч сааттык сейилден кийин чоң энеси Жаркынайды туурап, борсойгон кыпкызыл боорсоктон улам бирде кеседеги мелтилдеген кымыз матырып жеп отуруп, анан чоң энесине суроо таштабайбы.

– Биздин жайлоо жокпу, эне?

– Кантип жок болсун, бар. Жайлоосу жок кыргыз болмок беле.

Жаркынай кеңирсиген бул жайлоонун береги четине бут койгондон тартып, мындан отуз сегиз жыл мурдагы жайлоо маалы, аны менен кошо бир жарым айга гана бирге өмүр сүрүп, анан согушка кеткен бойдон кайтпай калган жары Кубатын эстеп заарканып алган эле. А түгүл бушайман жеген жайлоого келгенине. Баласын, келинин жиберип коюп, өзү бир нерсени шылтоо кылып, келбей койсо болмок да. Элүүдөн ашкан кишиге шылтоо табылат эле. «Ары-бери жүргөнгө кыйналам. Жүрөгүм жаман эмеспи» – десе эле жетишмек. Эч ким аны кыстамак эмес. Кала бермек. Бирок антпеди. Антмек түгүл, жайлоону укканда эмнегедир делбиреп, эңсеп жүргөнүнө барчу кишидей көңүлү көтөрүлө түшөт. Жүрөгүнүн бир четине уялап, ушунча жылдан бери эскирбей келаткан бир сезим кайрадан козголуп, тулку боюна алда кандай күчкубат тартуулаган эле. Жаркынайдын дүйнөсүн эстеген сайын өрт илебиндей кайрып алчу жайлоо эмес бу. Бу даңазалуу жайлоо экенин, бир көргөн киши дагы көрсөм экен деп дегдечү атактуу жайлоолордун бири экенин угуп жүргөн Жаркынай. Бирок көз карегине уюп калган тиги жайлоодой таасир эткен жок. Көңүлүн өксүттү, тескерисинче. Жоготконун издеп, бирок таппаган кишиче, умсунуп калды. Ошентип, ич түйгүсү менен алек болуп кыйналып отурганда небереси ушул суроону берип жатпайбы.

– Бизди алып барбайсыз го, болсо? – деди жайлоонун жаркын күнүнөн, нары аз да болсо сыр кеседен ууртап отурган кымыздан торсоюп эки бети кызарып, тегерек көздөрү моймолжуп чыккан небереси эч нерседен бейкапар.

– Алып барса болот, – деп койду биерге бут койгондон бери эчаккы окуя эсине түшүп, кыжалаттана баштаган энеси.

– Качан? – деди бакыракай көз сегиз жаштагы небереси, көлөкө жапкандай ажары күңгүрттөнө түшкөн энесинин жүзүнө ишенбегендей тиктеп.

– Быйылкы жайлоо маалы бүтүп атпайбы, уулум.

Эми келерки жылы барабыз да. Сен экинчини жалаң «беш» менен бүтсөң, өзүбүздүн жайлоого алып барам – деди ал ушул сөзү менен да небересин бир нерсеге милдеттендиргендей. «Келерки жылга чейин эсинде жүрмөк беле менин бу убадам. Унутуп калат да эртең эле. Бала эмеспи» – деп Жаркынай ичинен бейкам жыйынтыктап койду.

Машиналардын жытынан алыс, алардын күр-шарынан да алыс, абасы таза, туш-тарабы көкмөк жыттанган жайлоо Жаркынайдын ой-санаасына бүлүк салып, санааркатып таштады. Баласы политехникалык институтун бүтүп, илим-изилдөө институтунда иштеп калган. «Үйлүү болдук, апа, биз менен бирге туруңуз» дегенге көнгөн эмес эле. «Балалуу болдук. Эми неберeңиз үчүн да келбейсизби?» – дегенинен көңүлү түтпөй шаардык болуп калган.

...Жок, небереси эстен чыгарбаптыр энесинин андагы убадасын. Мурда жайлоо дегенди укса да өз көзү менен көрбөгөн ага Каркыра катуу таасир эткен го. Түшүнө да кириптир бир жолу. Энесине айтып берген. «Баягы чоң кырдын төбөсүндө жүрүптүрбүз кол кармашып. Тизеден чөп, гүл. Үстү жагыбыздан бир нерсе шуулдайт. Өйдө карасам чоң куш шукшурулуп келатыптыр. Жайлоодо жүргөндө сиз айткан бүркүт дегендин өзү. Канаттары кулач келет. Көздөрү бир нерсени аларында сенин көздөрүңдөй болуп чоңоюп, анан оттой жанып кетет дебедиңиз беле? Кийикти, түлкүнү айры-куйрук жөжөнү көтөргөндөй эле көтөрөт. Аларына эч нерсе табылбай калса, жаш балдарга деле кол салгандан тартынбайт дебедиңиз беле? Эсимде калган экен ошентип айтканыңыз. Анан канаттарын капталдарына кыса кармап, төмөн карай шукшурулганда үңкүр оозуна кирип жаткан шамалдай күүлдөп угулат дегениңиз да эсиме түштү алигини көрүп. «Эне! Бүркүт! Бүркүт келатат! – деп кыйкырган бойдон ойгонуп кеттим» – деп энтиккен наркы бөлмөдөн чуркап келип, бүркүттөн качкан канаттуудай кенже небереси менен жаткан энесинин колтугуна башынката берип Азиз.

Анда бир эске салат энесинин убадасын. Жаркынайды ал түндүн калган бөлүгүн уктабай өткөрүүгө мажбурлаган. Жайлоо жөнүндө дагы сураган. «Жаш балага коркунучтуу немени айтып, натура иш кылган экенмин» – деп неберeсинин алиги түшүнөн улам өкүнүп алган эне эми жалаң гана жакшы нерселер тууралуу кеп салат. Жайлоонун жанга жагымдуу абасын, жылга сайын эритилген коргошундай жылтырап аккан булак сууларын, бийик чокулардын этегинде эл көчүп барган кезде деле

мелтиреп жатчу нык, нары муздак мөңгүлөрүн, жүк түшүрүлүп, үйлөрдүн керегелери али жайылып-жайыла электе өзү сыяктуу айылдын жаш балдары, кыздары топтонуп алышып, ошол мөңгүлүү тоолордун капталдарынан солкулдаган ышкын терүүгө баргандарын, айлуу түндөрдө: «Ай көрдүм! Ай көрдү-ү-ү-үм!» – деп, айылдын жаштары кечкисин кой-эчкилерин эртерээк саадырып бүтүп, козу-улактарын көгөнгө мурдараак байлап коюшуп оюнга чыгышаарын, андай түнкү шаңдуу чууга жамаатташ отурушкан, кемегелеринен түндүн бир оокумуна чейин асман төшүнө көк түтүндөр булап, кечки абаны тезектин, арчанын жан сергитчи жытына толтуруп, кут орногондой мамур-жумур бойдон түн койнуна көшүлүп кирип бараткан кокту-колоттогу, кырдагы айылдардан да шарактаган жаштар келишип, оюн курулчу жайык жер боз балдарга, бийкечтерге толуп чыгарына чейин небересине эмес, ошол оюндарга өзү менен моюндашып бирге барчу курбу кызына көптөн кийин жолугушуп, өткөндү чогуу эскеришип жаткандай Жаркынай толкундануу менен сүйлөп берген эле. Ошонусу менен небересин дагы бир жолу бүтүндөй башка дүйнөгө үндөп таштаганын, аны өз көзү менен көрүүгө дегдетип таштаганын эне байкаган эмес. Түшүнөн чочуп калган небересин сооротуш үчүн гана айткан. Жанагылардан тышкары кере тартылган желелерден кечке маал агытылган кулундардын оюн салганын, болочокку аргымактары энелеринин үстүнөн ары-бери секирип ойногондорун, көгөнгө тизилген козу-улактардын энелерин көргөндө айылды түп көтөрө маарагандарын, ачык асмандан төмөн төгүлгөн аппак ай нурун колдоруна шамдай кармап алышып, кызыл ашыктан келип желпилдеген жашыл шибер ичинен «Ак чөлмөктү» издеп жайылып жүргөн балдарды, кыздарды, же тегерене отура калышып, бирин бири эшилген жоолук менен кууп ойношконун энесинин эргий жатып айткандарынан так элестеткен небереси айыл ортосундагы кык жыттанган короо ичинде жуушап, күн бою жеген чыктуу чөптү аш кылуунун аракетинде кепшеп анда-санда гана оор онтошкон малына чейин мемиреген түнкү айылдын бейкуттугун бузган күкүк үнүнө дейре мөңгүлөрдөн төмөн жылга менен агылган суулардын шылдырына чейин кулагына угулгансыган, башын ийилте желге ыргалган ышкындарды өз колу менен терип, өткүр тиштери менен «кырт-кырт» эттире бир четинен тиштеп жеп киргендей сезген неберенин, сөзсүз, жайлоо дегенге барууга, барганда энеси айтып берген булардын баарын адатынча анын колунан кармай жүрүп, өзү көзү менен көрүүгө үмүтү, тилеги биротоло бекемделип калганын да эне байкаган эмес эле.

– Кайсы айда барабыз? – деген небересинин акыркы суроосу болгон.

– Ур-ра! Биздин окуу бүткөндө тура! Барабыз, энеке, барабыз! – деп төшөктүн жакасын арыга кайрып таштап небереси кыйкырып жибер-

генде, сол колтугунда бышылдап уктап жаткан кенже невереси ойгонуп кетпесин деп чочуган эне анын оозун алаканы менен баса калган.

Июнь эмес, апрелден тартып эле, кээде дем алыш күндөрү папасы, мамасы, апасы менен автобуска олтурушуп эл менен кошо белгилүү аялдамага чейин барышып, андан ары көк жыттанган, ным жыттанган, нары күн жыттанган талаага сейилдеп чыккандан тартып Азиз «Жайлоо, баягыда энеси айтып берген керемет жайлоо жөнүндө тез-тез эстей баштады. Папасынан да, мамасынан да жайында айылга, андан ары жайлоого барууга убадасын ала баштады. «Таякемдикине барабыз. Сүтү бар, майы бар. Тооктору бар. Биз мине турган эшеги да бар. Ошол алып барат андан ары жайлоого» – деп бар болгону ал эс тарткандан бери эки жолу гана болгон энесинин айылдагы колхозчу инисин айтып, чоңдордун бир нерсени шылтоолоп буйтап кеткенине жол койбостон жүрдү. Шаардын четиндеги ал көргөн чөптөр, ал көргөн көпөлөктөр деле Каркыра жайлоосунда көргөнүнө окшошпой туруп алды. Карагайлары кана? Чөбү эмне үчүн андагыдай тизеге чаппайт? Булактарычы? Тамылжытып жагымдуу ныксыраткан кымызычы? Энеси айтып берген жайлоо андан бетер кооз. Али уга элек жомоктой кызык. Балалык кыялы менен сүрөтүн тарта баштаган ал ажайып көрүнүштү шаардын четинен көргөндөрүнө салыштырса такыр эле окшошпойт. Каркырага барганга чейин биерге келген сайын жаңы эле ваннага жуунуп, аарчынып чыга калгандай тазара да, жеңилдей да түшө турган. Бу жолу антпеди. Аркы-берки басышкан ата-энесинин жанында алыстабай суз жүрүп, суз кайтты. Анткени жайлоо, энесинен уккан күмүш булактуу, дың этип чымын учпаган, коңур салкын жайлоо, жылкылары бетеге жегендиктен кызгылт кымызынан бир пияла ичсең эле магдыратып уйкуну келтирчү касиет чөптүү, түркүн үндө сайраган куштарга толгон токойлуу жайлоо, чындап көзүнөн учуп калган болчу. Күндө болбосо да күн алыс энесинин мазасын ала берди: «Жайлоого барабызбы?» «Барабыз» – анын жообу. Башка шылтоо жок да. Папасы, мамасы гана бир жолу: «Биздин отпускабыз кандай болор экен быйыл, билбейбиз (мамасы ошол эле институтта лаборантка болуп иштөөчү). Мекемеде график деген болот, уулум, алдын ала түзүлгөн. Ошо боюнча отпуска берилет. Азырынча ал түзүлө элек. Биз барбасак да энең, сөзсүз, барат сени ала барат» – деп анын үмүтүн үзүшкөн эмес.

Жайлоо жөнүндө сөз болгондо невереси менен кошо Жаркынай өзү да кийинчерээк, эмнегедир, толкундай түшчү болду. Көптөн бери жолугуша элек кишиси менен кездеше тургансып ашыгып, шашып калып жатты.

Жаркынай өз баласы да билбеген 11-июнду болжолдоп жүрдү. Акыры небересин алып баруу керектиги чечилген соң ошол күндү, кырк жылга жакын убактан бери жыл сайын бир жолу эсине түшүп бир топ

күнгө чейин бүткөн боюн шалдыратып, алдан тайгызып, көңүлүн эңшерип, сүйгөн жары менен жаңы гана коштошуп кала бергендей жалгызсыратып таштачу учур менен аргасыздан беттешүүгө бел байлады...

...Ошентип, небере менен чоң эне күткөн күн да келди! Жыл бою жайлоону сөз кыла берип, өзү менен кошо энесин да дегдетип таштаган Азиз, бирок тигинин жүрөгүн өйүгөн кусалыкты сезген жок. Кичинекей алакандарын шакылдата чапкылап: «Ура-а. Ур-а-а!» дегенден башкага жарабады. Энеси: «Камын, эртең жөнөйбүз айылга, андан ары жайлоого» – деп билдирген.

Жаркынай небереси менен айылга 8-июнь күнү келишти. Эки-үч күн инисиникинде болуп, өзү болжолдогон күнү жайлоого бармак. Жайында аякка каттаган машиналар көп болорун билчү. Малчыларга азыктүлүк, койлорго туз, жакага сүт, кымыз ташышат. Ошолордун бири менен жетип алат да. Аердегилердин дээрлик баары: мейли уй кайтарганы, мейли койчулары, мейли жылкычылары болсун, аны таанышат. Анткени айылдаштары да.

Жаркынайдын согушка кетип, келбей калган күйөөсү да ушу өзүнүн айылынан эле. Бул бир колхоздо бириккен эки айыл качан казылганын биердегилердин эч кимиси билбеген чоң арыктын эки жагынан орун алган эле. Бу эки айылдын бирге ойноп, бирге өскөн, мектепте да чогуу окуган балдары жана кыздары: «Медеттер, Жаркынайлар болгондо «Арыктын астындагы айылдан», «Арыктын үстүндөгү айылдан» – деп гана бөлүп сүйлөшчү керегинде.

Шаардык болуп кеткенден бери Жаркынай айылына келгени менен, айылдагылар көп барышчу болгон алардыкына. Кыздарын, балдарын окуу жайына өздөрү келип өткөрүү адатка айлангандан бери, белек-бечкегин куржунга, же чемоданга салышкан ата-энелерден жыл сайын келишет. Тыяктан чыкканда эле: «Жаркынай бар эмеспи аерде» – дешип, анын ак көңүлдүгүн билген алар ошерден эле ушунун үйүн болжолдоп жөнөшчү. Июль, август айларында самсып келчү ата-энелерден шаардын мейманканаларынан орун тийбесин билип алышкандан кийин алар бир жолу Жаркынайдын үйүн конок үйүнө айландырып алышкан. Канча күн турушса да кабак-кашым дебестен (уулу менен келини күңкүлдөшсө: «Антпегиле, уят болот, үйгө коноктордун келип турганы жакшы, өзү менен алар ырыс-кешигин кошо ала келишет» – деп калчу) тапканын эртели-кеч алдыларына коюп коноктоочу. Сыйынан ошентип жазбаган Жаркынайды кайтып кетээринде ар кимиси чын ыкластан айылга чакырышчу. «Быйыл барганыңызда меникинен чай ичпесеңиз, экинчи үйүңүзгө кирбейм. Таарынам. Учурашпай коём» деген сыяктуу сөздөрдү айтышчу. Алардын эч кимисин ичинен карыз деп эсептебеген Жаркынай

адатынча күлүмсүрөп туруп гана: «Барганда көрөрбүз. Ыракмат» – деп гана узатып коё турган. Келип-кеткендердин ичинде малчылары да бар эле. Небереси: «Жайлоого алып барасың» – деп каадаланган сайын алар да эске түшпөй койгон жок. Жайлоого барса, айылдын четинен чыгат аны кучагын жая тосуп алчулар. Бирок ал эки ата өтүшкөн тууганынын койчу баласы кылый көз Табылдыны болжоп чыкты үйүнөн.

...Жаркынай топурап келген коңшулары менен учурашып, бажырашып аркы-беркини сүйлөшүп отуруп, өзүнө аталып союлган козунун эти бышып калганын да сезбеди. Мында келгенине бир саат болбой жатып, өзүнө а дегенде таңыркай тиктешкен айыл балдары менен таанышып, анан табышып алган небереси ысык боорсоктон эки чеңгелине мыкчый кармаган бойдон ойноп кеткен эле, чарчаганбы, жайлоонун таза абасы көшүлттүбү, күн батары менен уйкуга кетти.

...Сыртка Жаркынай чыкканда ай береги маңдайдагы кырка тоодон өйдө көтөрүлүп калган экен. Ээрчий баскан инисинин келинчегине: «Сен жайыңы ырастай бер. Мен бир аз басып келемин» – деди да жалгыздап кетти.

Медет экөө баш кошкон журтка барды. Аерге эч ким конбой калган, анткени андагы булактан суу чыкпайт азыр. Жалпак таш бар болчу. Ошону издеди. Булактын көзүнө жакын жерде эле, көп убараланбай таап алды аны. Ордунда жатыптыр. Болгондо тегерегин чөп басып, жерге чөккөнгө агарып эки алакандай гана жери көрүнөт. Ага бут койбостон карап туруп калды. Эңкейип тиктеди. Издери жаткансып, ошону издеди үңүлө карап. Көрүнгөн жок эч кандай из. Таш тимирейет...

Бул ташты Медет өзү мал башын салып, же тепсеп булгабасын деп үстү арча бутактары менен жабылган булак көзүндөгү таштардын арасынан тандап ушерге көтөрүп келген. Буларга нике кыйылган алгачкы түндө алып келип койгон. Ошонун үстүндө отуруп, а дегенде өзү жуунган береги булак суусунан жез кумганга куюп келип. Бир жагынан муздак, бир жагынан кандайдыр бир от ич жагынан бүткүл боюн жандырып чыгып келаткандай алоолонгон денесин жууркан ичине кийирип жатып, келиндикти мойнуна ала мемиреген колуктусунун оттой ысык бетине өзүнүн муздак эриндерин тийгизе жыттап өпкөн соң энтигип шыбыраган: «Мен жуунуп келдим. Эми бар. Жез кумганда суу толо. Анын жанында жалпак таш бар. Ошонун үстүнө отуруп жуун». Күйөөсүнүн бу сөзүнөн уялып кеткен Жаркынай «булт» этип төшөк ичине качып кеткен бойдон лаззатка мас болгон күйөөсүнүн бышылдап уктап киргенине көзү жеткенде гана жууркан этегинен акырын жылып чыгат. Медет айткан жерде жуунат. Ай тоо артынан тыктанып калган экен. Айыл жымжырт. Төбөсүнөн денесин жайпап бут башына жылжыган ошондо

булак суусунун жумшактыгы, тоо желинин алиги суу тамчыларын кургаткысы келгенсип сылап турганы, алыстан-алыстан ушул таш үстүнө коюлган мрамор эстеликтей аппак денени көрүп, ошого таңшып киргендей күкүк: «Көрүп койдук, көрүп койдук» – деп, тамашакөй теңтуштардай жымыңдашкан көк төшүндөгү жылдыздар, койчу ошол минуталарда көзгө урунуп, денеге сезилгендердин баары Жаркынайды кырк жылга жакын убактан бери коштой жүрчү. Ошол түн менен бүгүн ал дагы кездешти. Таш үстүнө чыгып отура кетти...

«Жанагы ташты эмнеге койдуңуз, жумшак шибер турса»? – деп эми күйөөсүнүн ысык көкүрөгүнө өзүнүн муздак бетин коё эркелегиси келген жарынын акырын узаткан суроосуна Медет ошондо минтип жооп берген. «Экөөбүздүн аруу сүйүүбүзгө, биринчи түнүбүзгө күбө болсун, эстелик болсун деп атайлап койдум аны. Дагы канча жолу ошол таштын үстүндө жуунаар экенбиз? Ушуну унутпа, Жаркыным» – деген, жакын арада аны менен коштошорун алдын ала сезгендей.

Ошол таштын үстүндө отурду Жаркынай. Жайлоонун кучагында, жаңы эле чыккан айдын шооласына киринип отурду...

Бүгүн да июнь айынын 11-түнү эле...



*Поэзия*

**Замирбек**
**ИМАНАЛИЕВ**

# Жашыл жаз керemетиң сездире жүр

*Ташыркап туяк сынар татаал жолго,*
*Тагдырым аян берет баштангансып...*
*Сезилет жааган жамгыр азыр башка*
*Мезгилдин кирпигинен жаш тамгансып.*
*Агарып чачтар күндө кабар улайт*
*Алыстан ажал мага кат жазгансып.*

*Башталыш, аягы бар бир өмүрдүн,*
*Ыйгарат канча жашты Кудай мага?*
*Жашоодон чарчадым деп айтпас чыгар*
*Миң жашап, куурай окшоп кубарган да.*
*Көңүлдө көп эңсөө бар. О жараткан*
*Кайрымдуу боло көргүн сурангаңга.*

*Мезгил өзү тартуулап кубанычты,*
*Мезгил өзү армандуу кайгы табат.*
*Жылдар мага сезилип түгөнбөстөй*
*Жылдар кеткен бейкапар жазды санап.*
*Жаз көпүрө түбөлүк жаңы, эскиге*
*Жашоом эми өтчүдөй жазды санап.*

*Келчү жаз кереметиң сездире жүр,*
*Кайырып качанкыны унут калган.*

*Алдыда жылдыз жааган түндөр канча?*
*Ача гөр асманымды булуттанган.*
*Табыштап жанды ээсине кайыргънча*
*Табы жок күндөн сакта, жылытпаган!*

## Бактылуу сезим үчүн ыр жаратам

*Сени ойлоп, сени эңсөөнүн убарасын,*
*Келемин мен сезимден өчүрө албай.*
*Жүрөктү кыял ээлейт эски журттай*
*Жүрөмүн жүгүн артып көчүрө албай.*
*Адашпай таап алчудай учкан жанды*
*Арбаган Сүйүү мени өчү бардай.*

*Барсыңбы бул ааламдын бир бурчунда,*
*Билбеймин ким экениң кандай жансың?*
*Кайдадыр качырсам да көп санааны*
*Каламын бир үмүткө байлангансып.*
*Күтүүдөн мезгил токтоп калган өңдүү*
*Сезилет Жер акырын айлангансып.*

*Кайрылбай жылдар кетсе караан үзүп,*
*Кайгырсам кайгырармын аздыгына.*
*Атайлап бир өмүрдү сени издөөгө*
*Арнадым кайыл болуп бардыгына.*
*Бактылуу сезим үчүн ыр жаратам*
*Багыштап сенин сырдуу тагдырыңа.*

## Кезиктир

*Ай, жылдар ташын тизип тагдырыма,*
*Артынып ала кетет кайгыны да...*
*Армандуу күн батырсам үмүт артмай*
*Агарып атар таңдын кайрымына.*

*Кетсе да кечээкиден караан калбай,*
*Күтүүдөн эңсөө кайра жаралгандай.*

*Алыста дүлөй түндүн тынчын алып*
*Адашып мени издеген аян бардай.*

*Түйшөлүп тилек кылсам эмдигиче,*
*О Теңир, күмөн кылбайм кеңдигине...*
*Ансыз да өмүр кыска, кеч болсо да*
*Кезиктир жылдыздуу саат-мезгилиңе!*

## *Сүйүү*

*«О небо, муки сердца сохрани*
*и чашу горьких слез не расплескай...»*
***Микеланджело Буонарроти***

*Сыйкырдуу күч көкүрөктө тынчыбас,-*
*Толкуну окшоп ташып жаткан деңиздин...*
*Көздү бууган караңгыны качырып*
*Сен дүйнөмө шоола болуп төгүлдүң.*
*Алдын тосуп алыс кеткен жылдардын*
*Кайрып келчү кереметтей сезилдиң.*

*Сезбесем да бар-жогуңду бу жайдан,*
*Сен табылып кайып болуп кездештиң.*
*Мен өмүрдү Жараткандан буюрган*
*Жайбаракат жашаш үчүн келбептин.*
*Сен тартуулап бүтпөс сапар, саякат*
*Аалам болуп турарыңды сезбептин.*
*Маалы келсе кош айтышар бу дүйнө,*
*Мен кетермин Күн алдынан, баспай Жер.*
*Ыйык сүйүүм ажырабай түбөлүк*
*Издеп мени, барчу жакка каттай көр.*
*Оо Теңирим, түбөлүктүү Асманда*
*Мага ыйгарып бергениңди сактай гөр.*

*Жүрүш керек акыретке кам көрүп,*
*Сезбесең да Асман жактын чечимин.*
*Сен жанымдын жандоочусу болгонго*
*Сырдуу дүйнө кылар ага кечирим.*
*Табыша алсак табышмактуу тараптан*
*Тапкан болом мен бейиштин эшигин*

# Алтайлык доско

*Ташка түшкөн табышмактуу ай-тамга,*
*Тарых ошол, табыштырат тансаң да.*
*Кыргызсыңбы калып калган качандыр*
*Караан болуп Эне-Сайга, Алтайга.*

*Ким билиптир, чындыкпы, же төгүнбү?*
*Кыргыз кыйрап, болгон дешет бөлүндү...*
*Кылымдардын кышын тизип келсек да*
*Кебетеңден айрый албайм өзүмдү.*

*Ишенгенден эски жомок, баянга,*
*Имерилип мен өзүңө калам да...*
*Куюла албай калсак деле бир суугa*
*Куштар учат Ала-Тоодон Саянга.*

# Ыр алып келдим окуйсуңбу?

*Туталанып турмушуңа зар айтып,*
*Турасыңбы заманыңдан бир сынып.*
*Кирдегендир сенин таза көңүлүң*
*Кийимиң эмес өзүң кошо жыртылып.*

*Эртеңкиңе ишенериң биле албай,*
*Эстен танып турасыңбы жалдырап.*
*Тынч ала албай жүргөндүрсүң чоочулап*
*Түшүүчүдөй үстүңө бир жар кулап.*

*Окуйсуңбу ыр алып келдим алдыңа?*
*Саптары анын аскерлердей тизилген.*
*Унуткарып көр дүйнөнүн азабын*
*Улап коёр үмүтүңдү үзүлгөн.*

*Эрикпестен окуп чыкчы бул ырды,*
*Ээлеп алган бир кагаздын өңүрүн.*
*Жакшы сөздүн кереметин сезерсиң*
*Жашы кургап жашылданган көзүңүн.*

*Колуң шилтеп басып кетпей көңүл кош,*
*Кадыресе назарыңды салып кой.*
*Калпыс ойду жазып койсом акырын*
*Капа болбой отко ыргытып жагып кой!*

## Кереметин сезебиз

*Үмүт, үмүт үзүлбөгөн чубалып,*
*Үмүт келет көзгө сүртүп мунарык.*
*Үнүң чыкпай үшүп, тоңуп турганда*
*Үмүт сага болуп берет гүл азык.*

*Мезгил сени түшүрөрдө уучунан,*
*Үмүт турар төгүлө албай уучуңан*
*Арман көчүн үмүт келет узатып*
*Алаксытып анын ызы-чуусунан.*

*Кетет күндөр кетер жагы билинбей,*
*Келет үмүт таңдагы үрүл-бүрүлдөй.*
*Кең дүйнөнүн кереметин сезебиз*
*Келечектен жүргөн үчүн түңүлбөй.*

## Коштошуу бар

*Буюктуруп шок мезгилдин ызгаары,*
*Күмүш бубак чачтарыңа жабышат.*
*Күмүш така күлүк минген жылдарың*
*Күндү айланып кайра кайтпай калышат.*

*Чаң учуруп кырдан кырга өтөсүң,*
*Чаалыкпасаң бөөдө кырсык кабылып.*
*Чабармандай чаап өтөр жаныңдан*
*Чалма ыргытып кыя жолдон карылык.*

*Тал чокудан тайып кетсе тай туяк,*
*Тал чокудан терек болуп куланып...*
*Терек кылган дүйнө менен түбөлүк*
*Терек болуп коштошуу бар суналып,*
*Терек болуп коштошуу бар суналып...*

## *Адашкан сезим*

*Түнөргөн түн жамынып,*
*Чуркасам табар белем?*
*Жоготкон жогум болдуң,*
*Үндөй життиң, –*
*Аскалар жутуп алган.*
*Аскалар жутуп арман...*
*Көз жашым көкүрөк жууйт*
*Кайдасың алтын булак?*
*Сездирчү кереметиң*
*Кайберен – алтын туяк!*
*Келишет куштар учуп,*
*Жазды айдап бул аймакка.*
*Адашып калдыңбы артта?*
*Көңүлдүн музу эрибейт.*
*Айсберг сүзүп өтөт.*
*Көздөрдө мунарык бар,*
*Көздөрдө муңайыш бар,*
*Көөдөндө көлдөй толкуп*
*Көксөгөн сураныч бар.*
*Үмүтүм үзүк шоола*
*Үзүлбөй уланып кал,*
*Үзүлбөй уланып кал!*

## *Кел, ичели*

*Өмүр көчөт жүгүн артып ай, жылга,*
*Өйдө-төмөн өтөөр турмуш-азгырма.*
*Көкүрөктөн көп санааны кубалап*
*Көз ирмемге кең дүйнөнү тар кылба*
*Кел ичели, бөксө өмүрдү толтуруп*
*Кездешүү аз биздин мерез тагдырда.*

*Өр таянып биз жетебиз кай кырга?..*
*Өтүп кетер маалы болот жаздын да.*
*Күлүш үчүн, сүйүш үчүн ичебиз*
*Күнөө эмес Жаратkандын алдында.*

*Келген кумар кетсе кайра табылбайт*
*Кел ичели, бу жыргалдан айрылба.*

*Өксүтпөгүн жанды сыйла, кор кылба,*
*Өз кумарын өзүнө ыйгар, жазгырба.*
*Түрүн бузса түбү тешик бу дүйнө*
*Түгөл кылбайт төрт тарабын хандын да.*
*Куруп кетсин бул жашоонун түйшүгү*
*Куюлганды көтөр досум, ал, жырга*

## Мен бейтаалай болуп калсам...

*Көз жаш болор сагынычтын булуту,*
*Көкүрөккө батпай калса жыйылып...*
*Өзүң эмес жарык күндүн алдында*
*Жүргүм келет көлөкөңө сыйынып.*

*Күтөм сени кайрылат деп качандыр,*
*Караан тутуп кайгы менен күйүттү.*
*Кейитсең да келериңе ишенип*
*Кептер кылып учурамын үмүттү.*

*Айтып келем ал күндөрдүн жомогун,*
*Арман кылып Айга, Күнгө, булутка.*
*Мен бейтаалай болуп калсам сүйүүдөн*
*Сен күнөөлүү болоруңду унутпа!*

*Проза*

**Асанбек СТАМОВ**
**(1938–2010)**



# ЭНЕ КУДУРЕТИ

**(Повесть)**

**(Уландысы, башы өткөн санда)**

Келин карагаттай капкара көздөрүн кадай үн салды.

– Мени ажалдан сактап калган сизби, аке?

– Ооба, кагылайын.

Келин эркеди:

– О, падышам, башым тартуу.

– Эмне үчүн падышам дейсиң? – хан селт этти.

– Сиз болбосоңуз, жолборс жайлап салмак. Башым тартуу сизге.

– Ысымың ким, бийкеч?

– Ырыскан. Жөн эле Ырыс дей бериңиз.

– Атың куп жарашкан бийкеч экенсиң. Ордуңдан туруп көрчү, Ырысым? – Койсары келинди көтөрүп алып эки бутунан жерге койду. – Кана, басып көрчү. Алты саның аман тура.

– Кудая тобо, ичер суум бар экен. Башым тартуу, аке.

– Башың өзүңө эле буюрсун. Балдарыңа буюрсун...

Ырыскан дароо жооп берди:

– Азырынча бала-бакыралуу боло элекмин.

– Али башың жаш турбайбы. Бала-бакыралуу да болорсуң.

– Кудай ошого жеткирсин.

– Кана, Ырыскан айым! Айылыңды көрсөт. Анан да экинчи жолу жолборстун артынан жалгыз куубай жүр!

– Бу шер тажатты. Жай башталганы үч кылкуйруктан айрылдым.

– Шердин балдары бар турбайбы! Ага да оокат керек. Абайлап жүр, анын ургаачысы калды.

– Балдарын тыштап кол салбайт.

– Түгөйүнөн ажыраган жолборс жан кечти келет.

Ырыскан дагы эле ишенимдүү:

– Эркегин сиз жайладыңыз. Ургаачысы балдары чоңойгончо кол салбайт.

– Андай болсо үйүңө жөнө, Ырыскан айым!

– Үйгө кантип жалгыз барайын! Мейман болуп, сый көрүп кетиңиз!

– Үйүң кайда?

– Мына бул белестин ары жагында.

– Өлгөн жолборсту канттик?

– Колум тийгенде келип терисин сыйрып алам.

– Үйдө эркек жокпу?

Келин унчукпай калып:

– Сөөктү бир жапсарга сүйрөп коёлу.

Экөөлөп жолборсту эңилчектүү кызыл таштын түбүнө сүйрөп барышып, чырпык сындырып үстүн жабышты да, хан атын көздөй жөнөгөнчө келин чаап барып, Койсарынын кошкурган аргымагын жетелеп келип, аны аттандырды. Кыймылы элпек.

Экөө бир аз катар бастырган соң келин өтүндү:

– Сиз шашпай келе бериңиз. Мен барып, үй ичин иретке салайын!

– Жөнөй бериң, мен шашылбайм.

Желдей сызган келин заматта көздөн кайым болду.

Өзүнчө жай бастырып келе берген Койсары кырдан ары эңкейсе, секинин алкым ченинде, эки боз үй катар тигилип туруптур. Ырыскандын үйү экенинен Койсары күмөн санаган жок. Бир маалда төмөнкү боз үйдөн келин атып чыкты. Капырай десе, кызылдан кийиниптир. Кыпкызыл шайы көйнөк, кара кыжымы чыптамачан, башындагысы гана да бир байлам көгүш жоолук. Жоолук менен чекесин жаап, артына бууп алган. Кызыл гүлдөй жайнаган келин жетип келип, Койсарынын атын тизгинден алды.

– Арыбаңыз, ханым!

– Теңир жалгасын.

Анан таанып койдубу дегендей кайра сурады.

– Ханым дегениң кандай, Ырыскан?

– Билбейм, сөөлөтүңүз хандыкындай эле экен. А чынында сиз мен үчүн хандан артыксыз да.

Койсарынын көмөкөйү буулуп, көкүрөгү дегдей, көңүлү жанып кетти. Алдында келбети келишкен селки, баягы боз жигиттин кейпин кийген Ырыскандан дайын жок. Капырай, мындай сыйкырды ал качан көрдү эле? Деги эмне болуп турам дегендей көңүлү элеп-желеп. Сыйкыры күч

келинди кучактап жыгылууга даяр, шайы ооп, «бул эмнеси» дегендей төрдө отурат. Бул асыл келинден көзү өтүп, ансайын көөдөнү өрттөнүп бараткандай. Мындай аруу сезим башынан качан өттү эле. Кымыз ичип демин тарта, өзүн канчалык бейкапар сезейин десе да, келин аны башоту менен арбап салгандай. Ырыскан колунун аты жогуна ичке алтын шакек салынып алыптыр. Билериги күмүштөн, жоонураак одоно билерик укумдан-тукумга өтүп отуруп, жышылган экен. Келиндин кулагындагысы да ай тегерек, күмүш сырга, анын учуна кичинекей күбөк тагылган. Ушунун баары Койсарыга жагыш үчүн жасалып, кыймыл-аракетинде кандайдыр тымызын экиленүү бардай. Бу да болсо али каныга элек, келиндин жаштыгын далилдеп турду.

– Үй ээси кайда? – Койсары акырын суроо салды. Келиндин жүзү жыйрыла түшкөндөй.

– Эрим алыста...

– Алыста болгондо кайда?

– Келер-коёрун өзүм да билбейм. Күтө-күтө тажадым. – Келин ыйлап жиберчүдөн бетер муңканды.

– Кейибе садагасы!

– Мындан төрт жыл мурда ханыбыз кошун жыйып Кытайга аттанган.

– Ханбы?

– Ооба, хандын өзү!

– Анан?

– Кошун менен кеткен бойдон кайткан жок. Өлдү деген кабарын укпадык.

– Аты ким эле эриңдин?

– Ыйманкул эле, экөөбүз эрди-катынча чогуу жашоого үлгүрбөдүк. Мен анын көшөгөсүнө кире элек кезде, сөйкө салынган боюнча никебиз кыйылбай калды. Бирөөнүн жалгызы эле, атасы эки жыл мурда каза таап, өзүм келип анын өргөөсүн тутуп калдым. Анда он беште болчумун. Конушу, үй-жайы өчпөсүн дедим. Же өлүү-тирүүсү билинбейт. Жети жыл күтөм, келбесе анан көрөм да тагдырдын башка салганын...

– Ыйманкулуңду мен билем.

Ырыскан чочуп кетти:

– Кантип?

– Бээжинге аттанган хандын кошунунда мен да бар болчумун. Жүз башы элем. Хан шаарды камаганда каршылык болгон жок. Шаардын чоң капкасын ачышып: «Алам десең кыз даяр, ажал келсе биз даяр. Отурам десең так мына, бийлейм десең калк мына» – дешип кучагын жайып, курун мойнуна салып турат алдыңда. Ширин шарап, тамак-аштын не дүйүм түрлөрү, сыйкырдуу күү-обон, пери кыздарынын чоюлган бийи жана да шайы төшөктөрдүн кереметине бир дагы жоокер туруштук бере

албай, бир келген бейиштин рахатынан чыга албай, баягы тоо бузган аскерлердин жаалын, каарын заматта таппай калдык. Көрсө, кытай калкы өзүнчө эч бөксөрбөгөн деңиз турбайбы. Ал кара нөшөрдөн кийин канча сел, кыян жүрсө да кылкылдата өзүнө шимирип коюп кебелбей, чайпалбай жата берет экен. Алды кытай менен урушуп жеңе албай турганын түшүнгөндө, калган-каткан аскерин араң чогултуп алып, ханыбыз сыйкырдуу ордодон чыгып кеткен. Жаагында саамайы, кулагында сыргасы бар нур жигит эле Ыйманкул. Бирөөнүн жалгызы экен деп жакшы эле саксактадым. Бээжинден чыккан жок. Эми ал эли-жерине оңой менен кайта койбос...

– Көргөнүңүз чын экен. Атасы кичинесинде ырымдай кулагын көзөп сырга салган дешчү. Мейли, иши кылып аман жүрсө эле болду.

– Кытай падышасынын амалы күч. Ал эң эле бир каардуу жоосун дагы душмандашпай эле жеңип алат. Ошентип, сулуу кыздарын салып берип, жоокерлерди арбап тыштады. Анын ичинде Ыйманкул да бар болчу.

Эң кызыгы Койсарынын кабарына келин ылайым кайгырып койбой, кайра жарк эте күлүп жиберди.

– Анда эле Ыйманкулум тирүү экен, бактылуу болсун. Мен дагы тагдырга жазганды көрөрмүн...

– Бөөдө адам тургай, тагдырга хан да баш иет...

– Тагдырдын ташы оор.

– Мени да бу жерге тагдыр айдап келсе керек...

– Анда эле тагдырлаш бололук, агатай. – Келин жайдары жылмайды.

Тамак-ашка алымсынып, кымызга суусуну канган Койсары жолоочу менен үй ээси Ырыскан эшикке чыкканда, бешим оой, күн бата жаздап калган маал эле. Секичеге тигилген эки боз үйдү сыдыра караган Койсары өзүнчө ойго алдырып, бу жолугушуу тагдырбы же табышмакпы дегендей беймаал мелтирейт. Кандай да болсо мында бир сыр бар деп сезди. Сыр түйүнүн чечүүгө шашкан жок. Боз үйлөр тигилген чөлкөмдө айыл аттууну мындай кой, адам аттуу да ыпым көрүнбөйт. Боз үйдүн түштүк жагы чокусу анча бийик эмес тоо. Мына ошол тоо этегинен түркүн булактар кулап жатат. Ал эми алды жагы бир аз басса эле учуп кетчүдөй терең коо. Коодон ары мелтиреген көк мейкин жашыл өрөөн. Өрөөндөн өйдө кайрадан кыркалай кеткен алкак тоо. Булактары чураган көк жайык конуш кудайдын колу менен жасалгандай, анын касиети Койсары жолоочунун табиятын сооротту. А тургай эркеп, эрдемсий боз жигит кезиндей шайдоот сезди өзүн. Керемет боз үйлөр көөлгүй көшүлгөн көк асман менен жуурулушуп калган. Үйдүн биринчиси жумурткадай апапак, экинчи каралжыны атайын ашкана үчүн тигилгендей. Ашкана ичинен чыккан түтүн суюк эле. Эч ким үн катпагансыйт. Кезек-кезек гана ашканага кирип чыккан Ырыскан селкинин турпаты бузулбай, периче мант беришине караганда, ал жактан тамак-аш даярдаган кимдир бирөө бар-

дай. Селки көзгө чалдыккан сайын жолоочунун жүрөгү элирет. Көңүлү уйгу-туйгу, каны кайнай делебе козгогон сыйкыр сезимди басуу үчүн тээ алдындагы көк мейкинден көзүн албай: түнөрөт, мелтирейт. Ырыскан жанына келе калганда ал акырын унчукту:

– Керемет жайлоо турбайбы, – деп алып, туңгуюк сезим сыртка чыкканына өкүнгөндөй дым.

– Кырга тигилген үй желдики, коктуга тигилген үй селдики, – дейт кыргыз. Ушул секичедеги жайлоонун аты – Сандык. Арка жактагы көрүнгөн тоонун кырын ашып түшсө Чар деген өрөөн бар. Өрөөн өтө чуңкур. Ал жерге дүйүм жер-жемиш, аштыктын бардык түрү бышат. Кыдыр даарыган өрөөн.

Койсары селт этти. Ал түндө энеси аян берген Чар чын эле бар экен да. Тагдырды карасаң – Чарга тушма-туш келип калганын. Кыздын керемети, Чардын чаркы жүрөгүн элиртип, делебеси ого бетер козголуп барып, сезимталы сыртка атылып чыкчудан бетер кайра түнөрө калды. Канчалык түнөрсө да, эркектин кыялына чок салып таштаганына өзүнчө ыраазы болгон кыз шоктонгон бойдон каралжын боз үйгө кирип кетти. Тоодон чыгып, тоого баткан алтын күн туу чокуга батып бараткан кез эле. Көк асман мөлтүрөп, Койсарынын как төбөсүндөгү көктө жалгыз бүркүт айланып, иңир коюулана баштаган кезде, алар сый боз үйгө киришти...

Коломтодогу арча отундун агыш кызыл жалынынан улам алты канат боз үй ичи жапжарык. Дасторкон үстүндө куруттун дүйүм-түрүнө чейин коюлган. Анан эжигей, каймак, жуураттан башка гүл жыттуу кызгылт күрөң бал, анан да соогандын ширеси сиңип таш кордодо эзиле бышкан козунун эти. Обору ачылган Койсарынын алдына куйругу менен кошо эки жамбашы ажыратылбаган учаны коё салган Ырыскан: «Конокко аш кой, эки колун бош кой» деген кыргыз салтына ылайык акырын гана «алыңыз» дегендей ишаарат кылып, чокко бышкан кызыл ысык көмөчтү эки бөлүп сындырды. Анан ортодо сөз жүрсүн дегендей:

– Бу чүрөк арпанын унунан жасалган. Буудай нандан көрө, биз элеттиктер арпа нанды жакшы көрөбүз, – деди сыпайы.

– Арпа нанга же жетсин, – деп коюп, Койсары алдындагы жыттуу кордодон сыпаа ашап жатты.

Ошо бойдон орто сууй түшкөндө, кыз кайрадан сыпайкерчилик үчүн үнүн жасап:

– Аштыктын атасы эле арпа, – деп коёт биздин элетте. Буудай менен таруу-конок бышкан чөлкөмдөр деле бар тоо арасында. Ошого карабай буудай айдабайбыз. Аны көп кадырлабайт элибиз. Таруу, коноктон башка, арпаны көп эгишет. Кайракы секи, ой чуңкур дебей жыш эле арпа аңыз. Кызылы төгүлгөн буудайга караганда арпанын касиети артык экен. Анан калса арпа жарыктыктын толгон касиети, сыры бар турбайбы...

– Касиети дейсиңби? – Койсары хан кызыга түшкөнүн жашырган жок.

Же ал атайын эле кызды сүйлөткүсү келди окшобойбу. Бир чети сынап жаткандай түрү бар. Меймандын кубаттоосу жага түштүбү кыз акырын сүйлөп кирди:

– Аштыктын асылы, арзаны да арпа, – деп дымый түшкөндө Койсары куйруктан жукалай кесип өзү ооз тийип, кайра жамбашты кошо Ырыскандын колуна карматып жатып:

– Кана, карындашым, ооз тий устуканымдан. Насиптеш, кешиктеш болуп жүрөлүк. – Ал Ырысканды карындашым деп атайы айтты да, аны сынагандай жооп күттү.

Карындашым деген сырдуу сөз кыздын көөнүн жибитип жибергендей. Сөздүн тулкусунда тийишкендик бар эле. Бирок Ырыскан конок ээси катары өзүн салабаттуу тутууга аракеттенип, ал тургай, сөзгө маани бербегендей, арпа жөнүндөгү аңгемесин уланта берди.

– Арпа токоч ич көптүрбөйт, ич өткөрбөйт. Ал карынды ток кармайт. Канды суюлтат. Арпа нан жегенде көңүлүң жаркып, кабагың ачык жүрөт. Өзүңдү алда канча жеңил сезесиң. Арпа адамды семиртпейт, арыктатпайт, кубаттуу келет. Арпа нан жесең пейилиң толуп эсирбейсиң. Арпа адамдын да, аргымактын да азыгы. Карапайым калк аны жан сактап, күнүмдүк оокат үчүн жешсе, пайгамбар, падышалар анын касиетиндеги дарылыгы үчүн жакшы көрүшкөн. Алар арпаны кудай буюрган насип деп, Адам атанын өзү баш болуп урматтаганын эстен чыгарышпаган. Арпа аштык дыйкандан ашыкча эмгекти талап кылбайт. Аны сугарбайт, отоо чөп баспайт, кара көсөө жолобойт. Эгип койсо быша берет, түшүмү мол.

– Арпа дан пайгамбар – падышалардын азыгы дейсиңби, карындашым? Кайдан укkaнсың бул накылды?

– Менин атам карапайым калктын тукуму. Анда эле ата-бабабыздын салт-санаасы каны-жанымда. Мен жети атамдан ары билем...

– Анда эле арпа жөнүндөгү аңгемеңди уланта бер, карындашым.

– Арпанын негизги касиети – ал көптөгөн кеселге дары. Каны бузулуп, караптаган адамдарды такай арпа менен дарылайт. Арпаны ачытып, кайнатып, андан кычкыл суу, ачык суу алышат. Арпанын ширеси – каны бузулган, башы шишиген бадик ооруга чейин эм. Боору ооруп, адам сарыкка чалдыкса – арпанын ширеси миңдин бири. Сөөк оору менен кызыл жүгүрүккө да арпанын улпагын ысытып басса тез айыгат. Акылмандардын айтымы боюнча: ай тутулган түнү себилген арпа – миң түркүн кеселди сакайтат. Өзгөчө ай тутулган түнкү эгилген касиеттүү арпа даны жин оорусун айыктырган. Биздин элде жылдын жакшы же жаман болорун арпа аштыгынын өнүп чыкканына карата аныкташат. Эгерде арпа шоодой түз, коюу, бир беткей жоодурай өссө – ал жылы токчулук болот. Эл-журт жутка кабылбайт. Эгерде арпа аштык жапыс жана кыйшык, ачакей өссө, ал жылдан жакшылык күтпө. Ошондуктан, кыргыз атаны башкарган Ажо, бий, хандар илгертеден такай арпа менен азыктанышып: «Арпа менин, сенин оокатың, ал элимдин тамагы – ал

теңир жиберген касиеттүү азык» – дешкен. Мен сезип отурам, биздин ханыбыз да ушу кезде, арпа токоч жеп отургандыр.

Койсары хан бул кызды таңгала карап алды да:

– Элибизде ким хан экенин билесиңби? – деп сурады.

– Башына оор мүшкүл келгенде гана караламан эл кудай менен ханды оозуна алат. Бизге эмне, азыр кудайга шүгүр: жообуз жок, дообуз жок. Эл ичи тынч, көңүлүбүз ток, бейкут жашайбыз. Андыктан, хан менен ишибиз анча жок. Кордукту көп тарткан эл ханды оозунан түшүрбөй кошоматчыл келет. Элди кырсык алып ач калса, коргоору жок калса кудайга жалынып, хандан ырайым күтөт. Андай кезде ханды алкайт же каргайт. Ханы ач көз, дүнүйөкор болсо, элдин шору. Андай элдин оозунан хан ысмы каргыш катары эч түшпөйт. Чын эле мен хандын атын билбейт экемин. Атын мен билбеген соң ал жакшы адам болуш керек.

Кыздын жообуна Койсары таңгалды да, кайра сурады:

– Карындашым, коркпой-үркпөй жалгыз үй отурганыңа таңмын. Мени жалгыз сыйлап, чоочубаганыңа башым маң...

– Тоо-кырым өзүмдүкү, чөлкөм өзүмдүкү. Көрүнбөсө, көзгө чалдыкпаса да эл-журтум бар. Андан көрө өзүңүз чоочубаңыз, агатай. Сыйкырдан жаралган жин перинин кызы эмесмин. Илгертеден келаткан, кыргыз атадан калган заң бар. Аны элибиз ыйык тутат. Жалаң тончон, жалгыз атчан жолоочуну үйүнө кондурбай, анын кардын ач калтырган үй ээсине өлүм. Эгерде жолоочу жалгыз үйлүү жаш аялдын үйүнө түнөп, кайра анын өзүн ызалап кетсе, жолоочуга өлүм буйрулган. Талаанын, тоонун ыйык эрежесин ким бузат, агатай. Сиздин пайгамбардай дөөлөтүңүздүн алдында мен кайра куунап отурбаймынбы...

Астапыралда, ушундай да кыраакы ургаачы болобу – деп Койсары өзүнчө таңгалды. Мейман менен кыз конок камы кылып жата турган түрлөрү жоктой. Каны кайнап, жүрөгү элирген Койсары айласын таппай, бу түндө кандай кереметтин ичинен чыгарын билбей, санаасы уйгу-туйгу. Кантсе да башы маң. Ыйык мейман катары кызга катыла албасын да билип турат. Бирок кыздын кылыгын эңсеп, жүрөгү күйүп, бейкут уктай албасын да сезип, айласы куругандай эшикке чыгып, бууданын бир карап коюуну чечти.

– Эшикке жалгыз чыкпаңыз, агатай, – деп кыз өрөпкүлөдү. Хан жооткотту:

– Бөрү жемек беле мени, карындашым!

– Бөрүдөн артык жырткыч бар...

– Ал ким?

– Мени күзөткөн каракулак шер! Ал мени күндүз сырттан акмалап, түндө эшигимди баса уктайт. Өзгөчө түнкүсүн адам аттууну быякка жолотпойт. Күчүк кезинен бирге чоңойгонбуз. Жалгыз үй отурганым да ошондон. Күндүз ал токойго жойлоп кеткенде, шорлоп кала жаздадым.

– Каракулак шерби? – деп коюп, Койсары колуна кылычын албай эшикке салт чыкты.

Теребел жарык, толгон ай төбөдө туруптур. Те окчунда, убалып жыла басып келаткан сырттанга тике карап, Койсары аны «жат» дегендей үңүлдү эле, – экөөнүн көзү чагылышып, хандын оор, заар тиктеши шердин көзүн тайгылтып, башы шылк эте бөгө берди. Кебелбей, жай басып барган Койсары сырттандын башына колун коюп, акырын сылаганда ошо бойдон боору менен сойлой, шер бу сыйкыр пендеге жеңилип берди. Койсары аны экинчи ирет шер катары көрүп, караган да жок. Басып кетти. Койсары кайра боз үйгө киргенде кыз дасторкон үстүн жеңилдетип, оттогу чычаланы саал басаңдатып тыштагандай. Түндүгү чала тартылган үйдүн ичи кызгылт жарык, негедир ортодо сөз үзүлдү. Үйдүн ичи не бир дүйүм жыпар жытка толуп, кыз кызыл чий тартылган ашканасынан хандын көзүнчө кош көөкөр алып чыгып, четке койду да:

– Агатай, той камын көрөлүк? – деди башын көтөрбөгөн бойдон.

Ал кандай той дегенчелик кылып, Койсары бүшүркөгөндө кыз акырын унчукту.

– Бүгүнкү түндү адалдап алалык, агатай! Баары бир бул керемет кездешүү бизди тек кетирбейт окшойт. Нике кыйып коюңуз! Сизге буйруган турам. Жүрөктө түпөйүл калбасын.

Койсары отура калып, курандын нике дубасын окуп кирди да, экөө алмак-салмак суу ууртап, бири-бирин «туткан» соң кыз колуна көөкөрдү өлчөй кармап:

– Биринде арпадан тартылган арак. А мына бул сол колумдагысы коюу шарап. Карагаттын ширесинен жасалган. Муну биз көбүнчө кышында суук тийгенде ичебиз. Жыты гүл, күчү жолборстуку! Кайсындан куяйын сизге?

– Өзүңө жакканынан куйчу. Чынын айтсам, мен арак менен шараптын сырын анча ажырата албаган түркөй жанмын...

– Сынап жатасыз го. Сиздей жоо сырын тарткан адамдар арак менен шараптын сырын кантип билбесин.

–Жоо сырын көп жорткон бөрүчө жоокер билет. Арактын, шараптын сыры ичкенге дайын. Мен эл таанып, жер көрүп жүргөн жалгыз атчан байкер адаммын. Андан көрө өзүң айткандан эле ичейин.

Кыз сөзүн кайра улантты:

– Арак менен шарап чынында акылмандар менен хандардын тамагы. Кези келсе аны акмак деле иче берет дечи. Шарап куюлган кесе акмактын колуна тийсе, ал курч устара менен ойногон балага окшош. Акмак менен топор арактын кадырына жетпейт. Арак менен шарапты хан ичсе кайратына кайрат кошулат. Ал акылмандын акылын курчутат, ааламды алаканына салат. Шарап ичкен сайын хан менен акылман ого бетер бийиктейт. Көкөйүндөгү күйүттү унутуп, теңирге бир мертебе теңеле

алат. Арак аркылуу не бир көйкашкалар өзүнүн эс-акылын, алын сынаган. Билим деңгээлине баа берген. Кээ бир эрлер арак-шарап кайгыны унуткарат дешсе, кээси аны кайгынын да, эрдиктин да жан жолдошу катары көрүшкөн. Деги эле арак-шарап адам баласы үчүн эң бир акылман сынчы. Акылман менен хан аракка алдырган күнү – башынан бак кетет. Куту учат. Хан аракты сактанып, ичпей койсо өзүнүн алсыздыгын билгизет. Кайраты таш жарган эр адам айжаркын аялдын койнунда жатып арак ичсе ого бетер жалындайт.

– Арпа арагынын өзүнчө касиети барбы?

– Бар эмей, арпа арак эркекке кирген бууранын күчүн берет. Ал эркек эч качан сулуу аялдын алдында сынбайт, чүнчүбөйт. Эркектин ар-намысы артып, аялдын кумарын жазат. Аял алдында от болуп күйөт, жанат, эч өчпөйт. Ар качан аялдан кумары тарабайт. Каны суюлуп, акылы артып, кирген суудай ага берет, кага берет...

– Андай болсо, арпа арагыңдан толтур чөйчөккө. Бу түндө бир күйөлүк, от болуп жаналык, суу болуп агалык. Бүркүт болуп көккө сүңгүп, топ бузган, жоо кууган баатырча бир кумардан каналык. – Койсары аракты тартып ийди...

Уулум, менин атам жомоктун ушу жерине келгенде, көккө умтулган бүркүтчө көзү жайнап, көңүлү дегдеп, жапжаш болуп жайнап кетер эле кайран киши. Жомокту ушу жерден токтото салып, уландысын эртең айтсам кантет. Жок, болбойт дейсиңби? Угасыңарбы? Мейли, анда, мага эмне, айта берем. Ошентип, Койсары хан далай күн Ырыскандын өргөөсүндө жатып калды. Күндүн кандай өткөнүн сезбей,.. ал агыны катуу суудай чамынып, адам башына келген махабат деген сыйкырдын түпкү маңызын ошондо гана сезди. Аялга болгон ашыктык адамды сереге жеткирерин билип, бу дүйнөнүн толгон сыры бар турбайбы деп ойлоп койду. Анан калса, Ырысканча сүйүү камын көрө билген ургаачы болбос, хандын башына койгон жаздыгы эле жалаң гана дүйүм гүлдүн кургатылган жалбырактарынан жасалыптыр. Анын жыпар жыт чачкан кереметин, жумшактыгын мындай кой, сезим козгогон, канды дүүлүктүргөн касиети өзүнчө бир башка эле. Керегенин баштарына не түркүн жыпар чачкан кургак чөптөрдүн түрүн жаздыкчага салып илип койгон экен. Кыз өзү жазданган гүл толтурулган жаздыктын ортосу тешик эле. Кулакты тоссоң эле тешик аркылуу жылан сойлоп келатса да угулганы кызык. Элет кызы болуп туруп, мындай аземди кайдан үйрөнүп алганын билбей, хан өзүнчө таң. Койсары төшөктө жатканда чалкасынан түшүп, сол колу менен келинди өзүнө имере кучактап, анан эч козголбой, эркин дем алып, өтө сак уктай турган. Бирок экөө тең түндүн бир оокумуна чейин кыналыша уктабай жатып, аңгеме курганды жакшы көрчү. Саал бети ачылып, аялдык сезимталы курчуган Ырыскан бу жолу Койсарыга дилин жашырбай, ичиндеги күдүктү ачык айтып алды.

– Султаным, сизди көргөндө эле дилим жибип, алдан тайдым. Ычкырым өзү эле бошоп кетти, өзүмдү өзүм башкара албай кара басты мени. Эркимден ажырадым, эстен тайдым. Адегенде эле кыз каадасын кыла албай, айлам кеткен. Теңир алдында бек элем, дилим катуу эле. Эмне болду мага? Түшүнсөм кудай урсун. Этегимди эрке желден башка эч ким ачпаган эле. Энемден бөлөк эч ким эркелетип, бешенемден өөп, көкүлүмдөн сылай элек болчу. Түшүнсөм майнаке болоюн, мынчалык сыйкырыңыз күч кимсиз деги?

Койсары хан аны сыга кучактай, бооруна кысты:

– Эмне, өкүнүп жатасыңбы, жан эркем?

– Өкүнбөй калайын, кайра жетине албай, эреркеп жатпайынбы. Аялга мындан бөлөк таалайдын кереги не? Дөөлөтүңүзгө карап, асмандан түшкөн пайгамбар десем, адам эле бойдонсуз. Сиз өтө сымбаттуусуз, келбеттүүсүз, ал тургай эркек башыңыз менен ажарыңыз артык сулуусуз. Сулуулук ургаачыга жарашат, ал аялдагы касиет. Эркектеги сулуу жүз – теңирдин берген белеги. Бешенеси жайнаган сулуу эркектин колунан ылайым жамандык келбейт. Кудайым нак сүйгөн пендесине гана жылуу, сулуу жүз тартуулайт. Ички табияты, сырткы кебете-кешпири төп келген эркек чанда учурайт. Сулуу акылман эркекти жалгыз аял туубайт. Аны кудурет сүйгөн пендесине тартуулайт. Кимсиз деги?

– Ханмын десем ишенбейсиң, жан биргем. Карыпмын десем, сырткы турпатыма жарашпайт, анда эле сыйкырчымын да...

– Сыйкырчы болбосоңуз да, ошого жакындап барасыз. Анткени сиздин табиятта эч бир адамда жок касиет турат. Сизди көргөндө бөрү бөгө калып, жолборс жолобой качат. Төбөңүздө жалгыз бүркүт айланып, ал сиздин теңдеши жок, жалгыз экениңизди билгизгендей. Бир туруп тиктей калганда жер жарылгандай сыйкыр күчтү көрөм. Каарыңызга калганды көз менен, сүр менен атып коё алат экенсиз. Мынчалык айбат, сүр адамда болорбу? Деги сиз тегин адам эмессиз. Бир караса ажарыңыздан күн көрүнөт, мээрим төгүлөт. Бирде туруп чагылгандын огундай курчсуз. Менин шеригим кара кулак шер, Сизге кол салмак тургай, күчүккө окшоп даабай калды. Ошончо күч, касиетке карабай, сиз ушу турушуңузда жалгызсыз, жүрөк эзген кайгыңыз бар. Өлүмгө тике барчу, сырдашчу курбалыңыз жок, жалгызсыз. Жан берүүгө даяр турган аялыңыз жок, бактысыз экенсиз. Сизди көргөндөр бет келип, сүйлөшкөндөн качат. Аялың жерип, элиң коркуп, нөкөрлөрүң ичтеринен тымызын жек көрүп турса, мындан өткөн кордук болобу, султаным. Чынын айтсам, эл ичинде жүрүп жалгызсыз, бактысыз экенсиз...

– Мындан ары менин бактым, таалайым сенин колуңда. Өзүмө тең келчү, жар болчу аялды мен өмүр бою издеп жүргөм. Эми таптым, мындан ары менин өмүрлүк жарымсың. Мен эр ортону элүүгө жакындадым. Сен жаңыдан ачылган мамыры гүлүндөйсүң. Жашты сүйбөдүм, теңимди таппадым деп, кийин өкүнбөйсүңбү, жан биргем?

Ырыскан дароо жооп кайтарды:

– Жаш жигиттин сүйүүсү эмне! Ал бир гана келип, куйкалап кеткен өрт. Анын артында күйүк жыттанган өксүк калат. Андан өткөн арман болорбу, султаным. Сиз деген коломтодогу өчпөгөн отсуз. Дайым тийип турган күнсүз. Сөз кадырын түшүнгөн айкөл деп, ачык айтып жатам. Кыз кадырын билбеген элде катын болуш оңой, сөз кадыры бааланбаган жерде акын болуш оңой, султаным. Башыңызды оорутуп, дөөрүп алдым. Уктаңыз, уктап алыңыз күн-түн менен ишиңиз жок. Менин ширин койнумда көп аярландыңыз, сапар карыган жокпу?

Койсары келиндин ысык эрдинен, алкымынан өөп сурады:

– Эмне үчүн сапар жөнүндө сурайсың, жан эркем.

– Эр азаматтын сапары аялдын төшөгүнөн бүтөт. Аялдын ысык койну – сапардын түгөнгөн жери, же калп айтамбы?

– Айтканың жөндүү. Кайберендин сапары кыядан бүтсө, бүркүттүн сапары уядан бүтөт. Сапар карыганда өзүм айтам.

Эртеси, Койсары сапар тартмакчы болуп үйгө киргенде Ырыскан шек бербегендей, хандын алдына кымыздын гүлү куюлган чөйчөктү кармай калды. Койсары чөйчөктү тартып жиберди да, негедир кечирим сурагандай жалооруду:

– Бүгүн үйгө түнөбөйм. Жалгызсырабай чыдап тур. Кудай кааласа, эки-үч күндө келип калам – деп, туруп кеткендин ордуна, көлдөлөңгө бек отурду. Ырыскандын маанайы пас эле. Кирпиктери үлбүрөй, ыйлап жиберчүдөй токтоо сүйлөдү:

– Султаным, экөөбүз нечен күндөн бери рахатка батып, бейиштин төрүн көргөндөй болдук. Төшөк басты кылып, жолтоо болгон жокмунбу? Ыйык сапардан калтырдым окшойт. Адам тукуму эч убакта бактыга тойбос. Адам дайыма эле жыргал үстүндө жүрсө, анын кызыгы болбой, баркы кетпейби. Биз көргөн керемет кездешүү менин бүт өмүрүмө жетерлик гүлазык. Эми мен дагы топук кылайын, кайратым жетет. Айрылышар күн келген жокпу? Не болсо да ачык айтып, түңүлтүп кетиңиз.

Койсары хан Ырысканды так көтөрө бооруна кысып, көзүнөн, ысык эрдинен туш келди өпкүлөй, баса жыгылган бойдон эргип кетти:

– Көзүңдөн айланайын, жан биргем. Мындай ширин өмүр, ыйык махабат деген сыйкыр жолугарын кайдан билиптирмин. Сенин бир эле түнкү рахаттуу койнуң, бир караган мээримиң, ысык жүрөгүң үчүн өлкөнүн хандыгын, анын бүтүндөй дүнүйө-мүлкүнө кошо, кара башымды тартуулайт элем.

– Султаным, антип айтпачы!

– Сенден айрылып күн көргөнчө өлгөнүм артык. Бул ыйык дубадай сыйкыр сөздү ким айтып жатканын билбейсиң да. Мен сенин керемет торуңа чалындым.

– Сиздикиндей мөлтүр махабат жаш жүрөктө да болбойт.

Алардын каны-жаны кошулган сайын жер айланкөчөк атып, убакыт жылбай, аалам токтоп, көлкүлдөй ээрип кетишчү. Демиккенин басып, жалындаган, күлүңдөгөн көзүн колу менен жаап, Койсарынын эркинен бошогон келин шыбырай жалынып алды:

– Каныбыз, жаныбыз кошулуп мээримиңизге кандым. Жүрөгүмдү жүрөгүңүз бийледи. Эркиңе кандым, эстен тандым. Тыштап кете бериңиз. Эгерим кайгырбайм. Бөйрөгүмдө күндөн бүткөн шер жатат, төрөп алам. Атын Күнөркан коём. Элеттин эгеси болот ал. Түптүү журт болот тукуму. Сан кыргызга уютку болот алар.

– Ордо башкарат, хан болот.

– Хандан өткөн бактысыз адам барбы, султаным. Мен кандан бүткөн перзентимдин бактысыз болушун каалабас элем. Хан болуп азап чеккенче мына бу ажайып кооз дүйнөнүн ээси болуп даң салсын.

– Элетте куурал жок дейсиңби, жан биргем?

– Бу дүйнөнүн азап-тозогун көрбөгөндөр, анын жыргалын баалай албайт. Чагылганы чартылдап, ташты эритсе, темир аязы жүрөк үшүтүп дарыяны бөгөйт. Элет турмушу бир көргөнгө момундай жыргал, ал эми кези келгенде накта тозок. Тынымсыз жан сактоо үчүн такай жан кыйнап кармаш менен өткөрөбүз. Бу дүйнөнүн кышкы тозогун көрмөйүнчө, жайкы бейиштин баркына ким жетмек...

– Кудайым өз пендесин ошентип куурасын, жыргасын деп жараткан. Азап менен жыргал эгиз. – Кара сур бууданын минип, чү деген бойдон Койсары жүрүп кетти.

Негедир ал артына кылчайган жок. Хандын адатын Ырыскан кайдан билсин, жүрөгү сыздай, боз үйгө киргенде көмкөрөсүнөн түшүп, боздоп жиберди. Боздоп жатып колуна урунган алтын шакекти аткый эшикке чуркап чыкты. Койсарынын карааны үзүлүптүр. Ырыскандын алаканында кут сыяктуу нур чачкан мөөр. Келинге жан биргем деп оозунан жалын чачкан кереметтүү ынагы, табышмактуу эри – бул мөөрү бар жыгалуу шакекти бекеринен унут калтырбагандыр. Шакекке чөгөрүлгөн эки жакут таш бар эле. Биринен көгүш нур, экинчисинен агыш нур чачырайт. Касиети күчтүү Ырыскан шакектин куну бир элдин байлыгына тете баалуу экенин жүрөгү сезип, ал алакандан учуп кетчүдөй муштумун жумду. Акак сымактуу апапак тунугу куштун жемсөөсүндө бышып, нурунан күн бүрксө, кызгылт коччулу нечен кылымдап деңиз түбүндө бышкан, боюна күн нурун акырындап сиңирген асыл таш эле. Шакек кантсе да касиеттүү ханга таандык экенинен Ырыскан күмөн санаган жок. Канча күндөн бери хан менен коюндаш жатканын аңдабаган бейбак башына таң калды. Жылмая күлүп турган келин үстүнө колунда аса-муса таягы бар, бүкүр кемпир киргенде чоочуп кетти.

– Арыбаң, кызым!

– Арыбаң, энеке. – Ырыскан жүгүнүп койгондо ыраазы болгон кемпир алкап жиберди:

– Этегиңден жалгасын, кагылайын. Теңирим эркек бала берсин, Ырыстан кем болбо. Алдагы мөөрү бар жыгалуу шакек хандыкы.

– Унутуп кетиптир, энеке.

– Андай асыл затты унут калтырбайт, жарыгым. Аны Койсары хан атайын тыштап кетти. Ал сага жүрөгүмдү калтырдым деген белгиси.

– Анда эле мени тыштабайт турбайбы.

– Шакек хандын жүрөгүнө барабар. Кылычы анын жаны. Атадан балага өтүп, мурас катары келаткан эки асыл затты хан тукуму көздүн карегиндей сакташат.

– Хандын кылычына көз салган жокмун. Мөөрүн мурда көргөн жок элем.

– Койсары хан тукумунан мерес келет.

– Мени жакшы көрүп калды, энеке!

– Сенин махабатың анын таш жүрөгүн эритти. Деги Койсары хан канчалык канкор болсо да, али адам бойдон экен. Мен ага ишендим.

– Сиз кайдан билесиз аны?

– Койсары жатынымды жарып чыккан уулум болсо, кантип билбейин...

– Кудайым ай, сиз хандын өз энеси болосузбу? Баятан бери отур дебей. Наар ооз тийиңиз, эне.

– Мени отургузба, айланайыным. Отурсам тура албайм, турсам отура албайм дегендей кеп. Сага ак батамды бергени келдим.

– Ыраазымын, энеке! Анда эле, кымыз ооз тийиңизчи.

– Убара болбо, Ырысым! Мен бу дүйнөнүн тамагын татпай калгам.

– Анда эле, канттик? Мени кантип таап келдиңиз?

– Табарын го таптым, жарыгым. Мээримиңер жуурулушуп, махабатка кандыңар. Баса, элиң кайда? Сени бу чөлкөмгө куш төрөсү буудайыкты торго түшүрүш үчүн – тир кылып жалгыз таштап кетиштиби? Хан жолун тосуп, келерин билчү белең?

– Теңир алдында акмын, энеке! Мен анын хан экенин билбедим. Аян берди. Жүрөгүм дегдеп, асылды өзүм күттүм. Негедир жолугарыма көзүм жетти. Менин атам өлүп калган. Биздин уруктун тукумдары мага өйдө карашпайт. Ошондуктан, өз тайпама биймин...

– Ургаачынын сырттаны экенсиң! Каргышка калбасаң тукумуң өсөт. Анан да эскертип коёюн: хан ордонун азап-тозогуна чыдар бекенсиң. Сен өзүң эркин кушсуң. Эркин баскан сырттансың.

– Мээрман, энеке! Сиз чыдаган ордого, мен эмне үчүн чыдабайм.

– Койсарыны төрөгөндөн кийин мени өлтүртүп тышташкан.

– Кандайча, сиз тирүү эле турбайсызбы?

Чочуп кеткен келинди эне жooткотту:

– Мен сага эмне дедим?

– Өлтүртүп коюшкан дедиңиз!

– Жаңылып калдым. Өлтүртүп коё жаздашкан!

– Анда эмне, азыр ордодо турбайсызбы?

– Кайып болуп кеттим. Кан дайрага чөгүп кеткен киши болуп, изимди жашырдым.

– Ошо бойдон тапкан жокпу?

– Өлгөндү эч ким издебейт.

– Уулуңуздун быякка келерин билген белеңиз?

– Билгем, ал түндө экөөбүз кездешип, ак батамды бергем. Хандын эркек балдары жок. Мураскорсуз кайгыга батып жүргөн. Анын үстүнө ордо катындан, олжо катындан оңдуу мураскор чыкпайт. Сенин бөйрөгүңдө эркек бала бар. Ал ысык махабаттан түйүлгөн, сүйүү мээриминен жаралчу асыл данек.

– Касиетиңден кагылайыным, ак батаңызды аяй көрбөңүз...

– Хандан туулган баладан өткөн шордуу жоктур. Анын тагдырын теңир башкага бербесин. Бийлик бар жерде – зомбулук бар. Андай болбосо, бейкүнөө эл-журттун каргышын ким көтөрөт. Ата кылмышына ар качан бала-бакыра, тукум уругу жооп берчү. Каргыш тукум кууйт, ал тукумга өтөт. Акыр түбү келип тукуму өскөн падыша болуптурбу? Заман изин канча сапырсаң да андайларды таппайсың. Топурагы тозоңдоп, күлү сапырылды нечен көйкашкалардын. Жыласка кабылбайм десең, ордого барбагын, берекем.

– Кантип,энекебай?

– Безип кет. Чар-тарабы туюк Чарга баргын. Ыйык махабаттан төрөлгөн чүрпөң Чардын ээси аталат. Алар акыры түптүү журтка айланат. Алтын өрөөн сенин урпагыңа буюрсун деп жатам.

– Энекебай, хан уулуң мөөрүн бекер тыштаган жок. Ыйык мөөр мени эч жакка качырбайт. Өзүмдүн да күчүм жетпейт. Мен ага байландым. Хан үчүн жанымды кыюуга даярмын. Ансыз жашай албайм. Ал менин тагдырым. Тагдырдан кутулган адам болгонбу?

– Олдо, шордуум ай, менин кейпимди кийбесең болду...

– Энекебай, уулуңуз сизге куюп койгондой окшош турбайбы. Эми гана байкадым. Маңдайыңыз жарык, куш кабак, бир караса пешенеңиз жайнайт. Кайра туруп сүрдүү, өтө кайраттуу экенсиз. Көзүңүз чагылгандай курч, ургаачы киши да сиздей сүрдүү болорбу. Башым айланып, жыгылганы турам. Жатайынчы, эне...

– Эс алгын, берекем! – кемпир Ырысканды аяр сүйөп, жеңинен жөлөй көшөгөнү көздөй жетеледи.

Ошо замат көлдөлөңгө кыйшайган бойдон уйкуга кетти да, Койсары хан кошун коштоп келгенге чейин уктай берди. Өргөнүн эшигин басып кара кулак шер дагы кыймылдаган жок. Хандын кошуну шаан-шөкөт менен Ырысканды ордого көчүрүп баратканда, алдынан Бакалбай чыкты. Эски таанышы менен жайдары учурашкан ханды чал кантсе да секип алды.

– Сырттан сырттанды көрсө жан соога. Үнүңдү укканда, өзүңдү көргөндө эле жата калган шерге бекер жерден жаа атып, кылыч шилтедиң, ханым. Тоо ээси менен, журт эгеси оңой менен бет келчү эмес эле. Ургаачысы кек сактап калды, өч кууйт. Келинчегиңдин эки бөйрөгүндө кош жолборс жатат. Сак бол, ханым.

Хан коштошмокчу болгондо, аны аяр токтотуп, чал бир тамсил айтып берейин деп өтүндү. Койсары каршылык кыла алган жок.

...Абалкы бир өткөн заманда кыргыз журтчулугу өзүнчө өлкө катары жашап, өлкө чек арасынын баш-аягын кесип өтүш үчүн нечен айчылык жол жүрүшчү дейт. Сыягы, кыргыз ээлеген өлкө ар жагы Монголия, Жунгария, Кашкариядан башталып, Алтай, Том, Кыян дарыяларынан бери камтый, аягы Фергана, Памир, Алай тоолоруна барып такалып, мына бу биздин Ала-Тоо зор өлкөнүн как жүрөгү сыяктуу ортосунда жатчу экен. Ошол улуу өлкөнүн соңку эгелеринин бири Байырку деген ажо жашап өтүптүр. Байырку душманга калганда арстандай жаалы күчтүү, жыландай айла-амалдуу, эл-журттун арасында атадай камкор, көгүчкөндөй карапайым, сылык-сыпаа жүрчү дейт. Караңгыда жол жүрсө куттай жанып, туюктан жол тапкан акыл-эси жетик Байырку жетимишке жете жашап, билегинен күч, жүрөгүнөн оту өчүп картайган кезде, теңирим ага асмандан аян бериптир. Өзүңдүн көзүң өткөн соң улуу өлкөңдүн миң жылдын ары жак-бер жагындагы тагдыры ошол көргөн түшүңдө айтылат. Бегилиги жарашса, түшүңдү чечмелей турган адам элиңден табылат дейт. Айткандай эле, бир курдай алтүндө уктап жатып ажо түш көрөт. Көзү илинип кетсе эле, баягы көргөн түшү улам кайра кирет. Эртеси вазирин чакырып алып, түшүмө эмне киргенин таап берген кишиге кой башындай алтын тартуулайм деп жарыя айттырат: тайлуудан таяк калбай, ажо алдына келишип: «Алдаяр таксыр, түшүңүзгө баланча кирди, түкүнчө кирди» – дешип какшайт. «Тапкан жоксуңар» дегендей ажо дагы баш чайкап коюп, керели-кечке ордунан жылбайт. Күндөр өтүп, ажонун түшүнө эмне же ким киргенин эч жан таба албай, эл ичи кымгуут, вазирлердин айлалары түгөнөт. Ансайын Байыркунун каары күчөп: «Кантип эле эл ичинен бирөө жарым чыкпасын, издегиле, таппасаңар башыңарды алам» дегенге чейин барат. Ошондо заманасы тарыган чабармандар колоттун суусун кечип өтүп баратышса, аска желкесинде кой жайып жүргөн бир бечара көзгө чалдыккан экен. Койчуну өздөрүнө чакырып алып сурашса, ал ажонун жардыгы жөнүндө эч нерсе укпаптыр. Анын түшүнө эмне киргенин тапмак тургай, жанына баргандан корккон бечараны: «Барасың, ажонун түшүн табасың» – дешип, алдыга салып айдап алышат. Койчу деген койчу да: «Бир жыл кой кайтарган адамдан, он жылга чейин акыл сураба» – деген эл накылын эске албаган нөкөрлөр, аны дегдеңдете көчүккө түртүп, айдап жүрүп отурушат. Акыры боргулдана тердеп, таягына чалынып жыгылган ал байкуш үйдөй

кара таштын түбүнө жеткенде, караманча баса албай калат. «Өлтүрсөңөр өлтүргүлө, ажонун түшүн таба албайм» – деп, койчу ордунан жылбай тура берет. «Эс алып, жакшылап ойлон, баары бир сени коё бербейбиз» – дешип, нөкөрлөр бастырып кетишет. Башы каңгыраган койчу, чалкасынан түшүп, көктү тиктеп жатса, жанындагы таштын коңулунан алты кулач ак жылан сойлоп чыгып, койчуну тиктей адамча сүйлөйт дейт.

«Ээ, байкушум, алдагы чийки башыңан акыл чыкмак беле, андан көрө мени ук. Ажонун түшүнө эмне киргенин мен гана айтып бере алам. Бирок шартым бар. Ошону аткара аласыңбы?» «Айланайын Мар, айтып берсең. Убаданы аткарбасам ант урсун» – деп карганып жибериптир койчу. «Апбали, анда эле сага ишендим. Ажонун түшүнө жолборс кирди. Болгондо да сыркоо жолборс. Ушинтип айтсаң эле, ажо сага убада кылган алтынды карматат. Олжоңду алып келатканда мага кайрылбай койбо. Алтындын тең жарымын мага бересиң».

Ошо бойдон койчу ажонун алдына жетип барат да: «Сиздин түшүңүзгө жолборс кирди. Болгондо да сыркоо, картаң жолборс экен» – дейт. Ажо дароо ынанат. «Айтканыңдай эле түшүмө жолборс кирген. Баса албаган картаң жолборс эле» – деп казынадан айткан алтынды карматтырат да, «Кимде-ким койчуну жолдон тосуп, карактай турган болсо, баштары алынат» деген жардыгын элге угузат. Алтын көтөргөн койчу мурдагы байкуш башын таптакыр эстен чыгарып, өзүн алдуу-күчтүү дөө катары сезип, баштагы жыланга берген убадасын унутуп коюп, төтө жол менен үйүнө келген экен. Антип-минткиче койчу баягы алган алтынды четинен сатып, аябай байып, чырайлуу катын алып, үй-жайлуу болот. Бала-бакыра күтүп, мартабасы көтөрүлөт. Ошентип, ал жыргап-куунап бейкапар жатса, кайрадан дагы ажо түш көрүптүр деген кабар калк ичин дүүлүктүрөт. «Кимде ким ажонун түшүн таап берсе аяктай алтын алат» деген дагы кабар тарайт. Мурдагыдай эле түштү эч бир тирүү адам аттуу таппай, вазирлердин туурасы түгөнөт да, аяктай алтын көздөн учуп, үйдө жаткан койчунун бүйрү кысыйт. Канчалык бүйрү кысыса деле, ажонун түшүн таба албасын билген ал баягы кара таштын түбүндөгү жыланга келиптир. Койчунун келерин билгендей ак жылан башын көтөрүп күтүп турган экен. Койчу жанын сабап кечирим сураганына, актанганына кайыл болгондой жылан: «Көп эле жаныңды жеп карганба, бу сапар алдабассың. Андан көрө жөнө, айтып бар. Ажонун түшүнө карышкыр кирди десең эле аяктай алтындуу болосуң. Олжо алып келатканда кайрылбай койбо. Энчимди бере кет». Койчу ажонун алдына барып: «Таксыр, түшүңүзгө карышкыр кирди» – деди камырабай. Ажо ыраазы боло аны жайдары тиктейт: «Таптың, азаматым! Чын эле түшүмө карышкыр кирген» – деп аяктай алтынды карматтырат. Үйүнө келатып, койчу көп ойлонду. Итке темирдин кереги не, жылан алтынды эмне кылат эле? Андан көрө саатты жыланды биротоло жайлап салып, экинчи жолу анын алдында

милдеттүү болбоюн. Айтор, арам ойлуу койчу, жолдон буйтап, алтынды жашырды да, аяктай ташты койнуна катып, жылан жаткан коңулга жылып келди. Билгендей, жылан койчуну күтүп турган эле. «Мына, бөлүп ал, алтынды» – деп колко кылгансыган ал аяктай таш менен бел талаштыра уруп калды. Ушуну эле күтүп тургандай, ак жылан октой жыйрылган бойдон коңулга кирип жок болду. Койчу артка тартты. Санаасында өзүн күнөөкөр сезген жок. Жол жээгинде жаткан олжосун алып, үйүнө келди да, баштагыдай эле бейкут турмушун уланта берди ал. Антип минткенче, арадан мезгил өтүп, кайрадан дагы ажонун жардыгы угулду. Бу жолу деле Байыркунун түшүнө эмне киргенин тапкан адамга кой башындай алтын тартууламакчы экен. Баягы жыланга жасаган айбанчылыгын эстеп, ажонун алдына баргандан жаа бою качып, барган күндө да жылансыз өз башынан ылаажы болор акыл чыкпасын эстеп, үй-жайынан безип, чытырман токойдун ичинде жашынды. Кең өлкөнүн ичинен ажонун түшүн тапчу киши аттуу такыр чыкпай, вазирлер баягы койчуну издешти. Тинтпеген булуң-бурчу калбай, жер жутуп кеткендей изин суутту. Ай эми, мейли ким тапмак эле дегендей, чер токойдо бейкапар отурса: «А макулугум, ууру кылган адамча эмнеге жашынып отурасың?» – деген үн чыгат. Башын көтөрсө, баягы алты кулач ак жылан. Адам селт этти. Жылан мойнуна оролчудай айласы куруп мелтирейт. «Коркпо пендем, кыргызчылык боло берет. Аш менен урганды таш менен уруу силердин адатыңар. Дагы да болсо, сага жакшылык тилеп келдим. Ажонун түшүнө түлкү кирди. Түлкү деп айтсаң эле, кой башындай алтындын ээси болосуң. Жөнө, ажону көздөй. Эгер пейилиң жибип, олжону бөлүшөм десең, баягы кара таштын түбүнө кел. Эгер бергиң келбесе, өз жолуң менен кете бер. Алды мени өлтүрөм деп аракеттенбе». Койчу жетип барып, ажонун түшүнө түлкү киргенин айтты эле, ал дароо эле ынанып, кой башындай алтынды карматтырды. Кара баскан койчунун көңүлү дагы бузулду. Канчалык ак дили менен эле жыланга кайрылып алтынды бөлүп берейин десе, таптакыр эле ал жакка аяк шилтегиси келбейт. Анын үстүнө: «Бу жылан алтынды эмне кылат эле» – деп үйүн көздөй кетип калса болобу. Антип минткенче дагы кыйла жыл өтүп, койчу мурдагыдан да байыйт. Дүнүйө мүлкү, мартабасы ого бетер артат. Мына ошо кезде эл-журт ичинде дагы каңшаар тарайт. Ажо түш көрүптүр, түшүн тапкан адамга кой башындай алтын тартуулайт экен дешет. Бирок мурдагыдай эле ажонун түшүн эч жан таба албай убараланып жатканда кабар койчуга жетет. Койчу кантсин аябай ойлонот. Өзүнө ушунчалык көп байлык, мүлк, дөөлөт берип жаткан азиз жыланды эстей, итчилик кетиргенине кейийт. Тобо кыла, топук кыла, зар какшап ыйлаган ал курун мойнуна салган бойдон жылан жаткан коңулга жакын келет да карганат, какшайт. Бу жолу ажонун түшүн чечмелеп берсе, алтындын чыпчыргасын коротпой касиеттүү азизине таштап кетерин айтып жанын сабайт. «Жылуу-жылуу сүйлөсө жылан ийинден чыгат»

дегендей, адамга жакынырaак сойлоп келген жылан дароо макулдугун берип, койчунун убадасына бу жолу да ынанат. «Ажонун түшүнө кой кирди. Койду айтсаң эле ал сага кой башындай алтынды карматтырат. Алтынды алган соң, мага бергиң келсе, көңүлүңө кир сактабай, мени бөөдө өлүмгө кыйбай, ак пейилиң менен тыштап кет. Эгер алтынды кыйгың келбесе, кайрылбай кете бер, пендем. Мен капа болбойм». Киши ажо алдына келип башын иет да: «Алдаяр таксыр, Сиздин түшкө кой кирди» – дейт. Ажо дароо эле койчунун айтканын ырас көрүп: «Туура айттың, менин түшүмө кой кирген. Бу азамат төрт жолу тең менин түшүмдү туура жоруду. Алтынга кошуп, үстүнө алтын жип менен сайылган чапан жапкыла. Анан да менин түшүмө эмнеликтен ошол айбанаттар кирген сырды чечмелейсиң. Ал сырды сенден башка адам таба албайт – деп ойлойм. Ошондуктан, үйүңө барып, жакшылап ойлонуп кел», – деп аттандырып жибериптир.

Алтындап сайылган чапан жамынып, кой башындай алтын колтуктаган койчу жылан жаткан коңулду көздөй түз эле бастырып келет. Келсе, азиз коңулдан чыгып күтүп турган экен дейт. Жыландын алдына олжосун тыштап коюп, киши буркурап ыйлап жибериптир:

– О, касиеттүү азиз, Мар! Ажонун түштөрүн таап берип, мага өлчөөсүз жакшылык кылдың. Мен байкуш темтейген бир алсыз, арсыз койчу элем. Сиздин кыраакы акыл аркылуу байлыкка тундум. Байлыкка кошо мартабам көтөрүлүп, эл-журтка таанылдым. Байкасам, дүйнө-мүлкүм өз башымдан ашып, тукум-уругумдун баарына жетчүдөй. Бекер жерден табылган дүнүйөнүн артынан жүрүп, өзүмдүн да чачым агарып, карылыкка баш уруп калганымды сезбептирмин. Бала-бакырам да өз эмгеги менен нан таппай, бекер дүнүйөгө, бекерчиликке көнүп, жалкоолугу ашынды. Эми мындан ары топук кылып, тобо дейин. Мындан ары ыйык келмени ооздон түшүрбөй, ыймандуу жашагым келет. Карылык деген өзүнчө чоң үзүр, ал байлыкка алмашкыс дөөлөт турбайбы. Карылык деген жүктү алып жүрүүнүн өзү чоң сыноо экен. Жакшы каруу – ар кимдин эле колунан келбейт тура. Ушак айтып калп сүйлөгөн, кур каткырып, мактанган абору ач, тамаксоо бийден баштап, байга чейин дос тамырым деп кур мактанган жалганчы, ушакчы, ыксыз кошоматчыл сойку чалдарды көп көрдүм. Мен аларга окшобой коймаарек карыгым келет. Ыймансыздыкка чек жок. Өлгөн катынынан калган алтын сөйкө, алтын билериктерине чейин бөтөнгө сатып, аларды келин-кыздарына мурас катары ыраа көрбөгөн арсыз чалдарды көрдүм. Апийим чегип, арак ичкен айбан чалдарды көрдүм. Мен тобо кылып, алардан өйдө жашагым келет. Теңир алдына ак барайын. Акырет алдында теңирден ынсап тилейин, ыйык Мар. Мына бул алтынды баш-оту менен өзүң ал. – Кой башындай алтынды жыланды көздөй тоголотту.

Анда касиеттүү ак жылан башын көтөрүп мындай дептир:

– Эй, макулугум, сен болгону адам тукумусуң. Анда эле пендесиң. Ал эми пенде деген ар качандан бир качан пейилин, жүзүн өзгөртүп турат.

Заман жүзүн өзгөрткөн сайын адамдын да заманына жараша пейили өзгөрөт. Пейили бузулат. Бузулганда да жырткыч айбандардын кейип-кешпирин кийишет. Заман оңолгондо адам пейили да оңолуп, тазарат. Адам пейили оңолгоңдо анын кулк-мүнөзү да момун айбандын түспөлүнө окшошо түшөт. Эң биринчи жолу ажо атанын түшүнө жолборс кирди. Киргенде да карылыгы жеткен жолборс эле. Мынакей ажоңор Байырку жолборс эмей эмне. Ал кыргыз атанын элин эл, жерин жер кылып, өлкөнүн даңкын чыгарды го. Азыр анын картайган кези. Ажо арстандай жаш кезинде мекен чегине эч душман катыла алган жок. Андан коркушчу. Байырку душманына ар-намысын алдырбай, чексиз кең өлкөнүн эгеси болуп турат. Азыр анын билегинен күч, жүрөгүнөн кайрат кайтып картайган, алдан-күчтөн тайган кези. Өзүнө жараша мураскору жок ушу тапта. Байырку ажо өлсө анын зор өлкөсүнүн тагдыры кандай болот? Жолборстун заманы өтүп бараткан жокпу? Анда кең өлкө бытырайт, эл ичи бузулат. Көз арткан душмандар кол салып, далай асыл жигиттердин бөйрөгү үзүлөт. Колкосунан жүрөгү тирүүлөй жулунат. Андан кийин үзүп-жулуп талаган түлкү заманбы же карышкыр заманыбы, айтор, бир заман келет. Элдин көзүнөн жаш ордуна кан тамат. Хандын түшүнө түлкү киргени, заманга жараша эли да түлкүдөй мант берип, куйругун булгай жойпулана берет. Дагы бир нече кылымдан соң эл башына карышкыр заман келер. Заманына жараша эли да булкунуп, жулкунуп бири-бирин ач талаадагы ач карышкырча талап, аны башкалар угуп-укпай, бирде чогулуп чогуу карактайт. Карышкыр замандын жүзүн ары кылсын, эч ким эч кимди аябайт. Ата балага, эне кызга карабай тымтыркайы чыгат замандын. Андан кийин «ит энесин тааныбайт» дегендей үйүгүшкөн, ыркыраша сөөк талашкан ит заман келер. Анан жүрүп отуруп бир учурда кой үстүнө торгой жумурткалаган бейкут заманга туш болор. Анда мына минтип пейилиңер оңолуп, силерди ыйман жылоолойт. Карачы, заманга жараша пейилиң оңолуп, рухуңа ыйман кирди. Ошон үчүн кой башындай алтынды мага кыйдың. Бирок бир келчү кой замандын арты кандай болорун айта албайм. Анда деле, пендечилик кылып, кой үстүнө торгой жумурткалаган замандын баркына жетпей калсаңарчы. Адам барда теңирди өзүнө теңебеген шумпайлар көп. Текеберчилик менен тузду кордоп, ыйык коломтону сыйлабай, отко сийген, сууга түкүргөн, дыйкандын маңдай теринен табылган ак нанды барктабаган кутургулар табылат. Ошондо теңирдин каарына калып, тукум-курт болбосоңор эле экен. Адам деген жылкы мүнөздүү, ал бир туруп карышкырга же итке окшош. Семиздикти кой гана көтөрөт. Мага алтындын кереги жок. Муну өзүң алгын да оңой табылган олжо катары көрбө, касиеттүү сары алтынды курулай чачпа, аны кордобо. Алтын өзүн тута билген, барктай билген адамдын колуна тийгенде гана анын наркы артат. Азыр сенин алтының ашып, байлыгың ташып турган чак. Башыңа

баш кошулуп, чүрпөлөрүң көбөйдү. Ордолуу журтсуң. Мындан ары алтын казынаңды тутуп, алар анын баркына жете турган мураскоруң бар экенине көзүң жеткен күндө гана казына байлыкты ошого калтыр. Алтындын ээси бирөө, илгертен алтындын анты ушул. Ал сарамжалдуу, абийири таза, касиеттүү адамдын колуна тийгенде гана токтойт. Болбосо, эси жок уулдун башын жутат. Алтындын ээси көп болсо, алар бирин бири өлтүрөт. Дагы айтам: ишенген мураскоруң жок болсо алтыныңды кара жерге кый. Жердин касиети күч, андан өткөн убадага бек, ары жоомарт, калыс эч болбойт. Алтын-күмүшкө окшогон чексиз байлык жер алдында, учуру келгенде алар сарамжалдуу, сырын билген адамга гана ачылат...

Байкуш койчу эреркеген бойдон буркурай ыйлап, жыландын алдына бүк түшкөндө, ал бу бейкүнөө макулукка жакыныраак сойлоп келип, кулагына мына буларды кошумчалады:

– Жер үстүнө караганда, жер алды жыландар үчүн жашоого өтө ыңгайлуу. Жер үстүндөгү жарыкка чыкканда кайра мен жүдөп, жапа чегем. Жүзүкаралык менен наадандык, акылсыздык, адилетсиздик, ач көздүк, бирибирин курулай каралоо – айры буттардын гана колунан келерин билем. Акыры үстүндөгү кара өзгөйлүккө чыдабай кеткен касиеттүү кара жер чарт жарылып, бүт байлыкты бооруна катат. Жер алдынан алтын-күмүш, жакут сыяктуу асыл таштардын не деген гана түрлөрүн жолуктурбадым. Караңгыда нур чачып, алардын жалыны жандуу, бооруңду жылытат. Көңүлүң эргип, касиетинен рахат аласың, тонолгон өлкөлөрдөн нечен миңдеген төөлөргө артып келишкен казыналар далай бейкүнөө адамдардын канына запкы боло, нечен хандар, бектердин, падышалардын башын жуткан. Ошолордун ичинен Мисир падышасынын жалгыз эле алтын чынары бир өлкөнүн мүлк-байлыгына татыйт. Алтын чынардын бутагына конуп отурган жакут чымчыктын тумшугундагы асыл таш үчүн капкалуу шаар бузулган. Мына ошол алтын чынар да жер алдында. Ал үңкүрдөгү казынанын ээси – оозунан жалын бүрккөн ажыдаар. Казына ээси азиз жылан алтын чынарга оролуп алып уктаганды жакшы көрөт. Өзүм көргөн казына-мүлктү минтип сыпаттай берсем, кайра сенин ач көздүгүң артып, бүйрүң кызыйт. Эсиңден чыгарба: алтын туткан пенде акыр түбү оңбойт деп, осуятын бүткөн азиз шуу эткен бойдон коңулга кирип жок болду.

Эси оогон койчу аздан соң коңулдун оозун тиктей берсе, жик билинбейт. Тептегиз, бүпбүтүн төшчө жер экен. Кайрылып кетип баратып, ал эсине келгендей жерде жаткан аяктай алтынды жылан жолукчу коңулду көздөй болжолдоп ыргытып ийди да, кылчайбай чуркап жөнөдү.

Хан менен чал көпкө чейин катар бастырышып, ошо бойдон эч кимиси үн каткан жок. Тамсил экөөнү тең ойго салып койгон эле. Бир маалда атын тык токтоткон Бакалбай:

– Кайыр кош, ханым, – деп бек унчукту да, чаап жөнөдү.

* * *

Койсары хандын көчү чокусунда ак кар жаткан бийик тоонун бел чениндеги артка жетпей токтоп, жибек чатырлар тигилди. Иңир коюуланып калган чак эле.

Ырыскан кулдурай чураган кашка булак четине тигилген өз чатырына кирип барса, улаганын оң жагында мурдагыдай эле аса-муса таяк кармаган хандын энеси туруптур. Руху тирүү кайын энесин көргөндө чын ниетинен үч жолу жүгүндү эле, келинин алкап коюп, бүкүр кемпир насаатын кайра улады.

– Бийлик кумарына теңир пендесинин эч кимиси топук кылбаган, тойгон эмес, кагылайын. Колуна бийлик тийсе мөгдөгөн чал дагы өзүн дүйнөнүн туткасындай көрүп, андан ылайым айрылгысы келбейт.

– Бийлигинен айрылган хан – канаты кайрылган бүркүткө барабар, энеке. Хандын үмүтүн жандырган жалгыз бийлик.

– А бирок бийлик акыры түбү кендирди кесип, адамды бактысыз кыларын билбейсиң да, берекем.

– Бийликти Теңир сүйгөн пендесине берет да, энеке?

– Кеси келсе, пенде башынан бак, бийлик кетет.

– Тагдырдын жазганын, теңирдин башка салганын адам көтөрөт да.

– Мындан ары мен сени ээрчибейм...

Бүкүр кемпир таарынган адамча кесе айтты да, кетмекчи болуп баратып, анан муңун төгүп жиберди:

– Агыны катуу көк дайранын өйүз-бүйүзүнө кулач уруп сүзүп өткөн, азоо байталды үйрөтүп, эрке желдей эргип жүргөн жан элем. Улуу тоонун улары, мөңгүлүү төрдүн булагы, кан жайлоонун тулаңы, аскадан аска секирген кайберендин улагы элем, кызым. Ашык болуп көп улан, артымдан ээрчий кабылан, арзууга канбай жүргөндө, ак жибек торго чалынгам. Кызылым кызыл манаттай, кызыктырган шараптай, кымыз деп ичсе мас кылган, Кытайдан келген арактай, кыраңда кызыл гүл элем, кыйылдым кырчын дарактай. Азыр ак буумун шамал аңдаган, арманым ичте кайнаган, аманын тилейм жалгыздын, аркардай көзү жайнаган. Каадалуу жүрүп жөлөксүз, каржалса жаны өбөксүз, элинде жүрүп хан жалгыз, ээндей сызган мен жалгыз. Эриңе жөлөк боло гөр, кызым. Эр болбойт элде каржалгыс...

Кемпирдин муңун угуп болгон Ырыскан:

– Энеке, мен чарчап турам, – деп төрдөгү жакендосту көздөй кыйшайды эле, кемпир аны акырын колтугунан сүйөй, маңдайынан сүйдү да, көздөн кайым болду.

Ошо бойдон келин да таттуу уйкуга кетти...



*Поэзия*

**Динара**
**БЕЙШЕНАЛИЕВА**

## *Мен — аял*

*Кагылам сенден, сыр айта көрбө жанымда*
*Калчанып нетип, каадамды төгүп албайын*
*Кадырың калбай, калбасын анан сенин да...*

## *Ай менен терезе*

*Теребел уктап жатыры*
*Терезе гана көзү ачык*
*Ай карайт анан акырын.*

## *Бүлбүл от*

*Бүлбүл шаар-туракпы*
*Бүлбүлү ыраакпы?*
*Бүт өмүр чыракпы ....*

---

**БЕЙШЕНАЛИЕВА Динара** *1968-жылдын 19-июлунда Талас районуна караштуу Арал айылында туулган. Медициналык окуу жайын бүтүргөн. Республикалык клиникалык оорукананын неврология бөлүмүндө, «Асаба», «Ордо» гезиттеринде иштеген. «Кызыл алма», «Турна бийи» ыр жыйнактарынын автору, Улуттук Жазуучулар кошуунунун мүчөсү, ырлары орус, англис тилдерине которулган. Учурда «Көк асаба» гезитинде эмгектенет.*

*Көңүл, көз, уйку*
*Көздөрүм уйку сурайт*
*Уйкусуз сезим гана*
*Ууккан сөзгө жана.*

*Бүгүн негедир*
*Шамал муздак.*
*Адам муздак*
*Кадам муздак бүгүн негедир.*

## Копүрөнүн үстүндө

*Эх, дүнүйө, мынча кызык оюнуң*
*Сунам мобу шуру, сулуу моюнум.*
*Мынча кызык, улук, улуу коюнуң.*

## Кагаздарым шамалга баргыла

*Кагаздар, катар-катар учкула*
*Каткыргым келип туру*
*Калганы өлүп туру, бүтүн баары.*

## Убакыт

*Кечтерим кертип кетпечи,*
*Түндөрүм түртүп өтпөчү,*
*Күндөрүм кууп жетпечи...*

## Сындырба

*Менин ырым – тып-тып баскан издер,*
*Менин ырым – дүк-дүк соккон шу жүрөк,*
*Менин сырым – үлбүрөк бир, үлбүрөк.*

## Дене ичинде

*Таңдар тоону тез-тез ашышып,*
*Терезеден кечтер урашат*
*А мунара эч бир кулабас.*

## Сураныч

*Жашыл десең дары чөптөрдү*
*Жамгыр десең ушу көктөмдү*
*Тамчың болсо, дайра дейинчи...*

## Кичкентай оор

*Төрт мезгилиң төрт сап ыр тура,*
*Төрт тарабы бүтүн кыбыла*
*Төрт бурчекте сени сыдырган.*

## Мунөттө

*Асман мага жапжакын*
*Асман менден алыссың,*
*Караңгысың жарыксың.*

## Баары шонон башталды

*Оо, тополок, жок дагы*
*Оо, тополок ичи аалам*
*Нөлдөн, нөлгө ташталган.*

## Короз кыйкырчы

*Ак таң, агар, мага тез келчи!*
*Түндөн корком, жарык табалбайм*
*Түндөн аттап, сага бара албайм.*

## Тазарсын

*Ыйлабагам. Көөнүм кирдеди.*
*– Ыйласамбы бүгүн үн катып?*
*– Ооба. Жуунайын бүгүн түн катып.*

## Мен жана менин намазым

*Жылып-жылып, жылым үйүлдү*
*Жүрөгүмдө болсо бир намаз,*
*Жүрөм дайым жалгыз жыгылып.*

## Эге

*Шамал, чөп, гүл мага канаатташ*
*Колдорубуз көккө созулду,*
*Көздөрүбүз көз жаш агызган...*

## Куйоо

*Адамзат эмес,тамагың ооздо*
*Буйругу жокто жутулбайт экен,*
*Буйрукка тосмо тутулбайт экен...*

## Ыр өмүр

*Кагылдым, агылдым, табылдым,*
*Жагындым, жаңылдым, жаңырдым*
*Баарысы – жарыгы жаңы ырдын.*

## Бир сөз

*Кышта тоңуп калбайын деп ыр ичтим,*
*Күздө үзүлүп түшпөйүн деп ыр үздүм,*
*А сен аны баамдадыңбы?.. – Жок.*

## Шугур

*Шугур дейин көргөнүмө тирүүлүк*
*Келгениме жан, жансызга биригип*
*Келгениме, көргөнүмө, тирүүлүк...*

*20.06.2010*

Бүгүн июндун жыйырмасы экен. Жогорудагы үч сап сүртүмдөрдү жазып отургуча саат түнкү үчтөн өтүп кетиптир. Майда-майда жылтылдактардан, үч сап сүртүмдөрдөн турган Улуу адамды айтып, үстөл үстүндөгү шам экөөбүздүн бүлбүл эткен , тып-тып эткен жүрөгүбүз үнсүз, бу ааламга айкайлады. Ким эшитти да, ким эшитпеди, биз тамчыладык баары бир. Түн шорголоп, төгүлүп атты. Уйкум качты. Уйкуң келген маалда уктабай койсоң болду, качып кетет экен. Ош окуялары, дүйнөдөгү болуп аткан коогалаңдар, жеке турмуш деген нерселер жандүйнөмдү оорутту. Эртең, аман-эсен таң атса Таласымды көздөй жол тартайынчы. Апамды көрөйүн. Ооруп атты бекен. Соо эле болсо экен. Үлбүрөгөн, үнсүз ошол аял менин таянар тоом. Дүйнөнүн түркүгү мен үчүн...

Ай терезеден кылайып мени карап туру, а менин тамагыма бир нерсе тыгылгансыйт. Түн болсо шорголоп, кудум нөшөрдөй куюп, агып атты таң астында.

*20.06.2010-ж. Бишкек ш.*

# Чын

*Жан – азыкты көктөн да, жерден табаар*
*Жердегисин денең жей, жерге бараар*
*Көктөгү азык көкөлөй пери сымак*
*Көтөрүлөөр көккө эле желдей бараар.*

*Түбөлүктүү ошол жел, жан рухуң*
*Түздөй көргүн, түпкүлүк түздөй көргүн*
*Түштөн чочуп ойгонсоң эч нерсе жок*
*Түбү тешик дүнүйө – түштөй көргүн...*

*Ойлон пенде, ойлон деп акыл берди*
*Баратырсың орго эле, закым менен*
*Ок көзөгүс, от тешкис, намаз десең*
*Борошону токтотоор, жакын келген.*

*Ууру кылба, айтпадың ушак дагы*
*Кийимиң аппак, а балким, дилиң да ак.*
*Бирок көчө, чөйрө ыш, капкара чаар*
*Калкан-кылыч анда да  намаз да ушул...*

*Тирүүлүгүң тикенек талаа болсо*
*Жылаңайлак чымылдай басаарың чын.*
*Чыны менен Кудайды жүүнүңө сал*
*Жүрөгүңө нурдүйнө чачаары чын.*

# Кыз, кызгалдак

*Тамырлуу канча түр чыккан*
*Тагдыры тайкы бүр чыккан.*
*Тагдырын таш деп билгенде*
*Таш жарып канча гүл чыккан.*

*Көз ачса кошо Күн чыккан*
*Аскада канча Гүл чыккан,*
*Бир өмүр эки сүрмөккө*
*Билигин алып түн чыккан.*

*Тезекке чыккан көчөт бар,*
*Теңселип чыккан өчөт бар.*
*Баш жагын көрсөң гүл эле*
*Тамырын жеген «чечек» бар.*

*Өрмөлөп тезек курт болот*
*Өзөгүң жоюп чок кылган.*
*Алладан он жыл берилсе*
*Тогузун оюп, жок кылган.*

*Ак эркек төккөн сөздөрүн*
*Кара эркек өпкөн көздөрүн.*
*Чал-чабыр чачкан шилекей*
*Чаң толо уктаар көздөрү.*

*Чаң толо жумса көздөрүн*
*Чаң жуткан заман, оофуйт го.*
*Чаңырган аппак жоолугуң*
*Ай бетин тактай тоофуйт го.*

*Ай бетин, апа, коручу*
*Ай кызың чачын тараарда*
*Алла, – деп айтчы шыбырай*
*Ак маржан мончок тагаарда.*

*Ак маржан мончок – ак болсун*
*Жамандан жаның – сак болсун!*
*Өзөктүү болсун дүнүйө*
*Адамга, Апа, бак болсун!*

*Проза*



**Суусарбек ТЫНАЛИЕВ**

# КАМЧАТКА КАЙРЫКТАРЫ

**(Новелла)**

Кыргыз жеримдин керемет сулуулугу көз алдымда кала берди. Керилип жаткан Ала-Тоо калды. Чөйчөктөгү суудай болуп Ысык-Көл калды. Созулуп жаткан Сары Өзөн Чүйдүн талаасы калды. Уй сааган чакасын көтөрүп жеңем калды. Шылдырап аккан булак калды. Тер жыттанган калпагын булгалап атам калды. Көзүнөн жашын кылгыртып апам калды. Суйкайган сулуу сүйгөнүм калды. Калды, калды, балалык чактан бир үзүм элес калды.  Поезд болсо бир чаңырып алды да арышын керип, эл-жерин коргоо үчүн Советтик Армиянын катарына чакырылган мотурайган жаш жигиттерди чыгышты көздөй алып жөнөдү. Сыртта узатып жүргөн жоон топ эл кол булгалап кала беришти. Мен да ошол аскерге чакырылган жигиттердин бири болуп, эл - жерди  коргоого кетип бараттым.

---

**ТЫНАЛИЕВ Суусарбек** *Кемин районуна караштуу Алмалуу айылында 1953-жылы 10-декабрда туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин Советтик Армиянын катарына чакырылып, аны ийгиликтүү өтөп келип, Кыргыз мамлекеттик (азыркы улуттук) университеттин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. Ал мектепте окуп жүргөндөн баштап эле (1969-жылдары) республикалык газета-журналдарда «Абыштканын аңгемеси», «Чаарчык», кийинчерээк «Үмүт үзүлбөйт» жана башка аңгемелери жарык көргөн.*

*Ал эмгек жолун 1981-жылы КР Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын редакторлук кызматкери болуудан баштап, ишин улантууда. Чыгармачылыгынын көпчүлүгү телекөрсөтүүгө арналып, «Бөбөк, сенин жомогуң», «Ыр кесе», «Обон», «Ыр менен жолугушуу», «Манасчы», «Комузчу», «Чоорчу» ж.б. эл чыгармачылыгына тиешелүү көптөгөн телекөрсөтүүлөрдү даярдоого багышталган.*

*Азыркы күндө алгачкы аңгемелер жыйнагы  жарык көргөнү турат.*

## Балалык дүйнө...

Чыгышта кырка тарткан тоолор биздин айылдан дапдаана көрүнүп турчу. Бычактын мизиндей болгон тоолордун чокусунан тептегерек кызгылт сары күн кылтыйып көтөрүлгөндө, кыялымда күндү кучагыма толтуруп, кучактаганды жакшы көрчүмүн. Күндөн көз уялчу, көзүмдү жумчумун. Көзүмдө күндүн тегерек элеси калчу. Анан мен тоо тарапка кеткен жалгыз аяк жол менен тызылдап чуркачумун. Жыңайлак бутумдун алдына жумшак топурак буртулдап, бир жакшы сезим калтырчу. Бутумдун кычуусу канып, жыргачу. Салааларымдан топурактын ундай болгон майда чаңдары буртулдап, өйдө көтөрүлчү. Мага ошол жакчу. Мен ансайын кулундай оюн салып, татыраңдап жолдо чаң ызгытып чуркай берчүмүн. Анан менин жанымдан чууруп, уй кошкону бараткан жеңелер, эпеңдеген эшек минген чалдар, уйкусу чала канган балдар өтчү. Мен алардын келбетин топурак бетине түшүрчүмүн. Ошентип, кечке топуракта тойпоңдоп ойноп жүрүп, чаңдаган буттарымды сууга жууганда кызарып туурулуп чыкчу. Арабакеч байкемдин дөңгөлөгүнө сүйкөгөн салидолунан кечинде бутума шыбап койсом, эртеси эле кесилген жерлери карайып катып калчу.

Чүйдүн мелтиреген талаасында суу жеп кеткен чоң-чоң коолор боло турган. Ал коонун ичи толо бүлдүркөн эле. Көптөгөн балдар чогулуп алып, ошол коону бойлоп бүлдүркөн терчүбүз. Даркан талаадагы бедени чапкан тракторлордун үнү тынымсыз угулуп, беденин жыты аңкып кетчү. Беденин үстүнө чалкабыздан жатып, асман тиктеп көпкө жатчубуз. Төбөдө канатын тынымсыз серепчилеп, безеленип сайраган торгойлорду карап олтурсаң өзүнчө бир ырахат! Аргай жерде бөдөнөнүн быпылдыктап сайраганычы!.. Асманда болсо булуттар көчөт. Булуттардын бири уйга, бири төөгө окшоп, бара-бара өзгөрүлүп,суугa окшоп агып жок болот. Биз аларды карагандан тажабай көз тунарганча олтура берчүбүз. Балалык дүйнө кандай керемет!

Поезддин ачуу чаңырыгы, ойлонуп келаткан балалык таттуу дүйнөмдөн бир заматта ажыратып, быт-чытын чыгарып жок кылды. Терезеден көрүнгөн поезддин тумшугу бир чакырымча алдыда, куйругу бир чакырымча артта. Жол ийрилгенде поезддин вагондорунун баары тең темир жолдун нугу менен кошо жыландай болуп чубалып, бир укмуш эле көрүнөт. Поезд улам катуулагандан катуулап барат. Темир жол боюндагы үйлөр, бак-дарактар, бирин-экин адамдар узата карап кала беришет. Кыргыз жеримден алыстаган сайын ата-журтумдун кооз кереметин кимдир бирөө коюнумдан сууруп бара жаткандай туюлат. Көзүмдөн жашым тегеренет. Поезддин терезесинен секирип түшүп, туулуп-өскөн жеримди көздөй чуркагым келет. Мен

эл-жеримди коргоого баратканымды эстеп намыстанам, намыс кармайт, намыс…

Казак талаасы созулуп жатат. Муздак шамал терезеден ырылдайт. Бийик тоосу жок чоочун талаа, чоочун шамал. Темир жолдон анча алыс эмес жерде боз үйлөр, жайылган төөлөр, кой-эчкилер кезиге калат. Жол жээгин ээрчий темир зым карагайлар зыңгырашат. Ага шурудай тизилген чайнектери, кериле тартылган зымдары салмактанып жер таяна салаңдашат. Ээн талаанын ырылдаган муздак шамалы зымга урунуп, кимдир бирөө озондоп ыйлап жаткансыйт.

Фрунзе шаарынан Хабаровскиге чейин поезд менен он күндүк жол экен. Күндүр-түндүр тынымсыз жол жүрсөк да жол түгөнбөчүдөй, поезддин шакылдагы тажатып барат. Май айынын аяк чени болгону менен Сибирдин кай бир жеринде ала була кар жатып, сыдырым муздак шамалы кардын какаарын билгизип турат. Жолго деп алган бир-эки күндүк азыгыбыз түгөнүп, станцияга токтогон сайын сыртта тургандардан акча берип дүкөндө бар нерсени саттырып алууга аракеттенебиз. Кээси берсе, кээси бербей житип жок болушат. Поезд станцияга беш мүнөт гана туруп, акырын жылып жөнөйт. Бизди коштоп бара жатышкан командирлер станциядан сыртка чыгууга катуу тыюу салышкандыктан, бирибиздин да жерге түшүүгө мүмкүнчүлүгүбүз болбоду. Тар поезддин ичинде жүрө берип бук болуп, сыртта жүргөндөргө суктанабыз. Сибирдин көзгө чоочун карагайларын, аштап салынган жыгач тамдарын көргөндө бир аз алаксыйбыз. Мен мындай токойлорду, тамдарды китептен окуп, кинолордон гана көргөн элем. Өз көзүмө өзүм ишенбей кетип бараттым.

Поезддин купелериндеги олтургучтары катуу болгондуктан бизге бир топ ыңгайсыз абалды түздү. Чыдабаска арга да жок эле. Матрас да тартыш, түнкүсүн үч кабат жыгач керебеттерге кезектешип уктайбыз. Уктагандардын айрымдары уйкусурап, үчүнчү кабаттан учуп да түшүштү. Бийик жерде уктоонун өзү өтө опурталдуу эле. Ошондуктан мен кезегим келгенде керебетке жанаша өткөн трубага жипти өткөзүп белиме байлап коюп түндү өткөрүп жүрдүм. Мен уктап калганда трубага байланган жип мени кулап кетүүдөн сактап калды.

Акыры онунчу күн дегенде Хабаровскиге араң жеттик. Биз поездден жерге түшөөрүбүз менен атайын күтүп турган офицер, сержанттар тизме боюнча койчо санап бөлүп кетишти. Мен бир топ уландар менен Валачаевск шаарчасындагы атайын алты айлык сержанттарды даярдай турган курска туш болдум. Бизди катарга тизип, түз эле мончого алып барды. Мончодон чыкканда аскер кийимдери менен баарыбыз коёндой окшошуп, бири-бирибизди таанproblem да калдык. Ошентип эртең мененки саат алтыдан баштап, чыныгы жоокердик турмуш башталды.

## Алгачкы күн...

Таңкы саат алтыда сурнай тартылып: «Рота, подъем!» – деген сержанттардын ачуу чаңырган үндөрү кулактын кужурун алып турду. «Кимди ким көрсүн, быржыбайды там басты» дегенди, ушул жерден көр! Эки кабат темир керебеттен учуп түшүп, шымын кие албай, гимнастеркасынын бүчүлөрүн бүчүлөй албай сөгүнүп жаткан эле уландар. Куулангандар керзовый өтүгүнүн чулгоосун толук оробой эле коңултак кийип алып, катарга тура койгондору да болду. Бирок сержант өтүгүбүздү кайрадан чечтирип чулгоонун туура эмес оролуштарын, коңултак кийгендерди шашпай карап, ашкереледи. Ошол эки-үч баланын катачылыгын оңдош үчүн он беш-жыйырма жолудан жаткырып тургузду. Биз маймылдай ыкчам кыймылдап кайра тез кийингенге аракеттенип жаттык. Оозубуздан кара суу агып акактап калган кезде гана, эшикке физзарядкага алып жөнөдү… Андан кийин гана бир взводго ылайыкташып жасалган жайнаган чоргодон бети-колдорубузду жууп, одеялдарыбызды жипкерип тегиздеп, катарга тизилип, тамакка жөнөдүк. Жөнөгөндө да шаңдуу, патриоттук духту көтөргөн ырды жалпы рота ырдап, «строевой шаг» менен басып, ашканага тизилген катарыбызды бузбай, бирден чууруп, ар бир отделение ирээти менен олтурабыз. Сержанттын буйругусуз бир да киши тамакка кашык салууга акысы жок. «Разводяший стать!» – деп сержант буйрук бергенде ал ордунан ыргып турат да, «Разводящий раздавать» дегенде ал таратуучу идиштердин баарына текши куюп чыгат. Ал толук таратып бүткөндө, «Приступить» – деп сержанттын буйругу угулаары менен биз шашылып, кашыктарыбызды калдыратып, жабыла ичип баштайбыз. Анткени тамак ичүүгө эреже боюнча он беш мүнөттөй убакыт каралса, бизге сержант беш гана мүнөт убакыт берип саатын карап туруп алат. Ошондуктан мүмкүн болушунча тамакты тез ичип, «стать» деген сержанттын ачуу үнү жаңырганча бүтүүгө тырышабыз. Ордуңан турбасаң кечкисин наряддын азабын тартып шоруң кайнайт. Наряд алсаң түнү менен ар кандай жумуштарга салып уктатпай коюу коркунучу бар. Ал коркунучка бирде болбосо бирде канча аракет кылсаң да баары бир кабылбай койбойсуң. Үйдө мындай катуу тартипке кабылбаган жаныбыз таптакыр эле жүдөп бүттүк. Бир күндө үч жолу беш чакырымдан кросс чуркатып турду. Турникке тартылуунун түрдүү ыкмаларын үйрөтүп, анча-мынча курсак байлап келгендер шапайа башташты. Эртеден кечке керзовый өтүк менен жер тепкилеп, катарда тең басканды үйрөнүп жаттык. Кечке тынымсыз жер тепкилей берип, согончок менен таман кызарып, чыкчу болду. Көбүнүн буттары чулгоону туура оробогондуктан өтүккө өйкөтүп алышып, басалбай калышты. Курсак-

тары салаңдап, күрсүйүп келген жаш жигиттердин көпчүлүгү бир айдын ичинде ийне жеген иттердей болуп арыктап кетишти.

## Жайкы лагерь...

Аскердик ант алгандан кийин тартип мурдагыдан да күчүнө кирди. Бизди Хабаровск шаарынан бир топ алыс аралыктагы лагерге алып кетти. Хабаровск аймагы майда дөңсөөлөр менен курчалып, саздактуу жер келет экен. Аба ырайы кыргыз жергесиндегидей ысык. Адатта саздак жерде чиркейлер көп учурайт эмеспи. Чиркейи биздикине салыштырмалуу эки-үч эсе чоң. Сержант: «Смирно» – деп команда берет, биз зыңкыйып туруп калабыз. Кайра: «Вольно» – деп айтып бүткүчө, он чакты чиркей бир жармашып, чагып иет. Алакан менен чапсак быдырап түшкөнүн айт. Мойнубуз кызарып, шишип чыгат. Өзгөчө түнкү мылтык атууга барганда чиркейлер азабыбызды берип, гимнастерканын сыртынан чакса өтүп кеткен учурлары болду.

Лагерден окоп казуунун өзгөчө түрдүү ыкмасын үйрөнүп жаттык. Көпчүлүк учурда жатып алып казабыз, казганда да белгилүү убакытта казып бүтпөсөң балээге каласың. Наряддан башың чыкпайт.

Күндөрдүн биринде абдан катуу чарчап, эч нерсени сезбей таңкы сурнайдын үнүн да укпай уктаптырмын. Качан гана оор өтүк, курсагыма бир тийгенде ойгонсом, мандайымда өтүктү кармап сержант ызырынып турган экен. Сержанттын колунан өтүгүмдү жулуп алып, шамдагайлык менен кийинип, сыртта чуркап бараткан өзүмдүн взводумдун артынан кууп жөнөдүм.

## Деңизде...

Алты ай сержанттык курсту өтөгөндөн кийин, кенже сержант деген чинди алып, ар кайсы бөлүктөргө жөнөдүк. Жоон топ сержанттардын бир даарын Владивостокко бөлүштүрдү, ошонун ичине мен да кирдим. Биз күнү-түнү поезд менен эки жарым күн дегенде араң Владивостокко жеттик. Ал жерден Камчатка жарым аралына бараарыбызды кабарлады. Камчаткага эми пароход менен бармай болдук. Өмүрүмдө түшкө кирбеген бул пароход, мен үчүн чындап эле коркунучтуу болду. Пароход күнү-түнү тынбай сүзсө, үч жарым күндө араң жетет экен. «Ильич» деген капталында жазуусу бар абдан чоң кеме деңиз жээгинде сүрдүү болуп көрүндү. Охот деңизин бойлоп, Тынч мухиттин жээги менен Жапан жерин жандап, Камчатка жарым аралына барат, – деп сержанттар кобурашып жатышты. Аны укканда, бир чети толкундансам, бир чети

коркуу пайда болуп, аргасыздан алыста калган кыргыз жеримди эстедим. Кыргыз жерим кайда, мен кайда. Жердин бир бурчунда кумурскадай кыбырап жүргөн бир жан болуп калдым. Владивостоктун деңиз жээгиндеги портунда үч миң кишилик «Ильич» деген кеме жоон тростко аркандалып турду. Ал менин көзүмө ушунчалык чоң болуп көрүндү, анткени кеменин үстүнө катар-катар салынган каюталардан ошенткен чыгаар. Андан калса ошол күнү деңиз жээгин туман басып, сүрдүү турду. Деңиздин жүз метрдей жээги даана көрүнүп, андан ары жагы күүгүм талаш караңгылыка малынып түнгуюктанат. Деңиз толкундары шарпылдап, портко чаба урунуп, көбүгү көккө чачырайт. Чынында мен үчүн бул жомок эмей эмне.

Эки миңдей жоокерди тез эле ар кай каюталарга эки-үчтөн бөлүштүрүп жайгаштырып койду. Кемеге киргенде эле акырын термелүүнү сездим. Термелүү акырын болсо да тынымсыз болгондуктан бир аз жүрөгүм айланып барып басылды. Каюталардын тегерек терезелери калың айнектер менен капталып, ичинде кошумча темирден бекилчү жапкычтары бар экен. Анын өзү эле катуу толкун болсо терезеңди бекит дегенди айтып тургансыйт. Каюталардын ичи таза болгону менен эмнегедир сырдын жыты алиге чейин кетпей калыптыр. Биз бир заматта бири-бирибиздикине барып тааныша баштадык. Баары эле негизинен окшош экен. Мен да кеменин ичин бир сыйра шимшип чыктым. Ал түгүл эң үстүңкү палубага да чыкканга жетиштим. Палубанын үстү өзгөчө укмуш болуп көрүндү. Анткени ал жерден деңиздин бир топ жерин көрсө болгудай экен. Биз менен кошо кемеде жөнөкөй граждандар да кетип жаткандыктан, аларды узатып жаткан тууган-туушкандары, кеменин палубасынан алаканга салгандай даана көрүнүп турду. Кап, күн ачык болгондо Владивостоктун далай жерин көрмөк экенбиз – деп өкүнүп да койдум. Кеме ордунан качан жылаар экен деп баарыбыз кызыга күтүп жаттык. Мынчалык зор кеме ордунан оңой эле жыла койбосун эки кичинекей кеме жардамга келип түртүшкөндө гана билдик. Бир аз убакыттан кийин кеме акырын ордунан козголуп, порттон алыстай баштады.

## Мухит толкуну...

Үч миң киши сыйган «Ильич» кемеси Охот деңизин жиреп кетип баратты. Деңиз үстүндө бир күн сүзгөндөн кийин эле биз жашап жүргөн колтойгон жер эрип кеткенсип көрүнбөй калды. Мелтиреген эле кара көк тарткан суу. Суу болгондо да жөн эле шарпылдап агып жаткан суу эмес. Толкундары көлдүкүндөй майдаланбай, чоң-чоң болуп тынымсыз, бирде ылдый, бирде өйдө болуп шарпылдап турганы турган. Биздин килейген кемебизди толкун оңой эле өз нугу менен бирде өйдө, бир-

де ылдый термеп баратты. Кеменин үстүндө беш-алты жүк ташуучу автомашиналар, контейнерлер бар эле. Ошондой эле бассейни, кинотеатры, китепканасы, ресторанлары, буфеттери бар экен.

Биринчи күнү күн ачык болуп, мухит үстү мемиреп, кээде дельфиндердин бизди ээрчип секиргендерин көрүп кызыгып бараттык. Экинчи күнү эмнегедир аба ырайы бузулуп, булуттар удургуп, шамал да катуулай баштады. Шамал катуулаган сайын толкундар да катуулап албууттанды. Палубада жүргөндөрүбүзгө каютага кирүүбүздү эскертишти. Кеменин тумшугу бирде өйдө көтөрүлүп, бирде ылдый түшүп, балээ башталаарын кабарлап турду. Коридордо айгай сиреналары жаңырып, кеме кызматкерлери жел үйлөтүлгөн чыптамаларды кийип алышып, ары-бери чуркап жүрүштү. Толкундун ыргагы улам тездегенден тездей берди. Толкунга жараша кеменин чайпалганы да катуулады. Жүрөгүм айлангандыктан, каютага эптеп жетип темир керебетке сулк куладым. Бекилме столдун үстүндөгү стакандар ары-бери жылa баштады. Эми толкундар үйдөй болуп көтөрүлүп, өзү менен кошо биздин килейген кемени камгактай алып ыргыта баштады. Менин өпкө боорум куушурулуп, кусуп кирдим. Тогуз кабат үйдөй толкундар тогуз жолу көтөрүлүп, тогуз жолу таштап турду. Таштаганда да таптак өйдө көтөрүп туруп таштайт да, анан кайра асманга ыргытат. Таштаганда үч бүктөлүп бүрүшөбүз, кирип кетээрге жер жок. Бирок бул балээнин башталышы гана экен. Улам барган сайын жаңы, коркунучтуу окуяга дуушарлана бердик. Көрсө, көргөнүбүздөн көрө элегибиз көп турбайбы. Толкун өйдө көтөрүлүп ылдый таштаганда, биздин кеме өйдө көтөрүлүп кеткиче эки капталдан соккон катар толкунуна дуушар боло баштадык. Анык балээге эми кабылып, биз көргөн зор кеме жин ургандай кулдурап титиреди. Бизди бирөө бөтөлкөгө салып алып чайкап жаткандай туюлду. Стакандар учуп, бычырап сынып жатты…Ордумдан өйдө болууга дарманым келбеди. Ар ким өз жаны менен алектенип, окшуп жатышты. Алардын чайпалуудан коркуп жабыр тарткан түрлөрү көз алдымда өмүр бою өчпөй кала берди. Оо, кудай! Бул эмне деген тири укмуш!.. Бул турмушта эмес, бул жомокто болуучу балээ эле. Кусканыбыз кусуп, куспаганыбыз окшуй бердик. Кеме сегиз балл толкунга туруштук бербесе эмне болмок? Темирден салынган пароход сынып кетпесе да оодарылып кетүү коркунучу сөзсүз бар болучу. «Оодарылса балыктарга жем болот турбайбызбы» деген ой мээме кылт этти. Ошондо кыргыз жерим көз алдыма келип, деги эле жер көзүмдөн учту. Тоолор, тоолор… Жер үстүндө өлсөм арман жок эле дедим. Ичимде ушул гана арман болду.

Эки сааттан ашык жаалданган толкундардын мизи кайтып, удургуган булуттар кайдадыр агылып сүрүлө баштаганы байкалды. Каютанын калың терезесинен кээде булут арасынын жылт деп ай көрүнүп, кайра булутка жутулуп жок боло калат. Кеме Жапон булуңунун бир бурчунан

жакын өтүп бараткандыктан алыстан жылтырап, шаардын жанып өчкөн шамдары көрүнүп турду. Ал түгүл Жапон элинин өзгөчө мукам үндүү музыкасы сыбызгып, кемедегилерге жан киргизди. Биз бир аздан кийин эле жашоодон үмүттөнүп, өз тиричилигибизге кириштик.

## Камчатка элестери...

Мен мурда Камчатка жарым аралын тундрага окшоштуруп, элестеткен элем. Бирок мен элестеткендей болбой чыкты. Мухит жээги жылуу болот деген деле чын окшобойбу. Абасы нымдуу келип, кар калың түшкөнүн айтпа, кышкысын лапылдатып жаай берип, чатырга чейин чыгып кеткен учурлары болот. Жааган карды күрөй берип, жол менен жүрсөң башың көрүнбөйт. Жолу жок жерден лыжа менен гана жүрүүгө туура келет. Мухиттин толкундарынын шарпылдаган дабышы биз турган казармадан жыйырма чакырымдан алыс болсо да даана угулуп турат. Жер, негизинен, саздагыраак келип, майда-майда дөңсөө тоолор менен курчалган. Камчатканын негизги ордо тоосу Авачы, Коряк чокулары асман сайып учтуу. Учтуу чокусунан түтүн булап, вулкан атылгандан кийин да быкшып жатат. Даагы жаңыдан өсүп келе жаткан чокулар тынымсыз силкинип, Камчатканын бир топ жерин дайыма термелтип турат.

Биз кышкысын төрт-беш күн катары менен машыгууну өткөрдүк. Бул машыгуу менин өмүрүмдөгү эсте кала турган күндөрүмдүн бири болду. Кар үстүндө да, суу үстүндө да, саздакта да тыгылбай катуу ылдамдык менен жүрө турган техника бул тягач эле. Ошол тягач бизди ташып жүрө турган, душмандын огунан коргой турган негизги согуштук машина болучу. Биз күнү-түнү ошол тягач менен бир метрден кем эмес кардын үстүндө тынымсыз жүрүүгө туура келди. Тягач кардын үстүндө укмуштуудай ылдамдык менен жүрөт, жүргөндө да кар эле буруксуп, көзгө илээшпей учуп калат. Талаада окоп казып, талаада уктап, талаада күзөттө болуп жети күн, жети түндү былк этпей өткөрдүк. Тамакты да талаада ичебиз, атайын талаа жерине ылайыкташкан ашканалар ысык тамакты уюштурушат. Он-жыйырма градус суукту суук деп тоготпосок да тамак ичкенде, идишти жууганда бир топ кыйынчылыкка дуушарландык. Биз темир табактарыбызды кардын үстүнө көмкөрөсүнөн коюп туруп, үстүнө чыгып тегеренгенибизде катуу карга кырылып ичи таптаза болуп чыга келет. Бул ыкма тез эле бүт дивизияга тарап, баары тең ушинтип тазалап калышты. Түнкүсүн от жагып, кезектешип чырм этебиз. Асман ачык боло калса жылдыздар жымыңдап, укмуштуудай болуп көрүнөт. Ортодогу алоолонгон оттун табы бутубузду гана жылытат. Башыбыз үшүп, эки саат берген убактысында көз ирмебей уйку бе-

тин көрбөй өткөргөн учурларыбыз да болот. Ошол учурда айылымды эстейм. Биз кечкисин кинодон чыкканда асман ачык болуп, жылдыздар дал ушинтип жымыңдашчу. Балким, азыр бизден эң бийик турган жылдыздар ата-энемди, бир туугандарымды, эл-журтумду, сүйгөнүмдү көрүп турган чыгаар деген ой кете калат. Жок, жо-ок, – деп кайра өз оюмдан кетенчиктейм, анткени бизде түн болсо ал жакта күн.

Муздак шамал коюн-колтукка кирип, бети-колду каарыйт. Азыр бир азда кайрадан ротаны тревога менен көтөрүп согуш ыкмасын үйрөтөт. Күнү-түнү тынбаган тягачтын мотору кулактын кужурун алат. Мен жоокер экенимди эстеп эрдемсинем. Аман болсом бир күнү туулуп-өскөн айылыма кайтып барам. Ооба, ошондо мотурайган жаш балдар алдымдан сүзө тосуп чуркашат!.. «Тигине, байкем келатат!» – дешип сүйүнчүлөшөт! Ошол кез мен үчүн өзгөчө бакыт болот, менин төбөм көккө жетет. Туулуп өскөн айылымда эң кымбат апам, атам, бир туугандарым, сүйгөнүм, элим күтүп жатат… Алар мен үчүн эч кимге, эч нерсеге алмашылгыс асыл адамдарым!.. Мен кайрадан бала кезде көргөн тоодон, күндүн кылтыйып чыгып келатканын көрөм, кыялымда кайрадан күндү кучагыма толтуруп кысам!..



*Лирикалар*

**Александр НИКИТЕНКО**

# ЗАМАНДАШ ЖАНА КАЛАМДАШ

*Адабиятыбыз үчүн «алтын доор» саналган совет мезгилинин кайрылгыс узаганына жыйырма жылча убакыт болду. «Алтын доор» дегеним,кыргыз адабиятынын дүйнө элине таанымал маңдай жарган мактанычтуу, көкүрөк керген сыймыктуу чыгармалары дал ошол кезде жаралганын кантип унуталы.*

*Элибизге, дилибизге, тилибизге тилектеш болуп, Ала-Тоо аймагын байырлап, «экинчи мекеним» деп аздектеп ырга кошкон орус акындарынын бүгүн өтө сейректеп калганы кейитет. Белгилүү акын Сергей Фиксиндин «Кыргыз жерине» деген ырындагы «Сен бооруңа катып менин башымды, жылыткансың өзүнө окшоп энемдин» деген саптары чын жүрөктөн чыкканына эч ким шектенбейт.*

*Замандын өйдө-ылдыйында жер которуп кетпей, биз менен алиге тагдырлаш жана шыбагалаш жашап жаткан орус акындарынын бири – Александр Никитенко. Ал 60 жылдан бери (Фрунзе) Бишкекте жашайт. Тажикстандан 3 жашында келген.*

*Ал адам да, акын да болуп дал кыргыз жеринде калыптанды.*

*А. Осмоновдон А. Рыскуловго чейинки кыргыз акындарынын ырларын орусчага которду. Ондон ашуун ыр китептеринин автору.*

*Бүгүн ошол бизге замандаш, жердеш, каламдаш болуп келаткан таланттуу орус акыны Александр Никитенконун ырларынан жаңы котормолорумду журналга сунуш кылып, ага чыгармачылык чоң-чоң ийгиликтерди каалагым келет.*

**Токтосун САМУДИНОВ**

* * *

*Тилегеним азганакай нерселер,*
*Мен аларга дайым келет жолуккум:*
*Бет алдымда – кең ачылган жол болсо,*
*А жанымда – жүрөк сүйгөн колуктум...*

## Толкундар

*Жол бою коштойт түгөнбөй*
*Жомоктой кызык элестер.*
*Көк толкун үстүн термелтет*
*Жел кеме сымал теректер.*

## Олжо

*Таалайдын тайкы жагы көп,*
*Тажадым миң сан суроодон.*
*Капыстан кара тулпарды*
*Кармадым бүгүн жылоодон.*

*Опаасыз олжом ойт берди,*
*Кайгырба ага, кайгырба.*
*Адамзат жолу армандуу,*
*Айла жок экен тагдырга.*

## Байчечекей

*Көктөмдүн колу узарып,*
*Эшикти чертти сыртынан.*
*Гүл жыты «бур» деп, аарыны*
*Ойготту кышкы уйкудан.*

*Жашартты тоону, талааны*
*Жароокер мүнөз март келип.*

*Козголбойм деген кар да эми*
*Коргошун сымал жатты эрип.*

*Тумшугун жанып тоотпой*
*«Тыз» эткен ызгаар каарына .*
*Байырлайт байчечекейди*
*Бал издеп чыккан аары да.*

## Түнкү асман

*Чылымдын иши чатак иш,*
*Кумары кыстап жиберсе...*
*Жылдыздуу асман бетинен*
*Чаккансыйт бирөө ширеңке .*

* * *

*Жел да жок, чыккан үн да жок,*
*Чытырман токой тынчыды.*
*Бир азга аруу дүйнөнүн*
*Илине түштү кирпиги.*

## Эгерде

*Конфетти сатсам көчөдө,*
*Бир бала мага таарынбас.*
*Дүкөнчү болмок экемин*
*Чыгымдан башы арылбас.*

* * *

*Мен бүгүн жөн-жай пендемин,*
*Жашоону жардай сагынган.*
*Мага да ашык болгонсуйт*
*Айланам ак кар жамынган.*

*Бак ичи баёо метиреп,*
*Баладай уйку салыптыр.*
*Көңүлүм кардай агарып,*
*Көзүмө толду жарык нур.*

## Лохотрон

*Байкатпай учкан күндөрүм*
*Бактагы сары жалбырак.*
*Түңүлсөм дагы турмуштан,*
*Түлкүдөй карайт жалдырап.*

*Дүрмөтүм жалгыз. А күндөр*
*Жылт берет улам коёндой.*
*Азгырат мени ар качан*
*Алдамчы лохотрондой.*

* * *

*Ыйлады бөбөк негедир,*
*Ит үрдү недир кыйлага.*
*Үстөлүн тиктеп баятан*
*Үңкүйөт акын бир гана.*

*Уйкуну кууп кирпиктен,*
*Жүрөктү бир зар кыйнады.*
*Басылбай көпкө ит үрдү,*
*Бала да көпкө ыйлады.*

* * *

*Авто жок жолдо, эл да жок,*
*Ойлогом «алар учурайт».*
*Айлана тыптынч, кооптуу,*
*Камыштуу саздын жытын айт.*

*Жүрөктү сызып өйүткөн*
*Сарсанаа аздап тарады.*

*Мен үчүн бирдей ал жолдун*
*Кай жакка алып барары.*

* * *

*Эшикте жыйырма градус,*
*Серүүн чак. Мөлтүр шүүдүрүм.*
*Суйкайган ушул дүйнөнү*
*Суктанып карайм мен бүгүн.*

*Табият мерес эзелтен,*
*Канетпе, канча сагынба!*
*Ал үчүн бирдей турбайбы*
*Жогум да менин, барым да.*

Орусчадан которгон **Токтосун САМУДИНОВ**

*Конкурска*

**Кан Баргы**

# КУМАЙЫК

**(Аңгеме)**

Өткөндө бу мен жашаган «Ала-Тоо» айылынын күн батыш четиндеги жердешим Зулумбектикине барып келатсам, алдымдагы жол кесилишинен төмөн жагынан бир сапсайган таргыл күчүк чыга калды да мени көрө салып атайылап бурулуп жакын келип алып, он секунддай алынын жетишинче атырыла абалап-абалап туруп, анан анысын ойдо жок жерден шарт токтотуп ары кайрылып көчө бойлоп чымын-куюндап жүрүп кетти. Алдында тигиндейде бала жетелегендер, дагы нараакта калпакчан үч-төрт киши бараткан, ошолордун бирөөсүнүкү болсо керек деп ойлогом, эч кимисине токтогон жок. Ошо боюнча түз оголе кыйла алыс барып сол көчөгө култ бурулуп көрүнбөй калды. «Көчөнү коруп, ушунча адамдын арасынан жалгыз мага үрүп, хоббиң менен куруп кал, а менин Кумайыгым эч качан минтпейт да» – деп турдум.

Бу Кумайык деген татынакай, кайыктай болгон, чүймүйгөн күчүк, өзүн кыйла инаваттуу, Салакада кармайт десеңиз. Тиги сапсагайчасынан бирөөгө себепсиз оң-келди үрүп турууну эч бир эп көрбөйт.

Үрсө үрө турган нерсеге, мисалы, аны такыр этибарга албай, токтобой өтүп бараткан машинелерге үрөт. Бул башка кеп. Же сыягы машинелер андан коркуп качып бараткандай сезилеби үнүнөн өзүнө абдан капааттангандык туюлат.

Кокус ушунда балакет басып аны шопурлар эрбеңдеп жакын кирип келгенде уйдун зампасынчалык көрбөй тебелетип-тебелетип кетишеби деп жаным жок. Аз өтүп Кумайык андай «жоокерликке» барганын ток-

тотту. Чамасы кайсы бир машина анын куйругунан кичине чырпып кеткен окшойт. Ошондон сабак алгандай.

Эми кичине жол бошой түшсө эки жагын абайлап каранып, аркы өйүзгө шып чуркап өтөт да, аны карап-күтүп турушкан өзүндөй достору менен жеткен жерден алышып ойнойт. Мал ээсин тартат деген чын белем, шаардын жарымы менин досум-таанышым сыяктуу ушул арадагы иттердин бардыгы Кумайыктын өз курбулары.

Деген менен бул Кумайык адамдын көңүлүнө караган күчүк. Мына ал өзүнүн, (мурунку тооккана, кийин уулум Растан оңдоп, кичинертип кайра салып берген) итканасынын ичинде ары карап алып итаягынан тамак ичип атат.

«Үйүнүн» кичинекей жыгач эшигинин далдоосунан сыртка чыгып калган анын куйругу гана көрүнөт.

– Кумайык!! – дейм бери жакта туруп алып. Ал ошол турушунан козголбостон куйругун булгап койду. «Угуп атам» дегени да. Тим эле койсо не болмок! Бул, жөн билгилиги эмеспи.

Дагы бир жолу иштен келсем ал тигиндей короонун бурчунда көк чөптүн үстүндө узунунан жатып алып бир сөөктү жанталаша кажыгалап атыптыр. Келгеними туйгусу келбейт, өзү менен өзү. Чакыргым келип: – Кумайык, – дедим алысыраактан туруп. Ал үнүмдүн көңүл кошураактай чыгып жатканы себептүү, мага басып келүүнүн азырынча кажети жоктугун билди.

– Кумайык!!! – намыстанып үнүмү көтөрөм.

Мына, ал эми сөзсүз туруш керек экенин түшүндү. Оозуна сөөгүн туура тиштеген боюнча мага карап жапжакын келип, бир секундда токтобой кыйгачтай басып бурулуп, кайра өз ордуна барып жатты, да «өз иши» менен алектенип кирди. Болду. Эми ага эч бир токонаалатым жок, ал менин көңүлүмү алды.

Ушунча болуп калды, анын буга чейинки таржымалын айтып берейин. Мындай күчүктүн жөнүн билип коюуга эмне үчүн болбосун.

Жылдын эрте жазындагы жаан-чачындуу суук күндөрдүн биринде саар менен эшикке чыга калсам үй алдындагы жолдун жогору башынан бир кичинекей кара күчүк өзү эле жалгыз каңшылап келе жатыптыр. Көчөнүн эки жагындагы катар үйлөрдөн жол тоскон демейдеги иттерден эмне үчүн бирөөсү чыга калып талап таштабайт деп таң калдым. Анда үйдүн алдын тосо элек болчубуз.

Ылдый өтүп кетер деп алдынан чыга калганым жок. Себеби кошунанын ити эмне үчүндүр өзүнүн итканасына эмес, биздин оозу ачык бош жаткан тоокканага кирип алып аябай күчүктөп салыптыр. Эсептегим да келген жок. Жайнайт. Чоңоё түшүсө бирөө биздики болсун деп кошуна менен сүйлөшүп, кошулуп аларды багышып атканбыз. Эми минтип... Күчүк мени көрүп эле бурулуп калды. Мен утурлай бассам арыз-муңун

айткансып, бирөө сабап жаткандай андан бетер күчөп каңшылады. Жетип эле так көтөрүп чапаныма ороп алдым. Лып басылды. Башы да кипкичинекей, оозун ачып эстеди эле, тилинин чоңдугу араң эле калем саптын учундай ипичке, анан кыпкызыл экен. Дал эки көзүнүн үстүндө тептегерек так, мындайды төрт көз дешет эмеспи.

Баккан малыбыз, жада калса тоогубуз да жок болгондуктан бүт бүлөөбүз менен: уулум, байбичем болуп караганыбыз, эрмегибиз ушу макулук болуп калды. Ал тамак ичип бүткүчө карап турам. Курсагы улам чемпейип чыгып баратса эч кимди кыйнабай өзүнөн өзү бир керектүү иш бүтүп жаткандай көңүлүм жайланат. Буларда тамак ичүүнүн тартиби ушундай экен, эч кимге эч нерсеге таптакыр көңүл бурбайт. Алдыңкы мыртыйган кичинекей эки бутун жерге бекем матап, арткы буттары менен жерди тээп туруп бир аз алдыга обдугуп салып тамак куюлган ичтүү, кырлуу мистей табакка (ит аягына) башын тыгып, тумшугун боткого матырып, өзү ушундай кипкичинекей, акыл деле жок, анан кайдан жүрүп... Кыскасы, жан-жаныбарлардын бардыгынын жашоосунун мааниси, акыл-ою, сезими ушуга тамак издөөгө, тамактанганга гана топтолгонбу деп ойлоп кетем.

Атын ары-калчап, бери калчап кеңешип атып Кумайык койдум. Кумайык деп чакырсам чуркап келгени бул аракетимдин үзүрү.

Эки ай өткөн маалда чуркаганда кулактарына кошулуп буттары да серендеген. Түндөсү үйдү айлана үрүп, коруп чыккан, чакчарылган күчүк болду. Мындай төрт көздөр эреже катары сөзсүз кабанаак чыкчу эле. Балким, бул да ушул эрежеге баш иймек, күчүк да болсо бейтааныштарга жулунушу айбаттуу болчу. Бирок бул жагын ким ойлонуштуруп отуруптур, оң келгенибиз, айрыкча мен эркелетип жүрүп кадимки каардуулугунан чыны тайып баратты.

Ушул арада ал бир гана жолу менин оюмдагыдай жаалдана үрүп турду. Бул мындай. Күн эми гана тийип келгенде адатымча сыртта элем. Кумайык менден жарым карыш алыстагысы келбей бутумдун так жанында жаткан.

Эңкейип кулагынан чоюп, силкилдетип ойното баштагам, аңгыча жол жактан маңдайыман:

– Саламатсызбы агай?! – деп шаңк эткен уккулуктуу добуш чыкты. Үнүнөн эле анын канчалык сулуу кыз экендигин туя тургандай эле. Шарт башымы көтөрүп карадым. Жолдун кайсы тарабынан келгенин да билүүгө болбойт. Эми бойго жеткен, келишкен кыздын сулуулугунан да кийине билгендигин, бир аз жылмайып турган жамалын сүрөттөп убара тартпай эле коё туралы. Себеби мунун эч кимге пайдасы жок.

– Саламат, карындашым, саламат...

– Алдагы күчүк биздики эле, жоготуп ийип таппай жүргөнбүз. Алып кетейин...

Мындайды күтпөгөндүктөн алдастай түштүм да айла кеткендеги сөздөрдү айтып кирдим.

– Кандай эле карындашым бир көргөн күчүктү алып кете берет экенсиң? Жээним алып келип берген, бардыгы билет... – дагы эмне десем экен деп турсам сөз эмне жөнүндө болуп жатканын түшүнгөнсүп, баятан бери жөн жаткан Кумайык шарт ордунан ыргып турду да кызга карап бир кадам алдыга баспастан турган жеринде ойдолоп-ойдолоп, безилдеп-безилдеп, чамынып үрүп кирди.

– Сенин күчүгүң болсо ушинтмек беле? Эгер сеники экени чын болсо келип башынан сылап, тумшугунан өөп туруп дароо алып кетсең болот.

Кыз күлдү да, ылдый аялдама жакка басып кетти. Ошол ошо болду, бул кызды экинчи бул көчөдөн көрбөдүм.

Дегинкиси турмушта кагылып-согулбаган эрге тийип, анын күртөгүн көрөлек кыз балдар асылзаада, ыймандуу, периште сымал келишет. Мунун ордуна көптү көргөн, тобокелчилик менен жашай баштап, анын жемишин таткан кадимки катындардан болгондо эки-үч кичине балдарын ээрчитип келип, алары күчүктөрүн дароо таанып баса калышып, ошентип чогуу-чаран чурулдашып жөн эле алып кетишмек. Ко-ош. Бул, бул болсун. Мен өзүмөн этияттанып калдым. Күч келгенде каратып туруп калп айтып таштайт экемин го? Мен өзүмү өзүм жакшы билбейт турбаймынбы?

Натыйжасы жаман болгон жок деңизчи. Ошентсе да туура эмесирээк болуп калды окшойт. А бирок да Курандын Хадисинде да мындай ишти жайкаган жерлер бар. Кудайым өзү кечирсин, булар кудайдын эрки менен түшкөн, нускоолор, аян, көрсөтмөлөр. Алар төмөндөгүлөр: эгерде эки эл касташып, кан төгүлчүдөй акыбалга жакындап калышса, анан бирөө араачылыкка ортого түшө калып, тигил жактагыларга барып бирди айтып, мындагыларга келип башканы саймедиреп, ушунун баары эки тарапты элдештиреринe көзү жетсе анда ушу пендеге оюна эмне келсе ошонун баарын каалаганча шыпыртып турганга уруксат. Ошондой эле, эки адам бири-бирине кыянаттык издеп бирин бири «Ошо берекини желкемин чуңкуру көрсүн» – деп турушса, аларды муназага тартаар кишиге да каалашынча калп айтып турганга жол берилет.

Дагы, эгер аялың сенден аркы-беркиден шек санап, же качандыр бир кезде бирөөлөрдөн жаман сөз угуп, кудай анын бетин ары кылсын дей тургандай басмырланып, ага убагында татыктуу жооп beralбай, аны эстеген сайын жаны кашайып, эми ошонун баарын сенден чыгарсам деп эки көзү төрт эмес сегизге жетип, жаңжал салганга шылтоо гана издей баштаса буларга да соопчулук үчүн, көңүлүн таап, майрамдык салтанаттуу маанайга жеткирмекке он мүнөтпү, жарым саат же бир саат токтобой эмне тапсаң ошонун баарын айтып турганга руксат экен. Кудайым ай, бул бизге карата жараткандын мээрмандыгы эмеспи?!

* * *

Уулум менен байбичем менин күчүгүмү анча таназар, этибар алышпайт. Ал турмак мен жокто байкушуму (анча-мынчасына көз жумуп коюшпай) кичине какыс-кукус кылып коюшабы, аларга батынбайт, мага эркелегендей эркелей албайт. Бирок кимиси болбосун мунун курсагын ачыра койбой тамагын маалында берип турушат. Мен ушуга ыраазымын.

Күчүгүм менин эсебимде тоок менен торпокторго караганда кыйла акылдуу. Мисалы, үйдүн астына бир катар тигилген гүлдөрдүн жанына келет да бийигирээк өскөн ак гүлдү бир-бир жыттап көрөт. Мунун ага эмне кереги бар дейм да?

Чөп жегенин айтсаңыз!? Аны да тандап, издейт. Эгер мен кайсы бирин сайып көргөзсөм эч бир ойлонбой ага эрини менен ирмеп кирет.

* * *

Бир жылкычы жердешим айтчу. «Кыштын ызгаарында ээн тоо-таштын арасында кайтарылган жылкы жаныбарлар таң атаарда гана бир жерге токтоп байыр алышат. Ошондо гана бир аз чырм этип эс алып алуу үчүн атты тушай салып, ыңгайлуу жер таап жатууга туура келет.

Канча уктаганыңы билбейсиң, ойгонсоң жомоктогудай бир сонун эс алып калган болосуң, тон ичинде мемиреп, буттарың да тердеп, жыпжылуу. Неге дебейсиңби? Итиң сен жатаар менен дал бутуңдун башынын үстүнө артылып түпкүчтөй ийрилип жатат. Таң каласың, бул жаныбар кайдан жүрүп эгер бутуң үшүбөсө эч жериң да үшүбөсүн сезип, билип алган?»

Иттин кадимкидей ой жүгүрткөн аярлыгынан, этияттыгынан дагы мисал: кошунанын кебетеси сапсайган жаман ити Кумайыктын кыйышпас курбусу болгондуктан маал-маалы менен алышып ойнош үчүн короого келип калат. Анын түрү коркунучту үксүйгөн, күрсүйгөн неме мени дал ушу үйүмүн эшигинин алдынан талап кетчүдөй ичиркентет. Таш менен атып, ургулап жолотпойм. Ошого карабай кээде унуткарып баш бага калат. Мына, ал дагы келатыптыр. Мени көрүп токтоп калды. Кумайык жанымда эле, кылчайып тигини сөөмөйүм менен көрсөттүм.

– Кумайык, тигини кара! Алакүш ал, жет, жогот!..

Айтып бүтөлекте аны карай атырылып жөнөдү. Мындан сестенген тиги качып берди. Ит иттигин кылып анан да мага жагыш үчүн жетээр менен кырылышып, иттей сүйрөп талап таштайт го десем менин көңүлүмөн өтө албаган Кумайык аны да кыялбайт экен.

Жетээрин жетип, бирок бурдап кетүүнүн ордуна мойнунан акырын тиштеп, тумшугунан жыттап кошоктошуп сүлкүлдөп жортушуп тигинин короосуна булт деп кирип кетишти. Эми Кумайык мени унутту го деп турсам негизи ал жоопкерчиликтүү күчүк болгондуктан өзү эле дароо көрүндү. Дегеле жеңиштүү, тилин сунуп акактап «көрдүңбү? Ушинтип эле таштайм аны» деген түр менен жаныма келип мага карап, алкыш жана мактоо күттү.

– Кандай гана баатыр күчүксүң сен! Сени көргөндө бардык иттердин жүрөгү түшүп кыйрап калат турбайбы?!

Тигил. Өлүп кайра тирилди бейм, – деп коём. Кээ бирлерин гана болбосо, албетте, ал сөзүмү толук түшүнгөн жок, бирок үнүмдүн ыргагы ага жакты, магдыратты. Кыйлага чейин эркелетип, анан тигиндей барып көк майсаңга барып жамбаштадым. Кумайык артыман ээрчип келип как маңдайымда чочоюп отурду. Мен анысын капарыма албай, эс алгым келип жана кандайдыр башка ойлор келе баштаган. Бирок иттин менден көзүн албай карап турганын туйдум да ага башымы буруп тигилдим. Эч качан урбасымы билип, мага өтө ишенип, жанымда гана ушинтип отурсам дейт. Көздөрү оюнга тойбой, эсине кирип келаткан оюнкараак баланын көзүндөй күйүп турат. Аз өтүп бул көздөр муңайым, токтоорок тартып ушул жашоосуна топук кылгандай түр берип калды. Эгер тили болсо өзү билгендей кыйла нерсени айтып бермек.

Бир жолу экөөбүз ойноп атып байкабай анын бутун катуураак басып алыпмын. Каңшылап тигиндей барып ооруган бутун жалап токтоп калды. Жанына барсам коркуп качып кеткен жок. Башын көтөрүп, куйругун шыйпаңдатып, мындай бассам ээрчүүгө даПдаяр. Ал ошентип кокустукту кокустук деп түшүнгөн күчүк.

Темселеп көрүнгөн жакка баса бергенинен улам итканасынын оозуна байлап койчу болдук. Короонун ичин каалаганча кыдырбай иттин байлануу турганы дурус да. Бирок балээге калып кеттик, такыр тамак ичпей шайды оодарды. Андан да жаманы жанына барсам карап да койбойт. Башка жакты тиктеп туруп алат, же көрмөксөн болуп кашынып күйгүзөт. «Бакбай балээнин пейилиң менен куруп кет» – деп кайра агыткыздым.

Бир жолу иштен келип, анын өзүнө жасалган тамагынын түгөнүп калганын көрүп, ачка калган турбайбы деп чоң сындырым нан таштадым. Оозумду ачырып, нанды жебей койсо болобу? Ошондо ичимен үнүм кудайга жетчүдөй болуп: «Оо жараткан! Иттин ушунусун кечире гөр. Ачарчылык каптаган жылдарда ушундай бир кесим нан табылбай канчалаган күнөөсүз асыл адамдарың, азаматтарың жан таслим болушпады.

Бул ит иттигин кылып атат! Бул макоону эсепке кошпо! Кыргыз жергесиндеги ушул барчылыкты кут кыла гөр. Кут кыла гөр» – деп жаттым.

Улам бир жоругу чыгат. Кайдан экенин бир Кумайык өзү билер, жакындан бери тамтыгы чыккан, ыргытылган эски буюмдарды ташып

келчү болду. Кол кап, байпак, эмчек тарткыч, деги эмнелер гана жок, ал турмак союз кезиндеги аскер кемеринин жылдыздуу жез тогоосу да бар.

Ушулар бизге керек болуп калат деп ошого акылы жетип алып келип жатканы да. Анан не кылат? Жаңысын Кумайыкка ким берет? Кайсы бир үйдүн короосундагы илинген-жайылган кирлердин арасынан жерге түшүп калганбы аялдын урунуп жүргөн жаңы эле ич кийимдерин оозуна тиштеп келиптир. Мына ошондо маңдайына барып, аны менен ачыктан ачык сүйлөштүм.

– Барган сайын таскагың чыга баштады сенин. Күчүк кылбай коём! Бир күнү түрмөгө камалып кетесиң го! Жалаң урунгандарды... сенин оюң боюнча мындагылар ушуга эле татыктуу бекен? – Сөөмөйүмү кезеп, алып келгендерин сайып көргөздүм. Жаным кашайып, бакылдап көчө жакты айлана жаңсадым.

– Ченде жок бейбаш окшойсуң? Мындагы иттердин бирөө да сендей эмес. Эми мен элдин бетин кантип гана карайм! Ыя?! Сени дубанда жок ууру чыгат деп бир оюма келсечи! Эми эмне кылабыз? Ыя?! Сен!.. Сен!.. Сен!..

Ал эч нерсени түшүнбөгөнсүп кашынып коюп турганы менен муюп уккан экен, ошол сааттан баштап, Кумайык бул жоругун биротоло карүзө токтотту.

* * *

«Көп баскан бут чок басат» деген накыл кеп иттерге деле тиешелүү бейм. Кургур Кумайыктын эркиндикти өтө каалагандыгы аз жерден өз башын мүлжүп коё жаздады. Бир жолу кошунанын тестиер кызы Айжан түштөн кийин көчөдө чала жан жаткан «баатыр» Кумайыкты куйругунан кармап алып так үйдүн алдына чейин сүйрөп келип таштады.

Сыягы ит иттигин кылып башынан өткөн тажрыйба – сабак болуп бере турган кыйла нерселерди бирин калтырбай түгөл унутуп, өзүнө өзү өтө ишенген кайбар адатынча кайсы бир машинени коркутуп көргөн көрүнөт. Менин оюмча көргөн жан жашоодон түңүлгөн, жан чыдагыс айбат менен чамынып, абалап, күжүрмөндүгү ашынган немеге алдындагы машиненин бардыгы же жоктугу билинбей эр жүрөгүм чимирилип бараткан дөңгөлөккө чейин жете түшкөн. Ошондо шопур: «Буга эмне мынча күч келди, ыя! Жылганын башы жошо бол, безилдек күчүк эми эмне болсоң ошо бол» – деп машинесин акырындаткандан эринсе керек. Же тагыраагы аны жылкынын зампасынчалык көргөн эмес, а балким, жылкынын зампасы деп ойлоп алган.

Дагы жакшы чымындай жаны аман калыптыр. Болгону жамбашына доо кеткендей, же сынса керек. Минтип куйругу бар экен, ал болбосо

кичине кыз анын көрүнгөн жерди басып жүргөн, өмүрү бир да жолу жуулбаган, тазалыгы жагынан мандемдүү берки шыйрагынан кармап сүйрөп келмек беле? Же көтөрө албаса, таштап коймок. Минтип ушул жерге чейин эч үзүлбөй, бул байкуштун өзүнө жөлөк-таяк, таянган тоо сымал, өлүмдөн калганга зор себепкер болуп мындай ишке жарап берсе анда бу куйрук деген иттерге чындыгында керек экен деп ойлоп калдым.

– Ээ, Кумайык, бу сен беймсиң? – деп эңкейдим. Мени тиктей калып көзүн ачып-жумганда каректери жаштана түштү. Анан куйругун булгалады. Бу, куйрук деген шумдук мүчө, шумдук буюм экен го. Тигинден бери дегеле толгонбой, кайрылбай, оорубай-этпей келгенби, эми ушунда да Кумайыка жан-дили менен кызмат кылып каалагандай булгаганга жарап жатпайбы?!

Анын буту кышка чейин деле аксаган боюнча калды. Какыс айыкканга ушу төрт-беш ай деле жетмек, балким, сакайгандыр? Атайылап атабы дейм да. Себеби күчүк үч буттап чуркаганга ушунчалык көнүптүр, тигиндейрээктен караганда жер беттеп сызып бараткандай көрүнөт. Мындайын соосунда эч байкабагам. Же ушинтип сызып, суудa катуу агып бараткандай чуркаганга төртүнчү буту тоскоол болуп жүрдү бекен? Өтө ыктымал. Ушуну Кумайык өзү да сезип калгандай.

Анан калса калган соо үч буту, ушу аздыгынан ийкемдүү, мобилдүү болуп бирин бири бат түшүнүшүп, өздөрү эле чапчаң керектүү кыймылга оңой келише аларын туюшуп өз ара макулдашып алышып, төртүнчү бутту жолотпой, кошпой, сыпайы гана какмалап жатышабы деп шекшийм.

Болбосо Кумайык небак төрт буттан жортуп калышы керек эле.

* * *

Тамагын ичип бүткөн соң ал мага каалашынча эркелеп алды да тигиндей жерге үйдүн шыбагына деп төгүлгөн былтыркыдан калган үйүлүп жаткан кумдун үстүнө барып күнөстөп жата кетти. Эми ушундагы тиричилигин байкап көрүңүз. Ал ушул жашоосуна толук ыраазы.

Ары капталын карап, тумшугун созуп абаны искеп көрдү. Анан башын бери жагына буруп эңкейип куйругунун учун эркелетип жаткансып дыкаттап, шашылбай кыйлага тиштегиледи. Баары бир жасоочу жумуш көрүнөт, убактысы кенен-чонон экен, шашылар иши болбогондуктан (көңүлүнүн чордонунда жүрсө керек) улам обдулуп тиштери менен капталын, коюнколтугун кыйлага дейре өзүнө жаккандай рахаттана кашынды.

Алдыңкы бир бутун өзүнө оңтойсуз сунуп алган окшойт, эрикпей өйдө козголуп оңдоп бүгүп ыңгайлуу кылып алган соң башын анын үстүнө койду.

Ошо боюнча күнгө үргүлөп баратты эле, бирок кайра көзүн ачып бутун аз убакытка чейин жалады да, мунусу өзүнүн көңүлүнө толгондон кийин тумшугун буттарынын үстүнө таштап көшүлүп калды.

Уктаган жок, көзүн кичине ачып-жумуп ага мындан артыгынан кереги жок, анын дүнөйөсү түгөл.

Иттин бул жаткандагы көрүнүшү ай-ааламды, бул жарык дүйнөнү жаратуучуга ушул сааты, ушул мезгили үчүн алына, чаркына жараша тооба келтирип, тирүүчүлүктүн ушул бейпилдигин ага даңктап жаткандай эле.

* * *

Кээде, эгер эшикке чыга калсам мени күтүп турган Кумайыкты көрөм. Ал мени ээрчип курга (кранга) чейин барат да капысынан эле тээтигиндей короонун четинде жем издеп, ар жерди чокулап жүрүшкөн чымчыктарды көздөй атырылып үрүп, аларды пырпырата учуруп жиберип, кайра эч жакка бурулбай келип мени карап туруп калат. Куйругун булгап да коёт. Белгилүү да, бул мактоо күткөнү. Эринбей эркелетсе дегени. Жалгыз итим Кумайык болсо эмнеден аянмак элем. Иттерге ылайык мактоо сөздөр, куру кептер толтура менде. Бир чыгынып бир саат бolobу же андан көппү, тамагым кургап кыркырап калгыча, жыгылып түшкүчө мактап турсам дейм. Бирок ага убакыт жок, айла жок.

Дейм да, эгер Кумайык бир аз эле адилеттүүрөөк болуп, тынбай мени гана мактап турса деген ою чын эле болбосо мен жокто деле ошо чымчыктарды тызылдата учуруп, безилдете айдап таштабайбы. Же эмне, Кумайык мага түшүндүргүсү келип жаткандай чымчыктар короону булгаш үчүн мени көргөндө эле жапырт ошоерге коно калышышкан имишпи?

* * *

Ошондон эки күн өтүп, Кумайыкка байланышкан мындай бир ажайып көрүнүштү көрдүм. Албетте, буга чейин тамыры тереңге кеткен жырткычтык аң-сезимден кыйла арылып калгансыган. Бирок дал азыркысын күткөн эмесмин.

Обочодогу алчанын түбүндө көрүнөө жерде Кумайык суналып кадимкидей чалкасынан жатканда аны кошунанын кара мышыгы бытыйган буттары менен кучактап алып тигинин кулагынан, тумшугунан жалапжуктап атыптыр. Ырас алардын чындаппы, ойноппу кубалашып жүрүшкөнүн бир жолу көргөм. Эми күчүк мышыкты кокус чочутуп, ка-

чырып иемби дегенсип, тоскоол болбосу үчүн эки бутун бооруна бекем бүгүп аны түшүнө койгон мышык эңкейип анын арсыйган тиштерин, уурттарын жалап кирди. Ушул жагдайды бузуп алгандан этияттанып Кумайык өзү былк этпей көлкүп жатты. Буларды көрүп кадамым таштаган боюнча мен ордумда токтоп калдым.

Күчтүүлөр баштаган алгылыктуу ишти алсыздар колдоп кетет эмеспи. Менимче, мындай демилгени Кумайык баштаган болуш керек. Жалгыз мышык эмне кыла алмак. Бу ит менен мышыктан тээ түпкү тектеринен бери бирин бири көргөн жерден кыя өтө албаган кас душмандар экенине карабастан Кумайыктын мындай иши анын бул жарык дүйнөнүн асылдыгын маңызын туюп, ширесин биле баштаганы эле. Балким, жараткан мунун адамга берилгенине карап көрөңгөсүнө көрөңгө кошуп атабы, же Кумайыктын өзүнүн дагы эмне кылсам, мага кантип жагып көңүлүн тапсам деп күнү-түнү ой калчаганы, аракетке берекет болуп текке кетпей жатабы, же тажрыйбасы артып бараткан күчүгүмө бул ой эртеби-кечпи сөзсүз келмек беле, бул жолу менин оюма такыр келбеген, бирок көңүлүмө туура келер иш, эртелеп аңдып күтүп жатат да ишке жөнөсөм, ордунан кошо туруп чоң жолго аялдамага чейин узатат. Артыман ээрчибей, декилдеп катар басат. Өз ишинин жоопкерчилигин мындан билиңиз, үйлөрүнүн астында турушкан тааныш иттеринин бирине да көңүл бурбайт, чуркап жанына жетип барбайт. А кечкурун ошол жерден мени унутпай тосуп алат. Токтогон автобус, бусиктерди акмалап мени издейт экен. Мен да анын мени баалагандыгын баалап анча-мынча ишти эртеңкиге калтырып көп кечикпей, күүгүмгө жетпей жетип келчү болдум. Аз өтүп мунуму токтоттум. Мен үчүн ар бир саат кымбат болчу. Жумуш көбөйүп, эми кеч келмек турсун өнөрканада түнөп калып иштечү кез келди. Анан да кыргыз качан эле итине карап иш графигин түзүп алчу эле.

* * *

Кыш өтүп жаз келгенде мага алыскы бир чоң мамлекеттен чоң заказ түштү. Барып иштеш керек экен. Кылчактай турган нерсе жок. Балдар болсо эр жетти. Эми алардын келечегине кам көрөр мүмкүнчүлүк ачылды окшойт. Он секунддай Кумайыкты ойлондум. Ойлонбой турган күчүкпү? Менсиз кантээр экен? Чет өлкөгө документтерди ырастап жүрүп түшкө жакын Эркиндик гүлбагынын ичиндеги бир отургучка отура кеттим. Жер түбүнө барар киши эмнелерди ойлонбойт. Канча убакыт өткөнүн билбейм.

– Отуруп калыпсыз, агай? Саламатсызбы? Мени тааныдыңызбы? Күчүгүмдү сизге таштап кетпедим беле? – Анан шаңкылдап күлүп жиберди. Ордуман тура калдым. Өзү. Эми кийингени керемет.

– Караңгыда жарык чачкан сенсиңби? Ошондо күчүгүңү бербей койгонума кийин аябай өкүнүп жүрдүм, – дагы калп айттым. Көңүлүн табуунун аргасы да.

Дароо тура калып сунган колун алып өптүм.

– Сизге барып сүйлөшөйүн деп аттым эле, бирок күчүк жөнүндө эмес, – дагы күлүп жиберип токтоду. – Сиз сүрөтчүсүз да?

– Ооба.

– Чоң заказ табылды эле, картина жасалгалоо, дизайнер иштери. Сиз мени шакирт кылып алсаңыз кошо иштешсекпи, – деп. Же макул эмессизби? – деп дагы ыгы менен күлдү.

– Шарт жооп берейин. Макулмун.

– Мен деле сүрөт тарталам, агай. Ушуга окуйм десем үйдөгүлөр такыр каршы болуп туруп алышпадыбы. Сүрөт дегенде, боёкторду көргөндө арманым батпай башым ооруп кетет.

– Куда каалаcа сүрөтчү болосуң. Оңой эле. Төрт-беш эрежеси бар. Ошолорду эле жете билип алсаң...

– Чын элеби? Эрежелер мененби? Анан мен сүрөтчүмүн? Эч ишене албайм. Асмандагыны сүйлөшүп атабыз, агай.

– Эрежелер менен хирург болушуп, космоско учушуп, радио-телевизор, соткелерди ойлоп табышкан да. Албетте, бир эрежеге таянышып аны бир аз өстүрүшкөн. Тарткандарыңы көрсөтсөң. Ошондон байкаса болот. Сен жаман тартпасаң керек?

– Эртең көрө аласызбы?

– Сөзсүз. Анан экөөбүздүн алдыбызда бир маселе бар. Сүйлөшүп алалы. Мени алыс жакка заказга чакырышты. Андан көрө мени менен барааласыңбы? Ата-энең эмне дээр экен?

– Бөтөн жерде кандай болор экен. Канча убакка?

– Иштешибизге жараша болот. Бир жыл же андан көп. Элдин баары эле иш чыккан жакка кетип жатышпайбы. Тааныштар бар ал жакта, кыйынчылыктар деле болбойт.

– Ойлонуп көрүш керек экен. Адегенде мен тапкан заказды бүтөбүз да.

– Ооба, аны барып көрсөк болот эле.

– Анда эртең, агай.

Кафелердин бирине кирели десем такыр баш тартты, шашып атканын айтып. Кийинки күнү айтылган саатта ошол жерде жолуктук. Күчүгү жөнүндө эч сөз болгон жок...



*Проза*

Василий
ШУКШИН

# СЫНОО

## (Аңгеме)

– Эмне кечиктиңиз? – профессор сурдана карады.

– Билесизби... Кечирип коюңуз... түз эле иштен келатам... Шашылыш иш чыгып... – Узун бойлуу, өңдүү-түстүү студент аудиториянын босогосунда турду ичкери киргенден тартынып. Жигиттин чынчыл, акылдуу экендигин көзү эле айтып турду.

– Билет алыңыз. Номуру?

– Он жети.

– Суроолору кандай?

– Биринчи суроосу «Игордун кошуну жөнүндө баян». Экинчиси...

– Жакшы билет тийиптир. – Профессор өзүнүн катуу кеткенине бир аз бушайман боло түштү. – Даярдана бериңиз.

Студент кагазга үңүлүп, ойго батты.

Профессор аны бир топко байкап турду. Өзүнүн көп жылдык өмүрүндө буга окшогон жигиттердин нечен миңи көз алдынан чууруп өттү; алар жөнүндө кыскача гана студент деп ойлоого көнүп калган. Бирок ошол миңдеген жаштардын ичинен бири-бирине окшоштор болчу эмес. Ар кимиси башка.

«Баары өзгөрөт. Илгерки профессорлор өздөрүн окутуучуларбыз деп эсептей алышчу, анткени окуучулары бар болучу... Бүгүн биз болсо бар болгону профессорлорбуз», – деп ойлоду профессор.

– Мага сурооңуз жокпу?

– Жок, түшүнүктүү.

Профессор терезе тарапка басып барды. Тамеки тартты. Байыркы профессорлор жөнүндө оюнун аягына чыга электе эле көчөнү ынтаа коюп карай баштады.

Күн кечтеп бaратат. Көчөдө демейдеги эле көрүнүш – шуулдайт да турат. Трамвай өтүп кетти. Бурулушка келгенде анын догосунан кызыл учкундар чачырады. Семафордун алдында автомобилдер котолой түштү; Семафор көзүн ымдап койду эле, алар дароо алга зуулдашты. Тротуар толо шашылган адамдар. Машиналар да шашылат.

«Адамдар дайыма шашылмакчы. Үндөн тез ылдамдык менен баса алган күндө да шашыла беришет. Каякка барып токтошоор экен?..»

– М-м. – Студент козголуп койду.

– Даярсызбы? Баштаңыз. – Профессор терезеден бери бурулду. – Угуп жатам.

Студент жоон, одуракай манжалары менен ичке кагазды – билетти кармап алган; билет билинер-билинбес дирилдеп жатты.

– «Сүрдөп жатат – деп түшүндү профессор. – Эчтеме эмес, сүрдөй бер».

– «Игордун кошуну жөнүндө баян» – залкар чыгарма, – деп баштады студент. – Бул деген... чебер чыгарма. Он экинчи кылымдын акырында жазылган... к х э... Автор бул чыгармада элдин үмүт... – Профессор жигиттин жез менен каңдагандай болгон суз жүзүнө карап «Баяндын» автору өтө эле жаш болсо керек деп эмнегедир ойлонуп калды.

– ...Княздар өз ара ынтымакка келе албагандыктан... Жалпылап айтканда орус бөлүндү-жарынды болгон, кыпчактар орустарга кол салганда... – Студент эрдин тиштеп, кабагын чытыды: туура эмес айтып жатканын өзү да сезди окшойт. Кызарып чыкты.

«Окубаптыр. – Профессор студентти теше тиктеп, ачуулуу карады. – Ооба, окубаптыр. Тарпы чыккан баш сөзүн гана окуптур. Шайтан алгырлар десе! Сырттан окуунун үзүрү ушул!» Профессор бир жолу газетага макала жазып барса чыгарбай коюшкан. «Ушу кантип болсун!» – деп. Ушу кантип болсундун аягы мына! Княздар өз ара ынтымакка келе албайт деп турбайбы».

– Окудуңуз беле?

– Барактагам... Эх...

– Уят деген барбы, сизде? – профессор кайдыгер гана күйдүргү суроо салып, жообун күттү.

Студент мойнунан чекесине чейин кызарып чыкты.

– Жетише албай калдым, профессор. Шашылыш иш... Шашылыш тапшырма чыгып...

– Сиздин ишиңиз менен тыйынчалык жумушум жок. Эгерде билгиңиз келсе мени улуттук эң улуу чыгарманы окубаган адам, орус адамы кызыктырат. Аябай кызыктырат.

Ден соолугу чың студентти жек көрө баштаганын профессор туйду.

– Окууга өзүңүз өттүңүз беле?

Студент профессорго муңайып карады.

– Албетте, өзүм.

– Аны кандай түшүндүңүз эле?

– Эмнени?

– Окууну. Эл катары болсом дегенсиз го? Ошондойбу?

Бир саамга бири-бирин карап калышты.

– Кереги жок, – студент күбүрөп койду, жер карап.

– Эмненин кереги жок?

– Антиштин кереги жок.

– Кеп эмес бекен! – Профессор үнүн бек чыгарып, тизесин бир чапты да ордунан турду. – Кеп эмес бекен. Болуптур мен антип айтпай эле коёюн. Мени кызыктырганы эле бул: сизде уят барбы же жокпу?

– Бар.

– Кудайга шүгүр!

Бир мүнөт унчукпай калышты.

Профессор досканын жанында ары-бери күңкүлдөй басып, башын чайкап коюп жатты. Ачуусу кайнап, ошондон улам жашара түшкөнсүдү.

Студент билетин карап кыймылсыз отурду. Убакыт өтпөй аябай кыйналды.

– Дагы сураңыз. Даярдыгым бар.

– «Баян» кайсы кылымда жазылган? – Профессор ачуусу келгенде жаш баладан бетер чыргоо болуп кетчү.

– Он экинчи. Акырында.

– Туура. Князь Игорь эмне болду эле?

– Князь Игорь туткунга түшкөн.

– Туура. Князь Игорь туткунга түшкөн. Шайтан алгырдыкы десе! – Профессор колун көкүрөгүнө кайчылаштырып, князь Игордун туткундалып калышына, негизинен, ал жөнүндө мажүрөө сөз болуп жатканына аябай ыза болгонун билгизип жатты. Өзү да, студент да мектеп балдарынын оюнуна катышып калганына ачууланып, өкүнүп жаткандыктан кемсинтем деген ою ишке ашпай жатты. Жигитти канчалык аяган сайын, ага ошончолук жини келип, кызык эле болду. – Эх, кандай өкүнүчтүү! Ал эмне болуп туткунга түшүп калды?!

– Койчу бааңызды коюңуз, өзүңүздү кыйнабаңыз.

Студент чечкиндүүлүк менен корс этти. Ордунан турду.

Студенттин оройлугуна профессор тынчтана түштү. Отурду. Жигитти жактырып калды.

– Князь Игорь жөнүндө уланталы. Ал тутканда өзүн кандай сезип жүрдү? Оболу отуруңуз.

Студент отурбай койду.

– Мага «эки» коюңуз.

– Князь Игорь туткунда өзүн кандай сезип жүрдү? – Профессордун кыжыры кайнап, кыйкырып кирди. – Туткундагы адам өзүн кандай сезет! Ушуну түшүнүүгө да чамаңыз келбейби?!

Студент турган бойдон бир топко чейин кой көзү менен абышканы телмире карады.

– Түшүнөм, – деди ал.

– Анан. Эмнени түшүнөсүз?

– Өзүм туткунда болгом.

– Ошондойбу... Туткунда болгонуңуз кандай? Каерде?

– Немистерде.

– Сиз согушта болдуңуз беле?

– Ооба.

Профессор студентти кунт коюп карады, эмнегедир «Баяндын» автору көк көз ачуулуу жана мыкты жигит болсо керек деп ойлоду.

– Узак болдуңузбу?

– Үч ай.

– Анан эмне болду?

– Эмне?

Студент профессорду, профессор студентти карап калышты. Экөө тең ачуулуу.

– Отуруңуз тура бербей, – деди профессор. – Туткундан качып чыктыңызбы?

– Ооба. – Студент отурду. Кайрадан билетине үңүлдү. Тезирээк чыгып кеткиси келди.

– Кантип качтыңыз? Айтып бериңиз?

– Түн ичинде, этаптан.

– Толугураак, – профессор буйра сүйлөдү. – Сүйлөгөндү үйрөнүп алыңыз, жигит! А да керек. Кантип качтыңыз? Мага ал иштин амал-айласы эмес, психологиялык жагы кызык. Өзүңүздү кандай сездиңиз? Туткунга түшкөндөн оор нерсе болбосо керек? – Профессор бети-башын жыйрыды... – Туткунга кантип түшүп калдыңыз? Жарадар белеңиз?

– Жок.

Унчукпай калышты. Туткун жөнүндө маектешкенде көпкө унчукпай коюш да болбойт.

– Анан кантип?..

– Курчоодо калганбыз. Аны айтып түгөтүү кыйын, профессор.

– Мунун убактысынын тардыгын карасаң!

– Кеп убакыттын тардыгында эмес, башка...

– Коркунучтуу болот бекен?

– Коркунучтуу.

– Ооба, ооба. – Профессорго студенттин жообу эмнегедир аябай жагып калды. Тамеки тартты.

– Тамеки тартыңыз. Аудиторияда тамеки тартышка болбойт деңизчи, ошентсе да... эчтеке эмес...

– Тарткым келбейт. – Студент жылмайып койду да, ошол замат олуттуу боло калды.

– Өз айылыңызды, албетте, апаңызды эстегендирсиз?.. Канчада элеңиз?

– Он сегизде.

– Айылыңызды эстедиңизби?

– Мен шаардыкмын.

– Койчу! Мен сизди элеттен го деп ойлогом. Ошондой экен да...

Унчукпай калышты. Студент каражолтой билеттен көзүн албай; профессор янтардан жасалган мүштөгүн кармалап, студентти улам карап коюп жатты.

– Өз ара эмне жөнүндө сүйлөшчү элеңер?

– Кайдан? – Студент өйдө карады. Мындай суроолор анын кыжырына тие баштады.

– Туткунда жүргөндө.

– Эч нерсе жөнүндө. Эмнени сүйлөшмөк элек?

– Шайтан бастырдыкы десе! Ал чындык. – Профессор туталана баштады. Ордунан турду. Мүштөгүн улам бир колуна алып, кафедранын жанында ары-бери басты. – Ал чындык. Атыңыз ким?

– Николай.

– Ал чындык, түшүндүңүзбү?

– Эмне чындык? – Студент сыпаа жылмайды. Билетти ордуна койду. Сөздүн төркүнү өзгөрүлүп, эмне кыларын билбей калды.

– Унчукпаганыңар чындык. Эмне жөнүндө сүйлөшмөк элеңер! Душманга ооз ачпаш керек. Эң акылман сөз. Киевде болгон жок белеңиз?

– Жок.

– Анда Подол аттуу район бар. Бийик жерден туруп караса болот. Алаканга салгандай шаңкайып көрүнөт. Ошол жерден караган сайын өзүм да бир кездерде ал жерде болгонсуп сезем. Өз өмүрүмдө эмес, андан алда канча илгери болгонсуп кетем. Түшүндүңүзбү? – Профессордун ою уйгу-туйгу – көкүрөктө сакталган ыймандай сырын кокусунан айтып алганына бушайман болуп, биринчиден, аны түшүнүшпөйт деп; экинчиден, айтып салганына нааразы болуп жатты.

Студент ийнин куушуруп, мойнуна алды:

– Билгенге татаал эле болсо керек.

– Койсоңузчу! Эмнеси татаал? – Профессор аудиториянын ичинде бат-бат баса баштады. Ал өзүнө өзү ачуусу келет, унчукпай да коё албайт. Ар бир сөзүн эжелеп айтты: – Кээде мен качандыр бир кезде ошол жакта болгонсуп кетем. Тээ илгери. Игордун тушунда. Эгер мен ал жөнүндө азыр, кийинки кезде гана ойлогон болсом, бул карылыктын

белгиси демекмин. Бирок мен жаш чагымда деле ошентип сезчүмүн. Кандай?

Бир саам тунжурай калышты. Экөө тең бири-бирине тигилип, кайсы бир нерсенин башын ачып алгылары келгенин түшүнө албай турушту.

– Мен түшүнө албай турам, – студент сыпаа сүйлөдү, – Подолдун буга эмне тиешеси бар?

– Сиздин унчуккан жокпуз дегениңиз орду менен айтылгандыгына көзүм жеткенсиди. Өзүм туткунда болгон жан эмесмин, согушка да катышкан эмесмин, бирок Подолдо жүргөндө эмнегедир согушка байланыштуу нерселерди бүт түшүндүм. Туткундагылар үндөбөсө керек деген ойго келдим. Сурак убагында эмес, – ал жөнүндө көп окугам. – Өз ара да сүйлөшпөйт. Ошол жерден көптү билдим. Мисалы, мен күзөтчүлөрдү кантип билгизбей жоготсо болор эле деген суроого жооп издеп, көп убараландым. Менимче, аларды чочутуш керек.

Студент профессорго таңдана карады.

– Ооба. Шырп эткизбей боортоктоп жылып жетиш керек да, акырын гана сураш керек. Минтип: «Саатыңыз канча болду, айтып коюңузчу, бай болгур?» Ал адегенде эсинен тана түшөт. Ошондо аны качырып сала берсе болот.

Студент күлүп ийди, башын көтөрбөй.

– Дөөпөрөстөнүп кеттимби? – Профессор студентке тигиле карады.

Студент жооп бергиче шашты:

– Жок, эмне үчүн... Менимче сизди, түшүнүп эле турам.

«Калп айтат. Капаланткысы келбей турат», – деп ойлоду профессор. Ындыны өчө түштү. Мындай деп кошумчалоону туура көрдү:

– Себеби биздин өлкөбүз далай согушту башынан өткөрдү. Согуш оңой болгон жок. Анын баары дээрлик элдик согуш жана жумурай-журттун башына түшкөн оор кайгы болду. Майданга түздөн-түз катышпаган адам да элге түшкөн түйшүк менен жашайт. Түшүнүп тургандырсыз, мен муну китептен окуп алган жокмун. Мен аны жандүйнөм менен даана сезем жана ишенем.

Көпкө унчукпай калышты ой учуктарын жыйнап. Кайрадан «Игордун кошуну жөнүндөгү баянга» кайрылып, көрүнүктүү чыгарманы окубаганы үчүн студентти уялтыш керек эле. Бирок ага профессордун чыдамы жетпей, дагы эки суроо салды.

– Жалгыз качтыңызбы?

– Жок, жети киши болчубуз.

– Карыган апенди жадатып бүтмөк болду деп турасыз го! Ошондойбу?

– Кантип эле ошентейин, – студент дал ушинтип ойлоп тургансып кызарып-татарып чыкты. – Ишенип коюңуз, профессор. Мунун баары мен үчүн кызык.

Кары профессордун жүрөгү дүрсүл какты.

– Аныңыз жакшы, солдат. Мени түшүнгөнүңүз да жакшы. «Баянды», албетте, сөзсүз окуш керек. Көп ирет. Ал китепти сизге тартуулайм. Ала келгем... – Профессор портфелинен «Игордун кошуну жөнүндө баянды» алып чыкты да, ойлоно калды. Студентти карап, күлүмсүрөп койду. Китептин мукабасына бирдемелерди шыпылдата жаза салып, студентке берди. – Азыр окубаңыз. Үйгө барганда окуп аласыз. Мен азыр кыз көрүп жүргөн эби жок жигиттей шашкалактап турганымды байкап жатасызбы? – Профессор муңая карады, мындай маектешүү оңойго турбасы белгилүү да.

Студент эмне дээрин билбей калды. Ийнин куушуруп тим болду.

– Жетөөңөр тең тирүү жеттиңерби?

– Жетөөбүз тең.

– Азыр бири-бириңерге кат жазышып турасыңарбы?

– Жок, мына-ана деп эле... билесиз да...

– Албетте, билем. Сөзсүз. Анын баары менин ардактуум, орустарга тиешелүү нерсе. Сиз болсо «Баянды» окугуңуз келбейт. Ал деген орустардын таң каларлыктай ыры да. «Жылкылар Суладан ары кишенейт; Киев даңкка бөлөнүп, сурнай-керней Новгороддо тартылып, Путивлде аскерлер каз-катар болуп тизилип, асаба желек желбирейт». Кандай? Профессор шумдуктуудай ырдын акыркы ыргагына кулак төшөгөнсүп, сөөмөйүн чычайтып койду.

– Зачёткаңызды бериңиз. – Баа койду да, зачетканы жаап, студентке сунду. Кайдыгер гана: – Жакшы барыңыз, – деди.

Студент аудиториядан чыгып кетти. Чеке терин аарчыды. Бир саамга бош коридорду карап турду. Колундагы зачеткасын карагандан жүрөкзаада болуп, балээ басып «жакшы» же «эң жаман» деген баа коюлуп калбагай эле деп коркту. Жети өмүрү жерге киргенсиди.

«Орто» деген баа болсо эле жетишет, – деп ойлоду. Аудиториянын каалгасын карап койду да, зачеткасын шарт ачты... Бир топко дейре анысын аңкайып карап турду. Аудиториянын эшигин жана бир жолу карап алды да, ичинен күлүп басып кетти. Зачеткага «жаман» деген баа коюлуптур.

Көчөдө баратып китепти эстеди. Ачып окуду: «Оку солдат, окуу оңой иш эмес. Проф. Григорьев».

Студент институттун терезелерине көз жүгүрттү, алардын биринен профессорду көрүп калгандай болду.

...Профессор чынында эле терезенин жанында турган эле. Көчөнү карап, манжалары менен айнекти черткилеп жатты. Тунжурап турду.

# СЫНЧЫЛАР

Чоң атасы жетимиш үчтө, небереси Петька – он үчтө. Абышка арыкчырай, ачуусу чукул, кулагы каңырыш угат. Петька жаш болсо да өз акылы өзүндө, узун бойлуу, уялчаак жана өжөр бала боло турган. Экөөнүн ынтымагы бекем болчу.

Алар баарынан да кинону жакшы көрүшчү. Чоң атанын пенсиясынын теңи билетке кетчү. Адатта аягында акчасын эсептеп чыгып, ичи ачышса да Петькага көңүлдүү кабарлачу:

– Экөөбүз беш сомдон кол жууптурбуз.

Петька адеп сактап, таң калымыш боло калчу.

– Эч нерсе эмес, ач калтырышпайт, – дечү чоң атасы (Петьканын атасын жана энесин айтканы). – Экөөбүз андан пайда гана табабыз.

Дайыма биринчи катарга отурушчу: арзан түшчү жана чоң атага жакшы угулчу. Ошентсе да сөздүн теңин укчу эмес. Актерлордун эриндеринен гана эмне дешкендерин боолголочу. Кээ бирде чоң ата өзүнөн өзү залдагылардын эч кимиси күлбөсө деле каткырып калчу. Петька аны капталга нукуп, ачуулуу күбүрөчү:

– Сага эмне болду? Келесоодон бетер...

– Жанагы жерден ал эмне дегендей болду? – чоң атасы суроо салчу.

Петька чоң атасынын кулагына шыбырачу:

– Темпти төмөндөтпөстөн.

– Ха-ха-ха, – чоң ата өзүн өзү шылдыңдай күлчү. – Мага башкача дегендей угулган.

Жазыксыз адамды өлтүрүп жатканын көргөндө чоң ата ыйлап кирчү.

– Эх, канкорлор! – деп жаны күйүп күбүрөчү да, кол жоолугуна чимкиринчү. Экранда көргөндөрү жөнүндө өз оюн айтмайын жаны жай алчу эмес. Тигилер өбүшө баштаганда жылмайып койчу да, күбүрөп калчу:

– Шайтандар десе!.. Карасаң, карасаң. Эх!

Мушташ башталганда чоң ата стулду бекем кармап алып, мушташкандарды моокуму кангыча кунт коюп карап отурчу (жаш кезинде мушташканды жакшы көргөн неме болчу дешчү, бирок таяк жечү эмес).

– Жок, тигиниси жарабай калды... Чабал тура, мунусу шамдагай экен.

Бирок жасалмалыкты шумдуктай сезчү.

– Об-боо, – дечү ал ызаланып, мунусу карандай калп болуп калды.

– Кан агып жатпайбы, – дечү Петька каяша айтып.

– Та-а... Кан... эмнеси бар экен. Мурун деген назик нерсе, кол тие электе эле канап чыгат. Кеп анда эмес.

– Кеп анда эмес эмей!

– Албетте, анда эмес.

Аркадагылар уруша баштаганда гана басылышчу.

Чоң талаш клубдан чыкканда башталчу. Кыштак турмушунан алынган фильмдер жөнүндөгү пикири аябагандай чечкиндүү боло турган.

– Былжырашат, – дечү ал. – Мындай болбойт.

– Эмне үчүн болбойт?

– Эмне, жанагы жигит сага жагабы?

– Кайсы жигит?

– Кыякчан. Терезеге чыккан.

– Ал терезеге чыккан жок, – деп чыдамсызданчу Петька; фильмдеги окуяларды жат билчү, чоң атасы чаташтырып жатканына бушайман болчу. – Ал терезеге чыгып ырдагысы келген.

– Чыккан дейм. Бир жолу, алиге эсимде, чыгып баратсам...

– Эмне, ал сага жакпайбы?

– Ким?

– Ким-ким!.. Терезеге чыккан жигит. Ал жөнүндө өзүң баштадың го.

– Мына мынчалык да. – Чоң ата чыпалагынын учун көрсөтүп койчу. – Ваня кейбирдей эле бар. Басса-турса эле ырдайт... Бизде Ваня кейбир деген болгон, ыры оозунан түшпөгөн.

– Ал деген сүйөт да! – дечү Петька, кыжырланып.

– Сүйсө эмне экен?

– Ошондон улам ырдайт да.

– Ыя?

– Ошондон улам ырдайт дейм!

– Андайды дароо эле шылдың кылышмак. Бастырбай салышмак. Ал сүйөт имиш... Сүйгөн кишиде уят болот. Ал кыштакты түрө ырдайт да жүрөт... Кайсы кейбир ага күйөөгө чыксын! Чала кайым жигит экен. Биз деген алигиче эсимде, көңүлүбүзгө жаккан кыздан эки көчө айланып өтчүбүз, – анткени уят-сыйыттуу болчубуз. Сүйөт... Сүймөктөн сүйсүн, бирок эмне үчүн...

– Эмне, эмне үчүн?

– Эмне үчүн адамдарга күлкү болот дейм да? Биз деген, алигиче эсимде...

– Баягы эле «биз, биз». Азыр адамдар башка болуп калган!

– Эмне үчүн алар башка болуп калат? Адам деген дайыма бирдей болот. Сен андай кейбирлерди көп жолуктурасыңбы?

– Ал деген кино да, акыры. Салыштырып болбойт да.

– Салыштырган жерим жок. Жигит турмуштагыдай болбой калыптыр деп жатам, болгону ошо, – чоң ата билгенин берчү эмес.

– Ошентсе деле жакшы го! Күлүштү го! Алар эмес мен да күлдүм.

– Сен али жашсың, ошондуктан сага баары эле күлкүлүү көрүнөт. Мен деген күлөт деген ушу экен деп эле күлө бербейм го.

Чоң кишилер менен искусство жөнүндө чанда гана талашчу, алы келчү эмес. Ачуусу тез келип, мазактап кирчү.

Бир жолу гана ал чоң кишилер менен катуу айтышып калды, бирок дал ошонусу анын түбүнө жетти.

Чатак мындан башталды.

Петька экөө күлкүлүү картинаны көрүп, клубдан чыккандан кийин майда-чүйдөсүнө чейин териштиришет.

– Баарынан жаманы: тигил шайтандар (актерлор) боорун тырмап күлүшөт, көрүп отургандар жылмайып да коюшпайт! – чоң ата ачууланып жатты. – Сен жылмайдыңбы деги?

– Жок, – деп мойнуна алды Петька. – Алар машинасы менен кулаганда гана бир жолу жылмайдым.

– Көрдүңбү! Биз болсо эски акча менен эки сом төлөдүк! Өздөрү күлүп алып баса беришти.

– Баарынан да «Комедия» дешкендерин кантесиң.

– Комедия имиш... Мындай комедия үчүн акесин таанытыш керек.

Үйгө сиркелери суу көтөрбөй келишти.

Үйдөгүлөр болсо телевизордон кыштак жөнүндөгү картинаны көрүп отурушуптур. Петьканын таэжеси, Петьканын апасынын бир тууганы, мейманчылап келген экен. Күйөөсү менен. Шаардан. Баары тең телевизор көрүп отурушуптур. (Чоң ата жана Петька телевизорду жек көрүшчү. «Мен бойдок кезимде Микита байкем үйлөнүп, алар жаткан бөлмөнү каалганын жылчыгынан карап турганды жакшы көрчүмүн. Булардын телевизору да ошондой: жылчыктан карап тургансыйсың», – деген чоң ата, телевизорду эки ирет көргөндөн кийин).

Ошентип, баары тең көрүп отурушат.

Петька дароо эле сабагын даярдаш үчүн оозгу үйгө чыгып кетти, чоң ата отургандардын арасына туруп телевизордун бүлбүлүн беш мүнөтчө карап турду да, мындайча бүтүм чыгарды:

– Былжырашат. Мындай болбойт.

Петьканын атасы ызалана түштү.

– Коё тур, атасы, жолтоо болбо.

– Жок, мунусу кызык экен, – деди шаардык сыпайы адам. – Эмне үчүн андай болбойт, аба? Анан кандай болот?

– Кулагы каңырыш угат, – деп түшүндүрдү Петьканын атасы.

– Эмне үчүн андай болбойт?! Анан кандай болот? – деп жатам. Шаардык адам үнүн катуу чыгарып, эмнегедир эле алдын-ала күлүмсүрөдү.

Чоң ата аны кемсинте карады.

– Ушинтип эле болбойт. Сен деген тигини чын эле жыгач уста деп ойлоп турасың, мен көрөр замат тигинин жыгач уста эмес экенин баамдадым. Ал балтаны да жөндүү кармаганды билбейт.

– Петька экөө биздин сынчыларыбыз, – деди Петьканын атасы, чоң атанын одонолугун аз да болсо жымсалдаткысы келип.

– Кызык экен, – шаардык киши кайрадан сөзгө аралашты. – Тигинин балтаны жөндүү кармай албаганын кантип билдиңиз?

– Анткени мен өмүр бою жыгач усталык кылып келгем. «Кантип билдиңиз?» – деп коёт.

– Аба, – Петьканын таэжеси сөз кыстарды, – кеп анда эмес да?

– Анан эмнеде?

– Мени биринчи кезекте адамдын өзү кызыктырат. Түшүндүңүзбү? Тигинин жыгач уста эмес экенин мен да билем, – ал актер, бирок мени кызыктыр... Мени көбүрөөк кызыктырганы....

– Студияда мына ушундайларды гана жазышат,– Петьканын таэжесинин күйөөсү кайрадан күлүмсүрөдү. Петьканын таэжеси жана тажездеси аябагандай акылдуу жана баарын билген адамдардан эле. Чоң ата менен сүйлөшкөндө жүздөрүнөн жылмаюу кетпейт. Ага чоң атанын жини келет.

– Сага маанилүү болбосо, мага маанилүү, – деп кесе айтты ал. – Алар сени көз ачып-жумгуча эле алдап салышат, мени алдай алышпайт.

– Ха-ха-ха,– шаардык адам күлүп калды. – Катырдыбы?

Петьканын таэжеси да жылмайып койду.

Петьканын атасы жана апасы чоң атанын кылыктарына аябай кыжалат болуп жатышты.

– Сага жагыш өтө кыйын, – деди Петьканын атасы. – Андан көрө Петькага барып жардамдаш. – Шаардык адамга эңкейип жайма-жай түшүндүрдү: – Небересинин сабагына жардамдашат, өзү болсо ныпым билбейт. Экөө ушунчалык талашат дейсиң. Бооруң эзилет!

– Кызык абышка экен, – деди шаардык киши макул болуп.

Баары тең телевизор карап, чоң атаны унутуп коюшту. Ал ызага батып турду. Бир аздан кийин Петькага барды.

– Шылдыңдап жатышат,– деди ал Петькага.

– Ким?

– Тиги... – Чоң ата бөлмө тарапты жаңсап койду. – Сен эч нерсени билбейсиң, карыган шайтан дешет. Өздөрү билет бекен!

– Аларга теңелбей эле кой, – деп акыл айтты Петька. Чоң ата орундукка көчүк басып, үндөбөй отурду. Кайрадан сүйлөп кирди.

– Сен, кейбир, акылдан айныган немесиң дешти.

– Ошентиштиби?

– Ыя?

– Сени кейбир дештиби?

– Шылдыңдашканы да. Өздөрү баарын билип тургансып! – Чоң ата бара-бара Петька айткандай «жээлиге» баштады.

– Аларга теңелбесеңчи. – Петька дагы акыл айтты.

– Келип алышып... Сабаттууларын! – Чоң ата ордунан туруп, сандыгынан акча алды да, чыгып кетти. Бир сааттан кийин мас болуп келди.

– О-о! – Петька таң калды (чоң атасы чанда иччү). – Сага эмне болду?

– Көрүп жатышабы? – деп сурады, чоң ата.

– Көрүп жатышат. Аларга барба, кел, чечиндирип коёюн. Мынчалык эмне ичтиң?

Ал орундукка балпайып барып отуруп калды.

– Түшүнгөнү – алар, түшүнбөгөнү – экөөбүз экенбиз да! – деди ал бакылдап. – Сен деген келесоосуң. Сен турмушту билбейсиң деп коюшат. Өздөрү билермандар экен да! Акчаңар көп го! – Чоң ата бакылдап кирди.– Көп болгон күндө да мурдуңду дердейтпе! Өмүр бою жумуштан колум бошогон эмес! Азыр керегим жок болуп калган экенмин да. Сен болсо колуңа балта кармап көргөн жан эмессиң! – Чоң ата телевизор көрүп жатышкандардын бөлмөсүнүн каалгасы менен сүйлөшүп жатты.

Петька эмне кыларын билбей калды.

– Антпе чоң ата, антпе, – деп чоң атасын тынчытып жатты. – Келчи, чечиндирип коёюн. Койчу ошолорду!..

– Жок, коё тур, мен ага айтып калайын... – Чоң ата турмак болду эле, Петька кармап калды.

– Антпе, чоң ата!

– Шаардык адамсөрөйлөр. – Чоң атанын ачуусу тарагандай болуп, жоошуй түштү.

Петька анын бир өтүгүн чечти.

Чоң ата эмнегедир кайрадан обдулду.

– Шылдың кылганы мен экенмин да? – Ачуусу кайнап, көзү кайрадан жайнап чыкты.

Өтүгүн алып бөлмөгө жөнөдү. Петька аны токтото албады.

Чоң ата бөлмөгө кирди да, өтүгү менен керилип туруп телевизорду берип калды.

– Силер үчүн!.. Үчөөңөр үчүн!

Экрандын быт-чыты чыкты.

Баары тең атып турушту. Петьканын таэжеси чаңырып ийди.

– Мазактайсыңар ээ! – чоң ата кыйкырып жатты. – Өзүң өмүрүңдө бир жолу балта кармап көргөнсүңбү!

Петьканын атасы чоң атаны кучактайын деди эле, алы келбеди.

Орундуктар туш-тушка ыргыды... Петьканын таэжеси жана бир жолу чаңырып алып, сыртка учуп жөнөдү.

Петьканын атасы чоң атаны эптеп жыкты да, колун артына кайрып, сүлгү менен байлай баштады.

–- Катырдың мени, катырдың, атасы, – деп ызырынып жатты ал, чоң атанын колун катуу байлап жатып. – Ыракмат сага.

Өлгүчө коркуп алган Петька ушунун баарын көзү чанагынан чыгып карап турду. Шаардык адам четтерээк туруп, анда-санда гана башын чайкап коюп жатты. Петьканын апасы айнектин сыныктарын чогултуп жүрдү.

– Катырдың мени, – Петьканын атасы өзүнчө эле сүйлөнүп, тишин кычыратып жатты.

Көмкөрөсүнөн жаткан чоң ата сакалы менен боёлгон тактайды ышкып, кыйкырып жатты:

– Сен мени мазактасаң, мен сага бир ооз гана сөз айтам! Бир сөз айтсам эле жаагың жап болот. Сен айткандай кейбир болсом...

– Качан ошентип айттым? – деп сурады шаардык адам.

– Аны менен сүйлөшпөй эле коюңуз,– деди Петьканын апасы. – Ал азыр жеткен керең болуп калган. Бетсиз.

– Силер мени столго кошо отургузгуңар келбейт, – деп кыйкырып жатты. – Ага да мейли, жарайт! – чоң ата кыйкырып жатты. – Бирок сен менин бир эле суроомо жооп берчи: – Сен өмүрүңдө бир үй салып көргөнсүңбү?

– А-а!.. Анан дагы мени жыгач усталыкты түшүнбөйт деп коёсуң! Билгиң келсе кыштактагы үйлөрдүн тең жарымын мен тургузгам!..

– Катырдың, атадан айлангыр, катырдың,– деп жатты Петьканын атасы.

Аңгыча Петьканын таэжеси жана ушул жерлик милиционер Ермолай Кибяков үйгө киришти.

– Ого-го! – деди Ермолай, бажырая жылмайып, – бул эмне кылганың Тимофей аба? Ыя?

– Кубанганына караганда мени катырганы, – деди Петьканын атасы өйдө туруп жатып.

Милиционер ойлоно калды да, алаканы менен ээгин сыйпалап, Петьканын атасына карады. Ал мейли дегендей баш ийкеп коюп:

– Ошентиш керек. Ошол жакта түнөп келсин, – деди. Ермолай шапкесин алып этияттык менен мыкка илип койду, планшетинен бир барак кагаз, карандаш алып чыгып столго отурду.

Чоң ата дымып калды.

Петьканын атасы болгон ишти төкпөй-чачпай айтып берди. Ермолай туурулган коңур алаканы менен чоң башындагы суйдаң чачтарын сылап коюп, үстөлгө өбөктөй отуруп, башын сол ыптасына кыйшайтып жазып кирди.

«Гражданин Новоскольцев Тимофей Макарыч, бир миң...

– Ал кайсы жылы туулган?

– Токсонунчу.

«Бир миң сегиз жүз токсонунчу жылы туулган, мурда жыгач усталык кылып, азыр пенсияда. Өзгөчө белгилери жок... Жогоруда айтылган

Тимофей үстүбүздөгү жылдын жыйырма бешинчи сентябринде катуу мас болуп алып үйүнө келет. Үйдөгүлөр телевизор көрүп жаткан болот. Меймандар да бар экен.

Кинофильмдин аты кандай эле?

– Билбейм, биз телевизорду койгондо кино жүрүп жатыптыр, – деп түшүндүрдү Петьканын атасы – Колхоз жөнүндө. (Фильмдин атын билишпейт, колхоз жөнүндө экенин гана билишет.)

Тимофей да телевизор көрө баштайт. Бир оокумда: «Мындай жыгач усталар болбойт», – дейт. – Баары тең Тимофейди тынч отур дешет. Бирок ал жээликкенин токтотпойт. Мындай жыгач усталар болбойт. Кызылдай калп дейт, дагы бир жолу. «Жыгач усталардын колу мындай болбойт». Шымаланып өзүнүн колун көргөзүп кирет. Дагы бир жолу тынч отур деп суранышат. Тимофей болсо оң бутундагы өтүгүн чечип алып (43–45-размер, чочко тери), телевизорду уруп туруп калат. Ошентип бүт жарыкты, башкача айтканда, көзгө көрүнчү жерди талкалап салат.

Милициянын сержанты Кибяков».

Ермолай ордунан туруп, токтомду эки бүктөдү да, планшетке салып койду.

– Кеттик, Тимофей аба.

Петька акыркы мезгилге дейре эмне болуп жатканын түшүнгөн эмес. Кибяков, атасы экөөлөп чоң атасын тургуза баштаганда гана аны каталажкага алпаратышкандарын түшүндү. Ал бакырып ыйлап, болуша баштады.

– Аны кайда алпарасыңар?! Чоң ата, булар сени кайда алпаратышат! Барба чоң ата, макул болбо!..

Атасы Петьканы түртүп ийди, Кибяков күлүп калды.

– Чоң атаңа бооруң ооруп жатабы? Аз-зыр биз аны түрмөгө отургузабыз. Аз-зыр...

Петька дагы катуу ыйлады. Апасы аны бурчка жетелеп барып, акыл айта баштады.

– Ал эчтеке болбойт, ага эмне ыйлайсың? Бир түнөйт да кайра келет. Эртең уялып калат. Ыйлаба, балам.

Чоң атаны кийиндирип, үйдөн алып кетишти. Петька эчкирип ыйлады. Шаардагы таэже да алардын жанына келип, Петьканы жубата баштады.

– Ал эмнең, Петенька? Аны соолуктуруучу жайга алып кетишти. Соолуктуруучу! Ал бат эле келет. Биздин Москвада соолуктуруучу жайга канча киши жеткизилет дебейсиңби!..

Милиционерди ээрчитип келген мына ушул таэжеси экенин эстей койгон Петька аны катуу түртүп жиберди да, мешке чыгып алып, башын жаздыктан албай көпкө дейре өңгүрөп ыйлап жатты.

# КӨӨДӨК

Костя Жигунов крайдын борборуна командировкага барып, жердеши Сашка Ковалевдукуна кирип калды.

Сашка курулушта иштечү. Жатаканадагы эки кишилик бөлмөдө жашачу... Сашка меймандын келишине аябай кубанды.

Үчөө аркы-беркиден кеп салышты, айлык акы жөнүндө сөз болду.

– Орто эсеп менен канча болот? – деп сурады Костя.

– Ашып кетсе жүз элүү... Андан көп беришпейт.

– Койгула, туугандар!.. Уятыңар барбы, деги. Мен техникумду бүттүм, гараждын башчысы болуп иштейм, ошондо да айлыгым силердикинен аз.

– Салыштырдың! – дешти куруучулар.

– Шаар деген шаар.

– Биздикилер кандай жатышат. Сашка сурап калды.

– Көптөн бери көрө элекмин... Карындашыңы эки курдай көрдүм. Алынча турушат окшойт. Отпускага келесиңби?

– Билбейм. Жүр, сайрандап келели.

– Анысы кандай?

– Кандай болмок эле?.. Менин тааныш кызым бар, ага айтсак курбусун ээрчите келет. Эптеп күндү кечкиртиш керек да. Кеттик.

Костя беш жыл илгери үйлөнгөн, ошондон бери аялынын көзүнө чөп салып көрө элек, ал жөнүндө оюна да келген эмес. Ылайыктуу шарт да болгон жок.

– Хм...

– Эмне? Кеттикпи?

– Жок, мен жөн эле... Кеттик.

Жөнөштү. Жапжакын экен. Бөлмөлөрү эки адамга ылайыкталган жатакана. «Турмуш болбосоң коё кал деп ойлонду Костя. – Алыс барып да убара болбойсуң».

Сашканын жолдошу башка бир жакка кетип, Сашка менен Костя дермантин капталган каалганы такылдатышты.

– Каалганы жылчык койбой каптап салышып темирди койгулай берип, колдон кол калбас болду, – Сашка нааразылыгын билгизди. – Каалганы каптадыңбы – коңгуроосун кошо өткөз! Мен ошондой деп түшүнөм. Жок, коңгуроого акча коротуп кереги эмне. Келген кишилер манжаларын канжалатып жүрө берсин.

– Келсе эле көйрөңдөр келишет да...

– Ыя?

– Кишилер эмес, көөдөктөр.

– Булардыкына көөдөктөр эле  келишпейт. – Сашка жана такылдатты.

Үйдөн жооп жок.

– Балким, үйүндө жоктур.

– Үйүндө. Жылаңач жүрүшөт. – Сашка каалгага кагылган темирди дагы каккылады. Кабагын чытыды.

– Ким? – Үйдөн чыйылдаган үн угулду.

– Би-из! – аны туурап, Сашка да чыйылдап жооп кайтарды.

– Азыр!

– Айттым го, жылаңач жүрүшөт деп.

– Эмне үчүн жылаңачтанып алышкан?

– Жумуштан келишти... Кийим алмаштырып, жуунуп жатышат.

– Булар да курулушта иштешеби?

– Ооба.

– Бейубак келип алдык го дейм?

– Баары жайында. – Сашка жооткото сүйлөдү. Кыйкырып койду: – Качан бүтөсүңөр?

Каалганын илгичи ачылып, көөдөктөр үйгө киришти. Бөлөк үйдүн босогосун аттаганда эле Костянын жүрөгү туйлап чыкты.

– Нинон? – Сашка таңдана калды. – Келип калдыңбы?

Нинон – узун бойлуу, кара каштуу, көкүрөктүү кыз. Костянын тынчын алган дал ошонусу.

Бөлмөдө эки кыз – Нина жана Валя жашашчу. Костянын ою башкада: Нинанын келиши Сашка үчүн жаңылык болгон соң, демек, анын жактырган кызы Валя экен да. Валя да сүйкүмдүү кыз, бирок Нинон... Костя кара каштууга алдыртан көз кыйыгын таштап, тагдыр дегениң бекерден бекер эле суйкайган сулууну тартуулап саларына ишенгиси келбей калды. Бирок антиши да ыктымал: Сашка көз кысып, Нинаны көргөзүп койду.

Сашка болсо тили-тилине тийбей, кургак чечен болуп чыга келди.

– Нина, кандай дем алдың?

– Сонун, Саша. Эң сонун. – Нина «О» тамгасына бир аз басым жасап, сөздөрдү созо таштап, айткан-дегени дегеле укмуштуу чыгып жатты. – Сууга түштүм... Ох, кандай жакшы!

– Кайдан эле жакшы болсун? Зериккендирсиң?

– Мага эмне керек, кудай тобо? Кино көрдүм, үч жолу бийге бардым – көңүл чаппайт. Короодон эле чыккан жокмун. Жер-жемиш тергени бардым.

Костя кыздын сөзүн угуп жатты. Оюна койсо уга эле бермек, уга эле бермек – түк жадамак эмес. «Кайдагы эле шайтандуу көйрөңдүк» – деп ойлонду.

«Мындайга үйлөнүп алгандан өтөрү жок».

Валя болсо шамдагайыраак, тили менен буудай кууруган, бирок сөзүнүн маңызы жок.

– Биздеги жаңылык болсо... Зинка Хромованы билчү белең? Шыргыйдай болгон неме эле го, чачын буурулданткан.

– Ии.

– Валерка Семеновго турмушка чыкты. Бригадир болуп иштечү... Анын аялы бар да!

– Ажырашып кетиптир. Тигиге көзү түшүп!. Ширидей болгон неменин эмнесине кызыгаарына көзүм жетпейт?

– Балдары бар беле? Валерканын?

– Жок, баласыз болчу. Ал басып-туруп эле: ал төрөттөн калган болчу, ошондуктан ажыраштым деп аялын жамандап жүрөт дейт. Ой!.. Көрөбүз, укуруктай болгон неме чубуртуп төрөп бергенин! Уялганына чыдабай, ошентип оозуна келгенин оттоп жүрөт да.

«Аялдарга ушинтип келип койгондоруна эле корстон болуп жүрө беришеби? – деп таң калып жатты, Костя, Сашка, кыясы, шыпыртып салды окшойт, мактанайын деп. Булар андайларга окшобойт... Кадимки кыздардан айырмалары жок, ой-пикирлери деле кадимки аялдардай».

Сашка окуяны тездетти.

– Кандай дейсиңер? – Ичели! – деп сунуш киргизди кайраттуу жигит. – Себеп дегенде досум келди...

Кыздар кой-айы жок эле макул болушту, Костя буга да таң калды.

– Валяха, биз – магазинге, Нинон Костя экөөлөп картошка аарчышат. Тез. Жаным, чыдабай баратат.

Нинон жана Костя жалгыз калышты.

«Эми мен эмне кылышым керек?» – Костя абдыра түштү. Кайсы бир анекдоттон кеп салып берсемби?»

Өзү билген анекдотторду эстеп көрдү эле – айтууга жарары жок экен.

Нина үйгө кире бериш жерге газета жайып, картошка аарчып кирди.

– Командировкага келдиңиз беле? – деп суроо салды Нинон.

– Ооба. Зарыл иш менен...

Унчукпай калышты.

«Мендей да көөдөк болорбу! – Костянын итатайы тутулуп жатты. – Оозуман сөзүм түшүп». Көпкө унчукпай калышты.

– Зинкаң түшкүр! – деди Нина капысынан. – Эрге чыкканын карап кой. – Башын чайкап жылмайып койду.

«О-о! – Костянын үрөйү учту. Мен кашында отурсам... Өзү менен өзү сүйлөшөт да. Ушу да болдубу? Мени киши ордуна санабайт тура».

– Бизде жакында мындай бир окуя болду,– деп сөз баштады ал.– Катындар малина теребиз деп аралга барышат... Теришет. Аралдын ар жагында жайында аябай эле тайыз болуп калчу суу акчу. Аюу андан өтүп келет.

– Аюубу?

– Аюу. Өтүп келет да жакшы көргөн тамагы – малинага келет. Бизде кызыктай бир катын бар!.. Мөмөлүү малинага кирип алып кош колдоп терип кирет. Тиги тараптан кимдир-бирөө жакындап келгенин кулагы чалып калат... Өтө эле чоң түп болгондуктан эч нерсе көрүнбөйт. Катын болсо: «Сенсиңби Нюра?» – дейт. Тиги тараптан курдашы келген экен деп ойлойт. Аюу арр! – деп айкырган экен дейсиң!.. Костя күлүп калды. Нина угуп отурат. – Аюу арр деп беттен алат! – Аюу айкырганда эле катын чакасын таштай качат. Качып баратып, жер жаңырта чаңырат: – «Мишенька, менин жаш балдарым бар!!» – эси чыккан аял анды-дөңдү карабай качып баратканын элестеп алып, Костя дагы күлдү.

– Эмне, аюу аны кубалаптырбы?

– Аюубу? Жок, аюу болсо өзү өтүп келген суу тарапка жүгүрүптүр. Коркуп кетиптир. Тиги катын болсо аюу кууп келатат деп кыйкырыптыр...

– Кыйкырбай анан. – Нина жылмайып да койгон жок. – Аюу менен беттешет деген эмне шумдук! – Картошка аачыганын уланта берди. – Жок, бизде аюулар жок. Бизде жылан көп.

– Уу жыланбы?

– Ооба. Аябагандай чоң жыландар! Жер-жемиш терип жүрүп: «Мына чагат, ана чагат», – деп эле ойлой бересиң.

– Кирпи чеченди көбөйтүш керек. Кайсы бир өлкөнүн, Болгарияда бекен ай, бир жеринде жылан быкпырдай жайнап кетет. Аябагандай кооз жер экен – курорт салса болчудай. Алар эмне кылышат, кирпи чечендерди коё беришет.

– Алар эмне, жыланды жейт бекен?

– Жебей анан! Кирпи чечен жана чочколор жыланды тим эле апылдатышат да. Жапайы чочколор да жейт. Кавказда армияда кызмат өтөгөн бир иним мындай бир окуяны жазып жибериптир. Чочколор жөнүндө. Демек, бир колхоз чочколорду... айылдын чет жагына багып семиртмек болушат. Күндүз жайыла оттоп, кечинде кашаага өздөрү келчү экен. Бир күнү кашаага келбей калышат. Көрсө, алар кайсы бир жерден жапайы чочколор менен кезигип калышат да, аларды ээрчип баса беришет. Үч сутка жоголушат... Издеп суй жыгылышат, алыс кетип калышкан болот. Кийин келет, бирок баары эмес. Миң чочконун беш жүздөйү гана келиптир.

– Калгандары келбей калыптырбы?

– Теңи келбей калыптыр. Бирок келгендери шатырата төлдөгөн экен, колхоз төлгө карк болуп жатып калыптыр.

Нина күлүп калды.

– Ачтын тогу, арыктын семизи бар деп бекер айтылбайт да.

– Ооба. «Жаман болбой жакшы жок» – деп да айтышат. Менин жездем макалды оозунан түшүрбөй жүрүп өлдү.

7 *

– Кантип?

Суусар тебетейдин аты – Сансыз, үйүр жылкы айдагандын аты – Сатыкей экенин билишет.

– Садыр бийди издеп келатам, – дейт Сатыкей.

– Барып көр, оюң өзгөрсө, бизге кел. Эми экөөбүз дос болуп калбадыкпы.

– Болуптур келиштик – дейт Саттыкей, – силерге болгон ыраазычылыгым ушул болсун, үйүр жылкынын жарымын алып калгыла, миңгичиң да өзүңдө калсын.

Ошентип Сатыкей, Сансыз каракчы кучакташып коштошот. Сатыкей баягы Чоң торуну минет да калган үйүрүн айдап, Домбура өрөөнүн

чаңдатып жөнөйт. Ал жолду каракчылар көрсөткөн. Тез эле Садыр бийдин айылына жетип, ушул жылкыларды Садырга тартуулап келатам деп тоскоолдуктардан өтөт. Бирок Садыр кабыл албай жигиттерине:

– Жылкыларын тартып алып, өзүн тепкилеп кууп жибергиле, – дейт. Жигиттер көп өтпөй бети-башы канжалап Сатыкейден таяк жегендерин, анын качып кеткенин айтып келишет.

Ошентип Сатыкей баягы Сансыз баштаган каракчыларга кошулат. Жылдар өтөт. Сатыкей үйлөнүп, жайланат. Атактуу Абыла ашуусундагы, Домбура жайлоосундагы Анжиян, Наманган, Маргалаң, Казак, Чүй, Суусамыр, Нарын, Көлдүн көпөстөрү өткөн жолдорду жөнгө салат. Ал мурдагы бараргa жери жок, каңгып жүргөн Сатыкей эмес, акыл токтотуп, турмуштун ачуу, таттуусун баштан өткөрүп, далай сындан өткөн Сатыкей. Баягы Сансыз досу айткандай кербендерди жөн эле тоной бербей, жол акысын, көз акысын алып узатып коёт. Ошентип Сатыкейдин кадыр-баркы өсүп, калктын коопсуздугун сактоо, элдин бейпилдигин аркалоо идеясына өсүп жетет. Ошонун натыйжасында Сансыз каракчылардын башчысынан бошоп, ичи ооруп Сатыкейге кек сактап калат. Бирок билгизбейт. Муну сезген Сатыкей мурдагы Сансыздын адамдары аны колдоп кетсе, эмне болом деп өзүнө жаңы жолдошторду топтой баштаган. Андан кийин жайчы Адыраңды кошуп алат. Ал эми байлар Сатыкейди теңсинишпейт. Ошондуктан Сатыкей курал топтой баштайт. Бирок Сатыкей каракчыларга кадыры болгон менен Кетмен-Төбөнүн эли аны өгөйлөйт. Сатыкей келгени бул жерге ууру-кески жолобой калган. Өзүн өгөйлөгөндөрдү байкаган Сатыкей кербендерден түшкөн пайданы жергиликтүү элге бөлүп берет. Бирок ошого карабастан байлар, эл башкаруучулар Сатыкейди жат көрүшөт. Ар бир бий, ар бир манап, өз урууларын башкарганга корстон болуп, бирдиги жок. Ал эми Сатыкей эл тынчтыгын ойлоп, жалпы калкка камкордук көрөт. Бейпилдикти камсыз кылуу максатында чокмор, курал жыйнайт. Аны көргөн айрым адамдар: «Жинди чокмор жыят»– деп шылдыңдашат. Анткени качан болбосун, Кокон, Бухара хандыктары, казактар кол салышы мүмкүн эле. Ошондуктан ар убак сак болуу керек. Эгерде алар бул жерлерди басып алса, бул жердеги элден салык алып турмак. Ошондуктан Сатыкей өз алдынча даярданат. Байсерке менен арадан кыл өтпөс дос болуп кетишет. Ошентип Сатыкей камкор саясатчыга өсүп жетилет, калк намысын коргогон азаматка айланат.

Сансыз болсо баягы алгач кездешкендеги суусар тебетейди ыргап кийген, аргымакты ылгап минген Сансыз жок, азыр Сатыкейдин жигитине айланган. Анын мурдагы кадырын сыйлаган Сатыкей өзүнө казына башчысы кылып дайындаган. Антпесе күптүсү ичиндеги неме таарына берчүдөй. Кастын таарынганынан достун таарынганы жаман эмеспи. Андыктан Сансыздын бийлигин тартып алгандай болгон Сатыкей колдон келишинче Сансызды сыйлап турат.

Ушундай бир жолдоштору менен көк чай ичип отурган кезде Саалы келип, көздөрүндө шек бар адамдар жөнүндө айтат. Ошондон улам алар сак болуп калышат. Аңгыча Сарман менен Шеримбек душмандын тыңчыларынан экөөнү темтеңдетип алып келишет. Ал эми бир тыңчы өзү келет. Аларды Сатыкей суракка алат. Өзү келген тыңчы шыбырай сүйлөйт:

– Дүнүйө-мүлкүңөрдү тоноп алмакка аскер куралып жатат. Шаар каракчылары өзүнчө, ар ким өзүнчө.

– Менде абдан баалуу маалымат бар, – деди унчукпай отурган тыңчы, – Кокон аскери Кетмен-Төбөнү басып алууга, андан ары Суусамыр, Нарын, Көл тарапка өтүүгө даярдык көрүлүп жатат. Ал эми кербендин келүү максаты жөн эле шылтоо. Кыргыз чегине өтүп туруп, жолдон тосот. Өз жеринде ким эле согуш баштасын.

Сатыкей ошол учурда Адыраңга, Байсеркеге, жигиттерине тапшырма берип, аскерлерине соодагер кийимин кийгизет. Баарына буйрук айтылат. Баары камдуу турушат.

Душман да баштан-аяк куралданган. Ар биринде найза, кылыч, калкан, чокмор, чоюнбаш, айбалта. Сатыкейдин аскерлерин капчыгай ылдый куушмак. Аны билген Байсерке колдун жарымын алып күңгөй менен жүрсө, Сатыкей тескей менен жүрөт. Күн аркан бою көтөрүлгөн кезде Адыраң жайчынын түрмөктөлгөн кара булуттары кокондуктардын үстүнөн мөндүрлөй баштайт. Душмандар аттарын жанашып калкаланса, кээ бир аттар мөндүр, суукка чыдабай тизгин үзүп качышат. Аңгыча кербен көрүндү. Кокондуктар чабуулга өтүшөт. Мындан ары күтүүгө болбойт. Сатыкей баштап аскадан таш кулатат. Калгандары да таш кулатууга өтүшөт. Мөндүрдөн качкан кокондуктар эми таш мөндүрүнө кабылышат. Таштан аман калгандарына арттан чабуул башталат. Душман курчоодо калат. Сатыкейдин аскерлери кокондуктарды катуу кыргынга учуратат. Ошентип Кетмен-Төбөлүктөр жеңишке ээ болуп, кокондуктар ойрондолот. Колго түшкөн туткандарды Сатыкей жазалоо менен гумандуулук кылып, тирүү коё берет. Сатыкей алардан түшкөн куралды олжолоо менен кербенди Төө-Ашуу аркылуу Чүйгө узатып коёт. Туткундан аман кайткан кокондуктар Ош, Анжиян, Наманган, Кокон тарапка Сатыкейдин атын дүңгүрөтүшөт. Бирге экини, экиге төрттү кошуп апыртышат. Жанында Байсерке деген желмогузу бар, Адыраң деген жайчысы бар Сатыкей деген дөө чыгыптыр. Ал ажыдаар болуп кубулуп, ышкырса кулак тунуп, оозунан от чачырап турат экен деп кошумчаланып айтылат.

Бирок Кетмен-Төбөдөн эл коргогон эч ким чыкпайт. Тыңыраактары Сатыкейге жанашат. Муну жергиликтүү бийликтегилер жактырбайт. Эки тизгин, бир чылбырды Сатыкейге бергиси келбейт. Ошондон улам ал Таласка таяныч издеп келет. Сатыкейдин Таласты беттеген максатынын

жөнү бар эле. Мында Алчыкендин Ажыбеги баатыр атанып, бүтүндөй саруну бийлеп калды деп уккан. Акырында аны менен мамилелешип, жүз жигитин урук-тууган, көчү менен жанына алып, шаңдуу кайтат. Анын баары Бүргө баатырда конокто болушат. Эки баатыр бири-бирин сыртынан угуп, сыртынан муюп жүргөндүктөн, бул кезигүү татаалданбай, аягы бекем достукка айланып, жолугушуунун урматына Бүргө баатыр чоң той берет. Эми эки баатыр ээндей басышып, эл бирдигин көксөгөн өздөрүнө масилетке отурушат.

Чачыраган кыргызды бир бийликке баш ийдирүү бул эки баатырдын колунан келбей турган иш эле. Ана, Кубат бийдин өлүмүнөн кийин Анжиян кыргыздары аргасыз Коконго баш ийип калышты. Мына, эми кокондуктардын колу Кетмен-Төбөгө жетип калыптыр. Эртең Мерке, Таласка келип калышы мүмкүн. Орустар омуроолоп, кытайлар жатат кылкылдап. Казактар менен да мамиле анча эмес. Кантип биригишет бул кыргыз? Бардыгын көрүп турса да бир пикирге, бир туура биригүүнү самай бербегендей баатырлар да, бийлер да, байлар да кайдыгер. Сатыкей баатыр менен Бүргө баатырдын эртеден кечке баш ооруткaны ушул болду. Ошол себептүү Бүргө баатыр Сатыкейди кетирбей алып калгысы келген.

– Сен бул жерде калгың келбесе Ажыбек баатырга кошуп, мен да жигиттеримди жөнөтөйүн. Ошондо кокондуктарды тез эле артка сүрөсүңөр. Душманды жеңгенден кийин келсең не болот? – деди Бүргө, – бул жактан Ажыбек баатыр кошулса, бир күчкө ээ болот белек?

– Бирок кекенген кокондуктарды келбейт деп ким кепилдик бере алат? Мен бул жакка келсем, кокондуктарга ким каршылык көрсөтө алат? Алар Кетмен-Төбөнү алса, анан бул жерге келсе, анан Нарынга, Көлгө кирбейби? Бизге көмөк керек. Ошол себептен келип отурамын.

– Көмөктөн кабатыр болбо, биз качан болсо даярбыз – дейт Бүргө.

Мезгилдер зуулдап өтүп жатты...

Кокондуктар да жөн жаткан жок. Нарбото бий Коккондо жыйын өткөрүп, жигиттерин сөктү:

– Коркоктор, дөбөттөр, бир кербенди ала албадыңар. Кеп кербенде эмес, Кетмен-Төбөдө, билсеңер. Кетмен-Төбөнүн бир каракчысы Нарбото бийдин аскерлеринин таш-талканын чыгарыптыр деген сөздү угайын дедим беле? Нарбото аскерлерди баштап барган соодагер Махмудду бала-чакасы менен кырдырат. Анан Канкожого карап:

– Аскериңди камдуу ал да, Кетмен-Төбөнү каратып, Сатыкей деген каракчыны тирүү кармап келесиң. Беш жүз сарбаз сенин ыктыярыңда.

– Сатыкейдин башын бут алдыңыздан көрөсүз өкүмдар, – деп убада берет Канкожо.

Беш жүз сарбазды темирге чулгап кийиндирип, курал-жаракты арбын алган кол Кетмен-Төбөнү көздөй беттейт. Нарбото бийге кошомат

кылгысы келген уруу-кески, каракчылар кошулуп, бардыгы жети жүз элүү кокондуктар Сатыкейдин сазайын бермекке аттанышат.

Кетмен-Төбөлүктөр да даярданып, камдуу турушкан. Кокондон душмандар келет экен деген кабарды угушкан байлар менен бектер коктуколотко житип кетишкен. Эл эмне кыларын билбей турганда Ажыбек баатыр жиберген жүз жигит, кырк жигити жандаган Бүргө баатыр, кырк жигити коштогон Сатыкейлер кирип келишет. Топурашып той берип, аксакалдар бата берип, калайык-калк чуркурап, ак кийизге салып Сатыкейди журт башылыкка көтөрүшөт.

Аңгыча четки кароолдон кабар келип, той аягын шаша бүтүрүшүп, мурдатан камдуу турган кол кокондуктардын алдын тосууга аттанышат. Ар кимиси милдет, тапшырмаларды алышкан. Бүргө оң канатка, Сатыкейдин жигиттери, Аргымбай менен Адыгине Сарман, Саалыга кошулуп чалгынга кетишкен. Сатыкейдин калган жигиттери сабын бузбай келатышат. Алардын башчысы – Сансыз. Сатыкей өзү Ажыбектин жигиттерине баш-көз болуп ошол жакта. Кожош Мерген күңгөй тоого чыгып кеткен. Байсерке баатыр шаңданат...

Шалпылдак-Сайдан үчкө бөлүнгөн кол кайра бирикти. Үч бөлүк болуп келет экен деп кабар алган кокондуктарга алар күтпөгөндөй чара колдонмок болушту. Камданган кол адегенде эрдиктин салты менен эрөөл кылып,андан кийин аламан уруш кылалы деп чечишет. Баягыдай таш кулатып, күн жаадырууну каалашпады. Кокондун аскер башчысы Канкожого кабар жөнөтүштү. Сатыкейлер аңгемелешип келатканда сурнай тартылып, согуш башталат...

Ак желек көтөрүп, алдыга үч атчан бөлүнүп чыгат. Элчи экенин билишип, бул жактан Сатыкей, Бүргө, Адыраң үчөө аттанат.

«Аздан соң аскер башы Канкожо сөз баштады:

– Сатыкей ким?

– Мен!

– Сага Кокон бийлигинин доосу бар.

– Ии, кандай доо экен?

– Каракчылыгыңар үчүн. Кыргыздар жолдон өткөн кербенди тоноп аласыңар.

– Тонобойбуз. Тек жол акысын, жер акысын алабыз.

– Кокон үчүн айырмасы жок. Бектин уруксатысыз алынган салык биздин бийликке акаарат кылуу дегенге барабар!

– Э, анан эмне экен акаарат кылса?

– Калың элиңдин талоонго учурашын каалабасаң, өзүң биз менен кошо ордого барасың. Элиң Кокондун карамагына өтөт да, белгилүү өлчөмдө салык төлөп турат.

– Эмне үчүн бул шартка көнүш керек?

– Башка аргаң жок. Биринчиден, биз ордолуу журтпуз. Ал эми сен болсоң, кыргыздын бир жөн эле баатырысың. Экинчиден, буга көнбөсөңөр тыптыйпыл чабыласыңар!

– Менин башка шартым бар?

– Кокон бийлиги бир баатырдын шарты менен макулдашпайт.

– Макулдашасыңар! Башка силердин да аргаңар жок! Эгер, өзүңөрдү ошончо бийик сезсеңер эрөөлгө чакырам! Чык жекеге! Жекеден алдырсам, айылыңа кул болуп өзүм барайын. Жок, сен алдырсаң, териңди тескери сыйрып, өзүңдү желкеден мууздайм!

– Хе! Уруш ыгынын эмнесин билесиң?! Болуптур! Мен бул шартыңа макулмун! Жекеге!

– Жекеге!» (К.Исан «Сатыкей баатыр». Б. – 2009-ж. 151–152-б.)

Жекеге чыгышкан Сатыкей менен Канкожо адегенде найза менен сайышып, кийин кылычташууга өтүшөт. Акыры эңишке түшүп, үчөөндө тең Сатыкей жеңип чыгат. Келишим боюнча Сатыкей Канкожонун терисин тескери сыйрып, желкесинен мууздоосу керек эле. Бирок ал анткен жок. Канкожону да өзүндөй эр экенин сыйлап, жайына койду. Колго түшкөн туткундун бирин да өлтүрбөй жөнөтөт кыргыздар. Ошентип Кокон бийи Нарбото Кетмен-Төбөнү алам дегенин койду.

Мезгилдер өтүп, убакыт учат... Сатыкей жетинчи аялын алат. Өз уулу Ороз өзүнө теңтуштай болуп калат. Сансыз карыган. Сатыкейге кекенип, сыртында күлгөнү менен ичинен кан өтүп жүрүп картайган. Алы жетпечүдөй болгон Байсерке чүкөдөй чалга айланган. Азыр алардын ордун кулжыгач уруусунан Айдардын уулу Чомой, боргемик уруусунан чыккан Кемпир баатырлар баскан. Булар Сатыкейден жыйырма беш жаш кичүү. Ошого карабастан Сатыкей ушулар теңдүү эле көрүнөт. Бул кандай? Улам жаш катын алгандыгы үчүнбү? Ушул абал Сансызды уйгутуйгу кылат. Ушул кербенге кошулуп, Коконго жетсе, Сатыкейдин айласын ошол кокондуктар табат беле?

Сатыкейден Нарбото бийдин аскерлери үч жолу кырылган. Ошондон кийин Нарбото Кетмен-Төбөгө назар салбай калат. Андан кийин өзү да күм-жам болот. Бийликке залим хан атыккан Алым хан келет. Сатыкейдин эсебин ал да таба албайт. Ал Сатыкейди чаап, Кетмен-Төбөнү алууга Ыдырыскул бийди алты жолу аттандырды. Бирок натыйжа болбоду.

«Кекенген Сансыз да кыйын экен, ошончо окуяларды көрсө да сырын жан адамга билгизген жок. Анын кегине кырк жыл толду. Сансыз акыры жүрүп Сатыкейге бирди кылмак. Уулу Саткын менен кеңешти. Сатыкейге барды. Бул кезде Сатыкей жортуулдан келген. Сатыкей маңдайы жарыла кабыл алат:

– Оо, Саке! Кел, төргө өт!

– Бар бол, баатыр! Олжо-буйлалуу кайттыңбы?

– Кудайга шүгүр!

– Соогат анда!

– Болсун! Чомой?

– Ляппай!

– Сакеме жанагы жалы төгүлгөн аргымакты тарткыла!

– Аа, мен ыраазы, баатыр. Кандай уруш ыгын көрсөттүң, бу сапар Омор хандын аскерлерине?

– Күрп-Сайдан таш кулаттык. Буйткада бугуп жаттык. Кокондуктар кокуйлап, дайрага кулашты. Калганына Бүргө баатыр жиберген Кулжалар көмөктөшүп, душмандын көптүгүн деле билбедик.

– Ал кокондук баатыр дагы эле ат үстүндө бекен?

– Элүүсүндө ээр кашынан эңкейсе, эмнеси баатыр?

– Сатыкейдин бул сөзү Сансыздын өзүнө тийди. Бирок Сансыз анысын билдирбеди. Сатыкей да жаман ой менен айткан эмес.

– Баатыр оор жаракат менен кетти – деп сөзүн улады Сатыкей.

– Кай жеринен жаракат алыптыр?

– Баатырдын оң буту жараксыз болуп калды. Алар биринчи чабуул койгон. Буктурмада Чомой баатыр менен Кулжа баатырдын колу калган. Биз эле айланып артынан тосмокпуз. Уруш десе чыдамы кеткен Кулжа баатыр өзү алдыңкы чабуулду суранып алган. Биздин артына жетер-жетпесибизди күтпөстөн эле урушка кирип кетиптир. Жүрөгүндө кара жок эр жаралуу бутун канжыгага байлап алып уруша бериптир... Биз кокондуктарды Нарын суусуна сүрдүк, алар сууга бой урушту.

– Ээ, эмнеси болсо да жеңиш менен кайтканыңар олжо эмеспи. Сен элиңдин чебисиң, аман бол, баатыр. Эми келгенимдин себебин айтайын. Жалгыз каралдым Саткын. Эл, жер таанытайын дедим эле, келген-кеткен кербендерге кошуп...

– Ал оңой. Кербен менен алыс жолго жүргөнгө жарайсыңбы Саткын?

– Сен жоо чаап жүргөндө мен кантип жөн саякатка жарабайын.

– Сөз бүттү. Жол камын кыла бергиле.

Эки жумадан кийин Олуя-Ата тараптан кербенге кошулуп ата-бала сапар улашат. Маргалаңга барганда атасы ооруп жатып калганда Саткын кербендин кете берүүсүн өтүнөт. Атасы өлүм алдында жатып, башаягы жок: «Сат... сак... деген сөздөрдү айтып жатып үзүлөт. Саткын атасынын сөздөрүн түшүнө албайт. «Сат...» – деп өзүнө кайрылдыбы? Же Сатыкейди эстедиби? Же Сатыкейди сакта! – дегендир. А мүмкүн «Саткын Сатыкейди сат деп айткандыр». (Кушубек Исан «Сатыкей баатыр» Б. – 2009. 158–162-беттер).

«Сатыкей баатыр» баянындагы эң урунттуу жер, маселенин түйүндүү жери Сатыкей менен Сансыздын ички мамилеси болуп саналат. Бул жерде автор туура жыйынтык чыгарып: «Саткын, Сатыкейди сат!» – деген бүтүмгө келет. Анткени Саткынды Сансыздын кербенге кошконунун да

себеби Сатыкейге бирди кылуу. Ал бекеринен кырк жыл бою кек сактаган эмес. Эми кээ бир адамдар «сак»... деген сөздөн улам: «Саткын Сатыкейди сакта!» дегендир деп ойлошу мүмкүн. Андай болушу мүмкүн эмес. Сансыздын картайып, аргасы түгөнүп, максатын ишке ашыра албай, баласынан үмүт кылган. Баланы кербенге кошуп, Коконго жибергенинин себеби да ошондон. Бирок мунун натыйжасын баяндын трагедиялуу финалы далилдейт. Окуянын жүрүшүн уланталы...

Сатыкейден жеңилгенден кийин Омор хан кеңеш курат. Максаты – Кетмен-Төбөнү басып алуу.

– Нарбото бий да ала албаптыр. Алим хандын да күчү жетпептир, – деген экен Омор хан, – мага да баш ийбей аскеримди Нарын суусуна агызыптыр. Эми маселе кабыргасынан коюлат. Буга кандай арга кылуу керек? Ал ханбы, бекпи, бийби, ким өзү?

– Жакында эле аны ак кийизге салып, журт башы кылып алышыптыр. Сатыкей бек да, хан да, бий да эмес.

– Анда ошону жок кылабыз, – дейт Омор хан.

– Менде бир сунуш бар, – дейт Намангандын акими Сейиткулбек, – тоолуу кыргыздардын арасында жайында кар жаадырган жайчысы бар экен. Душманга кар жаадырып, өздөрү кургак. Ошондуктан кыш чилдесинде кол салуу керек. Ошондо Сатыкей туруштук бере албайт. Андан кийин бир гана маселе калат. Ал – чептин сырын билген чыккынчы табылса...

– Ал оңой, жанагыны алып келгилечи, – дейт хан.

Эшиктен самтырап, кийими түлөгөн, өзү жүдөгөн Саткынды алып келишет.

– Кана сүйлө, Сатыкейди билгениң ыраспы?

– Билем, ал менин душманым. Ал атамдын бийлигин тартып алган. Чептин сырын да билем. Анын кесепетинен атам да өлдү.

– Чептин оозун ача аласыңбы?

– Албетте. Ал колумдан келет.

– Мынакей, издегениң табылды, – дейт хан Сейиткулбекке кайрылып, – жаныңа үч миң аскер берем. Сатыкейди тирүү кармап туткундайсың. Аткарсаң оюңа келбеген олжо, аткара албасаң...

... Сейиткулбек кыш чилдесин күтүп жатты. Кокондуктардын бул бүтүмүнөн кыргыздар кабарсыз. Мезгил өтүп, кыш да келди. Кокондуктар Кетмен-Төбөгө аттанды.

Түн жарымы. Жылдыз толуп, түнкү караңгылык. Эл катуу уйкуда. Тентимиш Саткын кароолчуларды жазгырып, чептин дарбазасын ачып жиберет, калың кол селдей каптап кирет.

– Баатыр, жоо келди! – деп кыйкырат Адыраң.

– Душман ичибизден чыгыптыр, – дейт Сатыкей, – бала-чаканы жашыруун жолго салгыла. Өзү кеч болуп калса да душманга качырып ки-

рет. Жан аябай салгылашат. Бирок курчоодо калган кыргыздар улам сүрүлүп барат. Эптеп бир четин жарып чыгууга аракет кылат Сатыкей. Байсерке жүрөт жанында. Сатыкейдин удургуган бир ууч колу жолго саларда мурдатан камдалган душмандар жылчыксыз тосуп, бардыгын туткунга алышат. Сатыкей өзү үзөңгүлөш Сансыздын уулу Саткын аркылуу колго түшкөнүн билген жок. Сатыкейдин эсине кечээ эле өңгүрөп ыйлап келген Саткын түштү. Ошентип туткундарды айдап Сейиткулбек Наманган, Кокон тарапты беттеп жолуна түшөт.

Саткын ушул окуядан кийин өзүн ата керээзин аткарган мыкты уул катары сезет.

Автор баяндын акыркы эпизоддорунда Сансыздын мурдагы кегинен кайтып: «Сатыкей жок болсо, булардын журтун тарп аңдыган жорудай болуп, аңдууда турган Кокон басып албайбы заматта...

Сансыз эми ушинтип баарын башкадан ойлоно баштаганда, өмүрүнүн аягына келип калганына чын дилден кейиген. Анан уулунун өзүндөй болуусун каалабай, баштагы оюнан кайтуусун айткысы келген. Ага кудурети жетпеди. Ажал алкымдап турганда, бар күчүн жыйнап: «Сатыкейдин кашында бол, уулум!» – дегиси келди эле... «Сатыкейди сакта!» – деп айткысы келген. Ага алы келбей: «Сат... сак...» – деп кете бербедиби. Анысын акылсыз уулу башкача түшүнбөдүбү. Аттиң дүйнө!..» (аталган китеп, 169-бет.) – деп өкүнгөнүн билдирет. Бирок бул жерде автордук калпыстык бар. Анткени өмүр бою кек сактап, ал түгүл уулу Саткынды Коконго жиберүү кайтпас кекти туюндурат. Баланын Сатыкейди сатуу жөнүндөгү түшүнүшүнө да негиз бар. Анткени кербенге кошула электе, Сатыкейге жолуга электе эле Сансыз Сатыкейге болгон мамилеси жөнүндө Саткынга айткан эмес деп эч ким кепил боло албайт. Демек, бала атасынын керээзин аткарган. Ырас, бул жерде автор калың элдин калканчы, чеби – Сатыкейди жаман ойдон сактоо, анын адилет, эркиндик үчүн күрөшүн даңазалап көрсөтүү үчүн Сансыздын пейилинин оңолушун көрсөткүсү келген, китептеги контекст буга мүмкүндүк бербейт.

Эми Сатыкейдин тагдыры жөнүндө. Омор хан Сатыкей колго түшкөндө акылмандары менен жыйын курганда сынчылары: «Маңдайы кайкы, таалайы тайкы жаралган эр экен, болбосо адамдан артык шер экен. Кокон ордосуна мындай азамат кызмат кылса, ооматыңыз оокамга жетет» – деп баа беришет. (Аталган китеп, 170-бет.) Сатыкейди ордого кызмат кылуусу сунуш кылганда макул болбой, өлүмдү тандаган. Канчалык амал кылса да болбогон. Акырында дарга астырышкан. Сөөгүн туугандарына кайтарып беришкен. Туугандары сөөгүн Парганага коюшат. Кийин Наманганды туугандары күмбөз орнотушат.

Баягы чапкында жашыруун жол аркылуу аман калышкан Сатыкейдин балдарынан Орозду бий кылып шайлашат. Ал эми Сатыкейдин колу талкалангандан кийин көп өтпөй эле кокондуктар Кетмен-Төбөнү тез

эле каратып, андан Нарын тарапка өтүшкөн. Ал жердин кыргыздары канча бир убакыттар бою Кокон бийлигине салык төлөп турушкан.

Ороз бий үч аял алып: Артык, Ботокара, Чал баатыр (Чалаке), Тагаймат, Шодоң, Саргашка, Абыла, Койчуке, Төлөке, Кожоке деген он уулдуу болот. Айтылуу Ажыбек датка Сатыкейдин Тагаймат, Абыла, Төлөке, Шодоң, Саргашка тукумдарын бир-эки түтүндөн алып, Куру-Маймак, Кара-Арча, Чакмакка көчүп келишет. Чалакени таякеси чакыртып, Аксыны беттеп кетет. Ал жактан Рай, Кашкабаш аттуу уулдуу болот. Ал эми Жуманын тукумдары Наманган, Паргана тараптагы Чартак, Кадыр-Абад, Кадыкен деген жерлерди мекендеп кала беришет. Ошентип Сатыкей баатырдын урпактары ар кайда чачылып, Талас, Кетмен-Төбө, Аксы, Паргана, Наманганга чейин тарагандыгына карабай бийлери, байлары ата сыймыгын өчүрбөй, ыйык тутуп келатышат. Сатыкей баатырдын урпактары Калыбай бий чексиз бай болсо, Сарыбай эпсиз байып, ажыга кетип кайткан эмес. Ал эми Алманбет болсо, кара кылды как жарган калыс, кадырман адам болуп чыккан. Сатыкей баатырдын биздин күндөрдөгү урпактарынын бири – Медицина илимдеринин доктору, профессор, Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген ишмери, «Сатыкей баатыр» коомдук фондусунун президенти Сабырбек Жумабеков. Ал коомдук фонд ачса, Кушубек Исан (Качыбеков) кылымдар бою калк кадырлап, муундан-муунга айтылып, бирок кылым кабатында калган улуу инсан жөнүндө китеп жазган.

Ал эми булардан башка да улуу акын Токтогул Сатылгановдун энеси Бурма, кадимки ырчы Коргоол Досиев да Сатыкей баатырдын урпактары экендигин ушул китептен табабыз.

Китепти жазуудагы автордун эмгегин белгилеп кетүү адилеттик. Унутта калган тарыхый инсандын өмүр жолун, эрдиктерин изилдөөдө жазуучу Я.Р. Винниковдун, Н. Аристовдун, С. Абрамзондун, В.М. Плоскихтин жана башка тарыхчы авторлордун эмгектерин карап чыгып, Сатыкей баатырдын урпактары жашап турган Токтогул, Аксы, Кара-Буура, Манас райондорундагы санжырачылар, тарыхты урматтаган инсандар менен аңгемелешип маалымат чогулткан. Кокон хандыгынын өкүмдарлары – Нарбото бийден Омор ханга чейинки тарыхты изилдеп чыккан. Анткени ошол учурда, б.а., Сатыкей Жумабай уулу 1750-жылдарда төрөлүп, 1822-жылдарга чейинки мезгилде жашап өткөн. Демек, баатыр Кетмен-Төбөнү 40–50 жыл бою коргоп турган!

Жазуучунун эмгегин Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын вице-президенти, акдемик В.Плоских жогору баалап, архивдик жылаңач фактыларга «жан» киргизип: «Тарыхый даректерге, санжыра жана уламыштарга астейдил мамиле жасоо менен бирге автор дор-

дун добушу менен элесин таасын чагылдырууга жетишкен. Ошондой эле автор өткөн кылымдардын тарыхый булактарынан болгон Мырза Каландардын «Шахname» кол жазмасындагы «Тарихи Оморхани», Мулла Нияз Мухамеддин «Тахрих-и Шахрохи», В. Наливкиндин «Кокон хандыгынын кыскача тарыхы» жана башка илимий булактардагы Сатыкей баатыр жөнүндөгү маалыматтар менен да терең таанышыптыр.

Тарыхый көркөм баяндын дагы бир өзгөчөлүгү этнографиялык маалыматтардын молдугунда турат. Көчмөн кыргыз элинин жашоо-турмушу, чарбачылыгы, каада-салттары менен үрп-адаттары калемгер тарабынан тарыхый окуяларга терең жуурулуштурулган» (Аталган китеп, 175–176-беттер) – деп жазат.

Чынында эле автордун сөзгө байлыгын, фольклорду терең өздөштүргөндүгүн, бүлбүлдөп дареги өчкөн алыскы тарыхый фактыларга кыймыл бергендигин белгилөө керек. Ошндой эле баяндоо стили жатык, жөнөкөй, окууга шыдыр. Жорго сөздөр жыш колдонулат. Мисал келтирели: «Тооктон башка кушу жок, соодадан башка иши жок, саймедиреп сүйлөгөн санжыра билген киши жок, кол боорунда жүгүнгөн, кошоматка бүгүлгөн, жарты тыйын чыгарса, жан чыккандай күйүнгөн Кокон жергеси» (Аталган китеп.145-бет). Же болбосо: «Каргага кууну жем кылып, хандын да тузун кем кылып, каткырык берип артынан, кайгынын жашын сел кылып. Каректин канын агызып, кайратсыз бойду дел кылып... деги бир тамашаң бүтпөйт экен го!» Дагы бир мисал: «Сан миң жылды жапырып, самандай кылып сапырып, санатка салып баарысын, санжырага батырып...» (Аталган китеп, 182-бет). Мындай жорго сөздү жыш колдонуу дайым эле ийгилик алып келе бербейт.

Китеп кемчиликтерден да куру эмес. Алсак жомоктор, ырлар көп колдонулган. Андан башка Сансыздын уулу Саткын эмне максат менен кербенге кошулган, Коконго кандай жол менен келген? Булар окурмандарга бүдөмүк. Бирок мындай мүчүлүштүктөр китептин баасын төмөндөтө албайт.

Өз заманынын чыгаан уулу Сатыкей баатыр ошентип калктын көз каранды эместиги үчүн курман болгон. Бирок Советтик доордо көмүскөдө калган улуу инсанды азыркы муундарга тааныштырып, эрдигин даңазалоого белсенип көтөрүп чыккан атактуу хирург Сабырбек Жумабеков Сатыкейдин урпактарынын ал коргогон Аксы, Кетмен-Төбө, Кара-Буура, Манас райондорунда жашап жатышкан адамдардын арасында «Сатыкей баатыр» коомдук фондун уюштуруп, улуу инсандын урпагы катарында ал жөнүндө материалдарды табууга демилге көтөргөн. Натыйжада К.Исан аталган тарыхый баянды жазууга киришсе, С.Жумабеков китептин чыгышына финансылык каражат топтоого мүмкүнчүлүк түзгөн. Акырында «Сатыкей баатыр» китеби жарыяланган. Кылым кабатында калган улуу инсан – Сатыкей Жумабай уулунун

ысымын түбөлүккө калтыруу максатында бийиктиги 10 метрлик эстелиги Нарын дарыясынын жээгине, «Бишкек–Ош» жолунун боюна орнотулду. Эстеликти ачуу салтанаты 2009-жылдын октябрь айында өтүп, ага Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн атынан, коомдук ишмерлер, Жалал-Абад, Талас облустарында жана башка жерлерде жашаган Сатыкейдин урпактары жана жалпы эл катышты. Ошентип алдыга койгон максат ишке ашты. Баатырдын эстелигин жасаган скульптор – Марлен Бакчиевге, «Сатыкей баатыр» көркөм баянынын автору – Кушубек Исанга жана аларды каржылоого өз салымдарын кошушкан баатырдын урпактарына жана ошондой эле кыргыз тарыхын сыйлаган, кыргыз эли үчүн өмүрүн кыйган тарыхый инсандардын улуу рухун урматтаган жарандарга ыраазылык билдиребиз.

*К.Эсенкожоевге 90 жыл*

Сабырбек
**БЕЙШЕМБИЕВ**



# БИЗДИН КУСЕЙИН

Быйыл, 2010-жылы октябрь айында кыргыз элинин таланттуу уулу, балдардын тунгуч фантаст-жазуучусу Кусейин Эсенкожоевдин туулганынын 90 жылдыгы анын кичи мекени Ысык-Көлдө белгиленүү алдында турат. Бала кезимден бери Кусейиндин чыгармаларын кызыгып окуп келген окурмандардын бири болгондуктан анын өмүр жолун көп жылдан бери иликтеп, кай бир мурда жазылып келген жаңылыштыктарды тактап, дааналап, толуктап чыктым.

Кел ичели, бокалыңды толтургун,
Жок, ал болбойт, түгөтө ичип отургун.
Курман болгон досторду эстейли,
Кечип өткөн бул турмуштун толкунун, –

деген экен улуу Алыкул. Ошол сыңары Кусейиндин бир тууган жээни Маралбаев Баяке: «Кыргыз адабиятындагы илимий-фантастика жанрына негиз салган балдар жазуучусу Кусейин Эсенкожоев 1920-жылы 20-майда Жети-Өгүз районуна караштуу Ичке-Булуң айылында төрөлгөн. Атасы коңурат уруусундагы Сапсактан тараган Таажыбек уулу Эсенкожо кат таанып, жаза билген молдо адам эле. Эсенкожону санжыра боюнча иликтегенимде анын ата-теги төмөндөгүдөй: Коңурат, андан Таңатар, андан Кечмелик, андан Түлкү, андан Масай, андан Сапсак, андан Рысбай, андан Үчкемпир, андан Мадыл. Мадылдан эки бала – Жээнике, Тажыбек. Жээникеден Алдаш, андан айтылуу Абдулхай. Ал эми Тажыбектен Иманкожо, Эсенкожо, Эсеналы, Мукамбет, Абдылда. Эсенкожодон Кусейин. Эсенкожонун Иманкожо, Эсеналы, Абдылда, Мукамбет деген инилери жана жалгыз карындашы болгон. Инилери Абдылда менен Мукамбеттен тукум калган эмес. Ал эми Иманкожо, Эсеналынын тукумдары азыр Ичке-Булуңда. Богатыровка айылында жана Каракол, Бишкек шаарларында жашашат. Эсенкожо үч аял алган экен. Анын би-

ринчи аялы Кусейиндин энеси. Ал Байымбет кызы Бүбүш, кадимки Талып молдонун карындашы болот. Экинчи аялы казак кызы боюнча так маалымат таппадым. Үчүнчү аялы Мария орус кызы. Ал Каракол шаарындагы Ички иштер бөлүмүнүн начальнигинин жардамчысы, подполковниктин кызы болгон. Сураштырсак ал орус подполковниктин атыжөнүн так билген кыргыз жок экен. Эсенкожонун ошол орус аялы Мариядан туулган жалгыз Султанбек.

Эсенкожо кайтыш болгондон кийин аялы Мария баласы Султанбекти ээрчитип алып Жон-Булак айылына келип, айылдык мектепте иштеп жүрүп Амантурга турмушка чыгып, андан үч бала, бир кыз төрөйт. Амантур, Мария каза болушуп, алардын мүрзөсү Жон-Булакта. Ал эми Султанбек болсо Ата Мекендик согушка катышып, Казандан татар кызы Галяны ала келип, колхоздо иштеп жүрүп 2007-жылы Жон-Булакта каза болду. Анын үч баласы бар.

Эсенкожо 1916-жылы Үркүндө үй-бүлөсү жана бир туугандары менен Кытайга барганда жалгыз карындашы ошол жакта калган экен. 1927–28-жылдары ошол карындашына бара жатып, Казакстандын Нарынколундагы Сүмбө деген жеринде Кытай чек арасында бөөдө кырсыктан каза табат деп жазса, Абдылдабек Эсенбеков «Кыргызстан маданияты» газетасына Эсенкожону: «1923-жылы кайтыш болуп, балдарды энеси Байымбекова Бүбүш апа тарбиялап, уядан учурган. Ал апа кечээ эле, 1962-жылы күздө каза болгон» – деп жазат. Эгер Эсенкожо 1923-жылы кайтыш болсо, анда баласы Кусейин үч жашта калса, иниси Аскербек, Султанбектер канча жашында калат? Султанбектин документинде 1924-жылы туулган деп жүрбөйбү. Атасы каза болсо ал кайдан жаралып калды? Ошондуктан туурасы Эсенкожо 1928-жылы кайтыш болгон. «Аялы Бүбүш 1962-жылы 10-майда каза болгон» – деп Баякенин жазганы туура. Эсенкожонун төрт баласы болгон. Улуусу Сана 1914-жылы туулган. Ал согушка чакырылганда Сүлүктү шаарынан согушка узап, ошол боюнча дайыны жок кеткен. Андан кийинкиси Кусейин. Кичүүсү Аскербек да согуштун алдында атчандар тобуна алынып, ал азыркы Кемин районундагы Жаңы-Алышта машыгуу кызматын өтөп жүргөндө кокустан ат тээп жиберген экен. Ошонун кесепетинен көп өтпөй эле каза болот.

Бир туугандарынын эң кенжеси Зайнакан эне. Үч бир тууганынан тең согуштун айынан ажырап, көрбөгөн азапты көрүп, жетим жүрүп эптеп жетилип, тогуз бала төрөп чоңойтуп, жетимиш жаш курагында 1999-жылы 30-августта кайтыш болду. Кусейин болсо Бүбүш энеси, карындашы Зайнакан менен жашап жүрүп Ичке-Булуң айылындагы Калинин атындагы айылдык башталгыч мектепте окуп жүргөндө китеп, кагаз, калем саптын жоктугунан көп кыйналып жүрөт. Анын үстүнө жашоошарты да оор болот. Айылдык башталгыч мектепти бүткөндө Фрунзедеги таякеси Байымбетов Иманкулга Кусейин кат жазып, таякеси Кусейинди Фрунзеге алып кетет. Ошентип Фрунзедеги педагогикалык окуу жайына тапшырат. Так ушул жерде болочок жазуучунун жеке турмушунда зор өзгөрүүлөр болот. Илим-билимге ынтызар, сергек жигит күнүтүнү китептен башын албай, бир жагынан илимдин сырдуу туңгуюкта-

рына сүңгүп кирсе, бир жагынан көркөм адабияттын, айрыкча фантастикалык көркөм адабияттын ажайып дүйнөсүн аралап, көркөм дүйнөнүн биринен сала бирин аңтарат. Андан соң он бала чогуу жашаган бөлмөдө, түн бир оокумга чейин китеп менен отура берсе, кай бирде сыртка коридорго чыгып окуп жүргөн күндөрү болгон. Мында ал өз курбу-курдаштарынын арасында зээндүүлүгү, көп окуп, көптү билүүгө ынтаалуулугу менен айырмаланат. Анын аркасында Сталиндик персоналдуу стипендия алып окуйт. Ошол эле учурда дүйнөлүк адабият казынасынын өзөгүндө өзүнүн чыгармачылык шыгын таптайт.

Кусейин педагогикалык техникумда окуп жүргөн кезинде каникул сайын айылга келүүчү экен. Келгенде бир тууган бөлөсү, кийин академик болгон Абдулхай Алдашев менен бирге келишчү дешет. Экөө чогуу жүрүшүп Абдулхайдын үйүнө Ак-Кочкорго, Чырак айылындагы таякелерине, тоого, көлгө бирге барып эс алышчу экен. Ошол кезде үйлөнөм деп айылдык Орозакунова Ажаркан деген кыз менен жолугушуп, сүйлөшүп, кат жазышып жүрүптүр. Каникулга келген сайын газета-журналдарга чыккан өзүнүн жазмаларын арзыткан кызына көргөзүп, энесине, карындашына да кийим-кече ала келип берип кетүүчү экен.

Бардык эле жаштардай Кусейин ошол, 18 жашындагы айылдык курдаш жаштары сыяктуу ошол кездеги элдик ырларга шыктанып, эрмеги эле кыздарга кат жазуу, «жоро», «бозо» дегенди уюштуруп, классташтар менен чогулуп отурчу. Жашоонун кызыгына кана элек, жаштыктын көңүл кушун көкөлөткөн мөлтүр сүйүү сезимине уялап, махабаттын айдыңында кыздарга умтулуп жүргөн кезекте:

Күлүп өт күлгүн жаш чакта,
Күчөгөн сүйүү бар чакта.
Күлпүттү сүрсүтсөк не арман,
Күнөөгө мейли батсак да, –

деген ыр саптары азыр да эрксиз эске келет.

Аттиң, 18 жаш ай. Эмне үчүн Кусейин ошол айылга келип жүргөндө өзү жактырып жүргөн айылдаш кызы Ажарканга байырлап, окууга барбай эле айылда калбады деген өкүт да аргасыз кыйнайт? Эмне үчүн башкаларга окшоп сүйүүгө алаксыбады? Ал кезде үйлөнүп алып деле техникум, институттарда окушчу эмес беле? Биринчиден, үйлөнүүгө үйүндө же шаарда шарты жок болчу. Экинчиден, ал билимсиз өмүр караңгы экенин түшүнүп, эң алгач билимге умтулду. Баштаган окуусунун аягына чыгууну көздөдү. Ошентип ал педучилищаны артыкчылык диплому менен бүтүрдү. Аны бүтүргөндөн кийин бир жылдай Кыргызстан мамлекеттик басмасында иштеп туруп, 1939-жылы Кыргызстан мамлекеттик педагогикалык институтуна кириптир. Кусейиндин эмгек китепчесинде: «Кыргызстан мамлекеттик басмасында 1938-жылы 25-июнь күнү редактор жана балдар адабияты бөлүмүнүн башчысы кызматына алынып, 1939-жылдын 1-сентябрында пединститутка өткөндүгүнө байланыштуу кызматынан бошотулду» – деп жазылып, башчынын колу коюлуп, мөөрү басылган.

Анткени студенттик жылдары эле бала күнүнөн көп уккан жомоктор, элдик анекдоттор, Апенди жөнүндөгү акылдуу аңгемелерден алган таа-

сирлеринен келип чыккан, тээ көгүлтүр көл жээгинде тестиер кезден башталган ууз тилек, учкул кыялга тунган кечтерде башат алган көркөм адабий чыгармаларын жаратты. Анын алгачкы «Саякатчы бала» аттуу илимий-фантастикалык аңгемеси 1937-жылы жарык көргөн. Биринчи чыгармасынын жарыкка чыгышы жаш жазуучуга Ала-Тоодой дем, Буудайыктыкындай канат бүткөрдү. Аталган аңгемеге удаа эле «Үчүнчү шар» (1939-жылы) Казанда басмаканадан чыккан) «Родинанын уулу» аттуу илимий-фантастикалык аңгемелерин жарыялады. Бул аңгемелер тээ, 1923-жылы Кыргыз советтик балдар адабиятынын башаты болгон Касымалы Баялиновун «Жылан менен чабалекей», «Түлкү менен суур» аттуу тамсил-уламыштардын негизиндеги чыгармалары, 20-жылдарда башталып, 30-жылдары жаңыдан каз-каз тура баштаган кыргыз совет балдар адабияты фантастика жанры менен толукталды. Кусейин Эсенкожоевдин жогоруда аталган аңгемелери 1938–1939-жылдары ар бири өз алдынча китепче болуп жарыкка чыгат. Жаш жазуучу айрыкча батыш адабиятындагы фантастикага кызыгат. Анын жогоруда аталган чыгармаларынан немец элинин фантаст-жазуучусу Э.Распенин «Мюнхаузендин шумдуктары», улуу француз жазуучу Жюль Верндин «Беш жума аба шары менен» аттуу романынын таасири тийгендей сезилет. «Балдар жазуучусунун талантына ээ болгон адамдар кандай сейрек...» – деп белгилүү сынчы В.Г.Белинский алардын көркөм шыгына суктануу менен айтканы бар. Ооба, чындыгында эле балдардын көркөм наарына төп келген чыгарма жаратуу ары кыйын, ары сыймыктуу иш. Мындай бийик парасатты аркалаган балдар адабиятчыларына эл тээ, илгертен бери эле таазим кылып келген, ысымын окурмандары башка жазуучулардан бийик туткан. Ал эми биздин кыргыз адабиятында мындай кадыр-баркка алгач арзыган жалгыз Кусейин.

Ал институтта окуп жүргөндө да бир нече аңгемелерди, көптөгөн ырларды жаратып, көркөм котормо ишине да ат салышууга үлгүргөн. Анын котормосунда С.Михалковдун «Жолдоштор», Жонатан Свифттин «Гулливер алптары», А.С.Пушкиндин «Падыша Салтан, анын даңктуу жана кайраттуу баатыр уулу князь Гвидон Салтанович жана сонун каныша Ак куу тууралуу жомок», К.Н.Чуковскийдин «Доктор Айболит» жана И.А.Рахтановдун «Амангелди Иманов» аттуу чыгармаларын кыргыз окурмандарына тартуулаган. А.Имановдун өзүнүн теги жагынан кыргыз болгондугун билип, Кусейиндин ага кызыгуусу артып аны кыргыз окурмандарына тартууласа керек. Таланттуу жаш жазуучу кийинчерээк реалисттик чыгармаларды да жаратат. Ошол эле 1938–1939-жылдары «Шарше» аттуу аңгемесин жана «Канаттуулардын сыры» деген ырлар жыйнагында отуз беш кушка аныктама берип жазган. Бул чыгармалар да өз алдынча китепче болуп 1939-жылы басылып чыккан. 1990-жылы «Птицы нашей земли» деп орусчага которулуп чыккан. Эки чыгарма тең өз мезгилинде адабий чөйрөдө жылуу кабыл алынган жана окурмандар сүйүп окуган көркөм мурастардан болгон. Ошондой эле орус классиктеринин чыгармаларынан М.Ю.Лермонтовдун «Акындын өлүмү», А.С.Пушкиндин «Көчкү», В.В.Маяковскийдин «Согуш жарыяланды»,

Ж.Байрондун «Караңгылык» деген ырларын кыргыз тилине которгон. Анын ар тараптуу таланттуу болушуна чоң аталары Алдаш Молдонун, таякеси Талып молдонун таасирлери болсо керек. Кара кылды как жарган сынчы Кымбатбек Укаев биз сөз кылып жаткан балдар жазуучусуна арналган бир эмгегинде «Шарше» аттуу аңгемеси тууралында ой жүгүртүп келип: «Бирок эмнегедир ушул күнгө чейин адабиятчыларыбыздын тарыхчыл калемгери К.Эсенкожоевдин аталган чыгармасын калың прозанын арасынан байкабай аттап кетип жүрүшөт. Бул көрүнүш аңыздан алынбай калып, айыпсыз айыл чарба көргөзмөсүнө илинбей калган жашылчаларга окшобосо эле болду...» – деп айтканы бар. Демек, али да болсо К.Эсенкожоев жөнүндө айтылчу сөздөр алдыда экен. Кусейиндин чыгармаларын окуп жатып, биз бул чыгарманы жазган адам көп жашап, көптү билген, турмуштук тажрыйбасы бай чоң адам катары элестетип кеп салып калчубуз. Анткени анын аңгемелери өзүнүн мазмунунун жөнөкөйлүгү менен айырмаланып, максатсыз эле жазылган апыртмадай эмес, ар бир сүйлөмү такталып, анализден өткөндөй. «Кыргызстан маданияты» газетасына Абдылдабек Эсенбековдун «Биздин Кусейин» деп жазган макаласын окусаң райондун борборунан кат-кабар, газета журналдарды ташыган почточуну ызгаар сууктун катуулугуна карабай күтөбүз. Почточу бизге тиешелүү газета-журналдарды жолдон эле берип, бизди кубанычка байлап салат. Биздин чыдамсыздык менен күтүп турганыбыз «Кыргызстан пионери» газетасынын жаңы саны. Бул газетада Кусейин Эсенкожоевдин ырлары, поэмалары, котормолору көп басылчу. Кийинки учурда анын «Үчүнчү шар» деген аңгемеси сандан-санга чыгып жаткан. Биз ошонун үзүндүсүн тезирээк окуш үчүн шашып, жолдо көк муштум болуп почточуну күтүп турганыбыздын себеби да ошол. Зарыгып күткөн кымбат буюмубуз колго тиери менен үйдү көздөй чуу койдук. Анткени үйдө да ата-энебиз баш болуп «Үчүнчү шардын» уландысын окутуп угууга ынтызарланып күтүп отурушканын биз жакшы билебиз. Бул айтылып отурган окуя мындан көп жыл мурда болгон эле. Ал кезде кыргыз адабияты да, анын окурмандары да жаш болучу. Балдар адабияты дээрлик жок эле. Мектептерде окуу китептеринен кийин эле окуучулардын сүйүп окуган көркөм сөз басмасы «Кыргызстан пионери» боло турган. Анын бетине Кусейиндин «Үчүнчү шар» аңгемесинин, болгондо да илимий-фантастикалык чыгармаларынын басылышы окурмандар үчүн ири жаңылык эле. «Үчүнчү шардын» сюжети айтканга эң эле жөнөкөй. Автор өзү абада учуп турган шар жасап, биринчи жолу шардын өзүн коё берет. Экинчиде шарды оордук көтөрө тургандай өркүндөтүп жасап, өзүнүн итин учурат. Үчүнчү жолу жасаган шары менен каармандын өзү учат. Ал итин учурган экинчи шарына космостон жолугушуп, итти өзү учуп бара жаткан шарына түшүрүп алат. Бирок шарга ити түшкөндөн кийин оор салмак басымдуулук кылдыбы, же башка бир себептер мененби, айтор, улам басаңдап отуруп, акыры бир белгисиз капчыгайдын бийик аскалуу бетиндеги тектирчеге келип түшөт. Ал жерден жол таап чыгууга мүмкүн болбогондуктан бир топ убакытка чейин жашап калууга аргасыз болот. Акыр аягында итинин жардамы

менен адамдар келип тигилерди тоодон түшүрүп кетишет. Автор аңгемесинин аягын минтип бүтүрөт. «Мен да өз катамды мойнума алгандай болуп, итиме карап аны эркелеттим. Албетте, мен белгилүү даражага жетээрлик шар менен учсам мындай кордукту көрбөс элем» ... Мына ушул «Үчүнчү шардан» кийин Эсенкожоев Кусейин деген жазуучу бар экендигин мурда биле электер толук таанып, элибиздин сүйүктүү жазуучусу болуп калды. Бул чыгармада ар бир нерсени, учур-жагдайды ийне жибине чейин иликтөөгө алып анализдеп, ишенимдүү, жумшак, ийкемдүү сөздөр менен баяндап, окуучуну өзүнө тартып, жанында бирге тургандай ишендире алат. Эгерде турмуш деген көз жеткис чалкыган өрөөн болсо, аны түрө кезип, кылдат карап чыккан, ал жөнүндө анализ берген адамды окумуштуу десе болот. Кусейин ага ыраазы болбой, ошол чалкыган өрөөндү асмандан да карап көргүсү келген, жөнөкөй нерседен тереңди көрүүгө ынтызар поэтикалуу ойдун агымына чөмүлүп , окуучуга ар тараптуу таасир берген, таң калтырган, таптакыр жаңы дүйнөнү ачты. Шар капчыгайдын бийик аскалуу бетиндеги тектирчеге түшкөндө өзүнүн жоопкерчилигин таасын сезип, улам татаалдаган кыйынчылыкты жеңүүгө далалат кылат. Мындай мээнеткеч, кылдат жана сезгич эр-азаматтын образын таасын тартып берүүгө жетишкен кыргызда биринчи фантастика боюнча карлыгач көч баштоочусу – Кусейин. Келечекке кең кароо – кеменгерлик парыз, артка мурас калтыруу карыз. Дарак жемишинен таанылат...

Ошентип чаалыкпай, чарчабай чымырканып чыгармачылыкта жүргөн мезгилде, балалык сезимге кара боёгун сүртүп, капилеттен каргашалуу согуш башталды. Ата Мекендин башына оор кайгы түштү. Жалпы Советтин эли баскынчылардын мизин кайтарууга колуна курал алып аттанып жатышты. Улуу орус акыны Некрасов: «Акын болбой калууга болот, бирок атуул болууга милдеттүүсүң» демекчи, Ата Мекенди коргоо биринчи кезектеги ыйык милдетим деп Кусейин:

– Эгерде эртеңки күн согуш болсо,
Дүйнөнү жалын каптап, шамал соксо.
Өлкөнү коргоо үчүн биз барабыз,
Жаш тилек, баатыр жүрөк аман болсо... –

деп өзүнүн жана жаш окурмандарынын атынан Мекен алдында берген убадасын биз мурда эле окуп билгенбиз. Бул ырда Мекен үчүн өз жанын курмандыкка чалгандан кайра тартпаган зор эрдикти элестетесиң. Ооба, Мекенди коргоо ыйык милдет. Мекени үчүн Кусейиндин жандүйнөсү чыдабай, өзүнүн бир тууган таякеси Иманкул Байымбетов менен бирге аскер комиссариатына барып Советтик кызыл аскердин катарына алуусун суранып, арызын жазып берип, аскерге кайсы күнү жөнөшүн тактап алып, энеси менен коштошууга Ысык-Көлдөгү Ичке-Булуң айылына келет. Айылга өзүнүн ашыкча кийимдерин, китептерин, кол жазмаларын студент достору, кызматташтары менен түшкөн сүрөттөрүн калтырып, эртеси 1941-жылдын 15-июль күнү айылдан Фрунзеге кетет. Ал аскер комиссариатына келсе, бирге арыз жазган таякеси Иманкул бир күн мурда аскерге кеткен экен. Ал авиа полкко окууга бөлүнүп, летчик болуп согушта каза болот. Кусейин да ас-

керге алынып, адегенде эле Алматы шаарына барып, командирлик окууда болот. Ошентип, Кусейин пединституттун 3-курсунда окуп жатканда аскерге кетет. Командирлик окууну бүтүп, согушка лейтенант чининдеги офицер катары кетет.

Анын согуштун кайсы жеринде жүргөндүгү, эмне иштерди кылганы, жарадар болгону тууралуу Кусейиндин майдандан жазган каттарынан билүүгө болот.

## Майдандан жазган каттар

Кусейиндин майдандан жазган каттарынын бизге табылгандары эле жазылды. Кусейин майдандан айылдагы Бүбүш энесине, карындашы Зайнаканга, туугандары Иманкожоев Айыпка 1944-жылдын март айына чейин кат жазып турган. Бирок анын жазган каттары аларда сакталган эмес. Ал кездеги «Советтик Кыргызстан» журналынын жооптуу редакторунун орун басары, таэжеси Курман Кыдырбаевага фронттон 1944-жылга чейин кат жазып турган. Анын каттарында да, чыгармаларында да стили кадыресе көп жашаган кишиникиндей абдан салабаттуу, салмактуу. Кусейиндин ар кайсы мезгилде жазылган каттарынан кыскача, негиздүү жерлерин эле жаздык.

«Курман, Кандай, сак-саламатта турасыңбы? Ишиң ийгиликтүүбү? Мен болсом Алматы шаарындагы согуштук окуу жайында окуп жатам. Турмуш болсо жаман эмес, бирок эл аралык маселеге байланыштуу эмеспи. Эки жылдык программаны үч-төрт айдын ичинде өздөштүрүү белгилүүдүр. Эки күндөн бери ушул катты араң жазып бүттүм.

Алматы.19-октябрь, 1941-жыл.Кусейин.»

* * *

«Курман! Кандай. Сак-саламатта турасыңбы! Мен болсом Алматыдагы окууну 14-декабрда бүтүрүп, ошондон Өзбекстанга келип калдым. Мага бөлүк бере элек. Окууну жакшы бүтүп, миномettон лейтенант деген наам берген. Азыр рота беребиз деп турат. Иманкул менен Абдулхай кайда экенин билесиңби? Иманкул менен кеткендер Өзбекстанга келип жатышат. Айтиевди Фрунзеге кетти деп уктум. Энди мындан башка кеп жок. Башка жаңылыктарды сенден күтөм. «Кызыл Кыргызстанга» майда-чүйдө материалдарды жазып турам. Машинкага бастырып, сага жазгандарды журналыңа берип туруунду сенден күтөм. Сага бир очерк салып жибердим. Кайыр кош, саламатта бол. Аскердик саламым менен Кусейин. Адресим кайра которулганы жатат. Азыр совещаниеде айтылды. Башка жакка кетет экемин. Миномет бөлүгү башка жайда экен. Барган жерден кат жазамын.

Кусейин. 25-декабрь, 19 41-жыл.»

* * *

«Курман! Саламатсыңбы? Мен Москвага келдим. Биз менен удаа Оштон келе жаткандарга жолдон кезиктим. Абдулхай Алдашев да арка жакта келе жатат экен. Кош, саламат бол.

Кусейин. 26-май, 1942-жыл.»

* * *

«Саламатпы Курман! Бул катты Калугадан жазып олтурам. Мен аман эсенмин, майданга жөнөп жатам. Госпиталдан 23-августта 42-жылы чыктым. Ден соолугум жакшы. Азырынча адресим белгисиз. Барган жерден адресимди жиберем. Ден соолукта болушуңду жана ишиңдин ийгилигин каалайм. Командирлик саламым менен Кусейин.

23-август, 42-жыл.»

* * *

«Курман! Кандай жакшы турасыңбы? Андагы ага туугандар, көргөн-билгендер кандай турушат? Бул катты батыш багыттын бир калың токоюнун арасында, жер кепеде, күз күнүнүн жаанынан жашынып дегендей, төбөдөн чуулдап өтүп жаткан окторго көңүл бөлбөй, жайбаракат стол үстүндө отуруп алып жазып олтурам. Азыр фронтто болсо да үйдө жүргөнсүп көнүп кеттим. Госпиталдан келе жатып, Калугадан кат жаздым эле алгандырсың? Мен Ташкенттен кеткенден бери сенден кат албадым. Кат жазып турууңду күтөм. Балким, менин жазган каттарым келбей жаткандыр. Илийдин жазган катын госпиталдан алдым эле. Иманкул кайда? Зайт Караколдо эле турабы? (Зайт Кадырбаев таякеси мугалим). Молдогазы жазуучу бала-бакырасы менен жакшы турабы? «Ленинград в борьбе» деген кинодон Абдулимди, Үсөнбаевди, Кондучалованы жана башкаларды көрдүм. Фронттордо болуп жатканды газетадан окуп жаткандырсың. Кыскасы, биздин турмушта шайыр турмуш жок. Кээде биздин «катюша» ойноп кетет, самолет картошкасын сээп, миномет минасын бүркүп жиберет. Жаратылыштын оюн-шоогу болуп жаткандай болот да турат. Курман! Кат жазып турушуңду күтөм. Менден тааныгандарга салам.Кош, саламатта бол! Кусейин.

10-сентябрь, 42-жыл»

* * *

«Саламатпы, кымбаттуу Курман! Жалындуу салам жиберем. Сенин катыңды алдым. Жүрөктөн чыккан ыраазычылыгымды билдирем. Өзүмдүн ал-жайымды билдирейин: биринчиден, аман-эсен, деним сак,

ошондой эле сенин да дениң сак, бактылуу болушуңду каалайм! Биздин турмуш эл аралык абалга байланыштуу, ошондуктан басма сөз кызматчыларына бардыгы түшүнүктүү деп ойлойм. Бардыгын тагдыр чечет. Жоокерлерден Родина, ошондой эле тууган жер жана айлана-чөйрө душманды жеңип, жеңишти камсыз кылууну күтөт. Бардыгына салам айт: Аалы агайга, Мукамбетке, Молдогазыга жана башкаларга. Кош. Кат жаз.

Кусейин, 15-ноябрь, 42-жыл».

* * *

«Курман! Саламатсыңбы? Фронттон сага ысык салам жиберем. Көптөн бери кат алган жокмун. Ошентсе да өзүмдүн ал-абалымды билдирүүнү чечтим. Мен аман-эсенмин, силерге да ошону каалайм. Турмуш жаман эмес. Абдулхай менен Имаштан кат алып турасыңбы? Алардын адресин билдирүүнү сурайм жана аларга менден бир туугандык ысык салам айтып жибер. Сенден жооп күтөм. Саламым менен Кусейин.

15-апрель, 43-жыл».

* * *

«Аалы агай! Алыскы Дондун мейкин талаасынан фронтовой саламымды жиберем! Аалы агай, көп убакыттан бери сиздер жактан кабар укпай, кат алалбадым, саламатчылыкты билдиришип, кат жазып туруууңузду күтүп, Сиздин адабий чыгармачылыгыңыздын алга жылышына тилектеш болуп кат жазуучу иниңиз Кусейин.

Майдан жактан болуп жаткан жаңылыктарды газетадан окуп тургандырсыз. Болжолдо эки тарапта дагы бир күч сынашууга даярданып жаткан көрүнөт окшойт. Сталин Биринчи майга карата жазган приказында дагы эки, же үч удар керек дегендей, бул жай чечилчүдөй болгудай. Андыктан алдыга... чарчабай, талбай боецтерди согуш ишине күнү-түнү болсо да үйрөтүү деген милдети коюлган. Көп убакытта жумадан жумага чейин кол бошобой калат. Аалы агай, кыш күнү бою бир күн өрүү болбой передовойдо алдыңкы линияда болдум. Бир-эки жолу жеңил жарадар болдум. Азырынча экинчи эшалондо туруп жатабыз. Баштан ар түрлүү кызыктуу эпизоддор өттү. Аманчылык болсо, азыр жараланбайбыз деген ой бар, ал эми кийинки агымга, андан калса тагдыр менен таалайга байланыштуу иш го...

Өткөн күндөрдүн биринде Курбандан кат алдым. Анда сидердин чыгармачылык фронтуңуздарда болуп жаткан жаңылыктарды жазыптыр. Сиз «Ант» деген пьеса жазыптырсыз жана башка жазыптырсыз. Эшмамбетов жарадар болуп келди дейби? Энди агай болгон жаңылыктарды сиздер тараптан күтөм. Кусейин. 5-май, 43-жыл.»

(«Кыргызстан маданияты», 4-март, 1970-жыл).

* * *

«Урматтуу Абдулхай! Кандай сак-саламат жүрөсүңбү?

Сенин катыңды, .... (окулбай калган – авт.) аракетин угуп алып мен кубанып калдым. Ден соолук болсо, душманды жоюуга аракет кылуудан башка арга жок. Ансыз бизге тынчтык жок тура. Курмандан, айылдан кат алдым. Алар эсенчиликте турушат экен. Эгер буюрса, согуш бүтүп айылга барсам, баягы мен жазган чыгармаларымы кайрадан карап, жакшылап жазып чыгамын го деген ой болуп жатат. Менин адресим тез алмашып аткангабы, же менин кийинки каттарымы ала албаса керек. Үйдөгүлөргө кат жаздым. Ажарканга менин адресимди берип койгула дедим. Абдулхай бөлөм! Ахвалыңды билдирип дагы кат жазып тур. Саламым менен Кусейин.

5-июнь, 43-жыл».

* * *

«Кадырлуу Курман! Кандай, жакшы турасыңбы? Саламатта болушуң менен, ишиңдин ийгилигин күтүп кат жазуучу Кусейин. Сенин өткөндө жазган катыңды алып өтө кубанычта болдум. Мен болсо азырынча ден соолукта, жакшы турам. Силер жакта кандай жаңылыктар бар, ал жөнүндө жазарсың. Биздин бөлүк болсо эки айга жакындап калды, эс алууда турат. Башкача айтканда, жаңы келген жоокерлерди окутуп, обучать этип жатабыз. Эл аралык маселени болсо газетадан окуп жаткандырсың. Чынын айтканда, бул чатак адамды тажатып бүттү го. Бир топтон бери безгек менен сыркоолоп, азырынча жакшы болдум. Февраль айында бул жөнүндө илгерки катымда жазган жок болсом керек. Биз бир чокуну алуу үчүн, башкача айтканда, душмандын дзотун блокировать этүү үчүн барып ичиме ок тийген. Санбатта 20 чакты күн жатып айыгып кеттим. Андан башка майда-чүйдө жарадарлар кышында көп болгон. Ажал болбосо ар кандай балакеттен кала берет экенсиң. Донецтин боюнда оборонада коргонууда турганда эки бутумдун ортосуна аяктай осколка келип түшүп, кийиз өтүктүн кончторун кырып жерге кирип кеткен. Мында да соо калдым. Ошол эле күнү душмандын снаряды менин блиндажыма келип түшүп жарылбай калды. Анан мина келип жарылып блиндажда турган төрт боецти жарадар кылды. Бул бир гана күнкү болгон эпизоддор. Мен миномётторумду ачык жайга коюп алып, түз наводка менен душмандан өчүмү алдым белем! Аманчылык болсо түрдүүчө боевой эпизоддор баштан өткөндүгүн эскеребиз. Кээде бул өңдүү турмуштун тайгак кечүү, тар жолдорун басканыма кубанычта болом. Себеби майда болсо да бир өлүм эмеспи, ажал жеткен жерде өлөт эмессиңби! Фронтко чейин турмуштун тузун тууралап таткан эмес экенмин деп кетем. Институттан окуган менен, жазуучу сөрөй болумуш болгонум менен дүйнөгө көз карашым, турмушту баалашым анчейин гана кеп экен. Чыныгы турмуштун институту көзүң менен көргөн, колуң ме-

нен узарткан, баштан өткөргөн, бул дүйнөдө болуп жаткан (ар бир доордогу, ар бир коомдогу) окуялар экен. Мен көптөн бери күндөлүк жазымыш болгонду койдум. Кол бош учурлар боло калганда, жазса жаза бере турган. Бирок даярдыксыз жазуу анчейин гана бирдеме болуп калчудай. Ошентсе да, мен болуп жаткан согуштун катышуучусу болсом да, убактылуу, шартка ылайыктуу бир нерсе болуп калуучудай. Курман! Байкап көрчү, азыр дүйнө жүзү кандай абалда экенин? А ал эми биздин жазуучулар кандай «фантазияны» баштарынан чыгарып жатышат экен. Алардын согуш жөнүндө жазып жаткандарын фронтто болуп жаткан чындыктарга салыштырып көрсөм канчалык проценти соответствовать этер эле? Энди мындан башка эмне жазайын. Биздин бөлүк гвардейский, как активный член бюро жана башкаларга карап туруп, ЦК комсомолдун суроосу менен биздин полктон наградит этүүгө мени жиберди. Ага 4–5 ай болду, алигиче дайын жок. Эгер командующий наградит этсе тез болот эле. Аалы агайга, Жоомартка, Дөгдүровго, Алыкулга, Кубанычбекке, Заманбетовго менден салам айтып кой. Айтса Түгөлбайдын Кең-Суусу тартылды бекен. Мукайдан «Узак жолу» кыскарар бекен? Жаңы шартка карай кандайча тема табышып, аягына чыгалбай жатышат экен? Жана башка көргөн-билгендерге салам айтарсың. Кат жазуучу Кусейин. Кат күтөм.

8-июль, 43-жыл».

* * *

«Курман! Саламатсыңбы? Ден соолуктарың жакшыбы? Мен болсом ден соолукта, жакшы турам. Менин жеке башымды бир далай ойлор басып, жүрөккө кетпечүдөй так салып кетти... А биздин калк кандайча жаралгандыгына кападар болосуң да... Кош, саламат бол.

Кусейин. 15-ноябрь, 1943-жыл».

* * *

«Курман! Кандай саламатта турасыңбы? Сенден көптөн бери кат албадым жана чоло тийип кат жазбадым. Энди мен болсо ден соолукта дегендей жакшы турам. 1-январда жеңил жарадар болуп азырынча «жеңил жарадарлардын» госпиталында жатам. Жакынкы күндөрдө кайрадан бөлүккө барып каламын. Кат жазсаң мурдагы адрес боюнча эле жаза бер. Ал энди майданда болуп жаткан жаңылыктарды газетадан окуп жаткандырсыңар. Биздин бөлүктө анчалык деле өзгөрүштөр жок. Бекештен кат-кабар келип турабы? Занттан өткөндө бир кат алдым эле, андан кийин кабарсыз болуп кеттим. Көптөн бери эки жактан кабарсызмын. Андагы болуп жаткан жаңылыктарды билгизип, жазып турушуңду күтөм. Өткөндө 3–4 жолу газетага, чоло боло калганда бирдеме жазымыш болуп жиберип ийдим эле. Азырынча мындан башка деле кеп жок. Саламатта болушуңду күтүп, кат жазуучу Кусейин. . Молдогазы-

ларга салам дуба айтып коерсуз. Пединститут көчүп келдиби? Илим кайда? Караколдобу же Фрунзеге келдиби?»

15-январь, 44-жыл.»

Ушул жерден бир аз кошумча, тактоо иретинде мен Абдулхай Алдашев агай менен жолугушуудагы сүйлөшүүнү айта кетүүнү эп көрдүм.

Мен «Бөрү баатыр» деген китепти жазып алып, академик Абдулхай аганын үйүнө 20-май 2001-жылы барып, 2–3 күн туруп калдым. Ар түрдүү кептерден сүйлөшүп отуруп, өткөн Ата Мекендик согуштагы өзүнүн басып өткөн жолун, согуш мезгилинде Кусейин менен кат жазышып жүргөнүн, аны менен бир тууганы бөлө экенин айтканда мен агадан Кусейиндин согуштан Курманга жазган каттарын газетадан окуганда бир аз түшүнүксүз ойлор болгонун айта баштадым.

– Сабырбек иним, Кусейин көргөн согушту мен да барып көрүм. Кусейинге жазган каттардай эле Курман мага да жооп каттарды жазып, бизди улам өзгөргөн адресибизди бизге тактап жазып берип, бизди байланыштырып турду. Курмандын фронттогу жоокерлерге жардамы өтө чоң болгон. Биз ар бирибиз ар түрдүү жерде, ар түрдүү позицияларды ээлеп душманга сокку уруунун аракетинде жүрдүк. Душмандын техника күчү көп болсо да, биз ар тараптан чабуулга өтүп кырылып атканыбызга карабай сообуз алдыга жүгүрүп жетип душмандын дзотторун талкалап аттык. Буларды азыр айтканга жеңил болгону менен адам чыдагыс алаамат күндөрдү жан талашып, мөндүрдөй жааган октор астында жүгүрүп өтүш оңой эмес. Биз көптүгүбүздөн гана жеңип алдык. Кусейин менин билишимче согушта алты жолу жарадар болгон. Ар бир жарадар болгонун мен жазган каттарынан жазып жүрдүм. Бирок ал санчасттан кичине өзүнө келе калса эле, ротанын командири болгондуктан өзүнүн жоокерлеринен санаасы тынбай, доктурдун тоскоолуна карабай, кайда болсо да бир өлүм эмеспи, ажал жеткенде өлөөрмүн, ага чейин душманды азайта берели деп ротасына кетип калчу. Бул сөздөрдү мага жазган катында жазчу. Ар жуманын үчүнчү күндөрү түндөсү полктун полевой штабына барып жаңы келген газеталардан алып, өзүнүн ротасындагы жоокерлерге кыргыз, казак, өзбектерге орусча гезиттен жаңылыктарды которуп окуп берип турам деп мага жазган. Ошондуктан ал, ар бир фронт боюнча болуп аткан жаңылыктарды Кусейин газетадан билип турчу. Ал тургай газетанын өз кабарчысы менен Кусейин тааныш болчу. Курманга жазган каттарында да Кусейин: «Сен фронттордо болуп жатканды газетадан окуп жаткандырсың» – деп жазып атпайбы. Мен: – Абдулхай аба, мага түшүнүксүз болгону Курманга 15-ноябрь 43-жылы Кусейиндин жазган катында: «Менин жеке башымды бир далай ойлор басып, жүрөккө кетпечүдөй так салып кетти. Биздин калк кандайча жаралганына кападар болосуң» – деп жазыптыр, анын сыры неде? – деп сурадым.

– Ооба, андай ойдогу катты мага жазган. Анткени кишинин баары Кусейиндей сезимтал, сергек, аракетчил эмес да. Күн-түн согушуп, чарчаган байкуш жоокер, өлөөрүнө карабай карайлап туш келди эле жерге кулап уктап калгандарын көрүп, жоокер ачык жерде чымындай болуп

өлүп калышына жол бербес үчүн Кусейин команда берип кыйкырып, сүйрөп атып далдоого апарчу. Артыкча казак, кыргыздар ыкшоо, уйкучу келебиз. Ал тургай басып баратып уктап кеткендер да болот. Айланасына көз салып, коргонуучу жай, окопторго жетип жатпай кыргызчылык кылып, кайдыгер болгондорго Кусейиндин ызасы келчү. Ошондуктан ыкшоолугубуз, караңгылыгыбыз качан калат деп атпайбы, – деди Абдулхай агам. Мен ошол кездеги жазган Кусейиндин оюна түшүнүп, башымды ийкедим. Эртеси мен «Бөрү баатыр» китебимди Абдулхай агамын окуп көрүүсүнө таштап кеттим.

СССРдин радиосу 1944-жылдын 1-январында жаңы мамлекеттик гимнди алгачкы жолу калайык-калкка угузган. Ошондон кийин Кыргыз Республикасынын мамлекеттик гимнинин текстин жазуу жөнүндө олуттуу маселе көтөрүлүп, ага атайын комиссия түзүлүп, текстти жазууга майдан тылдагы акын-жазуучуларды тартууга чечим чыгарган. Мына ошол ишке катышууга кыргыз элинин тунгуч таланттуу фантаст жазуучусу, согушта жүргөн Кусейин Эсенкожоевге кат жиберилген эле. Кусейин анда Днепр дарыясынын аркы тарабына өтүп, душмандын уюгун көздөй кууп бараткан. Жиберилген катка төмөндөгүдөй жооп келген.

«Саламатсыздарбы, кымбаттуу жолдоштор! – деп баштаган ал орус тилинде жазылган каттын тексти. Кечээ 23.3.44-ж. Эсенкожоевдин наамына Кыргызстандын мамлекеттик гимнин түзүү жөнүндө кабарлаган кат келди. Бирок Эсенкожоев Кусейин тирүү эмес, ошондуктан ал гимнди түзүүгө катыша албайт. Душмандын огу баатыр жоокерлерди, миномёттук взводдун командирин, гвардиялык лейтенант, Нижнеднепровск Кызыл Туулуу гвардиялык дивизиясынын офицерин өлтүрдү. Душмандын огу биздин досубузду жана солдатты, кыргыз элинин уулун, Россиянын түштүгүнүн жаш жазуучусун окко учурду. Эсенкожоев экөөбүз бир жарым жыл бою бир полкто кызмат кылдык. Ал боорукер, камкор жана таланттуу акын эле. Ал экөөбүз бардык жагынан (наамыбыз жана кызматыбыз боюнча) бирдей элек. Экөөбүз эки башка тараптан: мен Белорусиядан, ал экөөбүздүн эки тарабынан болгондугубузга карабастан бир туугандай ачылып сүйлөшө турганбыз. Ал менин ырларымды кыргыз тилине, мен анын ырларын орус тилине которчу элем. Бирок ал азыр жок. Мен бир нерсеге өтө өкүнөм. Анын жазган дептерин алып силерге жибере албай калганыма. Анткени ал алып калууга мүмкүн болбогон шартта өлдү.

Кымбаттуу жолдоштор! Эгер мүмкүн болсо, мага бир жакшылык кылып Кусейин Эсенкожоевдин чыгармаларын мага жиберсеңер (кайсы тилде болсо да). Менин бул суроомду орундатасыздар го деп ойлойм. Кыргыз элинин баатыр уулу, өз Мекенинин жалындуу патриоту жөнүндөгү эстелик биздин жүрөгүбүздө дайыма сакталып калсын. Ал душманды акын катары гана жазбастан, анын минометунан жүздөгөн гитлерчилер кырылды. Анын көкүрөгүн «Каарман эрдиги» үчүн медалы менен «Кызыл Жылдыз» ордени коздоп турчу. Анын өлгөндүгүн уккандагы менин кайгымды, жүрөгүмдүн сыздаганын сөз менен айта албайм... Эми менин тилегим – согуш бүткөндөн кийин өзүмдүн эң жакын жолдошумдун Ата Журтуна барып келүү. Эгер менин чыгармачы-

лыгым менен аз да болсо таанышкыңыздар келсе, Кызыл Армия жоокерлеринин ырларынын жыйнагын тапсаңыздар «Дивизиянын ыры» И.Муравейко дегенди окусаңыздар болот. Сиздерге гвардиялык салам менен фронттук акын И. Муравейко. Жооп күтөм. Полевая почта 11612. Иван Андреевич Муравейко».

Бул кабарды уккан кандай адамдын жүрөгү сыздабайт. Тагдырдын таш боордугуна наалат айтып, акындын ушундай күнгө туш болгонуна жана кейите ичиң тызылдап, аттиң арман ай, өмүр гүлүнүн бири ачылбай, акын эч нерсе менен толбой бош калган ордун эстеп, каңырыгың түтөй түшүп, уйгу-туйгу ойго батасың. Бу тагдыр, жашоо дегениң ар кимге, ар башкача берилет тура, – деп жашоонун оомалуу-төкмөлүү экенине жан кейитесиң. Ал байкуш жашоонун эч бир жакшылыгын көрбөй кеткенине ызаң келип өкүнөсүң. Кыргыз журтчулугу кайгырды. Жакын курбу-достору, ага-туугандары жоктоп ыйлашты. Кайран Кусейиндин Украинанын шаар-кыштактарын бошотууда сыз окоп, сазга түнөп, траншея-окоптордо жатып, үч жыл бою тынымсыз алаамат согушта жамгырдай жааган ок астында кан кечип жүргөн эмгеги акталбай калды.

Кусейиндин майдандагы жазган каттарынын колдо болгондорунун бардыгын толук бердик. Бирок кай бирлери, аларды окуса да «Кусейин согушта кандай эрдик кылыптыр ия?» – деп кайра сураганда ызам келип, ошол, майданда жазган каттарынын ичинен согуш боюнчасын карап, кайра талдап жазууну эп көрдүм.

Өлгөндөр даңкталмайын, тирүүлөр баркталбайт. Биз үчүн не бир каарман, элдик адамдар кымбат жанын бергенин эч качан унутпашыбыз керек. Ок бүркөн ДЗОТту алуу эрдик эмеспи? Ага көрүнгөн адам эле тик багып бара албайт.

К.Эсенкожоевге «Даңк» медалы менен жогорку даражалуу «Кызыл Жылдыз» ордени анын эрдиктерин баалоо үчүн берилгени айныксыз чындык. Мындай мамлекеттик сыйлыктар тегин офицерге берилбейт.

К.Эсенкожоевге тагдыр талант бергени менен бак бербептир го чиркин! Кусейин тирүү болсо, элибиздин адабиятына ак эмгегин арнап, көркөмдүгү бийик көптөгөн чыгармаларды жаратып, атагы алыска кетет эле. Эми ага Кудай Таала бейишин берсин дегенден башка не айтабыз.

«Кусейин кайтыш болду, 15-март, 44-жыл» деген кара кагазы энеси Бүбүшкө келгенде ал ошол кагаз менен 15-март, 44-жылдан баштап пенсия алып турду.

Биздин республикадан жазылган кат 23.3.44-ж. И.Муравейкого жеткен, аябай өкүнүчтүүсү, ал кат аз гана мөөнөткө кечигип калгандыгы. Эгерде кат жок дегенде он күн мурда жеткенде, Кусейин тирүү калат беле? – деп ар бир жанды күлүк санаа өкүткө салбай койбойт. Анткени гимн жазуу үчүн ал согуштан аз болсо да бошомок беле... 9-июль, 2004-ж. «Кыргыз Туусу» гезитине Мундузбек Тентимишев да «фантаст-жазуучунун соңку күндөрү» деп жазган макаласында: «Кат аз гана мөөнөткө кечигип калды. Арман күн ай, десең» – деп өкүнүчүн жазган эле.

Элибиздин патриот кулуну Кусейин тууралуу кыргыз улут маданиятына эмгеги сиңген Шаршен Усубалиев 2003-жылдын күзүндө «Кыргыз Туу-

суна» интервью бергенде минтип айтат: «Чүйдөн чыгып, П.И.Чайковскийдин мекени Клин деген чакан шаарга 17 сутка дегенде жеттик. Мына ошол жерде немецтер бизди катуу бомбалады. Адам өлүгүн мен эле эмес, бардыгыбыз биринчи жолу көрдүк. Токой аралап жайыла качтык. Андан ары 20 км. жөө-жалаңдап, .... (22-бет, окулбай калган – авт.) жасап жөнөдүк. Ошентип баратсак баарынан кызыгы, кымгуут түшкөн түрдүү аскер бөлүктөрү менен бирге акын жердештерим Жусуп Турусбеков, Темиркул Үмөталиев, фантаст-жазуучу Кусейин Эсенкожоев жүрөт. Жусукем бир топ жүдөп калыптыр. Аскердик тартипке натурасы жат кайран акындын ал-абалын сурап, колумдан келишинче «сый» көрсөттүм. Бул биздин Жусукем, Кусейин менен эң соңу жүз көрүшүүбүз болду. Экөө тең кийин майдандан кайтпады. Мезгил санагы анда 1942-жылдын июнь айы эле».

Эсенкожоев Кусейиндин өмүр баяны жөнүндө басмадан жарык көргөн адабияттарда карама-каршы жана туура эмес маалыматтардын берилип жүрүшү бизди өкүндүрөт. Алсак, Кусейиндин 70 жылдыгына карата Мурзабек Өмүрзаков «Фрунзе шамы» гезитине жазыптыр: «Кусейин Кытай деген кыштакта туулган. Педтехникумда окубай пединститутта эле окуган. 41-жылдын декабрь айында Кусейин Москваны коргоодо окко учкан». Ушул эле сөздөрдү 1972-жылы Эсенкожоевдин (экинчи басылышы) китептин баш сөзүн жазганда К.Укаев да жазган.

«Мугалимдер газетасына» 7-ноябрь, 1991-жылы Өмүрзак Тенти уулу жазат: «Кусейин 23-мартта 44-жылы курман болгон» – деп. Ал да туура эмес. Абдылдабек Эсенбеков «Кыргызстан маданияты» газетасына төмөнкүдөй жазган эле. «Кусейин Советтик Армиянын катарында 3–4 жылдай жөн гана кызмат өтөбөстөн, душмандар менен кашык каны калганча салгылашкан офицер болгон экен. Ошондуктан ал кызмат өтөп, согушка катышкан дивизиондук архивдерде Эсенкожоев жөнүндө толук эле маалыматтар болууга тийиш. Ошондуктан, кеч да болсо К.Эсенкожоев жөнүндөгү бардык адабий жана башка мурастар толугу менен чогултулуп, анын жыйнактарына кошулуп, кайра басылган болсо кандай сонун болор эле» – деп. Кусейиндин согуштагы кылган эрдиктери үчүн «Даңк» медалы, «Кызыл Жылдыз» ордени берилиптир. Кусейин жетектеген минометтук взводдун кылган эрдиктери үчүн. Ал эми алаамат согушта ар бир офицердин кылган иштерин архивге жазып калтыруу мүмкүн болбосо керек. Ал тургай Кусейиндин жазып жүргөн күндөлүк дептерин табууга мүмкүн болбоду деп И.Муравейко жазып атпайбы. Эгер биз дивизиясынан сураштырсак Кусейин мынчанчы жылдан баштап өлгөнгө чейин минометтук взводдун командири болуп жүргөнү чындык дегенден башка маалымат ала алат белек?.. Ошондой аракеттер жасалды бекен?..

Кусейинди эскерген жазуучу калемдештерине сөз берсек. Ал көркөм сөздүн каймагын калпыган кыргыз маданиятына эмгек сиңирген ишмер Калканбай Ашымбаев аксакалыбыз Кусейиндин 70 жылдыгына карата 20.12.90-жылы «Кыргыз Туусу» газетасына «Кыял ташкыны» деген макаласын жазган. Ал мындай:

«Тагдыр ар бир калемгерге ой чабытына жана акылдын көрөңгөсүнө кошуп, талантты ар бөлөк өлчөмдө ыйгарат шекилдүү. Кай бирөө та-

ланттын бир гана бүркүмүн чаалыкпаган мээнет менен чынар терекке айлантат. Кай бири төгүлүп-чачылган шыбагага карк болсо да ыкшоолугу ырысын кыркып, кереметти боюнан качырып алат. Ал эми кай бирине ташкындаган кыял, канаттуу ой-чабыты ыйгарылганы менен анын өмүрү кыска келип, кийинки урпактарды: «Кап, бир аз күн көрө түшкөндө эмне?!» деген өкүткө кептеген кездер азбы? Ошондой аз өмүр сүргөн, бирок оргуган кыялдын канатына жармашып, көркөм ой-санаасын кагазга эркин төгүп кирген калемгердин бири – Кусейин Эсенкожоев эле.

Бар болгону он жети жашында Жети-Өгүз аймагынан башталгыч мектепти бүтүрүп, отуз жетинчи жылы Фрунзе калаасындагы педагогикалык училищага келип кирген. Моюнча өскөн курбуларынын жана аны менен баарлашкан калемдештеринин айтымына караганда ал абдан зирек, баамчыл жана карапайым бир мүнөз жана кайрымдуу эле дешет. Ата-энеси анча байып кетпеген, каниетчил жана жоомарт, момун чалыш болчу деп эскеришет. Кусейин болсо, жашынан куйма кулак жана бышык атанган. Чоң жомокчуларды, манасчыларды жана комузчуларды шынаарлап, өнөрпоз болушка талпынган: айрыкча Алдаш Молдонун ырларына таасирленген. Аста жүрүп алып, жакшылардын каада-салтын, жүрүм-турумун жана кебин көкүрөгүнө түйүп, канына сиңирген. Тагдыр даарып өткөн касиеттин учкундары тутанып, аны билимге, тил өнөрүнө сүрөмөлөй берген. Ошол себептен ал жашынан эле дубал газеталарга ыр жазып, адабий ийримге имерчиктеп, кепке үңүлгөн. Анын шыгы борбордогу училищага түшкөн кезинен баштап ойгонгон...

Капыстан апаат чыгып, ажал бүрккөндө институттун үчүнчү курсун калтырып, учкуч алдында майданга аттанган. Жөнөр алдындагы ыры:

«Эгерде эртеңки күн согуш болсо,
Дүйнөнү жалын каптап, шамал соксо.
Өлкөнү коргоо үчүн биз даярбыз
Жаш тилек баатыр жүрөк аман болсо...»

Кусейин курдаштарына жазган катында: «Менин жүрөгүм бирөө болсо, Москва – миллиондордун жүрөгү! Ошондуктан ал дүйнө жүзүндөгү ак ниет адамдарга согуп турсун үчүн көөдөнүмдү окко тосом» – дептир. Ошентип жаңыдан гана жетилген барчын жүрөгү баскынчылардын огунан сокпой калды.

Анын көзү өткөнүнө туура жарым кылымга чапчып, элүү жылда эл жаңырып, доор жаңыланып турган чакта Кусейин Эсенкожоевдин чыгармалары китепкөйлөрдүн текчесинде турганы менен анын балдар мекемелерине ыйгарылбаганы бизди өкүндүрөт.

Ошол эле Кусейиндин 70 жылдыгына карата жазуучу-фантаст жана белгилүү журналист Айдарбек Сарманбетов «Кыргызстан маданияты» гезитине 1990-жылы «Учкан жылдыз» деген макаласын жазган.

Анда: «Жазуучу – чыгармаларынын санына карата эмес, кылган эмгеги менен өз элинин тарыхына айкаша алгандыгына карата бааланат» – деп айтылган таасын сөз Кусейин Эсенкожоевдин чыгармачылыгына, анын инсандык касиетине тике багышталгандай туюлат. Анткени ал таңкы кыроодой аз гана өмүр сүргөнүнө карабастан өз элинин тагдырына,

тарыхына камыр-жумур жашап, өз шыпаасын тийгизип кетти. Саналуу азыноолак чыгармалары менен кыргыз элинин улуттук адабиятында урунттуу изин калтыра алды.

К.Эсенкожоевдин каармандары өз мезгилинен озуп, эртеңине саресеп салган дилгир, келечектин муундары. Алар тобокелдиктен, изденүүдөн качпаган, чыгармачыл, келечек замандын адамдары.

Илимий-фантастикалык чыгармалардын баркы – андагы козголгон маселелердин турмушка ашып, чындыкка айлангандыгында. Мына ошондой чыгармалардын бирине К.Эсенкожоевдин «Үчүнчү шар» аңгемеси кирет. Аба мейкиндигине, али белгисиз сырдуу дүйнө көтөрүлүп, таануу үчүн алгач бош аба шарын, анын соңунан гана иттин, адам баласынын учуусу турмуштук чындыкка айланган жокпу? Ю.Гагариндин космоско учуусуна дейре жердин жасалма спутнигинин андан кийин ит-Лайканын учушу жазуучу-фантасттын ою, божомолу менен толук шайкешип турат. Мындай чейрек кылымдык «олуялык» жазуучунун кыял дараметинин жетиктигин, курчтугун тастыктайт. Өзгөчө улам барган сайын ылдамдыгы артып, кескин өзгөрүүлөргө жык толгон жыйырманчы кылымдын мындай жаш адамынын «көзү ачыктыгы» анын артыкчылыгынын дагы бир күбөсү.

Элибизде чылгый кара түндө асман бетин бербей жымыңдаган жылдыздардын арасынан, кай бири артында жарык үзүк калтырып күйүп кеткенде «жылдыз учту» деп өкүнүп калмайы бар. Чындыгында эле, түбөлүк жок болгон ал жылдыздын орду жетимсиреп, асман кунарсыз тарта түшкөнсүп, ким болбосун, сөзсүз, ичи ачышып калат...

Көркөм өнөрчүлүк дүйнөсүндө мына ошондой кыска, бирок жаркын, жүрөктөрдүн тереңине түнөп калган адамдар кыргыз журтчулугунда көп кездешет. Андай инсандар адетте, жүктүн оорун, сапардын алысын, али эч кимдин изи түшө элек өз жолун тандап алышып, анын түйшүгүнө кайыл болуп, курмандыктарга өз эрки менен барат. Ошонусу менен алар – бийик, улук. Жараткан эмгектери «аз болсо да – саз» дегендей салмактуу, куну чоң. Анткени алар, алгачкылар, жаратуучулар. Кыргыздын жазма адабиятындагы ушундай өрнөктүү адамдардын бири – жазуучу-фантаст Кусейин Эсенкожоев.

Ал учкан жылдызга окшоп абдан аз жашап, бирок өз элинин адабияты, тарыхына айкалышуусу менен түбөлүк калууга арзый алды.

Эгерде ал бүгүн арабызда болгондо 70 гана жашка толмок экен. Анын кандай гана курч чыгармаларынын көз жарбай калгандыгын ойлогондо таш боор өлүмгө, шум ажалга дагы да наалат айтпай коё албайсың.

Сөздүн ыгы келип турганда биз – бүгүнкү муундар, бул жаркын инсандын чыгармаларына урунттуу баа бере албай келатканыбызды моюнга албай кетсек болбостур. Анын чыгармалары жаш муундарга өз учурунда жеткирилбей, алар өксүк калып келет. Мына ошондон улам, жок дегенде таланттуу жазуучунун 70 жылдык маарекесине карата анын чыгармалары, же толук жыйнагы жарык көрсө бир чети татыктуу атуулубуздун арбагын сыйладык, экинчиден, курч кыялдан өксүк кылып жаткан урпактар үчүн урунтуу иш кылгандык болоор эле деген ой туу-

лат.

Ушундай эле маанидеги сөздү К.Эсенкожоевдин курбу-курдуштарына, кесиптештерине, урук-туугандарына, адабиятчыларга да айтууга болот. Анткени бул адамдын өмүрү, чыгармачылыгы көпчүлүк үчүн, өзгөчө бүгүнкү муундар үчүн белгисиз. Кантип эле бул жаркын адамды көрүп-билген эч ким, эскерүүгө эч нерсе жок болсун! Бул өксүгүбүздүн ордун тез аранын ичинде толтурбасак уят, тарых кечирбейт. Ошол себептен бул ысымды атаганда ал ким деп таң калып, дегеле эшитпеген, билбегендер арабызда жок эмес.

Өзүнүн сергек акыл, курч кыялдуу уулунун маарекесине карата журтчулугубуз анын ысымындагы кароо-конкурс, же анын атындагы белгилүү бир мөөнөттө ыйгарылуучу сыйлык уюштурганда таланттуу уулуна берген баасы, кылган сыйы болор эле. Аны менен бирге азыркы учурдагы фантастика жаатындагы «бытырандылык» кыргыз адабиятынын жаңы жанрынын башаты боло алган бул ысымдын айланасына биригип, адабиятыбызда аксап келаткан бул жанрды өрчүтүп кетүүсүнө чоң дем болмок».

Ошентип, Кусейин Эсенкожоевди эскергендер аз да болсо бар экен. Таасын таланттар эч унутулбайт. Жолу жолдоно берет.

Жогоруда айтылгандай Абдулхай аганын үйүндө Кусейин боюнча көп суроолорду такташып, сүйлөштүк. Абдулхай абанын эстутуму керемет эле! Ар бир окуяны так өзүнчө эскерип, эч унутпайт экен. Ошондо Кусейиндин Одессага барышын сураганымда:

Кусейин Одессага кетип атканда вокзалдан мен узаткам. Кайра Фрунзеге кеч келгенде түз эле биздикине келиптир. Биз чай ичип, сүйлөшүп отурганда Кусейин:

– Одессага барып, чогулушка келгендерди каттаган кызга өзүмдү каздырып коюп, залдагы сүрөттөрдү кызыга карап жүрсөм:

– Жигит, сен кайдан келдиң? – дешти эки эркек келип.

– Кыргызстандан, – дедим.

– Бул чогулушка ким менен келдиң эле?

– Өзүм эле, – десем, кабинетине ээрчитип барып диванга отуруп:

– Атаң кайда иштейт?

– Атам жок, өлүп калган.

– Энең кайда иштейт?

– Жөнөкөй эле үй кызматчысы.

– Агаларыңчы?

– Агаларым да жок.

– Өзүң газета-журналдарга кабарчысыңбы?

– Жок, мен өзүм пединститутта студентмин. Китеп жазып жүрөм, – деп, колумдагы «Саякатчы бала», «Үчүнчү шар» китепчелерин бердим. Анан алар Фадеевди чакырып:

– Бул жаш жигиттин эки китеби чыгыптыр, – деп, мени тааныштырып, чогуу отуруп сүрөткө түшүп: – Орусча жакшы сүйлөйт экен, – деп мага таң калышты, – деп айтканы эсимде калыптыр деди Абдулхай аба. – Бул кичине бала атасынын же энесинин аркасы менен кабарчы болуп

жүрсө керек деп ойлосо керек алар. Кийин түшүнүштү.

Архивдик сүрөттөрдүн биринде залкар жазуучулар Гроссман менен Александр Фадеевдин ортосундагы Кусейинге ушунчалык таңдангандай болуп, бир тууган иниси келгендей ортого алып сүйлөшүп отурушат. Кусейин орустун классик жазуучусу Алексей Фадеевге ошол жолугушууда өзүнүн таасирин тийгизген көрүнөт, анын согуш жылдарындагы «Жаш гвардия» китебиндеги согуштагы жаш балдардын аракетин жазганы ошондон болсо керек деп да ойлойм. Абдулхай бөлөсүнө 5-июль 43-ж. Кусейиндин жазган катында ал: «Эгер согуш бүтүп мен элге барсам, баягы мен жазган чыгармаларымы кайрадан карап, жакшыртып жазып чыгамын го» – деп жазган экен. Кусейин Эсенкожоев өз чыгармаларына кыраакылык жана жоопкерчилик менен мамиле жасап, ийне менен кудук казгандай изденүү менен эмгектенип иштеген чебер фантаст-жазуучу болсо да анын чыгармаларында аздаган кемчиликтери жок эмес. Бирок биз жогоруда айткандай жазуучунун өспүрүм курагы, чыгармачылык кыска өмүрү наристе чыгармаларын кайра карап чыгам деп жазган катында өзү ойлогон, айткан тилегине жетпей, Мекенин коргоп жүрүп окко учту.

Ырас, чындыгында эле кыргыз балдар адабиятынын Гайдары деп атоого арзыган чыгармалар биздин Кусейиндин калемине таандык. Бир кезде Кусейин окуган Калинин атындагы башталгыч мектеп, кийин орто мектеп болгон. Андан кийин айылдаштары көп кырдуу турмуш элестеринин бир учурун өз замандаштарына кылдаттык менен көркөмдөп кайра жаратып бере алган, кыйынчылыктарды жеңе алган унутулбас уулун эскеришип «Кусейин Эсенкожоев атындагы орто мектеби» атаган. Кусейиндин биринчи чыгармалар жыйнагы «Жалындуу жаштык» деген ат менен 1952-жылы, экинчи китеби «Аңгемелер жана ырлар» 1957-жылы чыккан. Жыйнак жарык көрөөрү менен колдон колго тарап кетти. Мектеп окуучулары эле эмес, чоң окурмандар – биз да бул жыйнакты кайрадан окуп чыгып, жалындуу жаш кезибизди эске түшүрүп, рахат алдык. Таланттуу фантасчынын жаркын элеси кыргыздын мыкты уулдарынын катарында сакталып калды. Андан кийинки китеби 1972-жылы «К.Эсенкожоев» деген аталышта жарык көрдү. Анда аңгемелери жана ырлары басылган. Аталган китепке анын «Эки жаш», «Эл коргоймун», «Качкындар», «Сырт» сыяктуу ырлары, «Турмуш баатырды төрөйт» поэмасынын эки-үч бөлүмдөрү, бүтпөй калган «Патриот» повести кирбей калган. Акырында 1989-жылы «Адабият» басмасынан «Биздин жердин куштары» деген брошюрасы чыкты. Жазуучу Кусейиндин толук жыйнагы 2010-жылы 90 жылдыгына карата чыгарылса жакшы болор эле деп көпчүлүк элдин күткөнүн эскерип, бир жыйнакты окурмандарга сунуш кылсак деп ниет кылып турабыз. Китепке архивдик сүрөттөрдү да кийирүүнү туура көрдүк. Ал К.Эсенкожоевдин элесин, замандаштарын так билүүгө өбөлгө болор.

22.09.2009-жылы Кусейин Эсенкожоев атындагы фонд түзүлгөн. Аны түзүүчүлөр: Иманкожонун небереси Шайы Иманкожоева, Кусейиндин аталаш небереси Эсеналиев Берен, бир тууган жээни Маралбаев Баяке,

күйөө баласы Маралбаев Мелис. Түзүлгөн фонддун максаты: Кусейиндин 90 жылдык юбилейин татыктуу өткөрүү. К.Эсенкожоев атындагы орто мектептин алдына монументалдык эстелигин орнотуу. Кусейиндин өмүр жолун тактап, изилдеп толуктоо. Чыгармалар жыйнагын жаңылап чыгаруу. К.Эсенкожоев атындагы мектептин музейинде Кусейиндин аскер шинелин кийген лейтенант формасында майдандагы офицерлер менен түшкөн сүрөтү (журналдын арткы мукабасында), аңгемелер жыйнактары, ырлары, Ысык-Ата курортундагы эл менен түшкөн, Одессада Фадеев менен, Фрунзеде жазуучулар менен түшкөн сүрөттөрү, эмгек китепчеси, чемоданы жана башкалары сакталып турат.

Жети-Өгүздүн Оргочор айылында Тилекмат аке, Сарт акеге эстелик коюлуп, Жетимишбаев Кален баш болуп акелердин музейин ачкан мезгилде, комиссиянын жетекчисинин уулу Жетимишбаев Мурат Каленович Жети-Өгүз районунда заврайОНО болуп иштеп атып, Оргочордогу жаңы уюшулган музейди толукташ үчүн Кусейин Эсенкожоев атындагы орто мектептин деректиринен, Кусейиндин мектептеги музейинен бир топ буюмдарды алып кетишип, натыйжада алар алышкан боюмдар Оргочордогу музейде да, Кусейиндин мектебиндеги музейде да жок болуп калган. Бул чоң өкүт. Алар кайрылып берилип, өз ордуна коюлбаса арбак ыраазы болбойт.

Өрнөктүү өмүр өчпөйт. Маркум болуп шейит кеткендерди тирүүлөр эскерип, татыктуу баасын беришет.

Кыргыз элинин Гайдары – Кусейин Эсенкожоев кыргыз адабиятына эл ичинен суурулуп учуп чыккан жарык жылдыз болуп келип, кайра эле ошол жылдыздай кайрылгыс учуп кетти. Кусейин биздин Ысык-Көлүбүздөн чыккан элин коргогон эр жүрөк азаматтарынын шейит кеткен жоокерлеринин бири. Таланттуу калемгер, балдар адабиятынын сыймыгы, орошон ойдун устаты.

Быйылкы, 2010-жылы октябрь айында өтө турган Кусейиндин 90 жылдык маарекесин татыктуу өткөрүүгө Кусейин туулуп-өскөн Ичке-Булуң айылынын алкынган аттуу-баштуу жигиттери, айдай сулуу кыздары бүт көтөрүлүп, фондду түзүп, мектеп алдына монументалдык эстелик орнотууга аракет көрүп жатышкан соң маараке максатына сөзсүз жетет деген ойдомун. Азыркы мамлекеттик бийликтегилер да терең ойлонуп, колдоого алышса таланттуу инсаныбыздын арбагы ыраазы болор эле...

*Табылга*



**Белек**
**СОЛТОНОЕВ**

# ҮЙДӨ ЖАНА ТАЛААДА

**(Уландысы, башы өткөн санда)**

## Апийим гүлү (Көкнар)

Апийим гүлүнөн сулуу гүлдү жакында издеп таба албайсыз, кандай татынакай, жалындай жаркырап турат. Бачайы кийген кыздай болуп, апийим жылуу, ысык жерден таралып чыккан деп айтышат. Чыккан чөбү адеми, гүлдөрү жалтырак болот дейт. Апийим гүлдөгөн чакта бакча тирилип, майрам кылгандай кооздонуп турат. Апийимдин башы кечээ жалбырактан чыкпай турат эле, бүгүн жалбырактан чыгып, жарылып, мойнун созуп гүл чыгарып калыптыр. Гүлүнүн ыраңы жалындай жалтыраган төрт чоң жалбырагы, анын кабыгы деп айтышат. Жалпы баарысынын чарасы деп атаган, билимдүүлөр ошондой наам берген. Алыстан гүлдүн чарасын көргөндө кызыгып, жакындап барасың.

Кечээ күнү бу гүлдүн чарасы кайда эле? Убактысы келгенде эки жалбырактын жана эки жапыракчанын арасына жашынып жатат. Карасаңыздар, алардын ушул кезде жерде упурап жатканын көрөсүз. Жашыл чарачыктай жапырактары татынакай эмес экөөнү бириктирип караганда, бир чарачыктай болуп көрүнөт. Алар сулуулук үчүн жаралбастан, апийим томологун курт-кумурска, ысык-суuктан сактамак үчүн жаралган. Жана да гүлдү байкап турсаң араң көзгө илинген жашыл бөйрөккө окшогон бирөө бар. Ошол бөйрөктөй жашыл томолок баштын жанында он чакты сабагы бар – аны гүл соктосу дейбиз.

Жапыракчасы түшөт, гүл соктосу дагы түшөт, анан апийимдин башы чыга келет, ошентип жалгыз апийимдин башы калат. Аны апийимдин башы деп айтпайбыз. Апийимдин анык жемиши ошол. Жашыл томолок чоңоюп күзүндө кургайт. Ошол убакта бирөөнүн башын үзүп аласың, ичинен миңдеген көкнар уругу чыга келет. Башка: гүл чөп, жыгач болсун жапырак, чарачык, томолокчо гүл соктосун табууга болот. Бирок майда аларды ажыратуу кыйын.

## Бакты биз кантип өстүрдүк

Биздин кошунабыздын бакчасына чачырап, жайылып ак чечек өстү. Чөп чабар кезекте капкара болгон жемиши жайнап чыга келди. Бир тууганым экөөбүздүн эрмегибиз ошол акчечек болду. Биз өзүбүз да бак тигип алалык деген тилекте болдук, бирок кантип өндүрүүнү билбедик. Көктөм убагында бир күнү кечинде араба менен атабыз бир кичирээк түп акчечек алып келди. Кубанычыбыз койнубузга сыйбай сүйүнүп калдык, бакчанын бир бурчуна ородой кылып тереңдигин үч чейректей кылып казып жиберип жылкынын богун жакшы топуракка аралаштырып, жыгачын чыгарып тамырын көмүп отургузду. Мындан соң баякы жыгачты жакшылап чөмүлтө сугарды. Эми муну жакшылап баккыла деп атабыз айтты: «Жакшылап сугарып, топурагынын үстүн тырмоо менен тырмап тургула, жыгачты кечирээк отургуздук, адегенде жакшылап өсө калбас».

Эртең менен келип карасак акчечек соолугансып калган экен, абыдан капа болдук, жаңы жалбырактары төмөн баштанып бүрүшүп калыптыр. Биз арты кандай болоор экен деп күттүк. Экинчи күнү бир бутагындагы жалбырагы куурап калыптыр. Өңгө бутагынын жалбырагы башы көтөрүлүп тирилип калган экен. Жыгачыбызга жан кирип калган экен дедик. Кыскасы, биздин акчечегибиз, жаңы тамыр байлаганча бир жумага чейин ооруду. Бутагынын жарымы куурап, көбү тирилди. Анан соң кубат алып өсө баштап адеген жылы чейрек кез өстү.

Агабыз экөөбүз жыгачты кантип олтургузарды билдик. Эми бакчабызга четин олтургузалы дедик. Айла жок, бир жыл күттүк. Себеби жайдын күнү олтургузуу дурус эмес, баары бир куурап калат. Эрте көктөм убагында агабыз экөөбүз талаага барып бир түп четин таап алдык. Төгөрөгүн туурасын бир кездей кылып казып жиберип, артык бутагын кыйып таштап, тамырын топурагы менен казып алдык дагы баягыны бир чоң идишке салып үйгө алып келип, бакчанын бир бурчуна олтургуздук. Четин эчтемке сезип билбегендей болуп, бутагы түгүл тоголок бүрү корогон жок.

Мындан кийин дагы көп жылдар: жыгач, карагай олтургузуп жүрдүк. Биздин багыбыз чоң эмес: 3 түп акчечек, 2 түп четин, 2 түп кайың, 1 түп гүл жана бир топ боз терек. Анын арасында карагат, дан куурай да бар.

Багыбыздын бар турушу ушу. Мен бакты абдан жакшы көрөмүн, жакшы көргөнүм мен аны колум менен өстүрдүм дегендиктен эмес, өзүм аны менен бирге өстүм деп, жыл сайын күзүндө бийиктиги канчалык өстү экен деп жыгачтарды ченеп жүрдүм. Келерки жылдарда баягы өзөгүнүн башына карап чыккан чыбык бутактар туурасына жайылып, чачырап кетишти, үйүбүздүн капталынан бир жылда канчалык өсөрүн чийип, белгилеп жүрдүм. Ошо жерге өз боюмдун өскөнүн да белгиледим. Жыгач менен менин өсүүм теңеле албады. Баарынан кызык, жыгач менен өскөнүм бирдей болбоду. Бир жылы тез, бир жылы жай өсөт. Күздүн аягында, көктөмдүн башында жыгачтын бийиктигин байкап көрсөң жыгач өсөт бекен. Бир нече жылдан соң акчечек биринчи гүлүн гүлдөп, жемишин бере баштады. Барган сайын жакшылап гүлдү акчечек күч алып турган чагында алыстан анын гүлү аппак кардай көрүнүп турчу болду.

Ошол чакта биздин бакча жакшы жыпар жытка толуп кетти. Ал жакшы жыт акчечектин гүлүнүн жыты эле. Ал гүлдүн жанына барганда жакшы жыттан чыккың келбей калчу эле.

Ана бир балакет келип жабышты, акчечектин гүлүнө калың аары жана башкалар жабалактап каптай турган болду. Кээ бир убакта булар байкалбас болду. Аары башкаларынын бу жерге келгени, албетте, гүлдүн жакшы жытынан анығына караганда, алардын келмеги жакшы жыт үчүн эмес. Алар гүлгө барып тумшугу менен бир эме алгансып жүрдү, көрсө алар гүлдөн өзүнүн тамагын терип жүргөн экен. Эгерде сен акчечектин гүлүн жакшылап текшерип карасаң көкнар гүлүндө эмне болсо, анда да ошондой (кандай?). Эми акчечектин анык гүл экенине көзүбүз жеткизебиз. Бул гүл бир жипке таккан жылдыз катарында бүткүл жүнсөк таманчыктай байчечекей биригип, чогу гүл аталат.

(Ошол бир чоң гүлдүн ичинде санап көрүңүзчү канчалык кичине гүл болор экен?) ошол кичине гүлдү башка-башка ажыратып байкап турсаң, араң-араң көзгө илинет. Чоң гүл алыстан эле адамдын же курт-кумурсканын көзүнө байкалып турат. Акчечек бүткүл гүлдөп болгон соң жапыракчасы жерге күбүлүп түшөт. Карап турсаң баякынын жан-жаныбар жанынан кеткисиз, жакшы иси, жыты калбайт. Гүл ордуна жашыл кыйгыл данеги калат, бу акчечектин мөмөсү, биз аны жемиш дейбиз. Эми анын бышаарын гана көрөсүң.

## Нез балык

Көктөмдө суу кирип көбөйөрү менен кургактагы аңдар, көлчүктөр дарыя, сууга катыша албай калат дагы, өз алдынча жан сактоого киришет. Сууга чыга турган чөп-чар өсө баштайт. Кай жерде өсүмдүк болсо, ошондо нез балык. Тайыз көлчүктөрдө нез балык болбойт. Анда кантип

жан сактасын. Башка эч бир балык нез балыктай болуп баткакка жана тарчылыкка чыдай албайт. Нез балык болсо, чыдап оокатын өткөзүп тукумдап жүрө берет. Көктөмдүн аягында нез балыкты суудан алмак кымбат эмес. Ошол кезде жүрөр кези деп балыкчылар айтат. Ошондо нез балык жумурткасын уруктамакка келет дагы торго оңой түшөт. Башка убакта бир жакка бу балык жоголуп кетет. Ошондо да кичинекей нез балыкты кай убакта болсо да жиптен, көлчүктөн кармап алууга болот. Бул үчүн кичинекей кол тор ылайык. Кол торду өзүң да жасап аласың. Алкакка керип, аган узун жыгач аштап алсаң болуп калат. Кол тор суудан сага көп жандарды чыгарып берет.

Ийрилип калган суу коңуздары, үлүлү кочкор мүйүз менен жана башка акыл айран кыла турган курт-кумурска... кол торду түбүнө чейин жиберсең анда-санда нез балыктын өзү да учурап калат. Нез балыктын жашынган жерине караңызчы, башка балыктар сууда сүзүп жүрсө, нез балык суунун абыдан жер түбүнө түшүп кетет.

Нез балыктын жалгыз гана көлчүктө жүрүп, башка үйгө койгон суга жүрбөсүн ар ким билбесе керек, суу ага көп керек эмес.

Эгерде сиздин бөтөлкөдөн кылган чоң кутуңуз болсо, нез балыкка үй кылып берүүгө болот. Ошол кутуга суудан алынган кумду салып, ага сууга чыга турган чөп-чарды олтургузсаңыз үйдүн даяр болгону. Топурактан кылган чоң идиш болсо да жарайт. Бирок андан балык жакшы көрүнбөйт. Ошондой кылса бир канчалык жыл нез балык эсен-соо жан сактай алат. Балык сизге мейман болуп турган чакта андан карыш ажырап көз айрыгыңыз келбейт. Бирөө тоңгондой болуп жаткан жеринде былк этпейт, кай бирөө куйругун булгактатып сүзүп жүргөнү. Каптал канатын жая түшүп оңго-солго, өйдө-ылдый ойноп сүзүп жүрөт. Сүзгөнү, бурулганы кандай жеңил. Ошого жараша канаттары да келишкен, куйругунда, жонунда, боорунда жана көкүрөгүндө бирден-экиден канаты бар. Нез балык баарысы менен пайдаланууга жарайт. Жаш нез балыктын чабактары. Суу түбүнө жабышып эмне учураса, ошону алып жүргөнү. Алардын адети суу түбүнөн курт издемек. Бирок анда кум, тамак жок. Күн-түнүндө аларга кумурсканын жумурткасын же кичинекей курт болсо же нан күкүмү болсо, ошону менен чабактары тоё алышат. Чабактар абыдан тоюп алса да, оозун ачып бир эме жуткансып жүрөт. Суудан башка эмне дейсиң? Мынчалык суу кайда кетет? Албетте, мынчалык көп сууну балык иче албайт. Нез балыктын кулагын байкаңыз: калкагы көтөрүлө түшүп жана денесине жабыша түшөт. Кулагынын калкагынын алдында тамагына кете турган тешиги бар, ошондон суу келип оозунан тышка чыгат. Нез балык эмне үчүн кулагын суу менен чайкай берет? Көрсө, балык ошентип дем алат экен. Байкасаңар балыктар суудан калкып чыгып, бир эме жуткандай болуп жүрөт. Балыкты үркүтсөңөр оозунан томолок бир эмесин чыгарып төмөн түшүп кетет. Жана да тезинен

калкып чыгып келет, жаңыдан таза суу куйганча ошонусун койбойт. Балыкты идишке салып көпкө чейин суу жаңыртып куюлбады, ылайланып булганып калыптыр. Ошол үчүн балыктар өлөрчө болуп суу үстүнө калкып чыгат. Балык таза сууга жакшылап күнүн өткөзөт.

## Бака уругу

Биздин айылга жакын жердеги талаада көп жерде аң бар эле. Айланасы жапан чий жана арча, карагай менен чулганган. Алардын баарында жайдын алты айы суу үзүлчү эмес. Аң болмогу оңой иш экен. Печ, үй салууга топурак алганда аң боло берет экен. Бу жерлер биздерге чоң коркунуч болучу эле кокустан мокочо чыгып кала тургандай болуп, биз ойлогондой болбосо да андан сонундар бар экен.

Баякы аңдарда жаздын ысык күнүндө суу жайылып калган убакта бир кара неме пайда боло баштады. Өзү жандар, башы чоң, куйругу узун, денеси, буту жок. Ошол себептен аны чара баш деп атап койгон. Жаратылышта өңү суук жаралган. Чара баш куйругун ийреңдетип акырындап илгери сүзүп жылат. Тезинен даяр болгондой жайдын аягында жоголуп кетет. Аң-таң калып баякы чара баш кайда жоголуп кетти деп жүрсөм агабыз айтты: «Ал баканын балдары, аны үйгө өстүрүүгө да болот» – деп. Баякыны үйгө багууга жийиркенип жыйрылсам да өстүрүүнү сонун көрүп агабыздын айтканына ыктыяр болдум.

Алкымы кең, чейректик бөтөлкө таап алып, ага жуулган кум салып жана ичине сууга өнө турган өсүмдүк салып суу куйдук. Жана ичине баканын уругун чара башты салып койдук. Булар да кумурада жайланып турганда балык катарында көрүндү. Бирок балыктыкындай тенгеси жана канаты жок эле. Мен бөтөлкөдөгү чөптүн жалбырактарын жана бөтөлкөнү тазалап турдум. Оздору канаттуу кушка окшоп бөтөлкөнүн бетин тиштеп турду. Чара баштар бөтөлкө ичинде жайланып тургандай сыяктуу болду. Күн санап чоңоё баштаганы байкалып турду. Алты күндөн соң байкасам бир чара баштын куйругуна жакын жерде эки буту чыга келди. Бу кандайча? Өмүрдө угулбаган сөз башынан бут чыгат деп агама айттым. Ал күлүмсүрөп, баш дегениң туура эмес, – деп агабыз түшүндүрдү. Аныгын айтканда чара башта моюн жок, денеси менен башы туташ болот деди. Бир убактар болгон соң алдыңкы аяктары чыга баштады. Ошентип чара баштан бака болот экен.

Бир замандан соң куйругу кыскарып, аяктары бекем тартып суудан жалбыракка жөргөлөй баштады. Ушул чакта аң жанында бир далай кыска куйруктуу баканын балдары балчактап жүрчү эле, кийин куйруктары биротоло жоголуп кетти.

Ошо чакта агабыз: «Чара баш кайдан пайда болот, ошону билишиң керек. Келер жылда жазда мен калаада болоормун, сен балчыктуу аңдан баканын чубалган чөптөй уругун алып келип ушу бөтөлкөгө суу куюп салгын дагы байкап жүргүн, чубалган чөптөй уруктан чара баш чыгат» – деди.

Эрте көктөмдө нече мертебе баягы аңга келип эчтеме табалбадым. Бирок кечинде баякы аңдардан баканын чардаганын угуп жүрдүм. Бир кезекте баканын чубалган уругун таап алдым. Аны жакындан байкай албайсың, ал өзү айнектей тунук. Кол менен кармайын десем кармалбады, жылмышып түшүп калат, же болбосо үзүлүп калат. Бир идиш менен чөмөрүп үйгө алып келдим. Баканын чубалган уругу туташ муунак-муунак болот экен. Бөтөлкөдөн кылган мончокко окшоп жана ар кимиси каракара нокотко окшош. Мен агамдын айтканын билдим, ушул кара нокот баканын жумурткасы экенин. Жумурткалар көбөйө баштап, он күндөн соң баягыдан кичинекей курт чара баштар чыга келди. Ушулар топ-топ болушуп бөтөлкөнүн боорун, же болбосо жалбыракка жабышып соруп, эмгенсип жүргөндөй көрүндү. Эгерде бөтөлкөнү уруп койсоң баягылар сүзө түшүп кайтадан эмүүгө киришет. Анан сүзө баштады. Тамак жегенге кирише баштаган соң тезинен чоңоюп кетти. Булардан акыры мурунку жылы биз суудан алгандай чоң баштуу чара баштар чыкты.

## Бүркүт

Эл кыштоого кирген чак. Кечке жакын эшикте, дөңдө топ киши олтурсак бир топ бала: «Эй, балакет, тиги салпактап келе жаткан эмне» – дешип көктү карап чуркурап калышты. Биз да карасак бир бүркүт бир нерсени тартайтып эңип келе жаткан экен. Баарыбыз бирдей тура калып кыйкырып жиберсек баягы тартагай жерге түшүп калды. Бүркүт бир кырды ашып кете берди. Түшүп калган жерге чуркап барсак түлкү экен. Былчырап калыптыр. Ошондо ичибизден бирөө айтты: «Бул, балапан бүркүт экен, ошол үчүн биз кыйкырганда түлкүнү түшүрүп жиберди. Мунун туулган жерин мен билем. Быйылкы баласын алыш керек» – деди. Эртесинде баягы киши тоого барып кечинде келди. «Кудай мага берди, баякынын энеси уясын оңдоп жүргөн экен» – деди. Быйылкы баласын аламын деди. Анан кийин баягы киши күн алыстап тоого кетүүчү болду. Бирдин айынын орто ченинде баягы киши тоого барып келип: «Кечээ жумуртка жок эле, бүгүн бир жумуртка тууптур» – деди. Эртесинде барып келип: «Бүгүн бүркүт көрүнбөйт уясында эки гана жумуртка жатат» – деди.

Эртесинде баягы киши менен мен да бардым. Бир нече кырды ашып арып, бир чоң зоонун башына чыкты дагы жумуртка ушул зоонун боо-

рундагы уяда деп, туура басып баякы зоонун деңгээлинде бир бийик таш бар экен, ошого чыгып туруп: «Көрдүңбү тиги уядагы жумуртканы» – деди. Карасам, уя бизден көп төмөн калыптыр, ичинде чыныдай болгон эки аппак жумуртка жатат. Биз түшкө жакын бардык эле күн тоонун башына аркан бою калганда кайттык. Ага чейин бүркүт көрүнбөдү. Баягы киши айтты: «Бүркүт бу кезекте жумуртканы тоңдурма кылган чагы, азыр жолобойт, жолосо да жумуртканын үстүнө жатпайт» – деди.

Чын курандын орто кезинде баягы киши: «Бүгүндөн баштап бүркүт жумурткасын басыптыр» – деди. Мен сонун көрүп мени алып баргын десем, айтты: «Эми баягыдай күндүз жүрбөйбүз, түндө барып күн чыкпастан мурун баягы чоку ташка жашынып калабыз, бүркүткө көрүнбөйбүз, эгерде көрүнүп калсак бизден баласын кызганып жакында балапан чыгарбайт. Же болбосо баласын кийин бир жакка ташып кетүүсү дагы ыктымал».

Биз түндө барып баягы ташка жашынып калдык. Көрбөй турган кылып аңдып жаттык, бүркүт уяда жаткан экен. Күндүн мурду жайыла бир эмени тарбалактатып бир бүркүт эңип келип уяга таштап кайта кетти. Ал эркеги болсо керек. Ошондо баягы мени карап билдиңби эми, баягы түлкү алып жеп жүргөн ушу бүркүттөр деди. Биз былк этпей бир таштын жаракасына кирип жаттык. Бир оокумда баягы бүркүт дагы бир нерсени илип келип таштап кетти дагы өзү барып маңдай жагындагы чоң таштын башына олтурду да, далбак этип учуп кетти. Биз караңгы жамынып үйгө кеттик. Анан кийин бир айдан соң баягы киши барып келип айтты: «Бүгүн бир баласын чыгарыптыр» – деп. Бир-эки күндө дагы барып: «Бир бала чыгыптыр. Бир жумурткасын сасыткы кылыптыр» – деди. Он-он беш күн өткөндө мен дагы бардым. Жашынып олтуруп баягы таштан карасак балапаны ак күп болуп калыптыр. Жалгыз экен, чоңдугу ителгидей бар экен. Ата-энесин көрө албадык. Жашынып карап олтурсак бирөө келип бир уларды уясына таштай коюп кашына коно калды. Балапан баякыны басып жегенге киришти. Аңгыча болбой бирөө келип маңдайкы ташка конуп калып бир аздан соң учуп кетти. Көптөн кийин беркиси да кетти.

Ошентип балапандын ак жүнү калып бара-бара карага айланды. Теке айынын 20-мезгилинде балапан канатын күүлөп талпынып калыптыр, учары жакын калса керек, аркан салып алалы деди. Эртесинде он чакты киши болуп бакан алып атайы жайлоодон баягы уяга келдик. Үч кыл арканды улаштырып бир жигиттин белине байлап колуна бир бакан берип, зоонун башына туруп баягы жигитти уяга карата салып жиберди. Мен назарымда баягы жигитти өлөт экен дедим. Бакандын эмне кереги бар деп сурасам, аркандан киши тегеренип кетет, ошондо бакан менен ташты сая койсо, киши тегерене албайт деди. Байкасам ырас экен, ошондой болду.

Жигит барып балапанды түртүп жиберди эле балапан барып зоонун түбүнө жакын бир ойдуң жерге конуп калды. Жигитти кайта чыгарып алып балапандын үстүнө чуркап келип кармап алдык. Уянын тушунда, аска-зоонун түбүндө кашкулак, түлкүнүн жана башка куу сөөктөр көп экен. Бу бүркүттүн кыраандыгы ошондон билинди. Балапанды алып келип күнүнө эки маал эт берип багып жүрүп, кийинки жылы таптап салып 30 түлкү, бир карышкыр, үч элик алдырды. Ошо киши бүркүт: биринчи жашта балапан, экинчиде бозум, үчүнчүдө таш түлөк, төртүнчүдө кум түлөк, бешинчиде ым түлөк, алтынчыда барчын, андан ары экинчи барчын, ошентип жүрүп олтуруп 35 барчынга жетет деди. Андай болсо 40 жашка чыгат экен да дедим. Бүркүт 10–12 күн тамак жебесе да өлбөйт. Балапан чагында эмне тамак берсе, чоң болгондо ошону алат дейт. «Бүркүттүн уругу 21ге айрылып, кыраандыгы алтыга бөлүнөт. Бүркүттүн апаппак туйгуну болот. Бирок канат-куйругунун учтары кара болот. Бүркүт эки балапанды чыгарат, абдан кыраан бүркүт шер, кабылан жана жолборстон башка көзүнө көрүнгөн жандарды алат» – деди. Кыргыздын бугу уругунан чыккан мурунку заманда: Аким, Моют, Томо деген мүнүшкөрлөр асманда учуп келе жаткан бүркүттүн эркек, ургаачы, кары, жаш, теги кандай, ошону ажыратып билген экен.

## Май айында чыгуучу жашыл коңуздун баласы

Дыйкан күздүк айдайын деп даярлана баштап жерге чыла төгүп айдоону оңдой баштады, эки жандырып айдап маласын тартып, тазалаган соң эң кийинкисин биринчи август ченинде дагы айдап тукумун септи. Тезинен учтанган көгү жерди жарып чыгып, көгөрө баштап, бир-эки жумадан соң айдообуз килем жайгандай болуп чыга келди. Кара буудай данын бергенче аны душманы аңдып бугуп жүрөт. Андай заманда айдоонун борозу менен жүрсөңүз кара буудайдын душманына кезигесиз. Ал өзү чоңдугу бармактай болгон семиз ак курт. Абдан кыйын жөргөлөйт. Жерге бир мүнөттө ийин кылып алып кирип кетет. Жерди алты буту менен казат, бул курт эмес, куртта бут болбойт. Бул май айында чыгуучу жашыл коңуздун уругу, баласы, коңуз менен көпөлөктө ошондой бала болот. Эгерде буту бар куртка учурасаңыз, аны же көпөлөк, же коңуздун баласы же башка курт-кумурсканын баласы деп билиңиз. Эгерде май айында чыгуучу коңуздун баласын билейин десең, бир кумурага топурак салып, анан соң жашыл коңуздун баласын дагы кошо салыңыз (көбүнчө гүл олтургузган кумурага). Ага чөп же шалгам, сабиз кошо салсаңыз анда курт кыштын алты айы эсен жүрө берет, эгер суу куйбасаң кургак топуракка өлүп калат. Дыйкан эгин айдап жүргөн чакта бу курттарды байкабаган болсо, эгин тышына чыгып көгөрө баштаганда

аны бу курт жей баштайт. Жердин алдынан чалгы менен чапкандай кылып коңуздун баласы кыра баштайт. Жүргөн жерине эч бир сокто калтырбастан көгөргөн көк эгиндин арасы капкара болуп топурагы гана калат. Ошентип, айдаган жеринен көбү чыга келди. Күн качан жаайт деп дыйкан эртели-кеч эңирөөдө болот. Эгерде күн жааса күздүк эгин өлүмдөн аман калат. Суу курттун ийинине кирип кеткенден кийин, курт кырылып бүтөт. Ошол себептен эгин көбүнчө кургакчылыкта өлөт, жаанда өлбөйт.

Күздүк эгин айдаган чакта куртту терип таштап жүрсөңүз эгиниңиз өлбөйт. Куртту ырайымсыз, эсепсиз кыра турган биздин досторубуз: таан, карга, чар карга, эгин айдаган чакта жерден курттар чыгып калат. Ошондо сандап, миңдеп жүргөн каргалар жеп бүтүрөт. Айдоонун жолу менен карга, чар карга, таан жүрө берсин, алар биздин аштыкты душмандан сактайт. Жашыл коңуздун куртун абдан өскөнчө бага албайсыз, алар үч жыл өсөт. Төртүнчү жылы куурчак сүрөтүнө кирет. Бешинчи жылда жерди кыштап, көктөмдө коңуз болуп чыга келет.

# ТОКОЙДО

## Карагай

Талаадан наркы ойдо арыгыраак жерге карагай чыга баштады. Ал жерде кумдан башка эчтеме жок. Кургак караган болсо да жаман өнөт. Дыйкан кумдун чекесине мындан ары эгин эксем, тукумун дагы албаймын, – деп токтогон экен. Карагайдан башка эчтемке чыкпай турган кумдак жер. Оокат кылууга ылайык жер эмес. Ошондо да карагай чыгыптыр. Асманга карап жылына бир муун өсүп, бутактары чар-тарапка жайылды. Карагай чыга турган жерге мен көп замандар жүрүп күн өткөздүм, кумду казып, карагай менен илешип, карагайдын чыгуунда көп сонундар бар. Анын бийиктиги киши бою. Эгерде тамырын карасаңыз туш-тушка бир канчалык саржанга (кулачка жайылып кеткен. Канча марта кум чайкап жатса да карагай жан сактап тура берет. Тамыры терең жайылып кеткен себептүү абдан бекем турат. Кумдан тамырын сууруп көрөйүн деп ойлодум. Карасам иймектей ийилип, жиптей бүктөлүп калган экен.

Биздин кошунабыз ошондон карзинке (идиш) жасачу эле, мен дагы ошол өнөрдү билип алдым. Кымбат иш эмес экен.

## Кескелдирик

Бала чагымда чер токойдо жүрүүнү абдан сүйчү элем. Токойдон жемиш тергенди жана куштардын сайраганын тыңшаганды жакшы көрчүмүн. Ошондой күндөрү алыс токойдогу бадалдуу жерге барып бир дөңсөөнүн үстүнө олтуруп алып, токойдон чыккан дабышты тыңшачу элем. Ошентип олтурсам өткөн жылкы чирип жаткан жалбырактын арасынан бир эме шыбырай баштады. Менин жанымдан ийреңдеп бир кескелдирик сойлоп өтүп кетти. Өңү бозоруңку жалбырактай эле. Өтүп барып бир жыгачтын тамырына тура калып, андан башка жакка сойлоп кетип көрүнбөй калды. Бу иш заматта эле болуп өттү. Кайда жашынды деп артынан жүрүп табалбадым, изи жок, жалбыракка кирип кетсе керек. Дагы байкап турсам жана бирөө менин жанымдан сойлоп өттү. Мен аңдып туруп куйругунан кармап алсам мына сонун! Менин колумда кескелдириктин куйругунун учу калыптыр. Кескелдирик качып кетти, мен үйгө келип мугалимге айтсам, ал айтты: «Кескелдирикке куйругун колго калтырып кете бермек оңой иш, куйругу тезинен кайта өсөт» – деп. Жана мугалим мага айтты кескелдирикти  кармап бир кутуга салып, баккын деп. Мен бир шише алып талаага чыгып барып бир кескелдирикти куйругунан эмес, денесинен кармасам ары-бери бошонуп кетүүгө туйласа да чыгарбастан шишеге салып үйгө алып келдим. Кутуга салып, эң обол аз топурак салдым дагы бир чоңураак ташты коюп тегерете бир канча түп чөп олтургуздум. Баягы кутунун жарым жартысына, балыр эңилчек толтурдум. Кутунун оозун чүпүрөк менен байлап койдум. Адегенде кескелдирик балыр эңилчекке барып көпкө жатты, чыкпады кийинки күнү баягыдан ылдамыраак болуп сойлоюн деп эңилчектин үстүнөн көрүндү эле аны чымын, майда курт менен асырай баштадым. Өзүнө тамак издеп бир эмени кармарында кескелдирик жогоруга да секирип жүрдү.

Кутунун ичинде ары-бери сойлоп жүргөндө тили менен учурагандын баарысын соруп жүрдү. Кескелдирик жылууну аябай сүйөт экен. Күндүн көзү көрүнгөндө таштын үстүнө чыгып соолуп жатат. Кээ убакта кескелдирикти кармап көрүп жүрдүм, адегенде бүткөн боюң дүр дей түшөт. Бир муздак нерсе учурайт. Мен ойлочу элем анын териси гана муздак деп, төрт аягы да муздак болот экен. Күн болсо жылынып алат. Күн бүркөлсө тоңгонсуп калат. Бир кезекте үксөйгөнсүп кетет, ал кескелдириктин түлөгөнү экен. Түлөгөн соң териси муруңкудан ачыгыраак көрүндү. Бир айдан соң коё бердим. Анын колдо, кутуга камалып турганы убал көрүндү. Кутудан башка жерге багууга жайым жок эле. Аны токойго алып барып коё бердим. Адегенде токтолуп турду. Тийип койсом, чуркап кетип чөпкө жашынып калды.

## Кумурска

Кумурсканын уюгунун жанына токтобой өтүш абдан кыйын, эгерде токтосоң көпкө туруп каласың. Күн ачык болсо быжылдап оокатын кылып жатканын көрөсүң. Жүздөп-миңдеп кыжылдап жаткан кумурска. Бир эме кылгансып, бир жакка ашыккансып уюктун төбөсүндөгү тешик капкасынан кирип-чыгып жатканы. Бир кумурска ары-бери чуркап жүрүп бир жерде карагайдын бүчүрүн таап алып, уюгун көздөй сүйрөп келе жатты. Ага эки жолдошу жардам кылгансыйт. Жардамы курусун, үчөө үч жакка өзүнө карата тартат.

Карагайдын бүчүрүн имарат салмакка ташышат. Кумурсканын имараты кымбат эмес, ороюп-сороюп турган куу чирикти бир жерге үйүп койсоң болгону. Кумурсканын уюгу эмнеден жасалганын байкайсың. Баары да оңой табыла турган буюм. Бүчүр, чырпык, кууураган куурай, чирик чөп, кум, майда таш. Бир жыл, эки жыл жашаган соң бийиктиги бир кезге жетет. Андан да чоңураак болот. Мынчалык шыпырындыны кумурска кайдан жыйнады? Уюгунун жанын карасаң кууураган чирик көп эмес, жок.

Балким, муну алыстан туш-туш жактан алып келсе керек. Абыдан текшерип уюктун түбүн карап турсаң андан бир далай жол чыгып кумурска кайчы-кыйма болуп жүрүп турат. Мисалы, чоң калаанын көчөсүндөгү ары-бери жүргөн элге окшойт. Жолдун кеткен жагын карасаң бир далай жерге кетет (ченеп көр, канча саржан болоор экен?), жолдун учкай жагы жыгачка да чыгып кетет. Ага да түшүп-чыгып жаткан ошол жол менен дагы өз керектерин ташып жүрөт. Карап турсаң, өзүнөн беш, он эсе салмактуу жандуу-жансыз нерсени асылышып сүйрөшкөнүн көрөсүң. Булкуп-жулкуп тартышып, бир тарапка чыга берип, кайтадан асылышып жармашып илгери жакка жылдырып жатканын көрсөң андан кызык. Иши кылып түндө үйүнө алып келет, эгер алып келгени өлүк болсо ошону менен кечки кардын тойгузат. Сынамакка кумурсканнн жолуна ширеңкенин сыныгын таштап бир-эки күндөн соң сыныкты карасаң табалбайсың. Кумурска жолсуз жер менен да жүрөт, эгерде жолдон адашып калса ары-бери жүрүп чуркап, таап алат. Жолду кантип табат деп ойлойсуң карагай чердин арасынан, албетте, уюгу көрүнбөйт. Ой, мында, – деп бири-бирин чакыра алышпайт. Бир-биринин дабышын укпайт. Кумурска жүрөр жолун жыттап билет, карап турсаң дайым кумурска жүргөндө муруту менен шимшилеп жыттап жүрөт. Биз жытты мурдубуз менен жыттап билебиз. Кумурска муруту менен жыттап билет. Кумурска кумурсканы жытынан билет. Сынамакка өзүнө өңдөш кумурска таап алып башка калың кумурсканын ичине таштап жиберсең аны быт-чыт кылып та-

лайт. Ар кумурсканын уюгунун жыты ар башка, эгерде чыбык менен уюгун чаап койсоң жер жайнап кумурска жабалактап кайнап чыгып дароо өз мамлекетин душмандан сактоого киришет. Урган чыбыкты карасаң ондогон кумурска жабыша келип чыбыкты кемирип, чагып жатканы. Байкоосуздан бирөө келип колуңузга жабыша калып бүкчөйө түшүп чагып алса, көзүңүздөн жаш ыргып кетет. (Кантип эле кумурсканын чакканы ачуу болсун дебе) чакканда жарасы билинбей жымыйып турат. Чагып алганда ооругандан кыйкырып жибере жаздайсың. Күн ачык убакта кумурсканын уюгунан төмөнүрөөк олтуруп чыбык менен уюкту чапкан болсоң бууга окшогон бир эме көкөлөп учуп чыгат, колуңду карап тосо калсаң, суюк бир нерсе колуңда көрүнөт, мурдуңа кычкыл жаман жыт келет. Бу суюк нерсе кумурсканын кычкылы аталат. Кумурсканын чакканы көп оорубайт, бүкчөйө түшүп боорундагы ийнеси менен сайып алса ошондо көзүңдөн жаш чыгат.

Балким, сиз кумурсканын уюгун ачып көргөн эмес чыгарсыз. Көрсөңүз сонунду көрөсүз. Кумурсканын быжылдашып жатканы, мисалы, өрт өчүргөн элдей кай бирөөлөрү аянычтуу жумурткаларынан бирөөнү таап алып алда кайда бир ийинге алып кирип бара жатканы, ал жумурткада, албетте, өзүнүн баласы бар. Анын чоңдугу өзүнөн кичине эмес. Ал уругу ошол урукту ийне менен жарып көрсөң чыгууга жакын турган кумурсканын балдарын көрөсүң. Кумурсканын уругу кутуга салынып үйдө сакталган нез балыкка биринчи тамак болот. Ал кумурсканын баласы андан жетилип болгондо куурчак кумурсканын уругу же жумурткасы болуп чыга келет. Кумурскага биз тийбейли, өз жолубузга кете берели. Өз тиричилигинде эч кимден жардам тилебейт. Биз анын уюгун бузбайлы. Көбүнчө кумурска уюгунун жанына түтүн салып от жагуу жарабайт. Жерде кумурскалар залалсыз, балким, пайдалуу алар чер токойдо жүрө турган үчүн чер токойго залалдуу курт жана башка жандарды жоготот.

## «Чунун» башы кайдан чыгат

Мен кичине чагымда Бишкекте окуп жүргөн убагым, чулу көпүрөсүнө барып Чүйдүн суусун көрүп, мындай чоң суу кайдан агып чыгат болду экен деп аң-таң калдым эле. Кийин бойго жетип өзүм атка минген чагымда өз көзүм менен көрдүм. Агын суу болуп үч жерден жыйналып келип кошулган жеринен «Чу» аталып, анан чукул жеринен сол бөйрөгүнөн төмөнүрөөктөн келип «Илеп» (Мыкандын) кара суусу кошулуп баш кошуп алып, каптаган калың аскердей болуп, күн батышты карап мелтиреп жөнөйт экен. Ага кошулган башка кичине туура суулардын эсеби жок.

**1. Чоң Кемин суусу.** Күн чыгышта Иле, Ысык-Көл, Чүй ортосунда жаткан улуу тоонун бир салаасы Челек тоосу нече миң жылдан бери кайнаган ысык күнгө моюн бербей, эрибестен жаткан чоңдугу тоодой болгон мөңгүдөн жоондугу камчынын сабындай болуп агып чыгат. Түптүз күн батышты карап бет алып, эки капталына карагай, кайың, терек, арча чер токойду жайылтып көйкөлүп, көк жашылданып жайнап жаткан жайган килемдей болгон көлөкө майдан көк шибер нече түрдүү гүл байчечекейди аралап өтөт. Кырк эки күн тарабынан 39 туура сууларды кошуп алып баш кошуп жүрүп олтуруп үч капчыгайдын бириккен жери Тайгак таштын тушунан алыстан арзып жете албай келе жаткан Кочкор, Кара-Кужур суулары менен биригип, «Чүй» атагын алып, Үлүскө-Тоо, Ала-Тоо деп мелмилдеп жаткан Сары Өзөнгө түшүп алып күн батышты карай бет алып жол тартат.

2. Дүнүйө жүзүндөгү бийик тоолордон деп саналган улуу тоого жакын тургандай болуп ажыраша түшүп, өзүнчө Коңур-Өлөң тоосу аталган, ошонун аппак мөңгүсүнөн жеңдей гана суу болуп агып чыгат. Күн батышта бет алып жүрүп олтуруп жоон арык капчыгайынан өтүп, Кочкордун өзөнүнө түшөт. Күржүнүн тушунан түн жакка бет ала, күн батыштан Кара-Кол, Сөөктөн жыйылып чыккан күн чыгышты көздөп бет алып аккан Кочкор суусуна кошулат. Ошондон агып олтуруп, дүнүйөгө маалим Ысык-Көлгө Көтмалдыдан кол куушуруп салам бере бура тартып, Боом капчыгайын басып Тайгакка келет. Андан Чүй атагын алат. Сапарга биз дагы артыңыздардан ээрчип жүрсөк кандай болор экен дегенсип Ысык-Атанын чоң төрт күнүнүн тушунан туруп Илептин кара суусу кошулат.

Ал эмне дегениң мырза! Биз айтылуу тоонун сыртынан чыга келе жаткан болсок, сен сыяктуу жакшы жолдош бизге да керек дегенсип беркилер каршы алат. Буларды көрүп биз дагы кошо барабыз деп, бүйрү кызып аттанган далай туура суу жүрүүдөн коркуп кошула албай токтоп калат. Кошулгусу келсе жете албай жаткан андан көп. Ошентип аттана чапкан суулардан жалгыз гана Кара-Коңуз, Ысык-Ата болбосо башкалары орто жолдо каңгырап алда кимди асыраймын деп алигиче адашып жүргөнү мындан көп. Күн жаккы тушунан аркырап тоодон түшүп шаркырап аккан Таластын улуу суусу канча кайрат кылса да Чүйгө жетип кошула албайт. Өзүнүн жайылмасында жашаган элдин керегинен артпайт. Чүйдүн суусу чөл менен күн батышты карап жүрүп Түркстан калаасынын түн багыт тушуна барганда Сары арканын саздагына дуушар болуп калып самаган жерине жете албай жерден чыктым эле, мен дагы узак жол жүрүп мынчалык өмүр көрдүм. Кош, аман бол, ай менен күн, асман, жер менин да кирер жерим топурак дегенсип жок болот.

Орусиянын билимдүү кишилеринен бирөө айтат.

Эң эски, мурунку заманда, Чүйдүн башталган жери Кызыл-Кыя, Сан-Таштан агып чыгып, Ысык-Көл жаткан өрөөн менен жүрүп олтуруп күн жүрүш жагынан Сыр дарыя, Амур дарыяларды өзүнө кошо ала жүрүп, Каспий деңизине жетип куйган дейт. Ал убакта Ысык-Көл жок болуп, анын жаткан орду кең өзөн болгон дейт. Жер титиреп, же болбосо башка зор алаамат болуп жерден суу чыгып Ысык-Көл болгон көрүнөт.

Даярдаган **Абдылда КАРАСАРТОВ**

*Куудулчулук*



Мамыр
ИМИНЖАНОВ

# КОЧКОРБАЙ КУУДУЛ

## Түзүүчүдөн

*Кочкорбай Качыбек уулу өзү туулган Элекей кыштагына (азыркы Кара-Кулжа) гана эмес, Чаткал, Ош, Анжиян тараптарга кеңири белгилүү куудул болгон. Ал сөзгө чечен, комузду, ооз комузду сайрата черткен, ар нерсени кошуп ырдап жиберген акындык өнөрдү да аркалаган. Ак таңдай акын Ысмайыл Борончиевдин калайык-калкка белгилүү «Акындарды эскерүү» аттуу казалында:*

*«... Ошо Өзгөндүн өйдө жагында,*
*Өзү шайыр абыдан,*
*Кебин уккан кишилер,*
*Кеткиси келбей жанынан,*
*Күнү-түн бирге жүргөндөр*
*Күлкүдөн жаагы талыган.*
*Токбай-Талаа мекени,*
*Ырдап жүргөн кечээги*
*Кочкорбай кетти элинен,*
*Кочкорбайды көргөндөр*
*Коргошундай эриген...» –*

*деп сүрөттөйт.*

*Изилдөөлөргө, санжыраларга таянсак, Кочкорбай куудул 1848-жылы Элекей деген айылда төрөлүп, 1914-жылы көз жумган экен.*

*Куудулдун жасаган иштери, айткан-дегендери эл арасында ушул кезге чейин айтылып келатат. Анын жоруктарын чогултуп, изилдеп, «Куйру-*

*чуктун курдашы» аттуу китепчени жарыкка чыгаргам. Куудулдун атагы, аброю эл арасына кеңири жайылып кеткендиктен, Кочкорбайдын жоруктары деп ал адамдын көзү өтүп кеткенден кийинки мезгилдеги айрым окуялар анын кылыктарына жамалып айтылып келаткан фактылар да жок эмес. Алардын бардыгын изилдеп, тастыктап, чогултуп, калың окурмандарга тартуулоо милдети алдыда турган түйшүктүү иш. Төмөндө Кочкорбай куудулдун айрым жоруктары менен «Жаңы Ала-Тоо» журналынын окурмандарын таанышытырууну ылайык таптым.*

**Мамыр ИМИНЖАНОВ,** жазуучу

## Өзүнө жараша

Кочкорбай теңтушу Арыстан менен айыл аралап бараткан. Дубалдын астында беш-алты күчүгүн эмизип жаткан итти көрүп калышат. Ымыркай күчүктөр бирин бири түрткүлөшүп, энесин ээмп жаткан.

Ошол күндөрдө жаңы жоруктары менен элге таанылып, ооздон-оозго сөз болуп аткан Кочкорбайга теңтушу Арыстандын ичи тарып жүргөн. Ошондуктан аны сөзгө сындырыш үчүн мындай дейт:

– Кочкорбай, тиги итти көрдүңбү, быжыратып ушунчаны эмнеге тууду десең. Буларды чоңойткончо өзү да түгөнүп үрө албай калат го.

Арыстандын бул сөзүнүн артында башка кытмыр ой жатканын туйган Кочкорбай өзүнө жараша мындай какшык жооп кайтарат:

– Ага боор оорубай эле кой, Арыстан. Жакшылап бакса тиги күчүктөр бат эле арыстандай-арыстандай ит болуп чыга келет.

Өзүнүн итке теңелип калганына Арыстандын жаагы жап болуп, оозунан сөзү түшүп калат.

## Көч токтоткону

Кочкорбай жазында өз курбулары менен жамбаштап кымызга карк болуп калышканда алыстан көч көрүнүп калат. Кымызга тоюп олтурушкан Кочкорбайдын курбулары тамаша кылмак болуп калышат.

– Кочуке, эр болсоң ушул көчтү токтотчу, – дейт олтургандардын бири, – эгер токтотсоң бир союш сеники.

Кочкорбай ошол замат аялча кийинип, толготуп жаткан аял кейиптенип, көч келе жаткан жолдун көрүнөө жерине жата калып ооналактап калат. Көч жакындаган сайын күч алып:

– Айланайындар, жардам кылгыла, жаным чыгып баратат, оо-ии өлүп каламбы, өх-ии, – деп көч тарапка карай кол булгайт.

Көч башында келаткан кемпир-кезектер ат башын бура бастырышып, жан тарта сөз салышат.

– Кайда бараттыӊ эле, балам, – деди байбиче.

– Кайда болмок эле, эне, үйдө күйөөм жок, желини жетилип калган жалгыз уюм бар эле, карап туруп эле кайда кеткенин таппай калдым. Ошону издеп чыктым эле. Үйдө толгоо-солгоом деле байкалган эмес эле. Их-хи, чыдатпай баратат, кантем ай! Бусурманчылык үчүн тартып коюӊуздарчы, – деп жалынып-жалбарып жиберет, үнүн өзгөртө, жүзүн ала качып:

Байбиче келиндеринин бирине буйрук берет:

– Сенин колуӊ карылуу эмеспи, түш аттан, тартып ий!

Келин аттан түшүп барып шымаланып кармай салып эле чочуп кетет:

– Ой, энеке, эркек экен, эркек, – дейт айбыккан келин.

– Эркек болсо кудайдын бергени, – дейт да байбиче шашылыш байына кол булгайт: – Оо, устараны, устараны алып келиӊиз...

– Ой, энеке, эркек экен дейм, эркек экен! – Келин кайра безилдеп жиберди.

– Укпадымбы эми, эркек болсо кудайдын бергени да...

– Оо, жо-ок энеке, өзү эркек экен, эркек киши экен...

Аӊгыча жете келген Абдимомун бий бир бозоруп, бир кызарып:

– Атаӊдын оозуна урайын десе, бу баягы Кочкорбай жинди турбайбы! – деп бир азга ачуусун баса албай туруп, анан сөзгө келет. Байбичесинин бокчосун оодартып, кымкап тондон алып келип жаап, уятынан алдындагы атын мингизген экен.

## Бий болгондо

Пирмат бийдин колунда ондогон кедейлер дыйканчылык кылчу. Ар жылы ороо толо шалы, буудай, жүгөрү данын алат. Кыш менен күрпүлдөтүп күрмөк бозо ичип, малы семиз багылат. Ошо жылы күзүндө шалысы өтө жакшы түшүм берет. Анын түшүмүн жыйноо үчүн төрт жерге кырман бастырат. Он башы, жүз башылар Пирмат бий келе тургандыгын угуп, алдын-ала даярдык көр башташат. Мындан кабардар болгон Кочкорбай эки күн мурда бийдин сырт кийиминдей кийинип, анын күӊкүлдөп сүйлөгөнүн туурап, күүгүм ченде кырманга барып калат.

– Атсалоом алейкум кедейлерим! Кандайсыӊар?

– Келиӊиз бийим, келиӊиз! Кудайга шүгүр!

– Кырман кандай!

– Баары жайында, бийим. Андан көрө аттан түшүп чай-пай ичиӊиз. Эт бышып калды.

– Мына, мына, азаматсыӊар! Мен жей турган тамакты да билгениӊер жакшы.

Ал күнү аябай сый көрүп, эки кап күрүчтү теӊдеп артына «конуп кетиӊиз» дегендерине көнбөй жөнөп кетет. Арадан эки күн өтпөй Пирмат

бийдин өзү келип калат. Эч кандай даярдыксыз олтурган кедей-дыйкандарга чакчырылып, он башы, жүз башыларды топтоп аларга айбат кылат. Кедейлер кечээ эле келгенин айтса, бий келбегенин, эки кап күрүч албаганын айтып кыйкырат. Ошондо гана бул иш Кочкорбайдын колунан келгендигин билишти. Бирок кедей-кембагалдар Пирмат бийди өлтүрө туурап шылдыңдаган Кочкорбайдын жоругуна ыраазы болушат.

## Коркутуу

Азыркы Ылай-Талаада Мати бий жашап өткөн. Ал бир жолу жамаатташ казы, бек, бийлер менен кошо чоң тойго катышып калат. Ошол тойдо Мати бий тың чыгып, бакылдап мактанып калат. Анын сөзүнө таң калган үзөңгүлөш куракташтары: «Бу сага ким тең келет, сен кимден коркосуң», – дешип калышат.

– Мен деген бир кудайдан башка пендесинен коркпойм – дейт Мати бий чоң сүйлөп. Анын бул чоң сүйлөгөнүн тойго катышкан Кочкорбай да угат. Арадан көп күн өткөрбөй Кочкорбай көк байталын токуп, жасап минип, күүгүм талаш Мати бийдин короосуна бастырып барат да, мындай опуза салат:

– Эй, жигит, кто там? Иди сюда! – деп өзүнө карай кол сермейт. Чоочун кишинин опузалап турганын көргөн бийдин кер мурутчан жигити чукулдап келгенде, бирин камчы менен жаза-буза чаап: «Тиги ким, кимдин короосу бул!» – деп шарапка мас болгон кишидей демитет:

– Мати бий, Мати бийдин короосу, урматтуум!

– Давай, чакыр сюда!

Ал күүгүм талаш мүрүсүндөгү балтыркандан жасаган суу мылтыгын кезеп, кайра демитет. Мылтыкчан киши экен деп эс-учу чыккан жигиттер бийдин үйүнө өң-алеттен кетип, энтигип кирип барышат. Чабарман жигиттеринин кейпин көргөн бий өзүнөн өзү кооптонот.

– Ким ал? Чакырбайсыңарбы?

– Мылтыгы бар. Сизди чакыр деп опузалап жатат.

– Кокуй, анда эмне сураса алсын, алдына түшө көргүлө!

Алар кайра чыгышып, атын ойнотуп турган Кочкорбайга жалбарышат:

– Сураганыңызды алыңыз дейт бий!

– Тетиги бийик белесте менин отуз солдатым турат. Эртең менен аларга он кой жеткирсин. Болбосо тыптыйпыл болот.

– Жарайт! Айтканыңыздай болот, ачалник!..

Жүрөгүнүн үшү түшкөн Мати бий таң алды менен он койду айдатып, айткан белеске барса, кыбыраган жан жок. Ары-бери киши чаптырат. Башына мүшкүл түшкөн бий ошондо азга ойлоно калат. Тойдо эч ким-

ден коркпосун айтып жар салганын эстеп, бул иш Кочкорбайдын колунан келгенин билет. Кочкорбайга ат чаптырат. Кой союп, ооз басырык кылып, куудулга жыгылыштуу экенин билдирет.

## Эгемберди алдаганда

Эгемберди деген бай үйлөнүү тоюна кам көрүп жаткан. Ал жаш кызга баш кошмок. Дүңгүрөтүп той берүү үчүн Өзгөн тарапка барып дасторкон көркү болгон мейиз, жаңгак, анар, өрүк кактарын аябай алып келет. Тойду жакшы өткөрүү үчүн алдын ала тууган-туушкандарын, жакын санаалаштарын акылдашканга чакырат. Бул маслаатка Кочкорбай да келген. Ошентип, алар той алдынан мейиз, жаңгак, анар, өрүк кактарынан ооз тийишип, үйдөгү балдарына бир аздан кымтып кетишкен. Андан татканып калышкан Кочкорбайдын балдары: «Мейиз жейм, жаңгак жейм, өрүк как бер» – дешип, чыр сала башташат. Жаш баланын жок менен иши болчу беле. Кочкорбайдын аргасы кетет. «Кошунанын ашы, уруштун башы» деген ушу тура, эми эмне кылам?» – деп өзүнчө ойго тумчуга түштү. Анан ичинен тапкан амалына мулуңдай кубана түшүп, аялынын сыйга кийүүчү кийимдеринен кийип, аябай жасанып-түзөнүп, Эгемберди байдыкына жол алат.

Күүгүм ченде Эгембердинин үйүнүн тушуна чукулдап калганда ойноп жүргөн балдарды ишке салат:

– Уй, бала, бери келчи!

– Эмне, эже?

– Эгембердинин үйүн билесиңби?

– Ооба, тигине үйү.

– Анда, таэжеңиз келатат деп кабарлап койгулачы.

Балдар дыр коюп жөнөшөт. Эгемберди эмне кыларын билбей, шашып калат. Таэжесинин урматына дасторкон кайра жаңыланып, конок үйү тез эле шаңына чыга түшөт. Дүйүм жемишке түрлөнгөн дасторкондогу даамдардан ооз тийген болуп Кочкорбай бирөөнү оозуна салса төрт-бешөөнү жең ичине катып жатты. Бат эле дасторкон үстүндөгүлөрдүн үрөйү учуп баратканда Эгемберди үн салат.

– Бу, бала-чакалар таэжеме эч нерсе жедирбес болду. Мейиз жаңгак, анар менен өрүктөн алып келгилечи дагы!

Аз-аздан ооз тийимиш болгон Кочкорбай коюн колтугуна шыңгытып ката берген...

Түн бир оокумда бир кыз менен сыртка чыгып жеңилдеп келүүнү өтүнөт. Бирок сыртка жеңилдеп келүү үчүн чыккан Эгемберди байдын таэжеси кайра келбейт. Түн бир убакка чейин чырак менен издеп таппай калышат. Бул мезгилде Кочкорбай үйүнө жетип келип, узун көйнөгүнүн

жеңине, коюн-колтугуна толтурган дүйүм жемиштерди балдарынын алдына төгүп берип, жадырап-жайнап олтуруп калган эле.

Бул окуя таң атпай айыл ичине дүң дей түштү. Кантсе да Эгембердини алдаган Кочкорбайдын жоругуна түшүнгөн айыл-апа көпкө сөз кылышты.

## «Бакшылык» кылуу

Кочкорбай бир топ үзөңгүлөш достору менен Өзгөн базарына келип калышат. Кечке базар-учарын бүтүрүшүп, кечкисин кайра тартышат. Келатышып кечки салкында жол боюндагы көк бедеге аттарын оттотуп, эс алып калышат. Бир убакта тээ секиде турган бай аларды оозго алгыс сөздөр менен акаарат кылып кирет. Муну уккан Кочкорбайдын жолдоштору аттарын тартышып:

– Кой, Кочуке, ушунчабызда кетип калалы, – деп калышат.

Анда Кочкорбай:

– Шашпагыла, бул байды сыркоолоп жүрөт деп уккам – дейт.

– Эмне, сыр көрсөтөйүн дейсиңби?

– Макул болсоңор, байдын союшун жеп кетели.

Куудулга жолдоштору тымызын күлө макулдугун билдиришет.

Алар күүгүм талаш байдын короосуна бастырып келишет. Аларды утурулап келген чааракерлерине: «Байга айтыңыз, бакшы келиптир, ооруңузга дабаа табат экен деңиз» – дешет. Бат эле чааракер «кирсин» деп жатат деген кабар менен чыгып келет. Бакшынын кейпине окшогон селдечен Кочкорбай баш болуп байдын үйүнө кирип барышат.

«Бакшы» кабак-кашын чытып, байдын кол тамыры менен көзүн ачтырып көрүп:

– Пай, пай, пай... Кепер суугуңуз ашып кетиптир. Каныңыздын басымы азайып, кубатыңызды алып коюптур. Өзүңүздү мындай бакпаңыз. Куйруктуу, жакшы багылган койдун шорпо-шилеңине тойбосоңуз болбойт.

– Уктуңарбы?! – деп ызырынды бай чааракерлерине.

– Уктук, байым!

– Анда тез таап келип, союп бышыргыла.

Эт бышып, шорпо ичилип, жилик тартылгандан кийин «бакшы» ойноп кирет. Бая оозго алгыс сөздөр менен тилдеген байды тебелеп, бычак ойнотуп, тилинен «от чачыратып» дүпүлдөтүп сабалайт:

Жолдон өткөн жолоочу,
Күндө конок болсочу.
Көк кашка болгон бедеге,
Көк тулпарлар тойсочу.

Көк жөтөл болгон бай-манап,
Коруганын койсочу!.. Суф, койсочу!

– деп катуу, ныгыра басып тебелейт, чапкылайт. Эртең менен бай кыйла жакшы болуп калган экен. Бай «Бакшынын» атына ат кошуп узатып калат. Узай бергенде Кочкорбайдын жолдоштору каткыра күлүп артын карашса, бай башын койгулап жатыптыр.

## Коончуларына

Кочкорбай үч-төрт жолдоштору менен келатып, күн кечтеп калганда суусап калышат. Тээ, тектирдеги коончуларга жолдошторунун бирин жиберүүнү ойлойт.

– Бу бардык ишке эле мени аралаштырбай, барып бир-эки коон сурап келгилечи бирөөң, – деп калат куудул. Анын айтканын эп көргөн жолдошторунун бири тектирдеги коончуга жөнөйт. Атайын барып сураса, койдун башындай бир коон берип жолго салат.

– Ушул коонуң төрт кишиге эмне болот?

– Жолдон өткөндөр үчүн коон эккен эмесмин, – деп койду.

– Аа, ошентти дечи, – деди Кочкорбай. – Азыр барып мен коончуну кызуу кепке салам, анан кызып калганда ырдап кирем, силер болсоңор тетиги колот жагынан барып жөөккө түшүп алып, коондон үзүп чыгып куржунга сала бересиңер.

Кочкорбай коончунун алачыгына саламды чоң айтып түшүп калат. Өзүн улукман адамдардай көрсөткөн Кочукең колун жайып: «Паиз береке берсин, тапканың балдарыңа атаа кылсын!» – деп бата кылып, мандаш токунуп отура кетет. Күтүлбөгөн кечки коноктун батасы коончуга жага берип, кол куушуруп ак пейилден кабыл алат.

Арыдан-бери дасторкон жайып, тапкан даамын жайып, коон союп сыйлап калат.

– Алыңыз урматтуу коногум, алыңыз!

– Апбалли, бу өткөн-кеткен, туз насип буюруп ат бастырып келип калса, ушинтип бир-эки пияла чайыңды аябаган берешен адам экенсиң. Ыракмат! Оо, дүйнө, бу дүйнө андан өткөн сооп жок.

– Кем болбоңуз, сиз куп туура айттыңыз!

– Илгери сага окшогон бир дыйканды кызыр даарып, коону аябай болуп, жыйып-терип алалбай калган экен. Ошондо коончу дөңгө чыгып алып мындай деп ырдаган экен:

– Эй, Чотонум, Алтыбай,
Эңкей атты камчылай,
Сары коон, дарбыздан
Сал куржунга калтырбай,

Ала бер эле, ала бер,
Ала капка сала бер ,
Тордомодон калбагын.
Камегинен албагын.... –

деп Кочкорбай чубуртуп ырдап калганда коончунун оозу ачылып калат. Ошентип, коончуну алаксытып турганда куудулдун жолдоштору куржун-каптарын толтуруп узап калышат.

Анан Кочкорбай сын-сыпатын бузбай коончуга ырахмат айтып узап кетет. Бирок эртеси коончу, күнү-түнү тикчийип олтуруп коон-дарбызынын жакшыларын уурдатып ийгенине айран-таң болот.

## Тойдон келатып

Анжиян тарапта бир болуш чоң той берип калат. Ага бараткан он бештей бай, болуш сөзмөр, жолдо эриктирбейт деп Кочкорбайды кошуп алышат. Той ээси быяктан барган коноктордун урматына кыргыз элинин ат жарыш, эңиш, улак тартыш, өңдүү улуттук бир топ оюндарын өткөрөт. Ал жерден чер жазып келатып, Өзгөнгө жете бергенде күн кечтеп, белгилүү байлардын биринин үйүнө түшүп калышат. Ал бай ооруп-сыркоолоп калгандыктанбы, айтор, конокторду жакшы кабыл ала бербейт. Кочкорбайды ой басат. «Мындайда бай жакшы сыйлабай, аттарыбыз ачка калат» – дейт өзүнчө. Ал оорулардын тамырын кармап, ар нерсеге жоромолоо жагынан жөндөмдүү эле. Бул жолу да ошол амалын ишке салат.

– Байым, мага ыклас кылсаңыз, мен сизди эртеңге чейин куландай соо кылып айыктырам, – дейт Кочкорбай.

Жаны ооруп, көзү чачырап турган бай Кочкорбайдын айтканына кайыл болот. Ал эми Кочукең болсо арыдан-бери даарат алып келип, отту улуу жактырып, бакшы болуп ойноп кирет. Анын айткандарын байдын кызматкерлери ары-бери чуркап аткарып турат. Жана жакшы пейилден кабыл албаган байдын белин тебелеген болуп үстүнө чыгып алып, камчы менен илешкен жин-шайтандарды кубалаган болуп чапкылап жатты. Жанатадан бери: «Я алла, я алла...» – деп өзүнчө күңгүрөнүп жаткан Кочкорбай эми үн чыгарып эм сала күпүлдөдү:

Чүчү өңдүү дарт экен,
Жуда кыйын март экен,
Алла-уу, алла-уу суф...
Мадиден алдым селдени,
Көрбөдүм сендей пендени.
Алла-уу, алла-уу, суф...

Көбө бий келет көйкөлүп,
Көк өгүздөй сөйкөнүп,
Ала-уу, алла-уу, суф...
Мурду жарык кара таан,
Сен сарпаны карасаӊ.
Эрди жырык кара таан,
Эчкиӊди союп сала сал.
Жаткан жериӊен тургузам,
Сен аттарды карасаӊ... – дейт Кочкорбай.

Бай чаракерлерине буюруп кой сойдуруп, конокторду сыйлай баштайт. Ал күнү эт тартылып, шорпо-шилеӊге тоюшуп, жакшы эс алып жатып калышат. Эрте турса чын эле бай жеӊил тартып айыгып калган экен. Кочкорбайдын эм-домуна ыраазы болгон бай дагы бир кой союп, чын дилден коноктоп узатат.

Көрсө, эм салам деп күпүлдөп кыйкырган Кочкорбай ушул айылдын молдо-кожолорунун аттарын атап чакыра бергенин кийин билип, бай ыза болгон дейт.

## Эчкисин улагы менен...

Кылкандуу дан кызуу бышып, орок орум болгон убак. Орокчуларга союп берүүгө жандык таппай, орто бай Ормонго жалбарып барган Кочкорбай куру кол кайтканына ыза болот. Таӊ заардан кыштоодо калган эчкисин улагы менен жайлоого жетелеп жөнөгөн Ормонду көрүп калган Кочкорбай ичинен кымыӊ дей түшөт. Куудул Ормон байдан бул жолу: «Улагын таштап кетиӊиз, кийин туяк ордуна туяк кайтарабыз» – десе көшөөрүп болбойт. Ошондон улам ага сыр көрсөтүүнү ойлоп калат.

Эчки жетелеп бараткан сайдагы жолдун эки тарабында караган шилби, долоно калыӊ өсүп жатчу. Кочкорбай атын минип, сайдын күн чыгыш тарабына салып чаап өтүп барып, жол боюна жашынып турат. Эчкисин ээрчип бараткан улагын билдирбей кармап калып, алыс алпарып байлап коёт да, кайра байдын артынан түшөт. Улагын жоктоп мекиреп баспай койгон эчкисин жол боюна байлап коюп, Ормон улагын издеп жөнөйт. Мындай учурдан пайдаланып, Кочкорбай эчкисин да жашырып коёт. Ормон бай улагын издеп жүрүп, эчкисинен да ажырап, караӊгы түшүп калгандыктан акыры мукурап кетип калат.

Эртеси Кочкорбай таӊ заардан туруп эчки союп, шорпо-шилеӊге орокчуларды аябай тойгузат. Шашке ченде эчкисин издеп келген Ормон байды утурлап, Кочукеӊ атын алып, алдына шорпо, эт тартат. Буга бай аябай таӊ калат. Өз эчкисинин эти менен өзүн коноктоп жатканын сезип калган Ормон:

– Кочкорбай, сага айла жок экен, – дейт да атын минип, шылкыя жол тарткан экен.

## Күйөө баланы тоногондо

Кочкорбайдын комузчулугунда, ырчылыгында, тамшантып айткан кошокчулугунда талаш жок болчу. Баарынан да анын кыз-келиндерди өзүнөн ашыра тууруганын айтпа. Анын бир жолдошу үйлөнүп, тоюна күйөө жолдош болуп барып калган. Кыз-күйөөнү аябай жасашып, күйөө жолдоштор менен эч кимдин иши болбой, этибар бербей коюшат. Буга Кочукең ичинен ыза болот.

Той ээсине бир көрүнмөк болгон Кочкорбай кыздын жеңелеринин биринин кийимин кие коюп, башка кейипке өтөт. Ошол учурда күйөө баланын боз үйгө киргенин көрүп калат. Чоң жеңенин милдетин алмак болгон Кочукең шек алдырбай күйөө баланын артынан кирет.

– Ай-ий, күйөө бала, кантесиз? Кыз азыр келет. Сиз эркексиз да кийимдериңизди чечинип, жеңилденип шай турсаңыз.

«Жеңеси» күйөө балага жардам кыла кийимдерин чечише кетет. Анан күйөө баланын кийим-кечегин алып чыгып баратып: «Мен азыр кызды жетелеп келем» – деп коёт.

Күйөө бала кыз менен «жеңесин» күтүп көпкө олтурат. Чыныгы чоң жеңеси менен кыз өргөөнү көргөнү барса, күйөө бала көйнөк дамбалчан үшүп олтурат.

– Ко-куй, бетим, – деди чочуп кеткен чоң жеңеси: – Мунун баары Кочкорбайдын кылганы. Аны эч карабай, унутуп калган турбайбызбы. Эми эртең эл-журтка жайып, шермендебизди чыгарат.

Андан кийин бат эле Кочкорбайды издеп табышып, үстү-башына кийит кийгизишип, астына ат тартышып, оюн-зоокту уланткан экен. Бирок Кочукеңдин ал күнкү күйөө баланы сызга олтургузган жоругу айыл-апага желдей тез тарап кеткен болчу.

## Жан ачыганда

Колхоздошуп бүтүп, эл чарба жумушу кызып калган убак эле. Ушул кездерде айрым айылдык Кеңештер салык (налог) өндүрүүнү өз билгениндей күчөтүп ийишкен. Ошондой өкүм Кочкорбайдын айылында да күчтүү эле. Мал-жандыгы колунда барлар жалпы журтка түшкөн салыктан четте калбай жатышкан. Бирок айрым колунда жандыгы жок кембагалдардан да салык доолап, өкүм сүйлөгөн пинаңгиттер Кочкорбайдын да үй-бүлөсүнүн мазесин кетире башташат. «Колдо жок болсо, кантип

беребиз» деген Кочкорбайдын өтүнүчүн уккулары келбеген пинаңгиттер айылдык Кеңештин төрагасына айтып барышат.

Бир күнү Кочкорбай бала-бакырасы менен эрте мененки тамакты эми эле ичип бүтүп турганда, сыртта ит жаагын жанып калат. Жакында эле күчүктөгөн куудулдун канчык ити өтө заар болчу. «Кет эле, кет» – деп жаткан балдарынын артынан чыккан Кочкорбай ачуу үн салды:

– О кет, кет дейм! Көзүңдү жылтыратып, эмчектериңди салаңдатып, кайра-кайра үрүп келе бересиңби! Бар эми жат, балдарыңды кара!

Итин зекип жаткан Кочкорбайдын сөзүнүн данегин чаккан аялдардан чыккан алгачкы айыл төрагасы минтет:

– Бир ок менен эки коён аткан мындан бир нерсе өнө турган түрү жок, салык өндүрөм деп кеп-сөзгө калгандан көрө, калгандардан өндүрө турсак деле жетер, – деп бастырып кеткен экен.

Жан ачыганда жаагын жанган итин кагып-согом демиш болуп, Кочукең салыктан кутулуп калган.

## Кудай кечиребИ

Кочкорбай базарлап барган жеринде жолдошторунан бөлүнүп калат. Ал жалгыз келатып үч молдонун өз ара акыйлашып жатканын көрөт. Сөз тыңшап көрсө адалдык, арамдык жөнүндө сөз талашып жатышкан экен. Алардан өтө берип он сомдук акчага Кочкорбай деп жазып туруп, жолго таштап коюп, өзү жашынып калат. Жанатан бери сөз талашкан молдолордун бири бөлүнүп келе берип, он сомдукту көрө көздөрү чекчейе түшөт да, анан шек алдырбай шып алып чөнтөгүнөката салат.

Өз амалын ишке ашырууну көздөгөн Кочкорбай көчөнү тегеренип, жанагы молдонун алдын утурлап чыгат. Ал кишиге саламды салмактуу айтып, ар кандай суроолор менен алаксытып, жолдон калтырып турат. Аңгыча жанагы эки молдо да жете келишет.

– Ассалоом алейкум, таксырлар!

– Во-алейкума ассалоом!

– Бу, улукман таксырлар, жана базардан чыга бериште «эмне арам, эмне адал» деп акыйлашып жатыптырсыздар. Мунуңар куп жакшы кеп.

– Апбали, муну ар ким эле биле беришпейт, балам.

– Бу, жолдон таап алган акча арамбы, же адалбы?

– Кайдан адал болсун! – деди молдолордун бири.

– Жолдон не тапсаң да: «Бу кимдики, бу кимдики» – деп үч мертебе үн салыш керек. Эгерде ээси жок болсо, ошондон кийин гана адал болот.

Жанагы жолдон акча «таап» алган молдо өзүнчө тынчы кетип турган. Кочкорбай ал кишини көрсөтө:

– Бу, таксыр, жана жолдон он сом таап алып үндөбөй-нетпей чөнтөккө салып койду, бу кандай болот?

– О, жок, мен эч нерсе тапканым жок. Мына өзүмдүн пулум, – деп безилдеди жанагы молдо.

– Бу деген сиздин пулуңуз эмес, меники болчу, – деди Кочкорбай.

– Бу, кандай немесиң, бирөөнүн пулун меники дегендей, же сенин пулуңдун мөөрү бар беле?

– Ооба, таксыр, менин пулумдун мөөрү гана эмес, ага менин ысмым да жазылган, – деди Кочкорбай молдонун колундагы акчаны алып көрсөтө: – Мына кат билесизби: «Кочкорбай» – деп жазылып турат.

– Оо, наалати десе, – деди экинчи молдо.

Кийинкилери бир бозоруп, бир кызарып аргалары кетти. Кочкорбай болсо аларды уяткарганына маашырлана жолуна түшөт.

## Куйручук менен беттешүү

Кочкорбай эң жакын жолдошторунан Жанчар, Жусуп, Чотонду алып, Куйручуктун айылына барып түшүп калышат. Жолдоштору менен алдын ала сүйлөшкөндөй, Кочкорбай өзүн айтылуу куудулга таанытпай эле эки-үч күн конок болуп жүрүп калат.

Бул күндөрдүн ичинде Кочкорбай Куйручуктун жүрүш-турушун, сүйлөө ыктарын аябай ынтаа менен үйрөнөт. Анан жолдоштору аркалуу Кочкорбай өзүн таанытпай Куйручук менен беттешем деп жатканын айттырат. Эл оозунан Кочкорбай жөнүндө угуп жүргөн Куйручук макулдугун берет. Куйручук менен бир нече күн жол ката бирге жүрүшүп Кочкорбайдын айылына келишет. Дагы эле өзүн таанытпаган Кочкорбай айтылуу куудулду ак пейилден сыйлайт. Куйручук сый көрүп олтурганда Кочукең өзүнчө бөлүнүп, кейпин өзгөртүп чыгат. Кадимки Куйручуктун жүрүш-турушун кылдат үйрөнгөн Кочкорбай эл алдына чыгып, өзүн таанытпай сүйлөйт.

– Эй, туугандар, мен далай эл көрдүм. Алай-Куудай далай жер көрдүм. Жаман эмес, баары мына сиздер өңдүү жылуу кабыл алышат. Мен аларга күлкү тартуулап, черин жазам. Мына бүгүн сиздердин жердешиңиздер Кочкорбай менен беттешип көрсөм деп турам.

– Куп жакшы болот!

– Ошентиңиз, Куке, ошентиңиз.

– Ал азыр менин кейпимди кийип келиши мүмкүн, – деди Кочкорбай шек алдырбай.

– Кочкорбай ошентиши да мүмкүн.

– Антсе ага ишенбегиле!

– Аны билебиз, Куке!

– Эгерде Кочкорбай менин кейпимди кийип келсе тиги эшиктен киргизе көрбөгүлө.

Ушул тапта чын эле Куйручук келип калат. Аны чын эле Кочкорбай кейпин өзгөртүп, кууланып жатат деп, киргизбей туруп калышат.

– Мына туугандар, эми эле айтпадым беле Куйручукмун деп келип калат деп, – дейт Кочкорбай.

– Оо, менин туугандарым, мага ишенгиле, мен чын эле Куйручукмун, – деп алдыга умтулат.

Эл ишенбейт. Ошондо Куйручукту өтө эле ыңгайсыз абалда калтырбас үчүн Кочкорбай кийимдерин дароо чечип ийип:

– Алдыга коё бергиле, туугандар! Ал киши чыныгы биздин Куйручук! – дегенде эл Кочкорбайдын жоругуна таң калышып, айлананы каткырыкка бөлөйт. Баскан-турганы менен күлкү келтиргич Куйручукту тегеректеп калышат. Ошондо куудул эл алдыңа суурулуп чыгып, мындай деген экен:

– Туугандар, мен Кочкорбайдын атын угуп, анын жерин көрүп, аны менен беттешсем деген ниетте келгем. Куйручуктун баскан-турганын, сүйлөгөнүнөн өйдө ашыра туураган Кочкорбайга арга жок экен. Аны менен беттешпей эле сый бойдон ага-ини болуп жүрсөк деп чечтим.

Алар бирин бири эми көрүшкөндөй кучакташканда эл дүрбөп кетишти. Эки куудул эл алдында ушундай таанышкан деп жүрүшөт.

## Бийдин сөзгө сынышы

Кийинки убакта Карыбек бий Кочкорбайды өзүнө жакын тартып калган. Үйүнө алыс-жакындан конок келгенде куудулду чакырчу болгон. Албетте, төрт аягы жорго болгон куудулдун отурган жери оюн-күлкү эле. Ташка тамга баскандай таасын сөзүн айтпа.

Бир жолу тамак үстүндө Карыбек бий мындай деген:

– Ушу чымын дегенден тажадым. Чымын жок жер болор бекен, ошерге барып эс алып келет элем.

– Таксыр бийим, адам жок тоонун башында чымын болбойт, – дейт Кочкорбай.

Эртеси Карыбек бий тоого аңчылыкка чыкмак болот. Бий куудулду кошо алып алат. Алар кечке атчан жүрүшүп, түш оогондо тоонун башына чыгышып, аттарын оттотуп, өздөрү эс алышып, түштөнүп калышат.

Дасторкон жайылып, чай ичиле баштаганда ошерде бир эки чымын «дыңылдап» пайда болуп калат. «Дыңылдаган» чымынга ачуусу келген Карыбек бий:

– Кочуке, бу адам жок тоонун башында чымын болбойт дебедиң беле?

Кочкорбай куудул бийдин соболуна мыйыгынан күлүп алып:

– Таксыр бий, адам жок тоонун башында чымын жок болот дегеним чын. А бу жерде сиз менен биз адам эмеспизби?

Бий тынымга ойлоно калып:

– Ой, Кочуке, жыгылдым сага, жыгылдым, – деп каткырып күлүп калат.

**(Уландысы бар)**